# АЯЛ ЖУРНАЛИСТТЕРДИН ИНТЕРНЕТТЕГИ КООПСУЗДУГУ

#SOFJO маалымдама колдонмосу

OSCE
The Representative on Freedom of the Media

**АЯЛ ЖУРНАЛИСТТЕРДИН ИНТЕРНЕТТЕГИ КООПСУЗДУГУ - #SOFJO маалымдама колдонмосу**


| | |
|---|---|
| **Авторлор:** | Д-р Сильвия Чокарро<br>Сара Кларк<br>Паулина Гутьеррес<br>Джуди Тэйнг |
| **Редактор:** | Кристин Олсон |
| **Долбоордун координатору:** | Джулия Хаас |
| **Рецензия:** | Барбора Буковска |
| **Корректорлор:** | Элизабет Витчел Тон ван ден Брандт<br>Лаура Видал<br>Себастьян Дентон |
| **Котормочу:** | Зулайха Муратова |
| **Кыргызча корректор:** | Элира Турдубаева |
| **Дизайнер жана сүрөтчү:** | Пено Мишоян |



Бул басылма 2020-жылы ЕККУнун ММК сөз эркиндиги боюнча өкүлүнүн буйругу менен чыгарылган. Бул "Аял журналисттердин интернеттеги коопсуздугу" же #SOFJO долбоорунун бир бөлүгү.


Документте баяндалган көз караштар, тыянактар, чечмелөөлөр, сунуштар жана корутундулар авторлорго таандык жана сөзсүз түрдө ЕККУнун жана/же анын катышуучу-мамлекеттеринин расмий позициясын чагылдырбайт.

© 2020-ж. Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун (ЕККУ) ММК сөз эркиндиги боюнча өкүлү


Wallnerstrasse 6
A-1010 Vienna, Austria Tel.:+43-1 514 36 68 00
E-mail: pm-fom@osce.org
https://www.osce.org/fom/safety-female-journalists-online



978-92-9271-081-1

# **АЯЛ ЖУРНАЛИСТТЕРДИН**
# ИНТЕРНЕТТЕГИ КООПСУЗДУГУ

#SOFJO маалымдама колдонмосу

The Representative on
Freedom of the Media

# Содержание


**Алгы сөз:** аткарылган иштерге баа берүү жана келечекке умтулуу 5

**Резюме:** Бирдиктүү ыкма жана сунушталган 40 иш-аракет 13

**Киришүү:** Жалпы коркунучту жалпылашкан аракет менен жеңүү абзел 27

**Сереп:** Интернеттеги аял журналисттердин коопсуздугуна байланышкан адам укуктарынын эл аралык стандарттарын карап чыгуу 37

**Сөздөн ишке өтүү:** негизги кызыкдар тараптар эмне кыла алышат 55

1. **Аткаруу бийлик органдары:** Аял журналисттердин коопсуздугун жогорулатуу үчүн саясатты жана практиканы ишке ашыруу 63
2. **Бийликтин мыйзам чыгаруу бутагы:** Интернетте жана жашоодо коопсуз чөйрө үчүн жаңы мыйзам кабыл алуу же аны адаптациялоо 89
3. **Сот системасы:** Сот адилеттигине жетүүнү камсыздоо жана жазасыз калтырбоо 105
4. **Укук коргоо органдары:** коргоо ыкмаларын өркүндөтүү жана натыйжалуулугун жогорулатуу 123
5. **Мамлекеттер аралык уюмдар:** стандарттарды белгилөөдөн тартып мамлекеттерге жардам берүүгө чейин 141
6. **Интернет ортомчулары:** Аял журналисттердин укуктарын урматтоо жана интернеттеги коопсуздукту камсыздоо 159
7. **ММКлар:** Журналисттерди коргоо – иш жеринен башталат 183
8. **Журналисттер уюмдары жана өзүн өзү жөнгө салуучу органдар:** Жамааттык аракеттерди уюштуруу жана жүрүм-турум кодекстерин иштеп чыгуу 203
9. **Жарандык коом уюмдары жана окуу жайлары:** Мобилизациялоо, изилдөө жана жакшы тажрыйбаларды бөлүшүү 221
10. **Журналисттер жана ММК кызматкерлери:** өзүн-өзү коргоого жана кесиптештеринин колдоосуна артыкчылык берүү 243

**Авторлор жөнүндө** 257

**Тиркеме:** ЕККУнун министрлеринин Журналисттердин коопсуздугу боюнча №. 3/18-чечими 259

# Алгы сөз:

## Аткарылган иштерге баа берүү жана келечекке умтулуу

# **Алгы сөз:**
# Аткарылган иштерге баа берүү жана келечекке умтулуу

2015-жылы интернеттеги журналист аялдарга жана массалык маалымат каражаттарынын (ММК) кызматкерлерине кол салуулар жөнүндө кабарлардын саны өсүп бараткандыктан, Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун (ЕККУ) Сөз эркиндиги боюнча өкүлүнүн (СЭӨ) бюросу журналисттерди гендердик куугунтуктоого каршы күрөшүү жөнүндө талкууну демилгелеген. Бул талкуулар "Аял журналисттердин интернеттеги коопсуздугу" же #SOFJO долбоорун баштоого түрткү болду.[1]

#SOFJO долбоорунун биринчи беш жылында СЭӨ журналистикадагы гендердик ар түрдүүлүктү ар кандай жолдор менен коргогон. Өздөрүнүн мандаттуу мөөнөтүнөн мурда эскертүү функциясын аткарууда кезектеги өкүлдөр журналист аялдарга өзгөчө көңүл бурушту. Алар мамлекеттерге эл аралык милдеттенмелерин ишке ашырууга колдоо көрсөтүү максатында журналист аялдардын көз карашын жайылтышты. Ушул Маалымдама колдонмо мамлекеттерге өз милдеттенмелерин иш жүзүндө колдонууга жардам берип, кийинки кадамды жасайт.

## › Накта караңгы айлана-чөйрө

#SOFJO долбоорун ишке ашырууда ЕКУУнун СЭӨ бюросу ар кандай кызыкдар тараптар менен бирдикте инновациялык жана узак мөөнөттүү демилгелерди, анын ичинде бардык тиешелүү катышуучулар, өкмөттөр, ММК жана жарандык коомдун уюмдары үчүн конкреттүү сунуштары бар программалык документтерди сунуштады.

Долбоор аял журналисттер үчүн маалымдуулукту жогорулатуучу, жамааттык стратегияларды иштеп чыгуу жана максаттуу инструменттерди жана ресурстарды бөлүшүү үчүн белгилүү платформа болуп калды.

#SOFJO долбоорунун жабык группаларда өткөргөн конференциялары жана маалыматтык кампаниялар бийлик өкүлдөрүнүн, массалык маалымат каражаттарынын, ЕККУнун катышуучу бардык өлкөлөрүнүн академиялык чөйрөсүнүн жана жарандык коомдун өкүлдөрүнүн колдоосундагы тармакты түзүүгө жардам берди.



Ар кандай басылмаларда берилген изилдөөлөр жана сунуштар, анын ичинде 2016-жылдагы "Интернетте аял журналисттерди куугунтуктоого каршы туруу"[2] аттуу басылмада; 2019-жылдагы "ММКдагы плюрализм, аял журналисттердин коопсуздугу жана четте калгандардын үндөрүн интернеттен коргоо боюнча коммюнике"[3] жана Эл аралык басма сөз институту (ЭБИ) менен биргеликте даярдалган "Журналисттерге карата интернеттеги куугунтуктоолорго жана кыянаттыкка карата укуктук чара көрүү"[4] аттуу 2019-жылдагы басылма коомдун көптөгөн көйгөйлөрүн жана аларды чечүүнүн мүмкүн болгон жолдорун түшүнүүсүнө өбөлгө түздү. 2018-жылдын аягында СЭӨ бюросу ЭБИ менен биргеликте "Накта караңгы айлана-чөйрө".[5] аттуу даректүү тасманы тартышкан.

Азербайжандан келген белгилүү журналист Арзу Гейбулланын тасмасында айтылгандай, куугунтукка жана интернеттеги зордук-

зомбулукка кабылган журналист-аялдар чындап эле "абдан караңгы жерде" сөөгү сөпөт болушу мүмкүн. Документалдуу тасмада интернетте өтө катуу куугунтукка жана кордоолорго дуушар болгон журналист аялдардын башынан өткөн окуялары баяндалган. Мындан тышкары, юристтер, ММКнын жетекчилери, техникалык адистер жана гендердик эксперттер ММКнын ар түрдүүлүгү

үчүн терс кесепеттерин жана өзүн өзү цензуралоо коркунучун баяндашкан. Даректүү тасма ЕККУнун аймагында жана анын чегинен тышкары жерлерде коомчулукка көрсөтүлүп келген жана азыр да көрсөтүлүүдө. Көрсөтүүлөр көп учурда маалымдуулукту жогорулатуу жана өзгөрүүлөргө дем берүү максатында күчтүү панелдик талкуулар менен коштолду. Эми кийинки кадамды жасоого убакыт жетти. СЭӨ бюросу бул комплекстүү #SOFJO Маалымдама колдонмосун аял журналисттердин интернеттеги коопсуздугун жакшыртуу боюнча мамлекеттик жана мамлекеттик эмес катышуучуларга жардам берүү үчүн иштеп чыккан. Бул колдонмо теория журналист аялдардын интернеттеги коопсуздугун ишке ашыруунун ортосундагы боштукту толтурууга багытталган.

Колдонмодо берилген үлгүлүү тажрыйбалар журналисттердин коопсуздугу боюнча эл аралык стандарттарды жана милдеттенмелерди ишке ашыруунун жолдорунун бардык мисалдары болуп саналат. #SOFJO Маалымдама колдонмосу медиа эркиндиги жана журналисттердин коопсуздугу үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүү үчүн негизги роль ойногон катышуучулар үчүн системалуу мамилени көрсөтөт.

Келе жаткан убакыт жамааттык иш-аракеттер менен белгиленип, аял журналисттер коркпостон, куугунтуксуз жана зордук-зомбулуксуз иштей алышат. Сөздөн ишке өтүүгө убакыт келди.

СЭӨ бюросу бул макалага салым кошкондордун баарына, айрыкча Сара Кларк, Паулина Гутьеррес жана Джуди Тэйнг менен бирге текстти жазган Сильвия Чокаррого чын жүрөктөн ыраазычылык билдирет. Акырында, редакцияга жана жарыялоого салым кошкон Бюро мүчөлөрүнө, атап айтканда Кристин Олсонго, Джулия Хааска, Тон ван ден Брандтка жана Себастьян Дентонго ыраазычылык билдиргим келет.

.



29-октябрь, 2020-жыл

**Юрген Хейссел,**
*ЕККУнун сөз эркиндиги*
*боюнча өкүлчүлүгүнүн директору*

Шилтемелер

**1** Safety of Female Journalists Online (#SOFJO) project of the Office of the OSCE RFoM, https://www.osce.org/fom/sofjo.
**2** "New Challenges to Freedom of Expression: Countering Online Abuse of Female Journalists", OSCE RFoM, 17 September 2015, https://www.osce.org/files/f/documents/4/1/193556.pdf.
**3** OSCE RFoM, Communiqué No. 1/2019, "Media Pluralism, Safety of Female Journalists and Safeguarding Marginalized Voices Online", 29 February 2019, https://www.osce.org/files/2019-02-21%20SOFJO%20Communique.pdf.
**4** OSCE RFoM and IPI, "Legal Responses to Online Harassment and Abuse of Journalists, Perspectives from Finland, France and Ireland", 7 March 2019, https://www.osce.org/files/f/documents/8/9/413549.pdf.
**5** OSCE RFoM, 'A Dark Place: A SOFJO Documentary' Trailer, 2019, https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/410423.

# Резюме:
Бирдиктүү ыкма жана сунушталган 40 иш-аракет

# Кыскача маалымат
## Бирдиктүү ыкма жана сунушталган 40 иш-аракет


Журналист аялдардын интернеттеги коопсуздугу биздин демократиянын сапатына жана коомдун ар түрдүү маалыматка жетүү укугуна түздөн-түз таасирин тийгизет. Бул #SOFJO маалымдама колдонмосу аял журналисттердин интернеттеги коопсуздугун чечүүдө бир топ кемчиликтерди жоет.

ЕККУнун ЖМКда сөз эркиндиги боюнча өкүлүнүн "Аял журналисттеринин Интернетте коопсуздугу" долбоорунун алкагында, бул маалымдама колдонмо интернеттеги аял журналисттерге куугунтуктоо жана кыянаттыкка каршы күрөшүүдө мамлекеттерге жардамдашуу жана ЕККУ аймагындагы бардык кызыкдар тараптарга, анын ичинде мамлекеттик эмес катышуучуларга көрсөтмөлөрдү берүү үчүн арналган.

Маселеге кыскача киришүүдөн жана интернетте журналист аялдардын коопсуздугун колдогон адам укуктары боюнча эл аралык стандарттардын картасын түзүүдөн кийин тиешелүү ыкмалар жана ресурстар да келтирилген бир жалпы ыкмага негизделген 40 иш-чараны ишке ашыруу сунушталды.

### › Гендердик аспектти эске алынган бирдиктүү ыкма

#SOFJO колдонмосунда сунушталган бардык иш-аракеттер гендердик мамилени эске алуу менен жүргүзүлүшү керек. Бул төмөнкүлөрдү камтыйт: коомдун ар кандай топторуна тийиштүү болгон эркектердин жана аялдардын жумушуна жана жашоосуна таасир этүүчү ар кандай шарттарды түшүнүүдөн келип чыккан мамиле; дезагрегацияланган маалыматтарды жана жалпы маалыматтарды жигердүү өндүрүү; көптөгөн кызыкдар тараптардын катышуусу менен процесстерди камсыз кылуу; ресурстарды туура бөлүштүрүү, зарыл болгон ишти пландаштыруу жана баалоо; аял журналисттерди коргоо чаралары алардын негизги укуктарынын чектелбешин камсыздоо.



**Бийликтин аткаруу бутагы**
Аял журналисттердин коопсуздугун жогорулатуу үчүн саясатты жана практиканы ишке ашыруунун ыкмалары

# Сунушталган иш-аракеттер


1. Аял журналисттер үчүн өзгөчө шарттарды эске алуу менен журналисттердин коопсуздугу боюнча улуттук иш-аракеттердин планын түзүү;

2. Коргоонун гендердик сезимтал чараларын колдонуу;

3. Аял журналисттерге кол салуу боюнча саясат иштеп чыгуу жана

4. чечим кабыл алуучу тараптар менен коомчулуктун катышуусун жандандырууга багытталган маалыматтык кампанияларга таасир этүү максатында толук маалыматтардын негизиндеги изилдөө өткөрүү;

5. Укук коргоонун негизги эл аралык механизмдерине аял журналисттердин коопсуздугу жөнүндө маалымат берүү жана маселени тышкы саясатка киргизүү.




**Өкмөттүн мыйзам чыгаруу бутагы**
Интернетте жана жашоодо коопсуз чөйрө түзүү үчүн жаңы мыйзамдарды кабыл алуу же мурдагыларды ылайыкташтыруу

# Сунушталган иш-аракеттер

1. Журналисттердин коопсуздугуна гендердик мамилени илгерилетүү үчүн мыйзамдарды карап чыгуу жана зарыл болгон учурда өзгөртүүлөрдү киргизүү же кабыл алуу;

2. Аял журналисттерге карата онлайн куугунтукка жана зомбулукка каршы мыйзамдар сөз эркиндигине кепил болуусун камсыздоо керек.



**Сот системасы**
Сот адилеттигине жетүүнү камсыздоо жана жазасыз калтырбоо


# Сунушталган иш-аракеттер

1. Журналист аялдарды коргоонун маанилүү аспектиси катары сот тутумунда гендердик маселелер боюнча маалымдуулукту жогорулатуу;

2. Сот органдарынын кызматкерлерин сөз эркиндиги, журналисттердин коопсуздугу ошондой эле Интернетте куугунтуктоо жана өмүрүнө кол салуу маселелери боюнча квалификациясын жогорулатуу;

3. Сот адилеттигине, өкүм чыгарууга жана укук коргоо каражаттарына жетүүнүн алдыңкы тажрыйбаларын колдонуу жана жайылтуу;

4. Улуттук укук коргоо органдары журналисттердин коопсуздугун камсыздоо маселеси менен алектениши керек.




**Укук коргоо органдары**
Коргоо жана натыйжалуу иликтөө методдорун өркүндөтүү


# Сунушталган иш-аракеттер

1. Укук коргоо органдарын гендердик мамиле менен журналисттердин онлайн коопсуздугу маселеси боюнча окутууну күчөтүү;

2. Коркунучтардын жана куугунтуктун тобокелдигин баалоодо гендердик жагдайларды карап чыгуу жана жакшыртуу;

3. Журналисттерге жана сөз эркиндигине каршы кылмыштарды иликтөөнүн протоколдорун, ыкмаларын жана жол-жоболорун күчөтүү;

4. Журналисттердин коопсуздугу боюнча укук коргоо органдарынын, массалык маалымат каражаттарынын жана жарандык коомдун ортосунда диалогду жана ырааттуу ишти күчөтүү.



**Мамлекеттер аралык уюмдар**
Стандарттарды белгилөөдөн тартып мамлекеттерге жардам берүү


# Сунушталган иш-аракеттер

1. Журналисттердин коопсуздугуна тиешелүү адам укуктары боюнча стандарттарга жана механизмдерге гендердик мамилелерди киргизүү;

2. Журналисттердин коопсуздугу боюнча эл аралык стандарттарды колдонууда кемчиликтерди жоюуда мамлекеттерге колдоо көрсөтүү;

3. Интернеттеги аял журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу демилгелеринин негизи боло турган маалыматтардын жана изилдөөлөрдүн көбөйүшүнө көмөктөшүү;

4. Таасирди күчөтүү үчүн субъекттердин кызматташтыгына жана аракеттерди координациялоого артыкчылык берүү.



**Интернет ортомчулар**
Аял журналисттердин укуктарын урматтоо
жана интернеттеги коопсуздукту камсыздоо

# Сунушталган иш-аракеттер


1. Саясатта жана практикада сөз эркиндиги, жеке турмуш, саясатка катышуу жана дискриминацияга жол бербөө чөйрөсүндө адам укуктарынын эл аралык стандарттарын сактоо;

2. Мазмунду модерациялоо саясаттары так, ачык-айкын жана колдонуучулар үчүн жеткиликтүү болушун жана колдонуучулардын мазмун кантип модерацияланарын, онлайн куугунтук жана кыянаттык деген эмне экендигин жана аларды кантип кабарлоону билишин камсыз кылуу;

3. Бардык операцияларда колдонуучуга багытталган жана басмырлоосуз ыкмаларды колдонуу;

4. Мазмунду өчүрүү менен байланышкан маселелерди жана колдонуучулардын маалыматтарга болгон суроо-талаптарыначык-айкын жана ырааттуу чечүү ;

5. Аялдардын журналистикадагы ролун көтөрүү.




**Медиа каражаттары**
Журналисттерди коргоо жумуштан башталат


# Сунушталган иш-аракеттер

1. Ар тараптуу коопсуздук жана гендердик саясат менен жумуш ордундагы маданиятты өркүндөтүү;

2. Интернетте куугунтуктоолорго жана кордоолорго туш болгон журналисттерди колдоо жана окутуу;

3. Интерактивдүү онлайн платформалар үчүн гендердик сезимтал көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу;

4. Интернетте журналисттерди, анын ичинде фрилансерлерди кемсинтүү жана куугунтуктоо учурларын көзөмөлдөө жана документтештирүү.



**Журналисттердин уюмдары жана өзүн-өзү жөнгө салуучу органдар**
Жамааттык аракеттерди уюштуруу жана жүрүм-турум кодекстерин иштеп чыгуу

# Сунушталган иш-аракеттер

1. Журналисттердин коопсуздугун жана башка иштөө шарттарын жакшыртуу үчүн жамааттык иш-аракеттерди жана пропагандаларды кеңейтүү;

2. Коллегалар менен натыйжалуу аракеттешүү жолу менен потенциалдын күчтөнүүсүн камсыздоо, окутуу жана колдоонун башка түрлөрүн көрсөтүү;

3. Кол салууларды документтештирүү жана ал маалыматтарды негизги субъекттердин маалымдуулугун жогорулатуу үчүн колдонуу;

4. Өзүн-өзү жөнгө салуу органдарынын ишине коопсуздук жана гендердик теңчилик маселелерин киргизүүгө көмөктөшүү.



**Коомдук уюмдар жана окуу жайлары**
Мобилизациялоо, изилдөө жана мыкты тажрыйбаларды бөлүшүү

# Сунушталган иш-аракеттер

1. Негизги субъектилердин жана жалпы коомдун арасында гендердик асылуу жана интернеттеги кыянаттык жөнүндө маалыматтардын, билимдин жана маалымдуулуктун көлөмүн көбөйтүү;

2. Журналисттерге коопсуздук стандарттарын жана башка иштөө шарттарын киргизүүнү улуттук деңгээлде илгерилетүү үчүн аракеттерди бириктирүү;

3. Коргоо боюнча бирдиктүү тренингдерди жана билим берүү материалдарын иштеп чыгуу;

4. Журналисттерди даярдоо боюнча окуу жайлардын ишине журналисттердин коопсуздугу жана гендердик теңчилик маселелерин киргизүү.




**Журналисттер жана медиа кызматкерлери**
В приоритете самозащита
и поддержка коллег

# Сунушталган иш-аракеттер

1. Аял журналисттердин тобокелдик жагдайына мониторинг жүргүзүү жана баалоо;
2. Физикалык, юридикалык, психо-социалдык жана санариптик коопсуздукту камтыган коопсуздукту камсыз кылууга бирдиктүү мамиле жасоо;
3. Коркунучтарды жана кол салууларды документтештирүү жана отчет берүү;
4. Интернеттеги кордоолорго жана куугунтуктоолорго туш болгон кесиптештерди, ошондой эле мындай кол салууларга кабылуу коркунучу жогоруларды колдоо;
5. Колдоонун жеткиликтүү формалары, анын ичинде укуктук механизмдер жөнүндө кабардар болуу.


АТКАРУУ БУТАГЫ
МЫЙЗАМ ЧЫГАРУУ БУТАГЫ
СОТ СИСТЕМАСЫ
МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ
УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫ
ЖУРНАЛИСТТЕР ЖАНА МЕДИА КЫЗМАТКЕРЛЕРИ
ИНТЕРНЕТ ОРТОМЧУЛАРЫ
ЖУРНАЛИСТТЕРДИН УЮМДАРЫ ЖАНА ӨЗҮН-ӨЗҮ ЖӨНГӨ САЛУУЧУ ОРГАНДАРЫ
ЖАРАНДЫК КООМ ЖАНА ОКУУ ЖАЙЛАРЫ
МАМЛЕКЕТТЕР АРАЛЫК УЮМДАРЫ
#SOFJO

# Кириш сөз

# Кириш сөз

## Жалпы коркунуч менен күрөшүү биргелешкен күч-аракет менен гана мүмкүн.

“Бүгүн кечинде сени зордукташат.”

“Чын эле бул акмак катындын оозун жаба турган эр жүрөк жокпу?”

“Ал кайда жашайт, кайсы жерлерге такай барарын ким билет?”

“Башкаларга эскертүү же тоскоол катары сени зордуктоону ойлоп жатам”.[1]

Бул, тилекке каршы жана үрөй учурарлык нерсе, бөтөнчө эмес, социалдык тармактарда журналист аялдардын[2], аялдардын2 алган билдирүүлөрүнүн бир нече мисалдары. Аял журналисттердин 63 пайызы тигил же бул учурда жумушун аткарып жатканы үчүн интернетте коркутууга же куугунтукка кабылышкан.[3] The Guardian гезитинин изилдөөсүнө ылайык, аял журналисттер эркек кесиптештерине караганда төрт эсе көп куугунтукка кабылышат.[4]

Бүткүл дүйнө жүзүндөгү аял журналисттердин Интернеттеги куугунтукталуусу жана кемсинтүүгө кабылуусу өзүнүн ишин аткарууда кедергисин тийгизип, кесиби менен алектенүүсүндө олуттуу тоскоолдук жаратууда, ошону менен катар бул алардын пикирин коомдун бардык мүчөлөрүнө эркин жана ачык билдирүү укугун бузууда.

“Мен социалдык тармактардан чыгып кетүүнү да ойлодум – дейт Би-Би-Синин саясий редактору Лаура Куэнсберг, Эл аралык пресса институту менен кызматташууда ММКдагы эркиндик маселелери боюнча ЕККУнун Бюросунун Өкүлүнүн демилгеси менен тартылган “Караңгы айлана-чөйрө” деген даректүү тасмада, - бирок бул маалымат алууга соцтармактарга киргендердин бардыгы үчүн жеңилгендик

болуп эсептелмек, бул мен үчүн абдан маанилүү – жана бул менин да жеңилгендигимди билдирмек" Дүйнө жүзү боюнча журналисттер кесиптик ишмердүүлүгүнө байланыштуу өсүп жаткан коркунучтарга жана зомбулукка туш болушат.[5] Алар көбүнчө чындыкты айтуу укугу үчүн коркутууга, байкоого, кол салууга, өзүм билемдик менен камакка алууга дуушар болушат жана эң оор учурларда зордук-зомбулуктун же киши өлтүрүүнүн курмандыгы болушат. Өкмөттүн жана бийлиги күчтүүлөрдүн тыкыр көзөмөлүнөн жана басымынан качуу аракети аларды жоопко тартканга жасаган адамдардын да жаагын жап кылууда.[6]

Аял журналисттер жынысына байланыштуу кошумча коркунучтарга туш болушат. Бул интернеттеги гендердик куугунтуктоо жана кемсинтүү аркылуу айкын көрүнүп турат, алар физикалык же сексуалдык зомбулуктун түздөн-түз же кыйыр коркутууларынан, адепсиз билдирүүлөрдөн жана максаттуу куугунтуктан (көбүнчө бир адамга бир нече кол салуучулар каршы чогулганда) купуялуулукту бузууга чейин (мисалы, бейбаштык, сүрөттөлгөн адамдын макулдугусуз интимдик сүрөттөрдү бөлүшүү жана "доксинг", башкача айтканда, жабырлануучунун үй дареги сыяктуу жеке маалыматты жарыялоо).[7] Бул иш-аракеттердин ар бири улуттук мыйзамдарда же адам укуктары боюнча аймактык жана эл аралык органдардын сунуштарында ар кандай аныктамага ээ болушу мүмкүн. Бул чөйрөдөгү башка субъекттер, мисалы социалдык медиа компаниялары жана илимпоздор, бул көрүнүштү концептуалдаштыруу үчүн өз лексикасын иштеп чыгышкан.[8]Жалпы кабыл алынган терминологиянын жоктугуна карабастан, ушул колдонмодо "интернеттеги куугунтуктоо жана кемсинтүү" термини мурда сүрөттөлгөн жүрүм-турум түрүн көрсөтүү үчүн жалпы термин катары колдонулат.

Журналисттердин эркектери да, аялдары да интернетте куугунтукталып, кордолгонуна карабастан, аялдарга кол салуунун формасы жана жыштыгы өзгөчө тынчсыздандырат[9] жана көптөгөн аял журналисттерди

өзүнүн ишмердигин чектөөгө же кесибинен кетүүнү ойлонуштурууга мажбур кылышат.

Дүйнөлүк изилдөөгө ылайык, аял журналисттердин 40 пайызга жакыны интернеттеги куугунтуктан улам айрым материалдарды жарыялагысы келе бербегенин айтышкан.[10] Аял журналисттерге карата зомбулук вакуумда болбойт – бул патриархалдык коомдогу аялдардын эзилген абалы жана гендердик теңчиликти бузуучу факторлор менен тыгыз байланышта, мисалы, эмгек акынын айырмасы, чечим кабыл алуу процесстеринен четтетүү жана үй-бүлөгө кам көрүү үчүн акы төлөнбөгөн эмгектин оордугу.

Кол салуулардын курмандыгы катары көбүнчөсү өзүнүн ишенимин, айрыкча гендердик нормаларга жана стереотиптерге карата жеке көз карашын билдиргендер кириптер болууда.[11] Журналист аялдарга карата кол салууларга бир гана алардын кабарын жашырууга аракет кылгандар эмес, ошондой эле маалымат тараткандар, кесиптештери, ал тургай үй-бүлө мүчөлөрү да кабылышат. Көп учурларда алар корголууга тийиш болгон жерлерде, мисалы, иштеген редакцияларында да кооптуу.[12]

Журналисттер туш болгон коркутуулардын жана кол салуулардын түрү жана бул коркутуулардын жана кол салуулардын таасири көбүнчө гендердик жана расалык, этникалык таандык, дин же ишеним, сексуалдык ориентация, жаш курак жана социалдык топ сыяктуу башка факторлор менен байланыштуу экендиги анык.[13] Оорчулукту күчөтүүчү факторлорго фрилансер катары иштөө,[14] же коррупция,[15] уюшкан кылмыштуулук,[16] экологиялык маселелер,[17] адам укуктары жана аялдардын укуктары сыяктуу кооптуураак деп табылган темалар, же конфликттик кырдаалдарды чагылдыруу менен байланышкан репортаждарды даярдоо кирет.[18] Бул айырмачылыктарды жана ар кандай топторго

кирген журналисттер айрым коркунучтарды кесиптештерине караганда кандайча башкача кабыл алышы мүмкүн экенин түшүнүү журналисттерге кол салуулардын алдын алуу, коргоо жана кесепеттерин жоюу боюнча комплекстүү, ылайыкталган чараларды иштеп чыгуу үчүн зарыл. Тилекке каршы, көптөгөн мыйзам актыларында, мамлекеттик саясатта жана мамлекеттер тарабынан кабыл алынган башка чараларда гендердик жана секторлор аралык аспектилер эске алынбайт.

## › Аял журналисттердин онлайн коопсуздугун камсыз кылуу үчүн гендердик сезимтал, көп тараптуу мамиле

Ушул Маалымдама колдонмонун максаты интернеттеги журналист аялдардын коопсуздук көйгөйлөрүн чечүүдө кездешкен орун алган кемчиликтерге түздөн-түз жооп берүү болуп саналат. Акыркы он жылдын ичинде кызыкдар тараптар журналисттердин коопсуздугун

камсыз кылуу аракеттерине гендердик көз караштарды түшүнүү жана интеграциялоо боюнча келечектүү ийгиликтерге жетишти. Эл аралык адам укуктарынын стандарттары журналисттердин коопсуздугуна гендердик мамилени талап кылууда жана журналист аялдарга карата кол салуулар, анын ичинде алар барган сайын интернетте көбүрөөк туш болгон куугунтуктар жана зомбулуктар боюнча изилдөөлөрдүн саны өсүүдө. Улуттук деңгээлде ММК жана жарандык коом топтору интернеттеги гендердик асылууларды жана кыянаттыктарды чечүү жана алдын алуу үчүн журналисттер үчүн ыкмаларды жана программаларды иштеп чыгууга көбүрөөк күч жумшап жатканы көрүнүп турат.

Бирок, андан да активдүү аракет талап кылынууда. Интернеттеги гендердик кысымга жана мазактоого, ошондой эле журналист аялдарга карата зордук-зомбулукка каршы күрөшүү, жумуш ордунда социалдык

нормаларды жана теңчиликти жакшыртуу үчүн коомчулукка маалымдоо кампанияларын камтышы керек. Ошол эле учурда бардык массалык маалымат каражаттарында, айрыкча саясат сыяктуу жалпысынан эркектик деп эсептелген маселелерде аялдардын үнүн көбүрөөк угууну камсыз кылуу зарыл.

Көп тараптуу мамиле керек, ага бийликтин ар кандай бутактары, эл аралык жана регионалдык органдар, ММКнын өкүлдөрү, интернет-ортомчулар жана жарандык коомдун ар кандай субъекттери катышууга тийиш. Аял журналисттер, анын ичинде онлайн куугунтукка алынгандар, интернеттеги куугунтукка жана кыянаттыкка каршы күрөшүү үчүн ыкмаларды жана чечимдерди иштеп чыгууга катышуусу маанилүү. Албетте, аял-журналисттерге көрсөтүлгөн ар кандай колдоо алардын ачык макулдугу менен ишке ашырылышы керек.

Бул колдонмо бүткүл көз карашты колдонуу менен онлайн журналист аялдардын коопсуздугун бекемдөөдө ар кандай кызыкдар тараптар үчүн конкреттүү жолду аныктоого багытталган. Колдонмо он бөлүмдү камтыйт, алардын ар бири ар башка негизги актерлорго арналган. Ар бир бөлүмдө гендердик негизде онлайн куугунтук жана кыянаттык менен күрөшүү боюнча бир катар сунуш иш-чаралар, андан кийин болгон ыкмалардын мисалдары жана пайдалуу ресурстардын тизмеси келтирилген.

Ушул колдонмо бул маселе боюнча бардык иштерди толук изилдөө үчүн арналган эмес, ошондой эле жасалышы керек болгон бардык конкреттүү кадамдардын тизмеси жок. Ал кызыкдар тараптардын өздөрүнүн кемчиликтерин аныктоо жөндөмдүүлүгүн колдоо жана журналист аялдарга карата интернеттеги куугунтук жана кыянаттык менен күрөшүү үчүн ыкмаларды же демилгелерди түзүүгө же өркүндөтүүгө жардам бере турган маалыматты толуктоого багытталган.

Мамлекеттик субъекттер үчүн бул Маалымдама колдонмо аткаруу, мыйзам чыгаруу, сот жана укук коргоо органдары жасай ала турган кадамдарды жана пикирлерди камтыйт. Бул сунуш кылынган иш-чараларга мыйзамдарды кароо жана реформалоо, улуттук иш-аракеттер пландарын иштеп чыгуу жана диалог куруу кирет. Колдонмо ошондой эле мамлекеттик мекемелердин, иликтөөлөрдүн жана журналисттердин коопсуздугунун механизмдеринде гендердик мамилени интеграциялоо боюнча чараларды, ошондой эле мамлекеттик кызматкерлердин потенциалын жогорулатуу программаларын сунуштайт. Мамлекеттик субъекттерди камтыган биринчи беш бөлүмдүн бири адам укуктары боюнча эл аралык стандарттарды жакшыртуу жана аларды улуттук деңгээлде натыйжалуу ишке ашыруу боюнча ыкмаларды бөлүп көрсөтүү менен Мамлекеттер аралык органдардын ролуна көңүл бурат.

Бул Маалымдама колдонмо мамлекеттик эмес субъекттер үчүн сунушталган аракеттерди камтыган дагы беш бөлүм менен уланат: интернет ортомчулары; массалык маалымат каражаттары; журналисттик уюмдар жана көз карандысыз өзүн-өзү жөнгө салууда негизги ролу бар субъекттер; коомдук уюмдар жана окуу жайлары; жана айрым журналисттер жана массалык информация кызматкерлери. Сунушталган чаралар төмөнкүлөрдү камтыйт: санариптик инструменттерге жана укуктук билимдерге окутуу аркылуу потенциалды жогорулатуу; теңтуштарды колдоо тармактарын жана башка психо-социалдык ресурстарды өнүктүрүү; тобокелдиктерди баалоону жана онлайн куугунтукка жооп берүү үчүн протоколдорду күчөтүү; маалымдоо кампанияларын жүргүзүү; жана жумуш ордунда тең укуктуулукту жактайт.

Мамлекеттик эмес субъекттер боюнча бөлүмдөр ошондой эле Интернеттеги чабуулдардын документациясын гендердик мааниде жакшыртуу боюнча сунуштарды камтыйт. Жалпы сунуш кызыкдар

тараптардын ортосундагы кызматташтыкты жана координацияны өнүктүрүү болуп саналат.

Колдонмо аял журналисттердин коопсуздугуна карата колдонулуучу адам укуктарынын эл аралык стандарттары боюнча бөлүмдү камтыйт. Гендердик негизде интернеттеги куугунтуктоо жана кыянаттык менен күрөшүүдө адамдын сөз эркиндиги жана жеке жашоого болгон негизги укуктары сакталышы маанилүү.

Тилекке каршы, интернетте журналист аялдарды куугунтуктоо жана кордоо тууралуу виртуалдык эч нерсе жок. Бул реалдуу чечимдерди талап кылган чыныгы көйгөй.

# Шилтемелер

**1** ЕККУнун СЭө тарабынан ЭБИ менен биргеликте тартылган "Караңгы айлана чөйрө" даректүү тасмасынан цитаталар. Трейлер үчүн: https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/410423.
**2** Өздөрүн аялдар деп эсептеген бардык журналисттерди камтыган. «Журналисткалар» жана «Журналист-аялдар» синоним катары колдонулат.
**3** Мишель Ферриер, Кол салуулар жана асылуулар Аял журналисттерге жана алардын репортаждарына тийгизген таасири, Эл аралык Аялдардын Медиа Фонду, TrollBusters, Washington, 2018 https://www.iwmf.org/wp-content/uploads/2018/09/Attacks-and-Harassment.pdf.
**4** Becky Gardiner жана башкалар, "The Guardian комментарийлеринин караңгы жагы", The Guardian, 12 April 2016, https://www.theguardian.com/technology/2016/apr/12/the-dark-side-of-guardian-comments.
**5** ARTICLE 19, Global Expression Report 2018/19, London, 2019, https://www.article19.org/ xpa-2019/.
**6** Ошол эле шилтемеде.
**7** АТК, "Онлайн гендердик зомбулук: АТКнын БУУнун атайын баяндамачысына аялдарга карата зомбулук, анын себептери жана кесепеттери боюнча сунушу", 2017, https://www.article19.org/wp-content/uploads/2020/03/Guiliano-v-Hungary-Submission-2-March-2.pdf.
**8** Ошол эле шилтемеде.
**9** APC, "Online gender-based violence: A submission from the APC to the UN Special Rap- porteur on violence against women, its causes and consequences", 2017, https://www.apc.org/sites/default/files/APCSubmission_UNSR_VAW_GBV_0_0.pdf.
**10** Келтирилген эмгекте 3 шилтеме.
**11** БУУнун Башкы Ассамблеясы, Адам укуктары боюнча Кеңеши, Аялдарга карата зомбулук, анын себептери жана кесепеттери боюнча атайын баяндамачынын баяндамасы, "Журналист аялдарга карата зомбулукка каршы күрөшүү", A/HRC/44/52, 2020 https://undocs.org/en/A/HRC/44/52.
**12** Barbara Trionfi and Javier Luque Martinez, "Журналисттерге каршы онлайн зордук-зомбулукка каршы күрөшүү боюнча жаңылыктар бөлүмүнүн мыкты тажрыйбалары: Финляндиянын, Германиянын, Польшанын, Испаниянын жана Улуу Британиянын перспективалары", ЭБИ, ЕККУнун СЭө менен кызматташуусунда, июнь 2019-ж., https://newsrooms-on-theline.ipi.media/wp-content/uploads/2019/06/IPI-report-online-harassment-06032019.pdf. Сильвия Чокарро, Аял журналисттердин коопсуздугу: Жымжырттыктын жана зомбулуктун айлампасын бузуу. IMS Defending Journalism китептер сериясы, Эл аралык медиа колдоо, 2019, https://www.mediasupport.org/publication/the-safety-of-women-journalists/.
**13** Amnesty International, "Toxic Twitter - A toxic place for women", 2018, https://www.amnes- ty.org/en/latest/research/2018/03/online-violence-against-women-chapter-1/#topanchor.
**14** Журналисттерди коргоо комитети, "Эң мыкты коргонуу: журналисттердин коопсуздугуна коркунуч жаңыча мамилени талап кылат", 2017, https://cpj.org/reports/2017/02/best-defense-threats-safety-journalists-freelance-emergencies-attack-digital/.
**15** Transparency International, "Журналисттер коррупция жөнүндө кабарлоодо көп чыгым төлөшөт", 2020, https://www.transparency.org/en/news/the-high-costs-journalists-pay-when-reporting-on-corruption#.
**16** Reporters Without Borders, "Журналисттер: уюшкан кылмыштуулуктун кара жырткычы", 2018, https://rsf.org/sites/default/files/en_rapport_mafia_web_0.pdf.
**17** Reporters Without Borders, "Экологиялык журналисттер үчүн душмандык климат", 2015, https://rsf.org/sites/default/files/rapport_environnement_en.pdf.
**18** Reporters Without Borders, "Аялдардын укуктары: тыюу салынган тема", 2018, https://rsf.org/sites/default/files/womens_rights-forbidden_subject.pdf.

# Сереп

## Аял журналисттердин интернеттеги коопсуздугун камсыз кылган адам укуктарынын эл аралык стандарттары

# Сереп
## Аял журналисттердин интернеттеги коопсуздугуна байланышкан адам укуктарынын эл аралык стандарттарын карап чыгуу

Демократия журналисттердин чындыкты ээн-эркин, теңчилик жана коопсуздук чөйрөсүндө айтуу, кыянаттык жана коррупция фактыларын иликтөө, коомдук талкууну жана диалогду өнүктүрүү жана бекемдөө, калкты маалымдоо жөндөмдүүлүгүнөн көз каранды. Анткени менен журналисттердин коомдогу бул маанилүү ролду ойношу үчүн шарттар дүйнө жүзүндө, анын ичинде Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун (ЕККУ) чөлкөмүндө тынымсыз начарлоодо. Журналисттердин оозун жабуу үчүн түз жана кыйыр чаралар күч алууда, анын ичинде физикалык, юридикалык, психологиялык коркутуулар менен зордук-зомбулуктар жана интернеттеги куугунтуктар.[1] Адам укуктарынын эл аралык стандарттарын эффективдүү мамлекеттик саясатка айлантпай туруп, бул тенденцияны аазайтуу мүмкүн эмес. Эркек журналисттерге жана алардын аял кесиптештерине карата зордук-зомбулуктун түрлөрү, ошондой эле зомбулуктун аларга тийгизген таасири ар башка болгондуктан, бул маселени чечүү жолдору гендердик жана башка өз ара көз каранды факторлорго жараша айырмаланат, бул гендердик аспектти эске алууну талап кылат.

Бул бөлүмдө сөз эркиндиги, теңдик жана аялдарга карата басмырланууну жоюу жана журналисттердин коопсуздугу боюнча эң актуалдуу эл аралык стандарттар кыскача чагылдырылат, алар онлайн режиминде гендердик куугунтукка жана зомбулукка каршы күрөшүү боюнча саясатты жана практиканы негиздеши керек.[2]

## › Сөз эркиндигине болгон укук интернеттеги куугунтуктоолордун жана кемсинтүүлөрдүн кезектеги курмандыгы болбошу керек

Интернеттеги куугунтуктоо жана мазактоо коопсуздук же психологиялык жактан жабыркап, өзүн-өзү цензуралоого аргасыз болушу мүмкүн болгон журналисттин жана коркутуп-үркүтүүгө жана куугунтукка кабылышы мүмкүн болгон башка журналисттердин сөз эркиндигине укугун бузат. Куугунтуктоо жана кыянаттык менен пайдалануу жөнүндө билдирүүлөр башка журналисттерде коркуу сезимин жана тынчсызданууну жаратып, алардын сөз эркиндигин чектейт. Бул бүтүндөй коомдун ар кандай пикирлерге жана маалыматтарга жетүү укугуна терс таасирин тийгизгендиктен, интернеттеги куугунтукка жана кыянаттыкка каршы натыйжалуу чаралар көрүлүшү зарыл, алар сөз эркиндигине жана медиа эркиндигине байланыштуу адам укуктары боюнча эл аралык стандарттарды толук сактоо менен жүзөгө ашырылышы керек.

Адам укуктарынын эл аралык стандарттары сөз эркиндиги укугуна кепилдик берет, мисалы, Адам укуктарынын Жалпы декларациясынын 19-беренеси[3] жана жарандык жана саясий укуктар жөнүндө Эл аралык пактынын 19-беренеси (ICCPR) International Covenant on Civil and Political Rights (ICCPR),[4] Адам укуктары боюнча Европа конвенциясы European Convention on Human Rights,[5]сыяктуу адам укуктары боюнча аймактык келишимдер, ошондой эле бул укукту так баяндашат.

Сөз эркиндигине болгон укук кеңири чөйрөгө ээ жана бүтүндөй коомго тиешелүү. Ал мамлекеттерден бардык адамдарга чек араларга жана каалаган маалымат каражаттары аркылуу каалагандай маалыматты же идеяларды издөө, алуу жана берүү эркиндигин кепилдикке алууну талап кылат.

Белгилей кетчү нерсе, БУУнун Адам укуктары боюнча комитети (БУУ АУК), анын катышуучу-мамлекеттери тарабынан Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактысынын (ЖСУЭП) аткарылышына мониторинг жүргүзүү үчүн түзүлгөн көз карандысыз эксперттердин келишимдик органы, билдирүү жана байланыш, анын ичинде электрондук жана Интернетке негизделген технологиялар ЖСУЭПда сөз эркиндигин коргоо бардык формаларга жайылтыларын моюнга алган.[6] Интернет аркылуу жайылтылган байланыш формалары же сөз айкаштары боюнча чектөөлөр төмөндө баяндалгандай, электрондук эмес же оффлайн байланыш сыяктуу эле критерийлерге ылайык негизделиши керек.[7]

## › Мыйзамдуулук, укуктук жана зарылдык менен шайкештик: сөз эркиндигин чектөө үчүн үч бөлүктөн турган сыноо (тест)

Адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарга ылайык сөз эркиндигин чектөөгө алар ЖСУЭПнын 19.3-беренесинде баяндалган мыйзамдуулукка, укуктукка, зарылдыкка жана шайкештикке карата үч бөлүктөн турган тесттен өткөндө гана жол берилет.[8]

Бул тесттин биринчи компоненти, мыйзамдуулук, сөз эркиндигин чектөө мыйзам тарабынан белгилениши керектигин билдирет. Тиешелүү мыйзамдар же ченемдик актылар коомчулукка жеткиликтүү болушу жана тактык жана айкындык менен түзүлүшү керек. Ошондо алардын аткарылышын камсыз кылуу тапшырылган субъекттер сөз эркиндигине карата кайсы түрлөрү чектелгенин жана кайсынысы туура эмес экенин, ошондой эле бийлик тарабынан чектөөлөрдү кыянаттык менен колдонууга жол бербөөсүн аныктай алышат.

Мамлекеттер жооп бериши керек болгон экинчи критерий сөз эркиндигин чектөө мыйзамдуу максатка кызмат кылышы керектигин билдирет, ал ЖСУЭПнын 19.3-беренесине ылайык, башка адамдардын укуктарын же кадыр-баркын сыйлоону же мамлекеттик коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын же адеп-ахлагын коргоону камтыйт.

Акыр-аягында, демократиялык коомдо сөз эркиндигин чектөөнүн кайсынысы болбосун, койгон максатка зарыл жана ылайыктуу болушу абзел, айрыкча, пикир билдирүү менен коркутуунун ортосунда түз жана токтоосуз байланыш болушу керек.

ЖСУЭПтун 20.2-беренесинде улуттук, расалык же диний жек көрүүчүлүктү жактоо максатындагы басмырлоого, кастыкка же зомбулукка үндөгөн ар кандай чагымчылык мыйзам тарабынан тыюу салынышы керек деп белгилейт. 2011-жылы БУУнун Адам укуктары боюнча комитети (БУУ АУК) 19-беренеде каралган чектөөлөргө мыйзам тарабынан тыюу салынышы керек деп айткан. БУУнун Адам укуктары боюнча комитети ЖСУЭПнын 20-беренесинде каралган чектөөлөр ЖСУЭПнын 19.3-беренесинде баяндалган үч компоненттүү критерийге ылайык келиши керек деп билдирди.[9]

Демек, сөз эркиндиги укугуна түздөн-түз же кыйыр чектөөлөрдү алып келген аял журналисттерге карата интернеттеги куугунтуктоону жана кыянаттыкты жоюу боюнча бардык аракеттер үч бөлүктөн турган тесттин катуу талаптарына шайкеш келиши керек.

## › Теңдик жана басмырланбоо укугу

Журналисттерге карата интернеттеги гендердик куугунтуктоо жана кыянаттык менен пайдалануу адамдардын сөз эркиндигинен тышкары башка укуктарын бузушу мүмкүн. Бул журналисттик иш-чараларга бирдей шарттарда катышуу мүмкүнчүлүгүнө коркунуч келтирет. Ошондой эле, аял журналисттердин журналисттик ишмердүүлүгүн жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө шек келтирген басмырлоочу коомдук ченемдерди жана гендердик стереотиптерди тереңдетет. Аялдар эркин жана коопсуз отчет бере албаса, медиа плюрализм үстөмдүк кыла албайт.

Теңдик жана басмырланбоо укугу жана сөз эркиндигине болгон укук өз ара колдоо жана укуктарды бекемдөө болуп саналат. Бул укуктарды илгерилетүү үчүн макулдашылган жана багытталган иш-аракеттер көрүлгөндө гана, алардын экөө тең ишке натыйжалуу ашышы мүмкүн.

Адам укуктары боюнча Эл аралык мыйзамда бардык адамдар мыйзам алдында тең жана аларды басмырлоого жол берилбейт деп кепил берилген. Мамлекеттер үчүн адам укуктарын пайдаланууда теңчиликти кепилдөө жана мыйзамды бирдей коргоону сунуш кылуу боюнча так милдеттенмелер бар. Басмырлабоо принциби адам укуктары боюнча эл аралык мыйзамга ылайык таанылган корголуучу мүнөздөмөгө негизделген адамга карата ар кандай айырмачылыкка, четтетүүгө, чектөөгө же артыкчылыкка тыюу салат.[10]

Бир нече эл аралык документтер аялдарга тең укуктуулук жана дискриминацияга жол бербөө укугу кандайча колдонулушу керек экендигин тастыктап, тактап жана кеңейтет. 1979-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган Аялдарга карата дискриминацияны жоюу боюнча Конвенцияда (CEDAW) Convention on the Elimination of Discrimination against Women аялдардын укуктары жөнүндө эл аралык мыйзам долбоору катары аялдарга карата дискриминация «аялдарга карата алардын үй-бүлөлүк абалына карабастан, эркектер менен аялдардын тең укуктуулугунун негизинде, саясий, экономикалык, социалдык, маданий, граждандык же башка тармакта жасалган ар кандай айырмачылык, четтөө же чектөө» катары аныкталат.[11]

Аял журналисттерге өзгөчө шилтеме CEDAW General Recommendation No. 35 on gender-based violence гендердик зомбулук боюнча №35 жалпы сунуштамасында кездешет, анда аял укук коргоочуларга, активисттерге же журналисттерге каршы зыяндуу тажрыйбалар жана кылмыштар да маданий, идеологиялык жана саясий факторлордун.[12] таасири астында аялдарга карата гендердик зомбулуктун түрлөрү болуп саналат. Сунушта ошондой эле "катышуучу мамлекеттер аялдарга карата гендердик зомбулук менен күрөшүү үчүн ар түрдүү чараларды кабыл алышы жана ишке ашыруусу керек" деп белгиленген.[13]

Beijing Declaration and Platform for Action Пекин декларациясында жана 1995-жылы БУУга мүчө мамлекеттер тарабынан кабыл алынган иш-аракеттер платформасында аялдар жана ММКлар 12 маанилүү көйгөйлүү тармактардын катарына кирген. Атап айтканда, аялдардын массалык маалымат каражаттарында пикир билдирүүгө жана чечим кабыл алууга катышуусун жана жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү зарылдыгына байланыштуу жана коммуникациянын жаңы технологиялары аркылуу, ошондой эле ММКда аялдардын тең салмактуу жана стереотиптик эмес сүрөттөлүшүнүн баалуулугун карап чыгуу каралган.[14]

OSCE Ministerial Council Decision No. 4/18 on Preventing and Combating Violence against Women ЕККУнун Министрлер кеңешинин Аялдарга карата зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча №4/18 Чечиминде катышуучу мамлекеттер аялдарга карата зомбулуктун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү боюнча милдеттенме алышкан, бул журналист аялдарга да тиешелүү. Чечимде "коомдук кызыкчылыкты көздөгөн жана/же коомдук кызыкчылыкты көздөгөн кесиптик ишмердүүлүк менен алектенген аялдардын жумушуна байланыштуу зордук-зомбулуктун же кордоолордун, коркутуулардын жана куугунтуктоонун конкреттүү формаларына көбүрөөк дуушар болушу мүмкүн" деп таанылат. Бардык мамлекеттер тарабынан макулдашылган бул милдеттенмелер, атап айтканда, сот адилеттигине жетүүнү камсыз кылууну, ошондой эле алардын жеке турмушуна болгон укуктарын сактоо менен аларды натыйжалуу иликтөөнү жана куугунтуктоону; аялдарга карата зомбулуктун бардык түрлөрүн алдын алууга жана ага каршы күрөшүүгө салым кошуу; кыянатчылыкка, коркутууга жана куугунтукка каршы, анын ичинде санариптик технологияларды колдонуу аркылуу күрөшүү боюнча чараларды көрүү.[15]

Аялдарга карата зордук-зомбулук, анын себептери жана кесепеттери боюнча БУУнун атайын баяндамачысы жана эркин ой-пикир укугун колдоо жана коргоо маселеси боюнча БУУнун атайын баяндамачысы 2017-жылы 8-март – Эл аралык аялдар күнүндө мамлекеттерди жана компанияларды интернетте аялдарга карата куугунтуктоого жана кыянаттыкка каршы күрөшүүгө үндөп, цензуранын кооптуулугу жөнүндө эскертишти. Баяндамачылар Интернетте аялдар көп кездешкен кыянаттыкка мүмкүнчүлүк түзгөн шарттарга каршы күрөшүү боюнча адам укуктарына негизделген чараларды көрүүгө чакырышты.[16]

## › Интернеттеги адам укуктары ошол замат корголушу керек

Адам укуктарынын эл аралык стандарттары санариптик чөйрөгө кандайча жайылып жатканын түшүнүү гендердик асылуу жана онлайн кыянаттык маселесин журналисттердин коопсуздугуна коркунуч туудурбастан, аны чечүү үчүн абдан маанилүү.

2013-жылы БУУ бардык адам укуктары Интернетте бирдей колдонулат деп жарыялаган. БУУнун Адам укуктары боюнча кеңешинин (БУУ АУК) интернеттеги адам укуктарын илгерилетүү, коргоо жана ишке ашыруу боюнча 32/13 резолюциясында UN Human Rights Council (UN HRC) Resolution 32/13 on the promotion, protection and enjoyment of human rights on the Internet "адамдар оффлайн режиминде ээ болгон укуктар да онлайн режиминде корголушу керек. Тактап айтканда, адам укуктарынын Жалпы декларациясынын 19-беренесине ылайык,[17] чек арага карабастан жана каалаган маалымат каражаттары аркылуу колдонула турган сөз эркиндигине болгон укук корголушу керек".[18]

Байланыш технологиялары ар бир адамдын өз оюн билдирүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтти. Ошол эле учурда бул каражаттар адам укуктарына, атап айтканда жеке кат алышуу укугуна шек келтириши мүмкүн болгон көзөмөлгө жана тыңшоолорго алсыз. Бул укук ЖСУПЭнын 17-беренесинде баяндалган, анда "эч ким өзүнүн жеке, үй-бүлөсүнө, турак жайына же кат жазышуусуна өзүм билемдик менен же мыйзамсыз кийлигишүүгө, же анын ар-намысына жана беделине мыйзамсыз кол салууга дуушар болушу мүмкүн эмес" деп айтылат.[19]

Адам укуктарынын стандарттары байкоо жүргүзүүдөн коргоону сунуш кылса да, бул дагы эле реалдуу коркунуч туудурат, айрыкча, алардын ишинин аркасында мыйзамсыз кийлигишүүгө дуушар болушу ыктымал,

бул алардын оозун жабууга алып келет. Ушул себептен улам, шифрлөө жана анонимдүүлүк санариптик доордо сөз эркиндиги укугун коопсуз ишке ашыруу үчүн өтө маанилүү болуп саналат.[20] Шифрлөө жана анонимдүүлүк боюнча чектөөлөр 1) мыйзамдуулук, 2) укуктуулук жана 3) зарылчылык жана пропорционалдык үч бөлүктөн турган тестке ылайык катуу чектелиши керек.[21] ЕККУ Министрлер Кеңешинин журналисттердин коопсуздугу жөнүндө 3/18 чечими (тиркелет) муну моюнга алат жана мамлекеттерди "журналисттердин шифрлөө жана анонимдүүлүк технологияларын колдонуусуна өзүм билемдик менен же мыйзамсыз кийлигишүүдөн алыс болууга жана мыйзамсыз же өзүм билемдик менен байкоо жүргүзүү ыкмаларын колдонуудан алыс болууга" чакырат.[22]

## › Журналисттердин коопсуздугун камсыздоого багытталган адам укуктары тармагындагы стандарттардын саны өсүүдө

Ачык, инклюзивдүү жана демократиялык коомдун калкы маалыматка жеткиликтүү болушу шарт. Журналистикага кол салуу болгондо, ар бир адамдын маалымат алуу укугу бузулат. Адам укуктары боюнча эл аралык мыйзамга ылайык, мамлекеттер журналистика менен алектенгендерди коргоого милдеттүү. Акыркы он жылда муну кантип жасоо керектиги жөнүндө эл аралык документтердин саны өстү. Бул документтер гендердик коркунучтарды жана гендердик сезимтал мамиленин зарылдыгын ар кандай деңгээлде тааныйт.

Эл аралык органдар санариптик доордо журналисттин ким экендигин функционалдык аныктоону түзүүдө. БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин 34-жылдагы 2013-жылдагы жалпы тартип комментарийи журналистиканын функциясын "кесипкөй толук убакыттагы кабарчыларды жана аналитиктерди, ошондой эле блогерлерди жана

басма сөздө, Интернетте же башка жерлерде өзүн-өзү жарыялоо формалары менен алектенген башка субъектилердин кеңири чөйрөсү бөлүшкөн функция" деп аныктайт".[23] Европа Кеңеши үчүн "журналист" "журналистикалык ишмердүүлүктү аткарган же коомдук көзөмөл функцияларын аткаргандарды" билдирет.[24]

БУУ акыркы жылдары журналисттердин коопсуздугун чыңдоонун маанилүүлүгүн бир нече жолу моюнга алган. 2012-жылы БУУнун АУК журналисттердин коопсуздугу боюнча биринчи резолюциясын first кабыл алып, мамлекеттерди «журналисттердин өз ишин өз алдынча жана ашыкча кийлигишүүсүз аткаруусу үчүн коопсуз жана ыңгайлуу чөйрөнү түзүүгө»,[25] чакырган, анын ичинде мыйзамдык чараларды көрүү, маалымдоо жана маалымдоо аркылуу көтөрүү, мониторинг жүргүзүү жана билдирүү, кол салууларды ачык айыптоо жана мындай кол салууларды иликтөө жана куугунтуктоо үчүн зарыл ресурстарды бөлүү. Бул резолюцияга чейин ЮНЕСКО менен БУУнун Коопсуздук Кеңеши (БУУ Коопсуздук Кеңеши) журналисттердин коопсуздугу боюнча эки текстти кабыл алышкан. [26]

32/13 резолюциясы 2012-жылы кабыл алынгандан бери БУУ АУК, БУУнун Башкы Ассамблеясы (БУУ ГА), БУУ КК жана ЮНЕСКОнун Башкы конференциясы журналисттердин коопсуздугу жөнүндө ондон ашык резолюцияларды resolutions кабыл алды; бул токтомдордун айрымдары аял журналисттердин коопсуздугуна өзгөчө көңүл бурат,[27] мисалы, БУУнун ГА 74/157 резолюциясы 2019 UNGA Resolution 74/157.[28] БУУнун АУКтун 45/17 резолюциясы (2020) мамлекеттерди оффлайн жана онлайн режиминде журналист аялдарга карата "сексуалдык асылуунун жана сексуалдык жана гендердик зомбулуктун башка түрлөрүнүн алдын алуу боюнча чараларды көрүүгө" чакырды.[29] Мындан тышкары, бул токтомдордун аткарылышы жөнүндө ар кандай отчеттор жарыяланды implementation reports.[30] Атап айтканда, БУУнун Башкы катчысынын

2017-жылдагы аткарылышы тууралуу отчету 2017 implementation report журналист аялдардын коопсуздугуна арналды.[31] 2020-жылы БУУнун Аялдарга карата зомбулук маселелери боюнча атайын баяндамачысы, анын себептери жана кесепеттери журналисттерге карата зомбулукка каршы күрөшүү боюнча отчетун жарыялады.[32]

2012-жылы БУУнун тарыхындагы биринчи ведомстволор аралык стратегия иштелип чыккан жана кабыл алынган. БУУнун журналисттердин коопсуздугу жана жазасыз калуу көйгөйү боюнча иш-аракеттер планы UN Plan of Action on the Safety of Journalists and the Issue of Impunity журналисттердин коопсуздугуна жана жазасыз калууга каршы "гендердик сезимтал мамилени" талап кылат жана БУУнун бул маселе боюнча ишин башка субъекттер менен макулдашып багыттайт.[33]

Журналисттердин коопсуздугу маселесин туруктуу өнүгүү максаттарына (ТӨМ) киргизүү анын глобалдык адам укуктары жана өнүгүүсү үчүн маанилүүлүгүнүн дагы бир далили болуп саналат. ТӨМ 16 "туруктуу өнүгүү кызыкчылыгында тынч жана инклюзивдүү коомдорду колдоого, бардыгы үчүн сот адилеттигине жетүүнү камсыз кылууга жана бардык деңгээлдерде натыйжалуу, отчет берүүчү жана инклюзивдүү институттарды түзүүгө" багытталган.[34] Көрсөткүч 16.10.1. Indicator 16.10.1. "журналисттерди өлтүрүү, уурдоо, күч менен жоголуу, өзүм билемдик менен кармоо жана кыйноолордун санын" баалайт.[35]

2018-жылы ЕККУга мүчө мамлекеттер журналисттердин коопсуздугуна арналган биринчи чечимин - ЕККУнун Министрлер Кеңешинин 3/18 журналисттердин коопсуздугу жөнүндө чечимин кабыл алышкан. ЕККУга катышкан бардык 57 мамлекеттин консенсусу менен макулдашылган бул чечим бул мүчө мамлекеттерди журналисттерге кол салууну болтурбоого, коргоого жана сот тартибинде куугунтуктоого чакырат. Мындан тышкары, ал "аял журналисттер

өз ишине, анын ичинде санариптик технологияларды колдонууга байланыштуу өзгөчө тобокелдиктерге" тынчсызданоусун билдирип, "алардын мүмкүн болушунча коопсуздугун камсыз кылуунун жана аял журналисттердин тажрыйбасын жана көйгөйлөрүн натыйжалуу эсепке алуунун маанилүүлүгүн" баса белгилейт.[36] Чечим ошондой эле мамлекеттерди "аял журналисттерге алардын ишине байланыштуу сексуалдык асылуу, кыянаттык, коркутуу, кодулоо жана зомбулук, анын ичинде санариптик технологияларды колдонуу сыяктуу кол салууларды ачык түрдө айыптоого" чакырат.[37] 37 Бул ЕККУнун журналисттердин коопсуздугуна арналган биринчи чечими болсо да, ЕККУнун сөз эркиндиги, ММК эркиндиги жана маалыматка жетүү боюнча көптөгөн стандарттары,[38] жана журналисттердин коопсуздугу боюнча бир нече жетектөөчү басылмалар бар.[39]

## › Бизнес адам укуктары боюнча эл аралык стандарттарга жооп бериши керек


Бул негизинен мамлекеттерге тиешелүү болгону менен, эл аралык адам укуктары системасы социалдык медиа компаниялары сыяктуу коммерциялык ишканаларга да тиешелүү, демек, бул компаниялар адам укуктарын сактоого милдеттүү. Бизнес жана адам укуктары боюнча БУУнун Жетектөөчү принциптеринде UN Guiding Principles on Business and компаниялар «өз ишмердүүлүгү аркылуу адам укуктарына терс таасирин тийгизүүдөн же ага көмөктөшүүдөн качууга жана алар келип чыккан таасирлерди жоюуга» жана адам укуктарына түздөн-түз байланыштуу болгон терс таасирин алдын алууга же алардын ишкердик мамилелеринин алкагындагы иш-аракеттери, өнүмдөрү же кызматтары, эгерде алар өздөрү бул таасирге түздөн-түз салым кошпосо да жумшартууга тийиш деп айтылат.[40]

2019-жылы Эл аралык эмгек уюму 190-конвенцияны кабыл алып Convention 190 on Violence and Harassment, ар бир адамдын зордук-зомбулуксуз жана куугунтуксуз, анын ичинде гендердик зомбулуксуз жана кемсинтүүсүз иштөө укугун тааныган, анткени ал бирдей мүмкүнчүлүккө коркунуч келтирет. Ал мамлекеттерди бизнестен зордук-зомбулукка жана куугунтукка чыдамсыздыкты талап кылууга чакырат.[41]

# Шилтемелер

**1** ARTICLE 19, Дүйнөлүк Билдирүү Отчету 2018/19, Лондон, 2019, https://www.article19.org/ xpa-2019/.
**2** Сөз эркиндигине жана аялдардын тең укуктуулугуна тиешелүү эл аралык стандарттар жөнүндө көбүрөөк маалымат алуу үчүн, ARTICLE 19 караңыз, сөз эркиндиги жана аялдардын тең укуктуулугу: ар тараптуу укуктарды коргоону камсыз кылуу. Лондон, 2020-жыл.
**3** БУУнун Адам укуктарынын Жалпы Декларациясы, 1948-жылдын 10-декабры, https://www.un.org/en/universal-declaration-human-rights/.
**4** UN General Assembly, Resolution 2200A (XXI), International Covenant on Civil and Political Rights, 16 December 1966, entry into force: 23 March 1976, Article 49, https://www.ohchr.org/en/profession-alinterest/pages/ccpr.aspx.
**5** Council of Europe, European Convention on Human Rights, entry into force: 21 September 1970, https://www.echr.coe.int/Documents/Convention_ENG.pdf.
**6** UN Human Rights Committee, General Comment No. 34, Article 19: Freedoms of opinion and expres-sion, CCPR/C/GC/34, 12 September 2011, paragraph 11, https://www2.ohchr.org/english/bodies/hrc/docs/gc34.pdf.
**7** Ошол эле жерде.
**8** Келтирилген эмгекте 4 шилтеме.
**9** Келтирилген эмгекте 6 шилтеме, параграф 50 жана андан ары.
**10** UN Human Rights Committee, CCPR General Comment No. 18: Non-discrimination, 10 November 1989, paragraph 6, https://www.refworld.org/docid/453883fa8.html.
**11** UN General Assembly, Resolution 34/180, Convention on the Elimination of Discrimination against Women, 18 December 1979, entry into force: 3 September 1981, https://www.ohchr.org/documents/professionalinterest/cedaw.pdf. See also "Convention on the Elimination of All Forms of Discriminations against Women", UN Women, https://www.un.org/womenwatch/daw/cedaw/.
**12** Committee on the Elimination of Discrimination against Women, "General recommenda- tion No. 35 on gender-based violence against women, updating general recommendation No. 19", CEDAW/C/GC/35, 14 July 2017 https://tbinternet.ohchr.org/Treaties/CEDAW/Shared%20Documents/1_Glob-al/CEDAW_C_GC_35_8267_E.pdf.
**13** Ошол эле жерде.
**14** UN, Beijing Declaration and Platform for Action, 15 September 1995, https://www.un.org/en/events/pastevents/pdfs/Beijing_Declaration_and_Platform_for_Action.pdf.
**15** OSCE, Ministerial Council, Decision No. 4/18, "Preventing and Combating Violence Against Wom-en", 7 December 2018, https://www.osce.org/chairmanship/406019?download=true.
**16** "UN experts urge States and companies to address online gender-based abuse but warn against censor-ship", UN Office of the High Commissioner for Human Rights, news item, 8 March 2017, https://www.ohchr.org/EN/NewsEvents/Pages/DisplayNews.aspx?NewsID=21317.
**17** UN Human Rights Council, Resolution 32/13, The promotion, protection and enjoyment of hu- man rights on the Internet, A/HRC/RES/32/13, 18 July 2016, https://undocs.org/A/HRC/RES/32/13.
**18** Ошол эле жерде.
**19** Келтирилген эмгекте 4 шилтеме.
**20** UN General Assembly, Report of the Special Rapporteur on the promotion and protection of the right to freedom of opinion and expression, A/HRC/29/32, 22 May 2015, https://undocs.org/A/HRC/29/32.
**21** Ошол эле жерде.
**22** ЕККУ, Министрлер Кеңеши, №3/18 Чечими, "Safety of Journalists", 7 December 2018, https://www.osce.org/files/f/documents/a/c/462187.pdf

**23** Келтирилген эмгекте 6 шилтеме, параграф 44.
**24** Council of Europe, Committee of Ministers "Recommendation of the Committee of Ministers to member States on the protection of journalism and safety of journalists and other media actors", CM/Rec(2016)4, 13 April 2016 https://search.coe.int/cm/Pages/result_details. aspx?ObjectId=09000016806415d9#_ftn1.
**25** UN Human Rights Council, Resolution 21/12, "Safety of Journalists", A/HRC/RES/21/12, 9 October 2012, https://undocs.org/A/HRC/RES/21/12.
**26** UNESCO, Resolution 29, "Condemnation of violence against journalists", November 1997, https://en.unesco.org/sites/default/files/resolution29-en.pdf. UN Security Council, Resolution 1738 (2006), 23 December 2006, http://unscr.com/en/resolutions/doc/1738.
**27** "Resolutions on journalists' safety: How does the UN monitor their implementation?", IFEX news item, 22 December 2017, https://ifex.org/resolutions-on-journalists-safety-how-does-the-un-monitor-their-implementation/.
**28** UN Human Rights Council, Resolution 45/17, "The safety of journalists", A/HRC/45/17, 6 October 2020. https://undocs.org/en/A/HRC/RES/45/18
**29** United Nations General Assembly Resolution 74/157, "The safety of journalists and the issue of impunity", adopted on 18 December 2019, https://undocs.org/A/RES/74/157.
**30** Келтирилген эмгекте 28 шилтеме.
**31** UN General Assembly, Report of the UN Secretary-General on "The safety of journalists and the issue of impunity", A/72/290, 4 August 2017 https://undocs.org/A/72/290.
**32** UN Human Rights Council, Report of the Special Rapporteur on violence against women, its causes and consequences on Combating violence against women journalists, A/HRC/44/52, 6 May 2020 https://undocs.org/en/A/HRC/44/52.
**33** UN Plan of Action on the Safety of Journalists and the Issue of Impunity, UNESCO, CI-12/CONF.202/6, 2012, https://en.unesco.org/un-plan-action-safety-journalists.
**34** UN Sustainable Development Goals (SDGs), SDG 16: Promote peaceful and inclusive societ- ies for sustainable development, provide access to justice for all and build effective, accountable and inclusive institutions at all levels, 2015, https://sustainabledevelopment.un.org/sdg16
**35** "SDG Indicators Metadata repository", UN Sustainable Development Goals Statistics Divi- sion, https://unstats.un.org/sdgs/metadata/?Text=&Goal=16&Target=16.10.
**36** Келтирилген эмгекте 234 шилтеме.
**37** Ошол эле жерде.
**38** OSCE RFoM, "Commitments: Freedom of the Media, Freedom of Expression, Free Flow of Information, 1975-2017", 4th edition, 2017, https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/99565.
**39** OSCE RFoM, Publications, collected: https://www.osce.org/resources/publications?fil- ters=im_taxonomy_vid_1:(27).
**40** UN Office of the High Commissioner for Human Rights, Guiding Principles on Business and Human Rights, 2011, https://www.ohchr.org/Documents/Publications/GuidingPrinciplesBusinessHR_EN.pdf.
**41** International Labour Organization, C190-Violence and Harassment Convention, 2019, https://www.ilo.org/dyn/normlex/en/f?p=NORMLEXPUB:12100:0::NO::P12100_ILO_CODE:C190.




# Сөздөн ишке өтүү

# Сөздөн ишке өтүү
## Негизги катышуучулар кандай чараларды көрсө болот

Интернетте журналист аялдарды куугунтуктоого жана аларга кыянаттык кылууга байланышкан көйгөйдү чечүү үчүн бул маселеге көптөгөн тараптарды катыштыруу менен көп баскычтуу мамиле кылуу талап кылынат. Маалымдама колдонмонун ушул бөлүгүндө журналист аялдардын Интернеттеги коопсуздугун арттыруу үчүн мамлекеттик жана мамлекеттик эмес субъектилер тарабынан көрүлсө боло турган кечиктирилгис чаралар камтылган. Бул колдонулуп жаткан чаралардын натыйжалуулугун жогорулатуу, ошондой эле негизги катышуучуларды жаңы демилгелерди көтөрүп чыгууга шыктандыруу максатын көздөйт. Мындай чаралар анын алкагында журналист аялдар Интернеттеги өз кесиптик ишмердигин коопсуз чөйрөдө көбүрөөк жүргүзө ала турган өз ара байланыштагы түзүмдүн жаралышына көмөктөшмөкчү. Кийинки он глава тийиштүү түрдө мамлекеттик жана мамлекеттик эмес субъектилерге арналган эки бөлүккө бөлүнгөн. Маалымдама колдонмо журналист аялдарды Интернетте куугунтуктоого жана аларга кыянаттык кылууга байланышкан көп сандаган көйгөйлөрдү чечүү үчүн зарыл болгон чаралардын толук тизмегин камтыбайт. Анын ордуна Колдонмо ар бир негизги катышуучуга көбүрөөк актуалдуу жана ишке ашырса боло турган чаралардын чакан топтомун сунуштайт.

Ар бир сунушталган чара, иллюстрация катары, ар кайсы өлкөнүн өкүлдөрү тарабынан берилген практикалык мисалдар менен коштолот, ал эми сунуштамалардын ар бир тизмеги пайдалуу ресурстардын топтому менен толукталган. Журналист аялдардын Интернеттеги коопсуздугу маселесин жалпы журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу чараларынан бөлүп кароого болбойт жана бул көйгөйдү бүтүндөй коомдо гендердик теңчиликке жетүүгө умтулбастан чечүү мүмкүн эмес. Башкача айтканда, аялдардын массалык маалымат каражаттарындагы коопсуздугун алар үчүн бүгүнкү күндө эркектерге жеткиликтүү болгон

укуктарды, мүмкүнчүлүктөрдү жана корголууну камсыздоо аркылуу жогорулатса болот. Жогоруда айтылгандарга таянып, сунушталган чаралардын айрымдарында журналисттердин коопсуздугун камсыздоо боюнча учурдагы демилгелерге гендердик аспектини эске алган мамилени камтуунун зарылдыгы да белгиленет, ал эми башкаларында гендердик теңчиликти камсыздоо боюнча учурдагы чараларды кеңейтүү же ыңгайлаштыруу зарылдыгы тууралуу сөз кылынган.

## › Гендердик аспектини эске алган мамиле

Аял журналисттерди Интернетте куугунтуктоого жана аларга кыянаттык кылууга бөгөт коюуну көздөгөн кандай гана демилге болбосун гендердик аспектилерди эске алуу менен иштелип чыгууга тийиш. Гендерге сезимтал мамиле гендердик ролдорду, ченемдерди жана мамилелерди аңдап-түшүнүүгө байланышкан болсо, гендердик аспектилерди эске алган мамиле гендердик ченемдерди, ролдорду жана мамилелерди эске алуу жана аларга шайкеш иш алып баруу дегенди билдирет, ошондой эле саясат менен чаралардын эркектер менен аялдарга тийгизген ар кандай таасирин баалайт, башкача айтканда, гендердик теңчиликти камсыздоо боюнча чаралардын көрүлүшүн туюндурат.

Чаралар менен демилгелерди ишке ашырууга он түрлүү ыкманы колдонуу менен мамиле жасалса болот, алар төмөндө берилген:

1. "Гендерге - бейтарап" ыкмасы гендердик аспектилер көңүлгө алынбаган мамиле дегенди билдирет. Мыйзам актысы болобу, окутуу программасы, бюджет же кандайдыр бир башка документ же чаралар болобу – ар бир кабыл алынган чечим менен көрүлгөн чара ар башка адамдарга ар түрдүү таасир этет, анын ичинде алардын жынысына жараша таасири ар башка.

2. Гендер иденттүүлүктүн башка чен-өлчөмдөрү менен өз ара байланышта болот. Ал жаш курагы, классы, кирешеси, этностук таандыгы, сексуалдык багыттамасы, дини, майыптыгы, расасы, айыл чөйрөсүнө салыштырмалуу шаар маданиятына жакыныраак болуу сыяктуу факторлор менен биргеликте социалдык белгилүү бир категорияларды түзөт. Алар өз ара байланышкан жана теңсиздиктин кайчылаш, өз ара көз каранды болгон түзүмдөрүн жаратат. Мындай ыкма интерсекционалдык деп аталат жана анын зарылдыгы теңсиздик ар кандай адамдарга ар башка таасир тийгизгендиги менен шартталган.

3. Теңсиздик көрүнүштөрүн процесстин бардык этаптарында четтетүү зарыл. Аялдар менен эркектердин ортосундагы теңсиздикти, анын ичинде бийлик менен укуктар бирдей жеткиликтүү эмес болушун бүткүл процесстин жүрүшүндө, мыйзамдарды, саясатты жана башка каалагандай иш-аракеттерди иштеп чыгуу, пландоо, ишке ашыруу, мониторинг кылуу жана баалоо этаптарында эске алуу зарыл.

4. Мында эмнени эске алуу керектигине гана эмес, аны кантип аткаруу керектигине да көңүл буруу маанилүү болуп саналат. Гендердик аспектилерди эске алган мамиле гендердик мамилелер менен күчтөрдүн катышынын контекстке таасир этүү даражасын гана эске албастан, ошол эле учурда мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү менен гендердик теңчиликке көмөктөшкөн инклюзивдүү, интерактивдүү жана сый-урмат менен коштолгон процесс да болушун камтыйт.

5. Маалымат – чечимдерди табуунун ачкычы. Журналисттерге кол салууларга байланышкан так жана толук маалыматтардын жынысы жана башка интерсекционалдык факторлор боюнча бөлүштүрүлүп берилиши ар кандай саясий, экономикалык, маданий жана социалдык

шарттарга ыңгайлаштырылган иштиктүү жооп кайтаруучу чараларды иштеп чыгуу үчүн зарыл болуп саналат.

6. Ар кыл пикирлерди уга билүү да маанилүү. Журналист аялдардын алардын ишмердигине байланышкан жана жашоосуна таасир бере ала турган чечимдерди кабыл алууга жигердүү катышуусун камсыз кылуу үчүн кеңири жана ачык кеңешүүлөрдү, анын ичинде тиешелүү чөйрөлөрдөгү өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдар менен кеңешүүлөрдү өткөрүп туруу зарыл.

7. Өзгөрүүлөргө жетишүү үчүн дараметти өнүктүрүү. Журналисттердин коопсуздугун камсыздоо менен алектенгендердин бардыгына гендердик аспектилерди эске алган мамиле менен таанышууга мүмкүнчүлүк берүү зарыл. Кеңири масштабдуу жана узак мөөнөттүү өзгөрүүлөргө жетишүү максатында, биринчи кезекте, жетиштүү таасири жана бийлиги бар адамдарга көңүл буруу керек.

8. Жетиштүү көлөмдөгү ресурстарды бөлүү. Гендердик аспектилерди эске алган мамилеге ыктуу болууну реалдуу иш-аракет менен бекемдеп туруу керек, анын ичинде бул мамилени жүзөгө ашыруу үчүн жетиштүү адамдык жана каржылык ресурстарды бөлүп берип туруу зарыл.

9. S.M.A.R.T. максаттарын аткаруу. S.M.A.R.T. деп аталган мамиленин маани-маңызы Интернетте журналист аялдарды куугунтуктоого жана аларга кыянаттык кылууга каршы күрөшүү боюнча демилгелердин алдына конкреттүү (Specific), өлчөнүүчү (Measurable), жетсе боло турган (Attainable) актуалдуу (Relevant) жана мөөнөттөрү так аныкталган (Time-bound) максаттар коюлушу керектигине

байланышкан. Бул гендердик теңчиликти камсыздоо боюнча чаралар тууралуу отчет берилип турушуна жана алынган тажрыйбаны тутумдаштырууга көмөктөшүп, болочок иш-аракеттердин натыйжалуулугун арттырууга түрткү болот.

10. Аялдардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чаралар алардын негизги укуктарын чектөөгө эмес, тескерисинче, жүзөгө ашырууга көмөктөшүүгө тийиш. Ой-пикирди эркин билдирүү укугун чектеп коюуга жөндөмдүү болгон бардык чаралар демократиялуу коомдо мыйзам тарабынан белгиленүүгө, мыйзамдуу максатка кызмат кылууга тийиш, ошондой эле алардын зарылдыгында жана өлчөмдөш экендигинде күмөн болбошу керек. Аялдардын кесиптик ишмердигине тоскоолдуктарды жаратуу же чектөө алардын коопсуздугун камсыз кылууга көмөкчү боло албайт..



# Мамлекеттик бийликтин аткаруу органдары

# Сунушталган иш-аракеттер

1. Журналисттердин  коопсуздугун камсыздоо боюнча улуттук иш-чаралар планын журналист аялдардын өзгөчө шарттарын эске алуу менен иштеп чыгуу;

2. Журналисттерди коргоо боюнча чараларды гендердик аспектилерди эске алуу менен ишке ашыруу;

3. Журналист аялдарга кол салуулар жөнүндө маалымат топтоо, бул толук маалыматтын негизинде саясат жана изилдөө жүргүзүү, ошондой эле чечим кабыл алуучу адамдар менен коомчулуктун катышуусуна дем берген маалымат кампанияларына көмөктөшүү максатында жасалат;

4. Негизги эл аралык укук коргоочу механизмдерди журналист аялдардын коопсуздугуна байланышкан жагдай жөнүндө маалымдоо жана бул маселени тышкы саясаттын күн тартибине киргизүү.

# 1. Мамлекеттик бийликтин аткаруу органдары
## Аял журналисттердин коопсуздугун жогорулатуу максатындагы саясат менен практиканы жүзөгө ашыруу

Аткаруу бийлиги саясатты иштеп чыгуу жана мыйзамдардын натыйжалуу аткарылышы менен сакталышын камсыздоо процесстерин жөнгө салып, мамлекетти башкаруу үчүн жооптуу болуп саналат. Бул главада президенттик администрация, өкмөт башчысы же министрликтер журналист аялдардын Интернеттеги коопсуздугун коргоо жана арттыруу үчүн жасай ала турган бир катар чаралар баяндалган.

Бул бөлүмдө өз түзүмү жана функциялары боюнча өтө айырмаланган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тууралуу өзүнчө сөз кылынбаганы менен сунушталган чаралар алар үчүн да бирдей эле деңгээлде актуалдуу болушу мүмкүн. Бийликтин аткаруу бутагынын бир бөлүгү болгон укук коргоо органдарынын ролу төртүнчү бөлүмдө өзүнчө каралды.

**ЕККУнун Министрлер Кеңешинин №3/18 чечими катышуучу мамлекеттерди "ЕККУ алкагында кабыл алынган бардык милдеттенмелерин жана ой-пикирди эркин билдирүүгө жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигине тийиштүү болгон бардык эл аралык милдеттенмелерин, анын ичинде маалыматты чек аралардан көз карандысыз издөө, алуу жана жайылтуу эркиндигине сый-урмат менен мамиле кылуу, колдоо жана коргоо жаатында толук көлөмдө аткарууга" чакырат.**

## › Журналист аялдар үчүн өзгөчө шарттарды эске алуу менен журналисттердин коопсуздугун камсыздоо боюнча улуттук иш-чаралардын планын иштеп чыгуу.

Аял журналисттердин коопсуздугун камсыз кылууга ыктуулук жогорку мамлекеттик деңгээлде сөз жүзүндө да, иш жүзүндө да көрсөтүлүүгө тийиш. Өкмөт мүчөлөрү журналист аялдарга алардын кесиптик ишмердигине байланыштуу кол салууларды, анын ичинде дене-бойлук зомбулук көрсөтүү фактыларын гана эмес, сексуалдык асылууларды, коркутуп-үркүтүүлөрдү жана башка кыянатчылыктарды, анын ичинде алардын санарип технологияларды колдонуу менен жасалган учурларын да эл алдында ачык жана айныксыз айыптап турушу керек.[1] Кызматтагы адамдар өздөрү үлгү болуп, ММКны каралоодон, коркутуп-үркүтүүдөн же зекигенден, анын ичинде журналист аялдарга карата сексисттик сөздөрдү колдонуудан алыс болушу зарыл.

Аял журналисттерге карата Интернеттеги зордук-зомбулук, куугунтуктоо жана кыянаттык кылуулар социалдык теңсиздик жана аялдарга болгон жалпы эле мамилеге тийиштүү көйгөйгө тыгыз байланышкан. Гендердик зомбулуктун жана гендердик стереотиптердин түпкү себептерин жоюуга багытталган саясат журналист аялдардын коопсуздугун жогорулатуу боюнча иш-аракеттер планы менен коштолушу жана толукталышы зарыл. Аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнү массалык маалымат каражаттарында гана эмес, жалпы коом ичинде колдоого алуу керек.

Албетте, Аял журналисттерди Интернетте куугунтуктоо жана аларга кыянаттык кылуу алардын массалык маалымат каражаттарында иштегендигине байланыштуу. Журналисттердин коопсуздугун коргоо үчүн ар бир өлкөнүн өзгөчөлүктөрүн түшүнүү зор мааниге ээ. Демек,

журналисттердин коопсуздугун камсыздоо боюнча улуттук иш-аракеттер планын иштеп чыгуудагы маанилүү биринчи кадам болуп коркутуулардын ар кандай түрлөрүнүн (дене-бойлук, психологиялык, санариптик, юридикалык жана экономикалык) журналист аялдарга жана алардын эркек кесиптештерине тийгизген таасирин баалоо эсептелинет.

Улуттук иш-аракеттер планынын түпкү максаты адам укуктары жаатындагы журналисттердин коопсуздугуна тиешелүү эл аралык стандарттарды гендердик аспектилерди эске алуу менен жүзөгө ашыруу боюнча натыйжалуу чараларды иштеп чыгууда турат. Бул журналист аялдардын өзгөчө муктаждыктарын канааттандырууга багытталган иш-аракеттерди, ошол эле учурда гендердик теңчиликке доо кетирип жаткан гендердик ролдор менен күчтөрдүн катышынын динамикасын өзгөртүү боюнча чараларды иштеп чыгуу дегенди билдирет. Журналисттердин коопсуздугун камсыздоо боюнча улуттук иш-аракеттер планын жүзөгө ашыруунун алкагындагы конкреттүү кадамдардын бири болуп OSCE Ministerial Council Decision No. 3/18 on the Safety of Journalists, ЕККУнун Министрлер кеңешинин №3/18 "Журналисттердин коопсуздугу" Чечими сыяктуу конкреттүү стандарттар менен милдеттенмелердин аткарылышына гендердик аудит жүргүзүү эсептелинет. Эгер өлкөдө журналисттердин коопсуздугун коргоо боюнча колдонулуп жаткан улуттук иш-аракеттер планы бар болсо, анда ага гендердик аспектилерди камтып жана Интернеттеги куугунтуктоо жана кыянаттык кылууга каршы күрөшүү боюнча чараларды киргизүү менен аны кайрадан карап чыкса болот. Мындай чараларга Интернеттеги куугунтуктоолор менен кыянаттык кылууларды аныктоо жана аларга бөгөт коюу ыкмаларына окутуп-үйрөтүү программаларын иштеп чыгуу, ошондой эле журналист аялдар үчүн, айрыкча – Интернеттеги кыянаттык кылууларга дуушар болуп жаткандар үчүн колдоо көрсөтүү ассоциацияларын,

тармактарын жана форумдарын түзүү же бекемдөө иштери камтылса болот.[2]

Белгиленген чараларды ишке ашырууда айкалышкан жааттардагы, мисалы, гендердик теңчиликти камсыздоо, адам укуктарын коргоо жана башка маселелер боюнча улуттук иш-аракеттер пландарынын алкагында башка демилгелер менен өз ара байланышта иштешүү сунушталат.

БУУнун Журналисттердин коопсуздугун камсыздоо жана жазасыздык көйгөйү боюнча иш-аракеттер планына ылайык, UN Plan of Action on the Safety of Journalists and the Issue of Impunity эл аралык, аймактык жана жергиликтүү деңгээлде БУУнун түзүмүнөн тышкаркы түрдүү уюмдар менен стратегиялык өнөктөштүктү өнүктүрүү өтө зарыл.[3] Аял журналисттерди куугунтуктоого жана аларга кыянаттык кылууга каршы күрөшүү боюнча чаралар ушул көйгөйгө түздөн-түз дуушар болуп жаткан аял журналисттердин өздөрүнүн түздөн-түз катышуусу менен иштелип чыгып, жүзөгө ашырылууга тийиш – бул учурда иштелип чыккан чаралар алардын тажрыйбасына негизделет. Ал эми журналист аялдардын мындай процесске катышуусу, өз кезегинде, алардын мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейишине жана укуктарынын бекемделишине кызмат кылат.

Бул процесске бардык бийлик бутактары; көз карандысыз укук коргоо уюмдары; ММКларды жөнгө салуучу жана ММКнын өзүн-өзү жөнгө салуучу органдары; Интернет ортомчулар; мамлекеттик, жеке жана коомдук массалык маалымат каражаттары; журналисттердин ассоциациялары жана биримдиктери; жарандык коомдун топтору; журналисттерди даярдоо борборлору жана илимий мекемелер; медиа-сабаттуулук боюнча эксперттер жана аялдардын укук коргоочу уюмдары катышса болот.

## Мисалдар

**Улуттук иш-аракеттер пландарын интеграциялоо:** шведдик Сөз эркиндигин коргоо: журналисттерди, шайланган өкүлдөрдү жана маданият ишмерлерин коркутуулардан жана жек көрүүдөн коргоо чаралары аттуу улуттук иш-аракеттер планы журналисттердин коопсуздугун камсыздоо планын улуттук гендердик стратегияга интеграциялоо жана сот тутуму сыяктуу негизги субъектилер тарабынан гендердик көйгөйдү эске алган мамиле камсыз кылынышы зарылдыгын моюндайт.[4] Бул пландын негизги аспекти болуп коомдук талкууларга катышкандыгына байланыштуу коркутууларга дуушар болгондорго колдоо көрсөтүү максатында түзүлгөн курмандыктарга жардам берүү боюнча жергиликтүү борборлор жана ишеним кызматтары сыяктуу иштеп жаткан институттарды кеңейтүү, өнүктүрүү жана каржылоо эсептелинет.

**Аудиттерди жүргүзүү:** 2018-жылы Амстердам университети Нидерландыдагы Пикир билдирүү эркиндигине аудитти,[5] Европа Кеңешинин 2016-жылдагы Нидерландыдагы журналистиканы коргоо жана журналисттердин, башка ММК  өкүлдөрүнүн коопсуздугу жөнүндө сунуштамасынын аткарылышынын так көрүнүшүн аныктоо максатында өткөргөн.[6] Аудит Интернеттеги журналист аялдарга карата зомбулук көйгөйүн өзүнчө бөлүп карабаганы менен натыйжалуу баа берүүнү ишке ашырууга карата болгон жакшы мисал боло алат.

**Журналисттерди коргоо маселелерин саясатты чагылдырган документтерге киргизүү:** Таасир этүүнү күчөтүү максатында журналисттерди коргоо маселелерин гендердик теңчилик жана адам укуктары жаатындагы же ушул темага байланышкан башка саясатка камтыса болот. Мисалы, Хорватияда ишке ашырылган 2013-жылдан 2016-жылга чейинки мезгилге карата Адам укуктарын коргоо жана

колдоо боюнча улуттук программада National Programme for the Protection and Promotion of Human Rights in the Period 2013 – 2016 журналисттерге карата коркутуулар жана зомбулуктар үчүн күнөөлүүлөрдү соттук куугунтукка алууну катаалдантуу жөнүндө сунуштама камтылган.[7]

## Ресурстар

- ЮНЕСКОнун журналисттердин коопсуздугунун көрсөткүчтөрү (ЖКК) UNESCO's Journalists' Safety Indicators (JSIs)[8] өзүнө улуттук деңгээлде журналисттердин коопсуздугун коргоону баалоо үчүн иштелип чыккан көрсөткүчтөрдүн жыйындысын, ошондой эле гендердик аспектилерди эске алуу менен баалоо механизми болушун караган ушул көрсөткүчтөрдү пайдалануу боюнча Колдонмону камтыйт.[9] Колдонмо ЖКК Афганистанда, Гватемалада, Иракта, Кенияда, Непалда жана Пакистанда пайдаланылган.

- "БУУ-Аялдар" Түзүмү тарабынан жарыяланган Аялдарга карата зомбулукка каршы күрөшүү боюнча улуттук иш-аракеттер пландары Handbook for National Action Plans on Violence against Women тууралуу маалымдама журналисттердин коопсуздугун камсыздоо боюнча иш-аракеттер планына гендердик мамилени интеграциялоо үчүн баштапкы негиз катары кызмат кыла алат.[10] "БУУ-Аялдар" Түзүмүнүн дагы бир басылмасы – Гендердик аспектилерди эске алуу менен баалоо жүргүзүү ыкмалары How to Manage Gender-Responsive Evaluation – гендердик аспектилерди эске алган мамилени пайдалануу менен журналисттердин коопсуздугун баалоо боюнча сунуштамаларды камтыйт.[11]

## › Гендердик аспектилерди эске алуу менен журналисттерди коргоо боюнча чараларды көрүү;

Коркутууларга дуушар болгон журналисттерге коргоонун конкреттүү чаралары түздөн-түз жеткиликтүү болушун камсыздоо зарыл. Журналисттерге каршы коркутууларга ыкчам жооп кайтаруу механизми куугунтукка алынган же алынышы ыктымал болгон курмандыкты коргоонун жана зомбулуктун күчөп кетишине каршы натыйжалуу каражаты боло алат. Мындай механизм мамлекеттик бийликтин кайсы бир органына, мисалы, укук коргоо ведомствосуна же улуттук коргоо механизминин алкагында ыйгарым укуктарга ээ болгон ведомстволор аралык топко баш ийиши мүмкүн.

Мындай механизмдер адатта дене-бойлук кол салуу учурларына карата колдонулганы менен аларды юридикалык жана психологиялык колдоо көрсөтүү, анын ичинде Интернеттеги куугунтуктоо жана кыянаттык кылуу учурларында юридикалык жана психологиялык колдоо көрсөтүү үчүн да пайдаланса болот. Журналист аялдарга, анын ичинде алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө карата зомбулуктун сексуалдык жана башка формаларын, сексуалдык кол салууну колдоном деген сыяктуу коркутуулардын айкын жана көп учурда аяр мүнөзүн эске алуу менен ар кандай чара көрүүнү, анын ичинде ыкчам жооп кайтаруу механизмдеринин алкагында ишке ашырууда гендердик аспектилерди эске алуу өтө маанилүү болуп саналат. Кол салууларды талдоодо биринчи кезекте гендердик өзгөчөлүктү эске алып, коопсуздукту камсыздоо үчүн жооптуу болгон топтордун курамына аялдарды кошуу зарыл.

Мисалы, укук коргоо органдарынын аял кызматкерлерине кол салуунун курмандыгын коргоону, анын ичинде аларды жансакчы катары коштоп жүрүүнү тапшырып, аялдарды ишеним телефондорунун оператору катары жумушка тартса болот. Тобокелдиктерди баалоо жана аларга жооп

кайтаруу протоколдорунда кол салууга дуушар болгон айрым аялдардын конкреттүү муктаждыктарын эске алуу менен, мисалы, аларды көчүрүү зарылчылыгы жаралган учурда коопсуздугун камсыздоо же колдоо боюнча чаралар каралууга тийиш.

Ыкчам жооп кайтаруу же коргоо боюнча каалагандай механизм реактивдүү гана эмес, ошондой эле алдын алуучу чараларды жана чечимдерди да камтышы керек. Бул журналисттерге карата тобокелдиктерге жана коркунучтарга гендердик талдоо менен айкалышкан мониторинг жүргүзүүнүн онлайн же реалдуу тутуму болушу мүмкүн. Мындай алдын алуу чаралары тенденцияларды аныктоого көмөктөшөт жана коркунучтарга натыйжалуу каршы турууга мүмкүндүк берет.

Алдын алуу чаралары ошондой эле бардык катышуучу тараптар үчүн даярдоо программаларын, анын ичинде журналисттерге карата Интернеттеги куугунтуктоого жана кыянаттык кылууга жооп кайтаруу ыкмаларын окутуп-үйрөтүүнү, журналисттер учурдагы механизмдер менен чараларды кантип пайдалануу керектигин билип алса боло турган жеткиликтүү маалымат ресурстарын иштеп чыгууну камтышы мүмкүн. Бул иш-аракеттер маалымдуулукту жогорулатуу боюнча кампаниялар менен коштолсо болот. Коргоо чаралары көбүрөөк жеткиликтүү жана натыйжалуу болушу үчүн аларды ар бир журналисттин конкреттүү учуруна жана жагдайына ыңгайлаштыруу керек болот. Бул, айталы, жеке коргоочу каражаттар аялдар кийип жүрүшү үчүн ыңгайлуу болушу керек, ошондой эле каржылык жардам бөлүп берүүдө жардам алуучунун багуусунда бирөөлөр бар экендиги эске алынышы керек жана Интернетте куугунтукка же кыянаттык кылууга кабылган журналисттерге атайын психологиялык жардам кепилдениши керек дегенди билдирет. Журналисттердин коопсуздугун камсыздоо менен алектенгендердин бардыгы гендердик аспектилерди эске алган мамилени өздөштүрүүгө тийиш.

Коргоо механизмдери менен чараларын түзүмдөштүрүү, анын ичинде ар кандай кызыкдар тараптардын башкаруу жана көзөмөлдөө иштерине катышуусу кеңири билим алууга жана отчет берилип турушун камсыздоого мүмкүндүк берет. Кызыкдар тараптардын катарына аялдардын укугун коргоо боюнча уюмдар жана журналисттик уюмдар киргизилүүгө тийиш.

Коопсуздукту камсыздоо боюнча чаралар сөзсүз түрдө журналисттерге каршы кылмыштар үчүн күнөөлүү адамдарды соттук куугунтуктоого алуу, мындай кылмыштар үчүн жазасыз калууга каршы күрөшүү менен коштолушу керек. Аткаруу бийлиги конкреттүү чара катары ой-пикир билдирүү эркиндигине жана журналисттерге каршы жасалган кылмыштарга адистешкен көз

карандысыз мамлекеттик прокурорду дайындаса болот. Көз карандысыз прокурор иштерди көзөмөлдөйт жана координациялайт; жабыр тарткандарга колдоо көрсөтөт; ой-пикир билдирүү эркиндигине жана журналисттерге каршы жасалган кылмыштар жазасыз калышына чыдабастык маданиятын жайылтат.[12] Мындай адис гендердик аспектилерди эске алган ыкмалар менен жакшы тааныш болууга тийиш.

Айрым өлкөлөрдө мурдатан эле калыптанып калган улуттук коргоо же ыкчам жооп кайтаруу механизмдери бар. Анткен менен, гендердик негиздеги кол салуулар, анын ичинде Интернетте куугунтуктоо жана кыянаттык кылуу салыштырмалуу түрдө жакында эле олуттуу коркунучка айлана баштагандыктан, гендердик аспектини эске алган ыкманы киргизүү максатында колдонуудагы механизмдерди кайра карап чыгуу жана реформалоо зарылдыгы келип чыгышы мүмкүн. Бул процесс башка кызыкдар тараптар менен, анын ичинде мамлекеттик саясаттын гендердик аспектилери жана коопсуздукту камсыздоого жардам берүү боюнча эксперттер менен кеңешүүнүн негизинде жүргүзүлүүгө тийиш.

## Мисалдар

**Ыкчам жооп кайтаруунун улуттук механизмдерин түзүү:** Италиянын Ички иштер министрлигинин Ufficio Centrale Interforze per la Sicurezza Personale Ufficio Centrale Interforze per la Sicurezza Personale, бөлүмү кылмыштуу уюмдар тарабынан коркутууга дуушар болгон журналисттерге жансакчыларды, брондолгон автоунааларды жана башка коргоочу жабдууларды берүү менен ыкчам жооп кайтаруу механизмин жетектейт.[13]

**Көп тараптуу топторду түзүү:** Нидерланды полициянын, прокуратуранын, ММКнын жана журналисттердин мындай кол салууларга жооп кайтаруу аракеттерин координациялоо максатында Журналисттерге жасалган агрессияга жана кол салууларга жооп кайтаруу боюнча көп тараптуу координациялык топту түзгөн.[14]

**Тергөө комиссияларынын ишмердигин колдоого алуу:** Сербиянын Ички иштер министрлиги Улуттук коопсуздук башкармалыгы жана журналисттердин бирикмелери менен биргеликте 2013-жылы түзүлгөн мурдагы Югославиядагы согуштук иш-аракеттердин учурунда ишке ашырылган журналисттердин өлүмүн иликтөө боюнча комиссиянын ишин жетектейт.

Комиссиянын ишмердигинин натыйжасында 1999-жылы сербиялык журналистти өлтүргөн кылмышкер 2019-жылы соттолгон. Комиссия Интернетте журналист аялдарга карата куугунтуктоо жана кыянаттык кылуу маселелери менен алектенбесе да, ал ар кандай кызыкдар тараптардын биргелешкен тажрыйбасын жана көзөмөлүн натыйжалуу колдонуунун жакшы мисалы болуп бере алат.[15]

**Регионалдык ыкчам жооп кайтаруу механизмдерин колдоо:** 2020-жылы Европа Биримдиги (ЕБ) журналисттерди ММК эркиндиги бузулушунан коргоо үчүн Ыкчам жооп кайтаруу механизмин Media Freedom Rapid Response түзүүнү колдоого алды, анын күнүмдүк ишмердигине жарандык коом уюмдарынын тобу жетекчилик кылат.[16]. Укук коргоочулар үчүн ProtectDefenders.eu механизми иш алпарат, анын курамында журналисттер да бар жана аны укук коргоочу бейөкмөт уюмдарынын консорциуму башкарат.[17]

**Улуттук коргоо механизмдерин түзүү:** Колумбия журналисттерди коргоонун улуттук механизмин түзгөн дүйнөдөгү алгачкы өлкө болуп калды, анын курамына аялдардын укугун коргоочу уюмдардын, өкмөттүн жана "БУУ-Аялдар" сыяктуу эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнөн турган аялдарды коргоо боюнча атайын комитет кирет. Комитеттин мүчөлөрү ар бир ишти гендердик көйгөйлөрдүн көз карашынан алып талдашат, бул болсо жагдайга жараша жооп кайтаруу чараларын көрүүгө мүмкүндүк берет.[18] 2012-жылы, журналисттерди коргоо программасы негизделгенден он эки жыл өткөндөн кийин, Колумбия өкмөтү журналист аялдарга карата коркутууларды четтетүү боюнча протоколду ишке киргизген. Бул – иштеп жаткан механизмди гендердик аспектини эске алган ыкманы интеграциялоо максатында кайра карап чыгуунун жана реформалоонун эң сонун мисалы болуп саналат.

**Атайын прокурорлорду дайындоо:** Мексикада 2006-жылы ой-пикирлерди билдирүү эркиндигине каршы кылмыштар, өзгөчө – журналист аялдарга кол салуу жөнүндө иштер боюнча алгачкы ирет атайын прокурор дайындалган. Бул – иштеп жаткан механизмди гендердик аспектини эске алган ыкманы интеграциялоо максатында кайра карап чыгуунун жана реформалоонун эң сонун мисалы болуп саналат.[19]

## Ресурстар

- Адам укуктары боюнча кеңештин (БУУ АУК) The UN Human Rights Council (HRC) report 24/2 жыйырма төртүнчү атайын сессиясынын иши жөнүндө баяндамасында журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик жана мамлекеттик эмес субъектилердин алдыңкы тажрыйбасынын мисалдары топтолгон.[20]

- Европа Кеңеши (ЕК) «Журналисттерди жана башка ЖМК өкүлдөрүн коргоо чаралары» Taking Action to Protect Journalists and other Media Actors деген аталыштагы журналисттердин коопсуздугун камсыздоо чөйрөсүндөгү талаптагыдай практика боюнча бир катар мисалдар менен сунуштамаларды жарыялаган, анда айрым өлкөлөрдө Европа Кеңешинин журналисттердин коопсуздугу боюнча стандарттарын ишке ашыруунун конкреттүү мисалдары камтылган.[21]

- Журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуунун бир катар механизмдери менен International Media Support бейөкмөт уюмунун «Журналистиканы коргоо»;[22] аталышындагы бир катар басылмаларынан таанышса болот; бул басылмалардын бири журналист аялдардын коопсуздугуна арналган.[23]

  - Журналисттердин жана ЖМК кызматкерлеринин дарегине болгон коркутууларга мониторинг кылуу жана жооп кайтаруу механизми. Media Freedom Rapid Response уюму журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чаралардын жыйнагын жарыялаган, алар ЕБга мүчө жана талапкер мамлекеттер тарабынан кабыл алынган.[24]

  - Колумбиядагы, Мексикадагы жана Гватемаладагы кырдаал боюнча баяндамасында Палермо университети ушул өлкөлөрдөгү журналисттерди коргоо боюнча колдонулган механизмдердин натыйжалуулугун жана институт катары түзүмүн талдап чыккан.[25]

### › Аял журналисттерге кол салуулар жөнүндө маалыматтарды толук маалыматтын негизинде саясат иштеп чыгууга жана изилдөө жүргүзүү, ошондой эле чечим кабыл алуучу тараптарга жана коомчулуктун катышуусуна дем берген маалымат кампанияларына көмөктөшүү максатында топтоо;

Аял журналисттерди Интернетте куугунтуктоого жана аларга кыянаттык кылууга жооп кайтаруунун чечкиндүү чаралары саясатчылар, ММК кызматкерлери, жарандык коом топтору жана жалпы коомчулук көйгөйдүн масштабын жана анын журналисттик кесипке, сөз эркиндигине жана маалыматтын эркин, жеткиликтүү болушуна тийгизген таасирин толук аңдап-түшүнгөндө гана кабыл алынышы мүмкүн. Бул үчүн сандык жана сапаттык маалыматтарды топтоо, талдоо жана изилдөө талап кылынат.[26]

Адегенде жынысы, ошондой эле башка интерсекционалдык факторлор боюнча бөлүштүрүлгөн маалыматтарды топтоо зарыл. Мындай маалыматтар зомбулуктун аялдарга таасир этүү ыкмаларынын татаалдыгын жана ар түрдүүлүгүн эске алуу менен чечим кабыл алуу, ошондой эле коомдун белгилүү бир топторуна карата түзүмдүк зомбулукту колдонуу ыкмаларын түшүнүү үчүн зарыл болуп саналат.

Изилдөөнүн айрым негизги жааттары кыянаттык кылуунун ар кандай формаларын аныктоого жана Интернеттеги кол салуулардын олуттуулугун жана алардын журналист аялдардын укуктарына жана ишине тийгизген таасирин баалоого мүмкүндүк берген маалыматтарды топтоону камтыйт. Аялдар туш болгон тоскоолдуктар менен тобокелдиктерди аныктоо жана алардын эркек кесиптештери туш болгон тоскоолдуктар менен тобокелдиктерден болгон айырмасын түшүнүү саясатты жана факты жүзүндөгү маалыматтарга негизделген ыктымалдуу чараларды иштеп чыгуу үчүн негиз катары кызмат кылат.

Негизи, маалыматтарды топтоо улуттук статистика органдары, университеттер, улуттук укук коргоочу мекемелер жана жарандык коом топтору менен кызматташтыкта жүргүзүлүүгө тийиш, бул анык жана көз карандысыз маалымат алууга мүмкүндүк берип, жеке турмуштун кол тийбестигине болгон укукту камсыздайт.[27] Улуттук субъектилерден тышкары, топтолгон маалыматтар эл аралык механизмдер үчүн да пайдалуу болушу мүмкүн. Мисалы, Туруктуу өнүгүү максаттарынын (ТӨМ) 16.10.1 индикаторун жүзөгө ашыруунун жүрүшүнүн Ыктыярдуу улуттук баяндамалары өкмөттөрдүн өз өлкөлөрүндөгү журналисттерге кол салуулардын санын көрсөтүп турушуна болгон талапты камтыйт.[28]

Маалыматтарды топтоо Интернеттеги куугунтуктоо жана кыянаттык кылуу – бул журналист аялдарга кол салуу гана эмес, ой-пикир билдирүү эркиндигине жана ММК эркиндигине да кол салуу экендигин, ошондой эле ар бир адамдын жалпы коомдогу маалыматка жетүү укугуна жаралган коркунуч экендигин көрсөтүп, жигердүү маалыматтык кампанияларды өткөрүүгө да көмөкчү боло алат.[29]

Маалыматтык-агартуучулук ишмердик коомдогу көйгөйдү түшүнүүнү жакшыртууга карай жасалган дагы бир маанилүү кадам болуп саналат. Билим берүү органдары социалдык тармактарды жана заманбап тенденцияларды окуу пландарына же медиа-сабаттуулук программаларына киргизип, ошондой эле коомдогу медиа жана санарип сабаттуулугун жогорулатуучу чоңдор үчүн окутуу жана бейформал билим берүү программаларын иштеп чыгып, жүзөгө ашыра алат. Мындай мамиле бардыгы үчүн, анын ичинде журналист аялдар үчүн да коопсуз чөйрөнү түзүүгө көмөктөшөт. Калктын маалымдуулугун жогорулатуу стратегиясынын алкагында мамлекеттик бийлик өкүлдөрү коомчулукка билдирүү жасап турууга тийиш, анын ичинде, ылайыктуу учурларда социалдык тармактарда Интернеттеги кыянаттыкка кабылган журналисттерге колдоо көрсөткөн кабарларды жазып, жарандардын

көңүлүн журналистиканын ролу менен журналист аялдарга кол салуунун жалпы коомго тийгизген терс таасирине буруу үчүн иш-чараларды уюштуруп турушу керек.

Дүйнөлүк басма сөз эркиндиги күнү (3-май), Журналисттерге каршы кылмыштар үчүн жазасыздыктытоктотуунун эл аралык күнү (2-ноябрь), Аялдардын эл аралык күнү (8-март) жана Аялдарга карата зомбулукту жоюу үчүн күрөшүүнүн эл аралык күнү (25-ноябрь) сыяктуу эл аралык деңгээлде белгиленүүчү күндөр мындай чараларды ишке ашыруу үчүн жакшы негиз болуп саналат.

## Мисалдар

**Укуктук эксперттер топторун түзүү:** Улуу Британияда журналисттердин коопсуздугу жаатында мыйзамдарды жана саясатты иштеп чыгуу үчүн изилдөө жүргүзүү максатында High-Level Panel of Legal Experts жогорку деңгээлдеги укуктук эксперттердин көз карандысыз тобу түзүлгөн.[30] Аталган топтун 2020-жылдын февралында жарыяланган биринчи отчету журналисттерди коргоо үчүн максаттуу санкцияларды пайдаланууга арналган.[31]

**Медиа-сабаттуулук боюнча программаларды иштеп чыгуу:** Европа комиссиясынын Европалык аудиовизуалдык обсерваториясы үчүн улуттук эксперттер тарабынан даярдалган баяндамада 2010-жылдан бери ЕБга мүчө мамлекеттерде ишке ашырылган медиа-сабаттуулук боюнча 547 долбоор тууралуу маалымат берилген. Бул долбоорлордун 403үндө катышуучулар сынчыл ой жүгүртүүгө байланышкан медиа-сабаттуулук көндүмдөрүнө үйрөнүшкөн, ал эми 385 долбоордо ММКны пайдалануу көндүмдөрүн өздөштүрүшкөн.[32]

Финляндия формалдуу жана бейформал билим берүү мекемелерине, массалык маалымат каражаттарына жана башка субъектилерге басым жасаган, басма сөздүн жана электрондук ММКнын, социалдык тармактардын иш принциптери менен таанышууга багытталган улуттук саясатты жүргүзөт.[33]

### › Негизги эл аралык укук коргоочу механизмдерге аял журналисттердин коопсуздугуна байланышкан жагдай жөнүндө маалымат берүү жана бул маселени тышкы саясаттын күн тартибине киргизүү.

Мамлекеттер аралык уюмдарга (МАУ) мүчө болуу жолу менен журналисттердин коопсуздугунун эл аралык стандарттарын иштеп чыгууда конструктивдүү роль ойной алышат. Алар ушул уюмдар тарабынан кабыл алынган көптөгөн резолюцияларга, сунуштамаларга жана чечимдерге журналист аялдардын коопсуздугу маселелерин, ошондой эле гендердик аспектилерди эске алган туруктуу ыкмаларды киргизүү жөнүндө сунуштар менен чыгышы керек.

Мамлекеттер ошондой эле гендердик теңчилик маселелери менен алектенген БУУнун Аялдарга карата басмырлоону жоюу боюнча комитети же БУУнун Аялдардын абалы боюнча комиссиясы (БУУ ААК) сыяктуу тийиштүү эл аралык келишим органдарынын ишине жигердүү катышып, алар менен иштеше алышат. Башка нерселер менен катар эле медиаиндустриядагы аялдарды илгерилетүүнүн жана медиа-контенттеги гендердик көйгөйлөрдү эске алуунун маанилүү экендигин моюндаган Комиссия Пекин декларациясын жана Иш-аракеттер платформасын аткаруудагы илгерилөөгө көз салат.[34]

Мамлекеттердин отчет берип туруу жаатындагы маанилүү жоопкерчилиги болуп эл аралык стандарттардын сакталышы жөнүндө отчет берип туруу

милдеттенмеси эсептелинет. Жакшы уюштурулган отчет берип туруу иши максаттарга жетүүдөгү же милдеттенмелерди аткаруудагы илгерилөөнү баалоого мүмкүндүк берет, ошондой эле тенденцияларды, анын ичинде жазасыз калуу деңгээлин жана алдыңкы практиканы документтештирүү каражаты катары да кызмат кылат. Мамлекеттер маалымат чогултуу жана изилдөө менен алектенген бейөкмөт уюмдар менен кызматташуу аркылуу төмөндө баяндалган механизмдерге катышуу жолу менен журналист аялдарга карата зомбулук көрсөтүү маселесине тиешеси бар маалыматтык материалдарынын саны менен сапатын андан ары жогорулатышса болот.

## Механизмдердин мисалдары

- БУУнун Универсалдуу мезгилдүү баяндамасы (УМБ).[35] УМБ процессинин алкагында өкмөттөр өз өлкөсүндөгү адам укуктарынын абалы жөнүндө отчет берип турууга тийиш, андан кийин БУУ АУКтун мүчөлөрү аны жакшыртууга багытталган чаралар тууралуу сунуштамаларды беришет. Бул процесс бардык мамлекеттерге журналист аялдардын Интернеттеги жана анын чегинен тышкары жерлердеги коопсуздугун артыкчылыктуу багыттагы маселелердин катарына алып чыгууга эң сонун мүмкүнчүлүк берет.

- Мамлекеттер ошондой эле журналисттердин коопсуздугу жөнүндө БУУ АУК менен БУУ Башкы катчысынын БУУ АУК менен БУУ Башкы Ассамблеясынын (БУУ БА) резолюцияларынын аткарылышы жөнүндө дайыма бериле турган баяндамалары үчүн маалымат берген учурда  журналист аялдар дуушар болуп жаткан көйгөйлөргө көңүл бурса болот.[36]

- Ошол эле нерсе БУУ АУКтун Атайын жол-жоболору, анын ичинде Ой-пикирлер эркиндиги жана аларды эркин билдирүүгө болгон укукту коргоо жана колдоо жөнүндө маселе боюнча Атайын баяндамачылар жана журналист аялдарга карата зомбулукка байланышкан көйгөй мандатына кирген башка органдар тарабынан жарыяланган тематикалык баяндамаларга, билдирүүлөргө жана чакырыктарга да тиешелүү болуп саналат.[37]

- ТӨМгө, анын ичинде ТӨМ 5ке (гендердик теңчиликти камсыздоо жана аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү) жана ТӨМ 16га (тынч, адилет жана инклюзивдүү коомду куруу) жетүүнүн жыйынтыктары жаатындагы Ыктыярдуу улуттук баяндамалар, аларга мамлекеттер журналисттердин коопсуздугу жөнүндө маалыматтарды жынысы боюнча бөлүштүрүлгөн түрдө киргизүүгө милдеттүү.[38]

- ЮНЕСКОнун журналисттерди өлтүрүп кетүү жөнүндө иштер боюнча соттук териштирүүлөрдүн жүрүшү жөнүндө маалымат берүү тууралуу талабына жооп катары, ЮНЕСКОнун Башкы директорунун журналисттердин коопсуздугу жана жазасыз калуу көйгөйү жөнүндө баяндамасы БУУнун пикир билдирүү эркиндигин коргоого тийиш болгон ушул ведомствосуна журналисттердин коопсуздугуна таасирин тийгизген тенденцияларга мониторинг жүргүзүүгө ыйгарым укук берет.[39] Андан тышкары, ЮНЕСКО журналист аялдарды Интернетте куугунтуктоо жөнүндө маалыматты камтыган өзүнүн Ой-пикир билдирүү эркиндиги жана ММК өнүгүүсү жаатындагы дүйнөлүк тенденциялар жөнүндө баяндамасы үчүн кеңири спектрдеги материалдарды топтоп келет.[40] Маалыматтарды берүүдөн тышкары, мамлекеттер ушул баяндамаларда камтылган корутундуларды жайылтууга көмөктөшө алышат.

- Европа Кеңешине мүчө мамлекеттер журналисттердин катышуусундагы айрым инциденттерге мониторинг жүргүзгөн жана мамлекеттерден кайтарым аракеттер боюнча жооп күткөн Европа Кеңешинин Журналистиканы жана журналисттердин коопсуздугун коргоого көмөктөшүү боюнча платформасы тарабынан жарыяланган билдирүүлөргө жооп кайтарууга тийиш.[41]

- “Ачык өкмөт” Өнөктөштүгү, Интернеттеги эркиндик үчүн коалициясы, Демократиялар жамааты жана ММК эркиндиги үчүн коалициясы сыяктуу көп тараптуу демилгелер журналист аялдардын Интернеттеги коопсуздугу маселелери боюнча саясий дискуссияларды илгерилетүү үчүн натыйжалуу форум боло алат.

Бул эл аралык механизмдерден тышкары, башка мамлекеттердеги дипломатиялык өкүлчүлүктөрдү коомдук иш-чараларды жарнамалоо, билдирүүлөрдү жарыялоо жана журналист аялдардын коопсуздугун камсыз кылууга багытталган жергиликтүү же аймактык демилгелерди колдоо үчүн мобилизацияласа болот. Коркутууларга дуушар болгон журналист аялдарга жардам берүүнүн дагы бир маанилүү жолу – алардын виза жана башпаанек берүү жол-жоболору жөнөкөйлөтүлсө деген өтүнүчүн канааттандырууда турат.

## Мисалдар

**Журналисттердин коопсуздугуна байланышкан маселелерди Универсалдык мезгилдүү баяндамаларга (УМБ) киргизүү:** 2019-жылдын сентябрына карата УМБ тапшырган 84 мамлекеттин 43ү журналисттердин коопсуздугу маселесин өз сунуштамаларына киргизген. Кыргызстан, Черногория, Россия Федерациясы жана Түркмөнстан журналисттердин коопсуздугун камсыздоо боюнча сунуштамаларды алган ЕККУга мүчө мамлекеттердин катарында болушту. ЕККУга мүчө мамлекеттердин арасында бул маселе боюнча пикирин жигердүү билдиргендердин ичинен эң жигердүүсү Чехия, андан кийинки катарда Австрия, Канада, Франция, Литва жана Норвегия болду.[42] Словения, мисалы, Мексикага журналисттердин коопсуздугун камсыздоо маселесинде гендердик аспектилерди эске алууну сунуштаган.

**Мамлекеттер аралык бейформал топтор:** Мамлекеттер аралык демилгелердин алкагында бир нече мамлекет бул көйгөйгө көңүл бурдуруу үчүн күч-аракеттерди бириктирүү максатында журналисттердин коопсуздугу боюнча бейформал топторду түзгөн. Мындай бейформал топтор Женевада жана Нью-Йоркто БУУга караштуу, ошондой эле

ЮНЕСКОго жана ЕККУга караштуу негизде түзүлгөн.[43] Бул топтор резолюцияларды жана башка саясий иш-аракеттерди ишке ашыруу боюнча аракеттерин макулдашуудан тышкары иш-чараларды да өткөрүп турушат. Мисалы, 2019-жылы ЮНЕСКОнун журналисттердин коопсуздугу боюнча достор тобу Интернетте журналист аялдарды куугунтуктоо көйгөйүнө арналган конференция уюштурган.[44] Ошол эле жылы БУУнун достор тобу Нью-Йоркто журналисттердин коопсуздугу жана ТӨМгө жетүү маселелерине арналган иш-чара өткөргөн.

**Программалык билдирүүлөрдү жарыялоо:** 2018 жана 2019 -жылдары бейформал ЕККУнун журналисттердин коопсуздугу маселелери боюнча досторунун тобу билдирүү жасап, журналист аялдарга карата зомбулук боюнча тынчсызданануусун билдирген.[45]

## Ресурстар

- Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча Жогорку Комиссарынын башкармалыгынын маалымат базасы бар, анда БУУ адам укуктарын коргоо тутуму тарабынан жарыяланган адам укуктары жаатындагы сунуштамалар жайгаштырылган, бул мамлекеттик саясатты иштеп чыгууга чоң жардам болуп саналат.[46]

- “Артикль 19” укук коргоочу уюму өзүнүн «Жазасыз калууну токтотуу: БУУнун журналисттердин коопсуздугу боюнча стандарттарын сактоо» деген баяндамасында журналисттердин коопсуздугу чөйрөсүндөгү жаңы стандарттарды, анын ичинде журналист аялдарга карата Интернеттеги жана реалдуу турмуштагы зомбулукка каршы күрөшүү боюнча сунуштамаларды жалпылайт.[47] Баяндаманын бөлүмдөрүнүн бири журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу боюнча гендердик аспектилерди эске алган мамилеге арналган.

- “Ачык өкмөт” Өнөктөштүгүнө катышкан мамлекеттердин коалициясы «Жарандык мейкиндик: активисттерди жана журналисттерди коргоо» аталышындагы глобалдык баяндамасын даярдады, анда мамлекеттер тарабынан журналисттердин коопсуздугун коргоо үчүн колдонулган алдыңкы практиканын бир катар мисалдары камтылган.[48]

- Media4Democracy демилгесинин алкагында Европа Биримдиги ММК эркиндиги алдында турган көйгөйлөрдү тереңирээк түшүнүү жана пикирин билдирүү эркиндигине көмөктөшүү максатында бүткүл дүйнөдөгү делегацияларынын ишмердигине колдоо көрсөтөт. Бул демилгенин алкагында ЕБ «Евробиримдиктин делегациялары үчүн маалымдама: журналисттерди коргоо, пикирин билдирүү эркиндигин коргоо» аталышындагы маалымдама басып чыгарды, анда журналисттердин коопсуздугун камсыз кылууга багытталган чаралар боюнча техникалык сунуштамалар берилген.[49]

- Демократиялар жамааты «Дипломатиялык миссиялар үчүн журналисттердин коопсуздугу боюнча колдонмо” деген аталыштагы колдонмону жарыялаган, анда бийлик менен журналисттердин ортосунда такай диалог жүргүзүү; зарыл болгон учурда тез жардам көрсөтүү; журналисттердин же журналисттерге кол салган адамдардын соттук процесстерине байкоо жүргүзүү; жол жүрүү документтери менен визаларды тариздөө сыяктуу журналисттердин коопсуздугун камсыздоо боюнча конкреттүү иш-аракеттер камтылган.[50]


- Европарламенттин жарандык эркиндиктер, сот адилеттиги жана ички иштер боюнча комитети «Евробиримдиктеги журналисттердин коопсуздугу жана коррупцияга каршы күрөш” деп аталган колдонмону жарыялады, анда Европа Биримдигиндеги журналисттерге кол салууларга каршы туруу боюнча ар кандай ченемдик жана башка чаралар жөнүндө маалымат камтылган.[51]

## Шилтемелер

**1** ЕККУ, Министрлер кеңешинин чечими No. 3/18, "Журналисттердин коопсуздугу", 7 December 2018, https://www.osce.org/files/f/documents/a/c/462187.pdf
**2** Elisabeth Witchel, "Бөлүштүк жоопкерчилик: Опурталдуу мезгилде басма сөз эркиндигин коргоо", Эл аралык медиа колдоо (IMS), 2020, https://www.mediasupport.org/publication/shared-responsibility-safeguarding-press-freedom-in-perilous-times/
**3** UNESCO, UN Plan of Action on the Safety of Journalists and the Issue of Impunity, CI-12/CONF.202/6, 2012, https://en.unesco.org/un-plan-action-safety-journalists.
**4** "Сөз эркиндигин коргоо – журналисттерди, шайланган өкүлдөрдү жана артисттерди коркутуулардан жана жек көрүүчүлүктөн коргоо чаралары", Swedish Ministry of Culture, https://www.government.se/4990f9/contentassets/bd181f7b0f4640e7920807d110b3c001/action-plan-defending-free-speech.pdf. Fojo Media Institute, help-desk for journalists, https://fojo.se/verktyg-for-journalister/demokratijouren/helpdesk/.
**5** "Нидерландыдагы сөз эркиндигинин аудити", University of Amsterdam, Institute for Information Law, 2018, https://www.ivir.nl/projects/auditoffreedomofexpression/.
**6** Council of Europe, Committee of Ministers, "Recommendation No. 4 on the protection of journalism and safety of journalists and other media actors", CM/Rec(2016)413, April 2016, https://www.coe.int/en/web/freedom-expression/committee-of-ministers-adopted-texts/-/ asset_publisher/aDXmrol0vvsU/content/recommendation-cm-rec-2016-4-of-the-committee- of-ministers-to-member-states-on-the-protection-of-journalism-and-safety-of-journalists- and-other-media-.
**7** "Евробиримдиктеги журналисттерге жана башка медиа өкүлдөрүнө карата зордук-зомбулук, коркутуулар жана кысымдар", Con- tribution to the second Annual Colloquium on Fundamental Rights, European Union Agency for Fundamental Rights, November 2016, https://ec.europa.eu/information_society/news- room/image/document/2016-47/fra_threats_and_pressures_paper_19751.pdf.
**8** "Журналисттердин коопсуздугунун көрсөткүчтөрү: Улуттук деңгээл; ЮНЕСКОнун маалымат каражаттарынын өнүгүү көрсөткүчтөрүнүн негизинде", UNESCO, 2015, https://en.unesco.org/themes/safety-of-journalists/journalists-safety-indicators.
**9** UNESCO, Applying UNESCO's Journalists' Safety Indicators (JSIs): A practical guidebook to assist researchers, 2015, https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000260894.
**10** UN Women, Handbook for National Action Plans on Violence against Women, 2012, https://www.unwomen.org/-/media/headquarters/attachments/sections/library/publica- tions/2012/7/handbooknationalactionplansonvaw-en%20pdf.pdf?la=en&vs=1502.
**11** UN Women, How to Manage Gender-Responsive Evaluation, UN Women Indepen- dent Evaluation Office, 2015, https://genderevaluation.unwomen.org/-/media/files/un%20women/gender%20evaluation/handbook/evaluationhandbook-web-final-30apr2015.pdf?la=en&vs=4246.
**12** Бириккен Улуттар Уюмунун пикир жана сөз эркиндиги боюнча атайын баяндамачысы, ЕККУнун маалымат эркиндиги боюнча өкүлү, Америка мамлекеттеринин уюмунун (OAS) сөз эркиндиги боюнча атайын баяндамачысы жана Адам жана элдердин укуктары боюнча Африка комиссиясынын (ACHPR) эркиндик боюнча атайын баяндамачысы "Сөз эркиндигине каршы кылмыштар боюнча биргелешкен декларация", 25 June 2012, https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/91595.
**13** Alberto Spampinato, Italy: So Much Mafia, So Little News, European Center for Media and Freedom and Osservatorio Balconi e Caucaso, 2018, https://adobeindd.com/view/publications/4fd5ff1c-0f8c-4186-9565-dd3217e63b28/bndf/publication-web-resources/pdf/ECPMF-FFM-Italy.pdf.
**14** Presveilig, Steering Group on Aggression and Violence against Journalists, https://www.persveilig.nl/.
**15** "Serbia: Commission to solve wartime journalists' murders expanded", European Fed- eration of Journalists, https://europeanjournalists.org/blog/2018/08/09/serbia-commission-to-solve-wartime-jour-

nalists-murders-expanded/.
**16** Media Freedom Rapid Response, https://www.mfrr.eu/.
**17** ProtectDefenders.eu, https://www.protectdefenders.eu.
**18** Unidad Nacional de Protección, https://www.unp.gov.co/.
**19** "Conoce a la Fiscalía Especial para la Atención de Delitos cometidos contra la Libertad de Expresión", Fiscalía General de la República, 2019, https://www.gob.mx/fgr/documentos/con-oce-a-la-fiscalia-especial-para-la-atencion-de-delitos-cometidos-contra-la-libertad-de-expresion.
**20** Human Rights Council, Report on its 24th session, A/HRC/24/2, 24 January 2014, https://www.ohchr.org/EN/HRBodies/HRC/RegularSessions/Session24/Pages/ListReports.aspx.
**21** Peter Noorlander, "Taking Action to Protect Journalists and Other Media Actors: Artificial Intelligence – Intelligent Politics Challenges and opportunities for media and democracy", Background Paper for the Council of Europe Ministerial Conference 2020, https://rm.coe.int/ cyprus-2020-safety-of-journalists/ 168097fa83.
**22** "New global study documents best practices on the safety of journalists", IMS news item, 30 October 2019, https://www.mediasupport.org/new-global-study-documents-best-practices-on-the-safety-of-journalists/.
**23** Silvia Chocarro, "The safety of women journalists: Breaking the cycle of silence and vio- lence", IMS Defending Journalism book series, International Media Support, October 2019, https://www.mediasup-port.org/publication/the-safety-of-women-journalists/.
**24** Media Freedom Rapid Response, "Protecting Journalists and Media Workers: Good Practice", 2020, https://www.mfrr.eu/wp-content/uploads/2020/06/MFRR-UK-Recommendations-Good-Practice.pdf.
**25** Natalia Torres and Eduardo Bertoni, Institutional Design and Effectiveness of the Agen- cies Charged with Protecting Journalists and Investigating Crimes against the Press: Mexico, Colombia and Guatemala: Universidad de Palermo, 2012, https://www.palermo.edu/cele/cele/pdf/english/Inter-net-Free-of-Censorship/Institutional-Design.pdf.
**26** Келтирилген эмгекте 1 шилтеме.
**27** OSCE RFoM, "Recommendations following the Expert Meeting New Challenges to Freedom of Expression: Countering Online Abuse of Female Journalists", 17 September 2015, https://www.osce.org/fom/193556?download=true.
**28** UN Sustainable Development Goals (SDGs), SDG 16: Promote peaceful and inclusive societ- ies for sustainable development, provide access to justice for all and build effective, accountable and inclusive institutions at all levels, 2015, https://sustainabledevelopment.un.org/sdg16.
**29** "New Challenges to Freedom of Expression: Countering Online Abuse of Female Journal- ists", OSCE RFoM, 2016, https://www.osce.org/fom/220411?download=true.
**30** "IBAHRI Secretariat to the High Level Panel of Legal Experts on Media Freedom", Interna- tional Bar Association, https://www.ibanet.org/IBAHRISecretariat.aspx.
**31** International Bar Association, IBAHRI Secretariat to the High Level Panel of Legal Experts on Media Freedom, Report on the Use of Targeted Sanctions to Protect Journalists, https://www. ibanet.org/Docu-ment/Default.aspx?DocumentUid=1734a793-fd31-452d-84ca-b85efc4af744.
**32** Martina Chapman, "Mapping of media literacy practices and actions in EU-28", Council of Europe, European Audiovisual Observatory, 2016, p. 28 and 39, https://rm.coe.int/1680783500.
**33** Robert Tomljenovic, "Regulatory Authorities for Electronic Media and Media Literacy - Comparative analysis of the best European practices", Council of Europe, 2018, https://rm.coe.int/regulatory-authori-ties-for-electronic-media/1680903a2a.
**34** UN, Beijing Declaration and Platform for Action, 15 September 1995, https://www.un.org/en/events/pastevents/pdfs/Beijing_Declaration_and_Platform_for_Action.pdf.
**35** "Universal Periodic Review", United Nations Human Rights Council, https://www.ohchr.org/en/hrbodies/upr/pages/uprmain.aspx.
**36** "Resolutions on Journalists' Safety: How Does the UN Monitor their Implementation?", IFEX news item,

22 December 2017, https://ifex.org/resolutions-on-journalists-safety-how-does-the-un-monitor-their-implementation/.
**37** "Special Procedures of the Human Rights Council", UN Human Rights, https://www.ohchr.org/en/hrbodies/sp/pages/welcomepage.aspx.
**38** "Voluntary National Reviews Database", UN Sustainable Development Knowledge Platform, https://sustainabledevelopment.un.org/vnrs/.
**39** UNESCO, Director-General's Report on the Safety of Journalists and the Danger of Impuni- ty, 2018, https://en.unesco.org/themes/safety-journalists/dgreport.
**40** "World Trends in Freedom of Expression and Media Development", UNESCO, https://en.unesco.org/world-media-trends.
**41** "Platform to promote the protection of journalism and safety of journalists", Council of Europe, https://www.coe.int/en/web/media-freedom. Austria, Canada, Denmark, Estonia, France, Germany, Greece, Latvia, Lithuania, Montenegro, the Netherlands, Norway, Sweden, the United Kingdom, and the United States of America.
**42** UNESCO, Intensified attacks, new defences: developments in the fight to protect journalists and end impunity, In Focus edition of the World Trends in Freedom of Expression and Media Development, Paris, 2019, https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000371487.
**43** "OSCE delegations establish a Group of Friends on Safety of Journalists", US Mission to the OSCE news item, 23 April 2018, https://osce.usmission.gov/osce-delegations-establish-a-group-of-friends-on-safety-of-journalists/. "Groups of Friends on the Safety/Protection of Journalists publish joint statement on safety of journalists and access to information during the COVID-19 pandemic", UNESCO news, 14 April 2020, https://en.unesco.org/news/groups-friends-safe- typrotection-journalists-publish-joint-statement-safety-journalists-and.
**44** "UNESCO Conference tackles online harassment of female journalists", UNESCO news item, 12 June 2019, https://en.unesco.org/news/unesco-conference-tackles-online-harass- ment-female-journalists.
**45** По состоянию на 2020 год, следующие государства-участники ОБСЕ входят в Группу друзей ОБСЕ по вопросу о безопасности журналистов: Австрия, Канада, Дания, Эстония, Франция, Германия, Греция, Латвия, Литва, Черногория, Нидерланды, Норвегия, Швеция, Соединенное Королевство и Соединенные Штаты Америкиа.
**46** Universal Human Rights Index, https://uhri.ohchr.org/.
**47** ARTICLE 19, "Ending Impunity: Acting on UN Standards on the Safety of Journalists," 2019, https://www.article19.org/wp-content/uploads/2019/11/SOJ-Web.pdf.
**48** "Defending Journalists and Activists", Open Government Partnership, https://www.opengovpartnership.org/policy-area/defending-journalists-and-activists-expression/.
**49** Media4Democracy, Handbook for EU delegations: "Protecting the safety of journalists, protecting freedom of expression", 2020, https://media4democracy.eu/wp-content/uploads/2020/07/Final-M4D-Safety-of-Journalists-Handbook.pdf.
**50** Community of Democracies, "Toolkit: On the Safety of Journalists for the Personnel of the Diplomatic Missions", March 2017, https://community-democracies.org/app/uploads/2018/06/Toolkit-Safety-of-Journalists-1-1.pdf.
**51** Tarlach McGonagle, Safety of Journalists and the Fighting of Corruption in the EU, European Parliament, Brussels, 2020, https://www.europarl.europa.eu/RegData/etudes/STUD/2020/655187/IPOL_STU(2020)655187_EN.pdf.



# Мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруучу органдары

# Сунушталган иш-аракеттер

1. Журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу маселесин талкуулаган учурда зарылдыкка жараша мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү же жаңы чечимдерди кабыл алуу гендерик көйгөйдү эске алуу максатын көздөйт;

2. Интернеттеги журналист аялдарга карата иш козгоого байланышкан иштер пикир жайылтууга болгон укукту кысымга албашын камсыздашы зарыл.

## 2. Мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруу органдары

Интернетте жана андан тышкары жерлерде коопсуз чөйрөнү түзүү үчүн жаңы мыйзамдарды кабыл алуу же колдонуудагы мыйзамдарды ыңгайлаштыруу

Мыйзам чыгаруу органы – мыйзамдарды кабыл алуу боюнча ыйгарым укуктарга ээ болгон кеңешүүчү орган. Бул бөлүм улуттук деңгээлде жана пикир билдирүү эркиндиги менен ММК эркиндиги жаатындагы эл аралык стандарттарга, анын ичинде ЕККУнун Министрлер Кеңешинин №3/18 "Журналисттердин коопсуздугу" Чечимине ылайык журналист аялдар үчүн Интернетте жана анын чегинен тышкаркы жерлерде коопсуз чөйрөнү камсыздаган мыйзамдарды кабыл алууга байланышкан маселелерге арналган.[1]

**OSCE Ministerial Council Decision No. 3/18 ЕККУнун Министрлер Кеңешинин №3/18 "Журналисттердин коопсуздугу" Чечими катышуучу мамлекеттерди "жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигине тиешелүү мыйзамдарын, саясатын жана практикасын кайра карап чыгып, зарылдык болгон учурларда, журналисттердин өз ишин көз карандысыз жана жүйөсүз кийлигишүүлөрсүз аткарууга болгон мүмкүнчүлүгүн чектебей тургандай түзөтүүлөрдү киргизип же мындай ашыкча ченемдерди алып таштоо менен өз эл аралык-укуктук жана башка милдеттенмелерине толук шайкеш келтирүүгө" чакырат.**

## › Журналисттердин коопсуздугун камсыз кылууда гендердик көйгөйлөрдү эске алуу максатында мыйзамдарды кайра карап чыгуу жана, зарыл болгон учурларда, аларды өзгөртүү же жаңы мыйзамдарды кабыл алуу

Журналист аялдардын коопсуздугун камсыз кылууга жөндөмдүү мыйзамдардын болушу адам укуктары жаатындагы эл аралык укукка шайкеш теңчиликке жана басмырлоого жол бербөө укугун, ошондой эле ой-пикирин эркин билдирүүгө болгон укукту талаптагыдай негизде моюндаган жана коргогон укуктук базанын болушу менен шартталган.[2] Журналисттерге Интернеттеги жана андан тышкаркы жерлердеги кол салуулар, негизинен, түзүмдө терең мүнөздө тамыр жайган басмырлоого байланышкан, ага каршы күрөшүү мамлекеттин шарапаттуу милдети болуп саналат.

Мыйзам чыгаруучулар мамлекеттик бийлик органдары тарабынан адам укуктары жаатындагы эл аралык укукта каралган милдеттенмелердин аткарылышын камсыздашы керек. Алар, атап айтканда, кол салуулардын алдын алууга; зомбулукка дуушар болгон адамдарды коргоого; ошондой эле күнөөлүүлөрдү жоопко тартууга жана курмандыктарга укуктук коргоо каражаттарын берүүгө байланышкан. Журналисттерди коргоонун улуттук механизмдерин белгилеген мыйзамдарга гендердик аспектилерди эске алган механизм да камтылууга тийиш.

Көптөгөн өлкөлөрдө Интернеттеги куугунтуктоо менен кыянаттык кылуунун айрым түрлөрү үчүн жоопкерчилик каралган мыйзамдар бар. Эгер мындай мыйзамдар мурунтан эле бар болсо, бирок коргоону камсыздоо жагынан алганда анча натыйжалуу болбосо, жаңы мыйзамдарды кабыл алуу эң акыркы чара катары каралууга тийиш жана биринчи кезекте, колдонуудагы мыйзамдарга түзөтүүлөрдү киргизүү мүмкүндүгүн кароо зарыл.

Мындан тышкары, мыйзамдар алардын адам укуктарынын эл аралык стандарттарына шайкеш келишин камсыздоо максатында кайра каралып

чыгышы керек. Канткен менен, бардык учурларда жазык укугун ылгабай колдоно бербестен, жарандык жана административдик укукта каралган укуктук коргоо каражаттарынын кеңири тизмегин колдонуу мүмкүнчүлүгүн да карап чыгуу өтө зарыл.

Мыйзамдарды кайра карап чыгуу, реформалоо же кабыл алуу процесси аялдардын өмүргө, адамгерчиликсиз жана кадыр-баркты басмырлоочу мамиледен эркин болууга, теңчиликке, басмырланбоого, ой-пикирин эркин билдирүүгө жана жеке турмушунун кол тийгистигине болгон укугун натыйжалуу камсыздоо боюнча иш-аракеттердин алкагында ММК, коомчулук жана жарандык коом уюмдары менен кеңири талкуулоо шартында өткөрүлүшү керек. Бул процессте эл аралык жана регионалдык Мамлекеттер аралык органдардын, анын ичинде ЕККУнун басма сөз эркиндиги боюнча өкүлүнүн, академиялык жана юридикалык чөйрөнүн колдоосуна ээ болуу пайдалуу болмок.

## Мисалдар

**Колдонуудагы мыйзамдарды пайдалануу:** Айрым мамлекеттер колдонуудагы мыйзамдарды журналист аялдарга Интернетте кол салган адамдарды куугунтуктоо үчүн пайдаланышат. ЕККУнун ЖМК эркиндиги маселелери боюнча өкүлүнүн бюросу Эл аралык басма сөз институту (ЭБИ) менен кызматташтыкта 2019-жылдагы «Журналисттерди Интернеттеги куугунтуктоого жана аларга кыянаттык кылууга жооп кайтаруунун укуктук чаралары - Финляндиядагы, Франциядагы жана Ирландиядагы жагдай"[3] бюро баяндамасында ушундай үч мисалга талдоо жүргүзгөн. Баяндамада ушул учурлардын биринде күнөөлүү адам жалаа жапкандыгы үчүн жазык жоопкерчилигине тартылганы белгиленген, бул болсо диффамация үчүн жазык жоопкерчилигине тартууну жокко чыгарууга

чакырган сөз эркиндиги жаатындагы эл аралык стандарттарга карама-каршы келет. Канаданын учурдагы мыйзамдарында жеке турмушка киришүүгө, коркутууларга, жаман ниеттеги билдирүүлөргө, байланыш каражаттары аркылуу куугунтуктоого, онлайн куугунтуктоого, маалыматтарды уруксатсыз ачыктоого, бөлүшүүгө жана куугунтуктоонун башка түрлөрүнө тыюу салынган.[4]

## Ресурсы

- Мыйзамдарда гендердик көйгөйлөрдү эсепке алуу боюнча колдонмо "Эркектер менен аялдардын пайдасына иштеген мыйзамдар" демократиялык институттар жана адам укуктары (ДИАУБ), мыйзамдарды эки жыныстагы адамдардын кызыкчылыгында кантип иштөөгө байланыштуу пайдалуу сунуштарды камтыйт.[5]

- Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюму (ЭКӨУ) "Коомдук жашоодо гендердик көйгөйлөрдү жана гендердик теңчиликке жетишүүнү эсепке алуу үчүн инструментарийди" иштеп чыкты, ал парламенттеги гендердик сезимтал жол-жоболор жөнүндө главаны камтыйт.[6]

- Парламенттер аралык бирлик Журналисттерди коргоо мыйзамдарын кабыл алууда пайдалуу болушу мүмкүн болгон "Парламенттер жана парламентарийлер үчүн сөз эркиндиги боюнча колдонмо: коргоонун мааниси жана көлөмү" жарыялады.[7]

## › Интернетте журналист аялдарды куугунтуктоого жана аларга кыянаттык кылууга байланышкан мыйзамдар ой-пикир билдирүү эркиндигине болгон укукту кысымга албашын камсыздоо.

Интернет ой-пикир билдирүү эркиндигине болгон укукту ишке ашыруу үчүн болуп көрбөгөндөй платформа болуп саналат, Интернетте журналист аялдарга карата куугунтукка жана кыянаттык кылууга тиешелүү мыйзамдарды өркүндөтүү учурунда муну аңдап-түшүнүү зарыл.

Ой-пикир билдирүү эркиндиги адатта зыянсыз деп эсептелген идеялар менен маалыматка гана эмес, ошондой эле кемсинтүүчү, үрөй учурарлык же кыжаалат кылган идеялар менен маалыматтарга да тийиштүү болуп саналат.[8] Ой-пикир билдирүү эркиндигин чектеп коюуга жөндөмдүү болгон кандай гана чара болбосун демократиялуу коомдогу адам укуктары жаатындагы эл аралык укукка шайкеш болуу менен мыйзам тарабынан белгилениши, мыйзамдуу максатка кызмат кылышы, зарыл жана өлчөмдөш болушу керек.[9] БУУнун Ой-пикир жана аларды эркин билдирүүгө болгон укукту колдоо жана коргоо жөнүндө маселе боюнча атайын баяндамачысы журналист аялдардын Интернеттеги коопсуздугун камсыздоо боюнча иш-аракеттер атайылап болбосо да "цензурага же негизсиз чектөөлөргө алып келип, натыйжада өкмөттөр алардын кызыкчылыгын коргоого аракет кылып жаткан аялдардын укуктарына доо кетирип коюшу мүмкүн" деп билдирген.[10] Жылаңач денени көрсөтүүгө же адепсиз жүрүм-турумга тыюу салган, бирок бүдөмүк жазылган мыйзамдар менен токтомдор сексуалдык, гендердик жана репродуктивдүү ден соолук маселелери боюнча сынчыл талкууларга олуттуу таасир этиши мүмкүн.[11]

Буга байланыштуу, ой-пикир билдирүүгө болгон мыйзамдуу укукту чектөө тобокелдигин эске алуу менен, БУУнун Адам укуктары боюнча комитети башка эл аралык органдар менен катар эле мыйзамдуу коомдук кызыкчылык туудурган маалымат алмашууну жүзөгө ашырып жаткан журналисттерге, изилдөөчүлөргө жана укук коргоочуларга карата жазык укугун мыйзамсыз пайдалануу боюнча өзгөчө тынчсыздануусун билдиргенин белгилей кетүү керек.[12] Демократиялык коомдо жазык чаралары эң акыркы чара катары жана эң олуттуу учурларда гана колдонулууга тийиш. Башка учурларда мамлекеттер дайыма жарандык же административдик укукта каралган азыраак чектөөчү чараларды колдонууга умтулушу керек.[13]

Айрым мамлекеттер аялдарга, анын ичинде аял журналисттерге карата Интернеттеги куугунтуктоо жана кыянаттык кылуу менен күрөшүү максатында “кастык тилине” байланышкан жазык-укуктук жоболорду киргизген. Адам укуктары жаатындагы эл аралык укукта “кастык тили” түшүнүгүнүн бирдиктүү аныктамасы каралган эмес; демек, мындай мыйзамдар туура эмес колдонулуп, ой-пикир билдирүү эркиндигине болгон укукту мыйзамсыз чектөөгө алып келиши, же болбосо жол берилген ой-пикир билдирүүлөрдү чектөө максатында пайдаланылып кетиши мүмкүн. Бардык мыйзамдар Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга жана Расалык басмырлоонун бардык түрлөрүн жок кылуу жөнүндө эл аралык конвенцияга шайкеш тыюу салынган иш-аракеттерди же көрүнүштөрдү билдирген терминдерди так аныктоого тийиш. Ошол эле учурда басмырлоону, кастыкты жана зомбулукту козутуу катары чыккан улуттук, расалык жана диний жек көрүүчүлүктү жайылтуу сыяктуу билдирүүлөрдөн тышкаркы сөздөрдү криминалдаштыруудан алыс болуу зарыл.[14] Мунун ордуна Рабат иш-аракеттер планында камтылган адам укуктары жаатындагы укуктук ченемдердин чечмеленишин жетекчиликке алуу керек.[15]

Интернеттеги куугунтуктоо жана кыяnattык кылуу учурларын караган мезгилде кээде жалаа жабуу жөнүндө мыйзамдар колдонулат. Көп учурларда бул терминдер бири-бирине окшош катары кабылданат, бирок жалаа жабуу – жалган фактылардын негизинде кимдир-бирөөнүн аброюна олуттуу зыян келтирүү эмеспи. Кандай болгон күндө да, адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарда белгиленгендей, аброюн коргоо иши жалаа жабуу жөнүндөгү жарандык укукка гана негизделүүгө тийиш,[16] жана мамлекеттер жалаа үчүн жазык жоопкерчилигин алып салышы керектигин белгилеп коюу зарыл.

Интернетте журналист аялдарды куугунтуктоо жана аларга кыянаттык кылуу учурларына жооп катары жарандык мыйзамдардын бир катар жоболору, айталы, жеке турмуштун кол тийгистиги же купуялуулуктун, же жеке коопсуздукту коргоого болгон укуктун бузулушуна байланышкан мыйзам актылары колдонулушу мүмкүн. Журналисттер Интернеттеги куугунтуктоонун жана кыянаттык кылуунун конкреттүү формаларынан жаралган зыяндан укуктук коргоонун конкреттүү каражатын издөөдө жарандык укуктун[17] ушул чараларына кайрылса болот.

Журналист аялдарды коргоо маселелеринде алардын мамлекеттик же мамлекеттик эмес субъектилер тарабынан негизсиз кийлигишүүлөр, анын ичинде аңдуу менен түздөн-түз куугунтуктоо болбостон ой-пикирин билдирүү эркиндигине болгон укугун жүзөгө ашырышы үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүк берген шифрлөө менен анонимдүүлүк чечүүчү мааниге ээ болуп саналат,[18] Журналист аялдарды Интернетте куугунтуктоого жана аларга кыянаттык кылууга каршы күрөшүүгө багытталган мыйзамдык өзгөртүүлөр шифрлөөгө жана анонимдүүлүккө тыюу салууга алып келбеши керек же колдонуучулар Интернетте милдеттүү түрдө идентификациядан өтүшү керек деген талап киргизилбеши зарыл,[19] Анткени журналист аялдар жеке турмушунун кол тийгистигине болгон

укугун ишке ашыруунун алкагында Интернетте анонимдүүлүктү сактоо укугуна ээ болууга тийиш.

Мыйзамдар Интернет-ортомчулардын шарттуу милдеттенмелерине тиешелүү принциптер менен стандарттарды колдоп, аларды кармануугa тийиш. Бул Интернет-ортомчулар каралып жаткан контентти өзгөртүүгө катышпаган учурда үчүнчү жактар тарабынан жарыяланган контент үчүн жоопкерчилик тартпашы керек, мамлекеттер алардан соттун чечиминин негизинде гана контентти алып салуусун талап кыла алат дегенди билдирет.

## Мисалдар

**Көп баскычтуу мамиле:** Ирландиянын Юридикалык комиссиясы кылмыш жаза чараларына караганда билим берүү программаларына жана жарандык укук чараларына артыкчылык берген ар түрдүү (көп басыкычтуу мамиле) чараларды колдонууну сунуш кылган.[20] Мындай мамиле Интернеттеги куугунтуктоо жөнүндө мыйзамдар менен шартталган ой-пикир билдирүү эркиндигине болгон укукка кандай гана кийлигишүү болбосун, куугунтуктоодон келтирилген зыянга барабар болушун кепилдей алат.

**Мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү:** 2018-жылы Франция Жазык кодексине Penal Code адамдар тобу тарабынан же маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен жасалган куугунтуктоолор үчүн жазык жоопкерчилигине тартуу боюнча өзгөртүүлөрдү киргизген.[21]

**Колдонуудагы мыйзамдарды пайдалануу:** 2018-жылы Ирландиянын Ireland куугунтуктоо жөнүндөгү колдонуудагы мыйзамы

журналист аялды "чектен аша өжөрлөнүп куугунтуктаганы" үчүн тийиштүү адамды жоопкерчиликке тартуу үчүн пайдаланылган. Ал 2010-жылы кабыл алынган жана "колдо болгон каражаттар менен" жасалган куугунтуктоо үчүн жоопкерчиликти караган " Инсанга каршы, бирок өлүмгө жеткирбеген кылмыштар жөнүндө" мыйзам боюнча айыпталган. Бул окуя колдонуудагы мыйзамдарды МКТ пайдалануу менен куугунтуктоолор жөнүндөгү иштерде кантип колдонсо боло тургандыгына мисал катары кызмат кылат.[22]

**Интернеттеги куугунтуктоо түрлөрүнө карата колдонуудагы мыйзамдарга пайдаланылчу жоболорду киргизүү:** Германиянын Жазык кодексинин Criminal Code куугунтуктоо жөнүндө жоболору башка адам менен МКТны колдонуу аркылуу байланышууга болгон уруксатсыз аракеттерди жана башка адамдын маалыматтарын үчүнчү тараптагы адамдарды ушул адам менен байланыштырууга түрткү берүү үчүн талаптагыдай эмес пайдаланууну камтыйт.[23]

**Жалаа жабуу үчүн жазык жоопкерчилигин алып салуу:** 2009-жылы ЕККУга мүчө мамлекеттер жалаа жабуу жана/же жазык жоопкерчилигине тартылчу ар-намыска шек келтирүү жөнүндө мыйзамдарды бейкриминалдаштыруу багытында прогресске жетишти. 2017-жылга чейинки мезгил ичинде жалаа жабуу үчүн жазык жоопкерчилиги жөнүндө жалпы жоболорду ЕККУга мүчө мамлекеттер:: Армения, Босния жана Герцеговина, Кипр, Эстония, Грузия, Ирландия, Кыргызстан, Молдова, Черногория, Түндүк Македония, Норвегия, Румыния, Тажикстан, Улуу Британия жана Украина алып салышты.[24]

## Ресурсы

- ЕККУнун ММК эркиндиги маселелери боюнча өкүлүнүн бюросу жана Эл аралык басма сөз институту (ЭБИ) «Журналисттерди Интернетте куугунтуктоого жана аларга кыянаттык кылууга жооп кайтаруунун укуктук чаралары - Финляндиядагы, Франциядагы жана Ирландиядагы жагдай" баяндамасын жарыялаган, анда да ушул өлкөлөрдөгү журналисттерди Интернетте куугунтуктоого жана кыянаттык кылууга каршы күрөшүү боюнча мыйзамдык чаралар талданган.[25]

- ЕККУнун ММК эркиндиги маселелери боюнча өкүлүнүн бюросу тийиштүү мыйзамдардын Мамлекеттер үчүн сунуштамалар камтылган укуктук талдоолору жөнүндө отчетторун жарыялап турат. Мисалы: Австриянын "Интернеттеги этияттык жана жоопкерчилик жөнүндө" мыйзам долбоору;[26] Austrian Draft Law on Diligence and Responsibility Online, Украинанын "ММК жөнүндө" мыйзам долбоору; Ukrainian Media Law;[27] Албаниянын "ММК кызмат көрсөтүүлөрү жөнүндө" мыйзам долбоору; draft Law on Media Services in Albania;[28] Германиянын "Социалдык тармактардагы укук колдонууну жакшыртуу жөнүндө" мыйзам долбоору German Draft Law on Better Law Enforcement in Social Networks.[29]

- Legislationline – бул ДИАУБ түзгөн маалымат базасы, аны мүчө мамлекеттер өздөрүнүн мыйзамдарын эл аралык ченемдер жана стандарттар менен салыштыруу жана шайкеш келтирүү үчүн колдоно алышат.[30]

- АКШ Конгрессинин юридикалык китепканасы "Журналисттерди Интернеттеги куугунтуктан коргоо жөнүндө мыйзам".[31] аталган

баяндамасында мыйзамдардын салыштырма талдоосун жарыялаган. Law Protecting Journalists from Online Harassment.

- БУУнун Ой-пикир эркиндигин жана аны эркин билдирүү укугун колдоо жана коргоо жөнүндө маселе боюнча атайын баяндамачысы Санарип билдирүүлөрдү берүүдө шифрлөө каражаттарын жана анонимдүүлүктү колдонуу боюнча" Report on the Use of Encryption and Anonymity in Digital Communications баяндамасында пайдалуу сунуштар жөнүндө сөз кылган.[32]

- Басмырлоону, кастыкты жана зомбулукту козутуу катары чыккан улуттук, расалык жана диний жек көрүүчүлүктү жайылтууга тыюу салуу жөнүндө Рабат иш-аракеттер планында Rabat Plan of Action on The Prohibition of Advocacy of Адам укуктары боюнча Жогорку комиссардын башкармалыгы тарабынан кабыл алынган «кастык тили» деген эмнени туюндура тургандыгы жөнүндө так сунуштамалар камтылган.[33]

- "Кастык тилин чечмелөө: практикалык колдонмо" 'Hate Speech' Explained: A Toolkit – бул "19 Берене" укук коргоочу уюму тарабынан жарыяланган жана "кастык тилин" аныктоого, ага каршы натыйжалуу аракеттенүү ыкмаларына, ой-пикир билдирүү эркиндигине болгон укукту коргоого жана теңчиликке арналган колдонмо болуп саналат.[34]

## Шилтемелер

**1** OSCE, Ministerial Council Decision No. 3/18, "Safety of Journalists", 7 December 2018, https://www.osce.org/files/f/documents/a/c/462187.pdf
**2** "Equality and Non-discrimination", United Nations and the Rule of Law, https://www. un.org/ruleoflaw/thematic-areas/human-rights/equality-and-non-discrimination/.
**3** "Legal Responses to Online Harassment and Abuse of Journalists - Perspectives from Finland, France and Ireland", OSCE RFoM and IPI, 7 March, 2019, https://www.osce.org/representa- tive-on-freedom-of-media/413549.
**4** The Law Library of Congress, Laws Protecting Journalists from Online Harassment, Septem- ber 2019, p. 4–5, https://www.loc.gov/law/help/protecting-journalists/online-harassment.pdf.
**5** OSCE, Office for Democratic Institutions and Human Rights (ODIHR), "Making Laws Work for Women and Men: A Practical Guide to Gender-Sensitive Legislation", 2017, https://www.osce.org/odihr/327836?download=true.
**6** 6.OECD, "Toolkit for Mainstreaming and Implementing Gender Equality", 2018, https://www.oecd.org/gov/toolkit-for-mainstreaming-and-implementing-gender-equality.pdf.
**7** Toby Mendel, "Freedom of expression for parliaments and their members: Importance and scope of protection", Inter-Parliamentary Union, 2018, https://www.ipu.org/resources/publications/handbooks/2018-10/freedom-expression-parliaments-and-their-members-impor- tance-and-scope-protection.
**8** European Court of Human Rights, Handyside v. the United Kingdom, Application no. 5493/72, 7 December 1976, paragraph 49, https://hudoc.echr.coe.int/eng#{%22dmdocnumber%22:[%22695376%22],%22itemid%22:[%22001-57499%22]}. Yaman Akdeniz, "Media Freedom on the Internet: An OSCE Guidebook", OSCE RFoM, 2016, https://www.osce.org/netfreedom-guidebook?download=true.
**9** UN General Assembly, Resolution 2200A (XXI), International Covenant on Civil and Political Rights, 16 December 1966, entry into force: 23 March 1976, Article 49, https://www.ohchr.org/ en/professionalinterest/pages/ccpr.aspx.
**10** "UN experts urge States and companies to address online gender-based abuse but warn against censorship", UN Office of the High Commissioner for Human Rights, news item, 8 March 2017, https://www.ohchr.org/EN/NewsEvents/Pages/DisplayNews.aspx?NewsID=21317.
**11** Ошол эле жерде.
**12** UN Human Rights Committee, General Comment No. 34, Article 19: Freedoms of opinion and expression, CCPR/C/GC/34, 2011, paragraphs 30 and 34, https://www2.ohchr.org/english/bodies/hrc/docs/gc34.pdf.
**13** OSCE RFoM, "Recommendations following the Expert Meeting New Challenges to Freedom of Expression: Countering Online Abuse of Female Journalists", 17 September 2015, https://www.osce.org/fom/193556?download=true.
**14** UN General Assembly, Report of the Special Rapporteur on the promotion ad protection of the right to freedom of opinion and expression, A74/486, 9 October 2019, https://undocs.org/A/74/486.
**15** UN General Assembly, Report of the United Nations High Commissioner for Human Rights on the expert workshops on the prohibition of incitement to national, racial or religious hatred, A/HRC/22/17/Add.4, 11 January 2013, https://www.ohchr.org/Documents/Issues/Opinion/SeminarRabat/Rabat_draft_outcome.pdf.
**16** "Decriminalization of defamation", OSCE RFoM, https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/106287.
**17** Келтирилген эмгекте 3 шилтеме.
**18** Келтирилген эмгекте 1 шилтеме.

**19** UN General Assembly, Report of the Special Rapporteur on the promotion and protection of the right to freedom of opinion and expression, A/HRC/29/32, 25 May 2015, https://www.ohchr.org/en/issues/freedomopinion/pages/callforsubmission.aspx
**20** Келтирилген эмгекте 3 шилтеме.
**21** French Criminal Code, France, https://www.legifrance.gouv.fr/affichCode.do?idSectionTA=LEGISCTA000021796946&cidTexte=LEGITEXT000006070719.
**22** Келтирилген эмгекте 3 шилтеме.
**23** German Criminal Code, https://www.gesetze-im-internet.de/englisch_stgb/englisch_stgb.html.
**24** Scott Griffen, "Defamation and Insult Laws in the OSCE Region: A Comparative Study", OSCE RFoM, March 2017, https://www.osce.org/files/f/documents/b/8/303181.pdf.
**25** Көрсөтүлгөн материал, шилтеме 11.
**26** OSCE RFoM, Legal Review of the Austrian draft Law on Diligence and Responsibility On- line, 4 June 2019, https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/421745
**27** OSCE RFoM, Legal Review on the draft law of Ukraine "on media", February 2020, https://www.osce.org/files/f/documents/2/7/447508.pdf.
**28** OSCE RFoM, Legal Review of the draft Law on Media Services in Albania, July 2019, https://www.osce.org/files/f/documents/4/3/425462.pdf.
**29** OSCE RFoM, Legal Review of the German Draft Law on Better Law Enforcement in Social Networks, May 2017, https://www.osce.org/files/f/documents/a/0/333541.pdf.
**30** OSCE ODIHR, "Legislationline database", http://www.legislationline.org/
**31** Library of Congress Law, "Laws Protecting Journalists from Online Harassment: Compar- ative Summary", Library of Congress Law, https://www.loc.gov/law/help/protecting-journalists/.
**32** UN General Assembly, Report of the Special Rapporteur on the promotion and protection of the right to freedom of opinion and expression, A/HRC/29/32, 22 May 2015, https://undocs.org/A/HRC/29/32.
**33** Келтирилген эмгекте 15 шилтеме.
**34** ARTICLE 19, "'Hate Speech' Explained: A Toolkit", 2015, https://www.article19.org/resources/hate-speech-explained-a-toolkit.



# Сот адилеттиги органдары

# Сунушталган иш-аракеттер

1. Сот тутумунун гендердик маселелер боюнча маалымдуулугун жогорулатуу, анткени бул аял журналисттерди коргоо үчүн абдан маанилүү;

2. Сөз эркиндиги, журналисттердин коопсуздугу, ошону менен катар интернетте жана жашоодо куугунтуктоо жана кыянаттык маселелери боюнча сот органдарынын квалификациясын жогорулатуу;

3. Адилеттүүлүккө жетүү, соттук чечимдерди чыгаруу жана укуктук коргоо каражаттарын пайдалануу боюнча алдыңкы тажрыйбаларды колдонуу жана жайылтуу

4. Адам укуктары боюнча улуттук институттар журналисттердин коопсуздугу маселеси менен алектениши керек.

# 3. Сот адилеттиги органдары

## Сот адилеттигине жетүүнү камсыз кылуу жана жазасыздыкты токтотуу

Бул главада мыйзамдарды чечмелеген жана колдонгон сот органдары менен соттордун ишине өзгөчө көңүл бөлүнөт, анткени бул адам укуктарын жана журналисттердин коопсуздугун коргоо үчүн маанилүү болуп саналат. Андан тышкары, бул главада адам укуктарын коргоо жана камсыздоо милдетин аркалаган көз карандысыз укук коргоо мекемелери жөнүндө бөлүм да камтылган.

Аял журналисттерди Интернетте куугунтуктоо жана кыянаттык кылуу менен күрөшүүдөгү көйгөйлөрдүн бири – жабырлануучулар көп учурда алар тууралуу кабарлабайт, андыктан алардын сот адилеттигине жетүүсүн камсыз кылуу чечүүчү мааниге ээ болуп саналат. Дүйнө жүзүндө журналисттерди өлтүрүп кетүү фактыларынын дээрлик 90 пайызы - журналисттерге каршы жасалган кылмыштар үчүн жазасыз калуунун мындай бийик деңгээли өзгөчө тынчсыздануунү жаратууда.[1] Бул өкмөттүн ишиндеги тутумдук мүнөздөгү катачылыктарды жана мыйзам үстөмдүгүнө байланышкан көйгөйлөрдү күбөлөп тургандыктан, жазасыз калууга каршы күрөшүү биринчи кезектеги милдет болуп саналат.[2]

**ЕККУнун Министрлер кеңешинин №3/18 чечими катышуучу-мамлекеттерди «журналисттерге каршы жасалган кылмыштар үчүн жазасыз калтырбоо болтурбоо максатында келечектеги кол салуулардын алдын алуунун негизги элементтери катары жоопкерчиликке тартууну камсыздоо, ошондой эле журналисттерге карата жасалган зомбулуктар менен коркутуулар укук коргоо органдары тарабынан токтоосуз, натыйжалуу жана калыс иликтенишин камсыздоо жолу менен күнөөлүүлөр соттолуп, курмандыктарга тийиштүү укуктук коргоо каражаттары жеткиликтүү болушун камсыздоо үчүн натыйжалуу чараларды көрүүгө" чакырат.**

## › Жалпы сот тутумунун алкагында гендердик маселелер жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу, анткени бул журналист аялдарды коргоо үчүн маанилүү болуп саналат

Аял журналисттердин Интернетте коопсуз болушун камсыздоо үчүн ар бир адамдын укуктарын коргогон жана эркектер менен аялдардын, сексуалдык багыты, гендердик иденттүүлүгү жана өзүн кабылдоосу ар башка болгон адамдардын тажрыйбасы менен сезимталдыгынын ортосундагы айырмачылыктарды адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарга шайкеш эске алган сот тутуму талап кылынат.[3] Бул идеалга умтулуу менен мамлекеттер гендердик теңчиликти камсыз кылуу максатында сот адилеттиги тутумун баалоо жана реформалоо үчүн бардык күч-аракетин жумшоого тийиш. Сот адилеттиги кызматкерлеринин арасында эркектер менен аялдардын тең салмактуу катышын камсыздоо жана сот адилеттигине теңдеш жетүү мүмкүндүгүн кепилдөө максатында дараметти арттыруу ушул максатка жетүү үчүн керек болгон кадамдардын бири болуп саналат.

Аял журналисттерди Интернетте куугунтуктоого жана кыянаттык кылууга каршы күрөшүүнү кыйындаткан тоскоолдуктардын бири – жабырлануучулар көп учурда бул тууралуу кабарлабай койгондугунда болууда. Буга көптөгөн факторлор, анын ичинде өч алуудан, кесиби жаатындагы ыктымалдуу кесепеттерден жана кесиптештер тарабынан стигма болушунан коркуу сезими көмөкчү болот. Журналист аялдарды Интернеттеги куугунтуктоого байланыштуу доо арыз берүүдөн баш тартууга түрткү берген башка ыктымалдуу факторлордун катарына доогердин кадыр-баркын коргоо үчүн чаралардын жетишсиз болушун, каржылык чыгымдары жана мындай куугунтукка каршы турса болот деген ишенимдин жоктугун киргизсе болот.[4] Сот адилеттигине жетүүнү жеңилдетүүгө багытталган жигердүү чаралар, анын ичинде юридикалык

жардам жана маалымат кампаниялары журналист аялдарга бул тоскоолдуктардын айрымдарын жеңүүгө жардам берет. Мыйзам үстөмдүгүн колдоо жана бардык адамдардын сот адилеттигине теңдеш жетүүсүн камсыз кылуу Туруктуу өнүгүү максаттарында бекитилген милдеттенмелердин катарына кирет.[5]

Сот тутумунда каралган журналист аялдардын коопсуздугун коргоо жөнүндө иштердин санын көбөйтүүгө багытталган чараларга сот органдары менен журналист аялдардын ортосундагы тажрыйба алмашуу жана Интернеттеги куугунтуктоо менен кыянаттык кылуулар журналист аялдардын жеке турмушуна жана кесиптик чөйрөсүнө кандайча таасир эте тургандыгын түшүнүүнү жакшыртуу максатында диалог уюштуруу камтылса болот.

## Мисалдар

**Сот органдарынын кызматкерлерин даярдоо:** 2013-жылдан тартып Босния жана Герцеговинанын бийлиги Сот аялдар ассоциациясы менен биргеликте сот органдарынын кызматкерлерин сот жол-жоболору менен практикасында гендердик көйгөйлөрдү эске алуу маселелери боюнча даярдыктан өткөрүп турушат.[6]

**Иштерди сотко өткөрүп берүүгө көмөктөшүү:** 2018-жылы Германиянын Түндүк Рейн-Вестфалиянын ЖМКнын ишмердигин жөнгө салуу боюнча аймактык органы маалымат агенттиктерине жана журналисттерге Интернеттеги куугунтук жана кыянаттык кылуу жөнүндө иштерди сотко өткөрүп берүүдө юридикалык жардам көрсөтүү боюнча долбоорду ишке киргизген.[7]

## Ресурстар

- Сот адилеттиги тутумунда гендердик көйгөйдүн эске алынышын кантип камсыздоо жөнүндө кеңири баяндалган сунуштамалар ЕККУнун Justice and Gender Сот адилеттиги жана гендер колдонмосунда берилген.[8]

- Европа Кеңешинин курс «Юридикалык кесип ээлерин адам укуктары жаатында окутуп-үйрөтүү» программасы (HELP) "Аялдардын сот адилеттигине жетүүсү" онлайн курсун сунуштайт, ага аялдардын сот адилеттигине жетүүсүн кеңейтүү жана юридикалык практикада гендердик көйгөйдү эске алуу боюнча модулдар камтылган.[9]

- ЮНЕСКОнун Алдын алуу жана жазалоо: журналисттерге каршы зомбулук менен күрөшүү үчүн чечимдерди табуу Prevent and Punish: in Search of Solutions to Fight Violence Against Journalists баяндамасында гендердик маселелерге кеңири талдоо жүргүзүлбөгөнү менен журналисттерге каршы жасалган кылмыштар үчүн жазасыз калуу менен күрөшүү боюнча сунуштамалар камтылган.[10]

### › Сот органдарынын кызматкерлеринин ой-пикир билдирүү эркиндиги, журналисттердин коопсуздугу, ошондой эле Интернетте жана жашоодо куугунтуктоо жана кыянаттык кылуу маселелери боюнча квалификациясын жогорулатуу

Сот тутумунун кызматкерлери тез өзгөрүп жаткан медиа-ландшафтта эркек жана аял журналисттер дуушар болуп жаткан ар кыл артыкчылыктар менен көйгөйлөрдү аңдап-түшүнүшү керек.

Юридикалык кесип өкүлдөрү үчүн окуу программалары менен тренингдерге Интернетте ой-пикирин билдирүү укугун ишке ашыруу жана коргоо; ушул укукту коргоого гендердик аспектилерди эске алган мамиле жасалышынын негиз салуучу мааниси; ошондой эле Интернеттеги куугунтоо менен кыянаттык кылууга адам укуктарынын эл аралык стандарттарына шайкеш талаптагыдай жооп кайтаруу сыяктуу темалар киргизилүүгө тийиш.

Мындай окуу программалары журналист аялдардын Интернеттеги коопсуздугуна таасир этүүчү бештен кем эмес теманы камтышы керек:

1. Ой-пикир билдирүү эркиндиги укугуна каршы кылмыштарды болтурбоого, мындай кылмыштардан коргоого жана аларды жасагандыгы үчүн куугунтукка алууга байланышкан адам укуктары жаатындагы эл аралык стандарттарга баяндама;

2. Ой-пикир билдирүү эркиндиги укугун мыйзамдуу чектөөлөрдү так түшүнүү жана "үч бөлүктүк тест" деп аталган тестти колдонуу (42-бет: үч принциптин - мыйзамдуулук; легитимдүүлүк; ошондой эле чектөөлөрдүн зарылдыгы жана өлчөмдөш болушу принциптеринин жыйындысынын шайкештигине тест);

3. Интернетте ой-пикир билдирүү эркиндиги укугуна байланышкан артыкчылыктар менен көйгөйлөр жана Интернет менен социалдык тармактардын иштөө принциптерин түшүнүү;

4. Ой-пикир билдирүү эркиндиги укугун ишке ашырууга инклюзивдүү жана басмырлабоочу мамиле кылуу;

5. Демократиялык коомдордогу журналистиканын жана журналисттердин ролу.[11]

Башка өлкөлөрдүн сот тутумундагы кесиптештери менен биргеликте тренингдерди уюштуруу бардык катышуучулар үчүн баа жеткис мааниге ээ болушу мүмкүн. Мисалы, ЕККУга мүчө мамлекеттердин соттору же сот тутумунун башка мүчөлөрү үчүн семинар өткөрүү тажрыйба жана билим алмашуу үчүн жакшы аянтча болуп бермек.

## Мисалдар

**Массалык ачык онлайн курстарды уюштуруу:** 2014-жылдан бери 12000ден ашуун судья ЮНЕСКО уюштурган массалык ачык онлайн курстарына ой-пикир билдирүү эркиндиги маселелери боюнча билимин арттыруу максатында катышкан. Катышуучулар курстун деңгээлин жогору баалап, бул тренинг аларга журналисттердин коопсуздугуна байланышкан маселелерди жакшыраак түшүнүүгө жардам бергендигин белгилешкен.[12]

**Жогорку эл аралык деңгээлдеги эксперттердин пикир алмашуусу:** ЕККУнун ММК эркиндиги маселелери боюнча өкүлү тарабынан уюштурулган Борборазиялык сот диалогу бири-бири менен сейрек жолугушкан же таптакыр эле жолугушпаган таасирдүү юристтер менен судьялардын ортосунда регионалдык жана эл аралык кызматташтыкты жолго койгонго мүмкүндүк берди.[13] Бул демилгенин алкагында алар жалаа жабууну бейкриминалдаштыруу жана ой-пикирди эркин билдирүүгө доо келтирбестен кастык риторикасына каршы күрөшүү сыяктуу көбүрөөк актуалдуу болгон маселелер боюнча юридикалык корутундулары жана соттук тажрыйбасы менен бөлүшө алышат.

**Күндүзгү окутуу:** 2016-жылдан бери 4000ден ашык судьялар, прокурорлор, юристтер жана ММК кызматкерлери Европа

Кеңешинин JUFREX долбооруна катышып, Түштүк-Чыгыш Европадагы ой-пикир билдирүү эркиндиги жана журналисттердин коопсуздугу жөнүндө билимин кеңейтишти.[14]

**Атайын соттордү түзүү:** Эстония Интернеттеги куугунтуктоо жөнүндө иштерди кароо үчүн адистешкен сот түзгөн; анда иштеген судьялар жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери бул маселе боюнча атайын даярдыктан өтүшөт.[15]

## Ресурстар

- ЮНЕСКО «Ой-пикирди эркин билдирүүнүн укуктук стандарттары: Африканын сот тутумунун кызматкерлери үчүн колдонмону" жарыялады, анда ой-пикирди эркин билдирүүнүн гендердик аспектилери жөнүндө бөлүм камтылган.[16] ЮНЕСКО ММКга жардам берүү эл аралык борбору менен кызматташтыкта «Ой-пикирди эркин билдирүүнүн эл аралык стандарттары: Латын Америкасындагы юристтер үчүн негизги колдонмону" ошондой эле судьялар үчүн ой-пикирди эркин билдирүү, маалыматка жетүү жана журналисттердин коопсуздугу боюнча окуу колдонмосун,[17] ошондой эле судьялар үчүн ой-пикирди эркин билдирүү, маалыматка жетүү жана журналисттердин коопсуздугу боюнча окуу колдонмосун жарыялады.[18]

- Европа Кеңешинин "Адам укуктары жөнүндө Европа конвенциясына ылайык ой-пикир эркиндиги укугун коргоо" колдонмосунда журналисттердин коопсуздугу боюнча сунуштамалар камтылган.[19]

- Судьялар жана практик юристтер үчүн журналисттердин коопсуздугу боюнча онлайн тренинг журналисттерди зомбулуктан коргоонун жана журналисттерге карата зомбулукту куугунтуктоонун негиздерин белгилейт. Ал Европа Кеңешинин HELP онлайн-платформасында ар кандай тилдерде жеткиликтүү.[20]

## › Сот адилеттигине жетүү, соттук чечимдерди чыгаруу жана укуктук коргоо каражаттары маселелериндеги алдыңкы тажрыйбаларды колдонуу жана илгерилетүү

Зомбулуктун курмандыгы үчүн өз алдынча сотко кайрылуу оор жана көп убакытты талап кылган тажрыйба болушу мүмкүн болгондуктан, тийиштүү жол-жоболордон тез өтүүнү камсыз кылган, ошондой эле укук бузуулардын оордугуна шайкеш келген, каржылык кенемте берилишин караган, жабырлануучуларды калыбына келтирүү жана алардын каалоосуна ылайык жумушуна кайтып барышына көмөктөшүү боюнча бир катар чараларды,[21] камтыган укуктук жардам менен укук коргоо каражаттары.[22] берилишин камсыздаган тутумду түзүү зарыл.

Аял журналисттерди Интернетте куугунтуктоо жана аларга кыянаттык кылуу тууралуу иштер боюнча тийиштүү жазалар жана укуктук коргоо каражаттары жөнүндө өкүм же чечим чыгарууда соттор каралып жаткан укук бузуу ой-пикир билдирүү эркиндигине жана басма сөз эркиндигине кандай таасир тийгизгендигин эске алууга тийиш.[23] Соттор ошондой эле адам укуктары жаатындагы эл аралык укукка ылайык башка соттордо журналисттерге кол салуулар боюнча иштерди кароонун алдыңкы тажрыйбасын эске алышы керек. Бул чөйрөдөгү сот практикасынын көлөмү көбөйүшү мыйзамсыз иш-аракеттерди жасаган мамлекеттик жана

мамлекеттик эмес субъектилерди жазасыз калбай тургандыгына жана алар соттук санкцияларга баш ийип, мисалы, алардын иш-аракеттеринен жабыркаган журналистке келтирилген зыяндын ордун толтурууга аргасыз болоруна ынандырууга тийиш.[24]

Сот органдары атайын прокурорлор жана ар кандай кызыкдар тараптар тарабынан түзүлгөн көз карандысыз комиссиялар менен кызматташтыкта жазасыз калууга каршы күрөштү күчөтүүгө көмөктөшүүсү зарыл – бул жооптуу министрлик, ММК уюмдары жана жарандык коом уюмдары менен биргеликте иликтөөнүн натыйжалуулугуна көзөмөл жүргүзө турган атайын комиссиялар болушу мүмкүн.

## Мисалдар

**Өкүмдөр:** Францияда сегиз ай бою француз журналист аялды өлтүрөм жана зордуктап кетем деп коркутуп жүргөнү үчүн эки адам алты айга шарттуу түрдө эркинен ажыратылып, аларга 2000 евро айып салынган.[25] Ирландияда мыйзам бузган адам журналист аялды куугунтуктагандыгы үчүн "Инсанга каршы өлүмгө алып келбеген кылмыштар жөнүндө" Мыйзамына ылайык төрт жарым жылдык мөөнөткө түрмөгө камалууга өкүм кылынган (акыркы 18 ай ичинде өкүмдү аткарууну кийинкиге калтыруу менен).[26]

**Ачык иликтөө жүргүзүү:** 2019-жылдын ноябрында Мальтада журналист аял Дафна Каруана Галициянын өлтүрүлүшү боюнча ачык иликтөө башталган. Иликтөөнүн башталышына курмандыктын үй-бүлөсү тарабынан уюштурулган жигердүү кампания, Европа Кеңешинин Укуктук маселелер боюнча комитетинин Парламенттик Ассамблеясынын резолюциясы кабыл алынышы жана башка эл аралык уюмдардын кысымы түрткү болгон.[27]

**Акчалай кенемте берүү:** Финляндияда улуттук сот журналист аялга үч адам тарабынан болгон онлайн-куугунтуктоолордун, асылуулардын жана жалаа жабуулардын натыйжасында келтирилген зыяндын ордун толтуруу үчүн 94 000 евро өлчөмүндөгү кенемте, ошондой эле медициналык чыгымдар, кирешесин жоготкондугу жана социалдык камсыздоо үчүн кенемте төлөп берүү жөнүндө чечим чыгарган.[28]

**Жарандык-укуктук коргоо каражаттарын камсыздоо:** Көп өлкөлөрдө куугунтуктоонун курмандыктары Интернеттеги куугунтуктоолор же кыянаттык кылуулар жеке адамдын конституциялык укуктарын бузган болсо, айталы, Ирландиянын мыйзамдарында каралгандай, келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө жарандык доо арыз менен кайрыла алышат.[29]

## Ресурстар

- Адам укуктары боюнча Европа сотунун (АУЕС) прецедент түзүү укугу менен Европа Кеңешинин отчетунан таанышып алса болот. Европа Кеңешинин HELP программасынын веб-сайтынан Ой-пикир билдирүү эркиндиги, ММК жана журналисттер: Адам укуктары боюнча Европа сотунун прецедент укугу the Media and Journalists: Case-law of the European Court of.[30] жана «Жазык иштери боюнча өкүмдөрдү негиздөө жана АУЕКке киришүү» the ECHR.[31] онлайн курсун да таап алса болот.

- IRIS Merlin Европа аудиовизуалдык обсерваториясынын маалымат базасы ММКга, анын ичинде журналисттерди коргоого тиешеси бар пайдалуу юридикалык маалыматты камтыйт.

- Колумбия университетинин Ой-пикир билдирүү эркиндиги жаатындагы прецедент укугу боюнча глобалдык маалымат базасына дүйнөдөгү ой-пикир билдирүү эркиндиги, анын ичинде журналисттердин коопсуздугу маселелери боюнча чыгарылган жүздөгөн соттук чечимдер киргизилген.

- Оксфорд университетинин Юридикалык факультети эл аралык, регионалдык жана улуттук сот практикасына негизделген Сексуалдык жана гендердик зомбулуктун курмандыктары үчүн зыяндын ордун толтуруу жана укуктук коргоо каражаттары жөнүндө баяндамасын жарыялаган.[32]

## › Улуттук укук коргоо институттары журналисттердин коопсуздугу маселеси менен алектениши керек

Комиссия, Акыйкатчы же башка түрүндө катары белгиленген да, көз карандысыз коомдук улуттук адам укуктары боюнча мекемелер (УАУМ), ошондой эле аялдар журналисттерге карата онлайн асылуу жана кыянаттык менен маселени, анын ичинде журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу маселесин чечүү үчүн ылайыкташтырылып жаратылган. УАУМлер аял журналисттердин коопсуздугуна мониторинг жүргүзүү, билим берүү жана стратегиялык байланыш аркылуу, ошондой эле даттанууларды текшерүү, адам укуктарын бузуунун жана журналисттерге карата кыянаттык менен пайдалануунун алдын алуу аркылуу көңүл бура алат.[33] Мисалы, УАУМлер жеке даттанууларды чечүүгө жана даттануучулар менен мамлекеттик башкаруу органдарынын ортосунда адам укуктарын коргоо милдеттенмесин аткарбагандыгы үчүн ортомчулук кылууга милдеттүү. Мындан тышкары, УАУМлер коомдук билдирүүлөрдү жасай

алат, маалымдуулукту жогорулатуу кампанияларын баштайт, ошондой эле актуалдуу изилдөөлөрдү жарыялай алат.

УАУМлер журналисттерге кол салууларды, анын ичинде интернеттеги куугунтуктарды жана кыянаттыктарды көзөмөлдөө үчүн жакшы жайгаштырылган. Көз карандысыз коомдук институттар катары УАУМлер журналисттердин коопсуздугунун масштабы жана таасири жөнүндө маалымат чогултуу системаларын иштеп чыгуу үчүн жакшы абалда, алар Туруктуу өнүгүү максаттары сыяктуу мамлекеттик саясатты жана эл аралык механизмдерди маалымдай алат.

УАУМлер кээ бир учурларда квази юрисдикциялык компетенцияга ээ, бул аларды коргоо жолдорун сунуштоо жана камсыз кылуу же талаш-тартыштарды чечүүнүн альтернативалуу жолдорунда роль ойноо абалына коет.

Мындай мыйзамдуу эмес каражаттар ачык сот процессине катышууну каалабаган аялдарга гендердик негизде онлайн жана оффлайн режиминде куугунтуктоо учурлары үчүн жагымдуу альтернатива боло алат.

Башка институттар сыяктуу эле, УАУМлер да өз ишинде гендердик мамилени камсыз кылышы керек жана мындай ыкманы натыйжалуу ишке ашыруу үчүн тийиштүү адамдык жана финансылык ресурстарды дайындашы керек.

В некоторых случаях НПЗУ обладают квази-юрисдикционной компетенцией, что дает им возможность рекомендовать и предоставлять средства правовой защиты или участвовать в альтернативном разрешении споров. Такие неюридические средства правовой защиты могут быть более предпочтительной альтернативой в случаях преследования в Интернете и за его пределами в отношении женщин, не желающих участвовать в открытом судебном разбирательстве.

Подобно другим учреждениям, НПЗУ в своей работе должны применять подход, учитывающий гендерные аспекты, и выделять соответствующие людские и финансовые ресурсы для эффективного внедрения такого подхода.

## Мисалдар

**Адам укуктары боюнча акыйкатчынын баяндамаларын даярдоо:** Босния жана Герцеговинанын Адам укуктары боюнча Омбудсмени журналисттерге карата коркунучтардын абалы жана учурлары жөнүндө атайын баяндама чыгарган Special Report on the Status and Cases of Threats against Journalists. Ал журналисттердин коопсуздугу үчүн негизги көйгөйлөрдү, анын ичинде интернеттеги куугунтуктарды жана кыянаттыктарды жана бул көйгөйлөр мамлекет тарабынан канчалык деңгээлде туура чечилгенин аныктайт.[34]

**ММК менен биргеликте отчетторду жарыялоо:** литвалык Сеймас Акыйкатчынын кеңсеси массалык маалымат каражаттары, атап айтканда аймактык радиостанциялардын ассоциациясы менен адам укуктары маселелери боюнча биргелешкен программаларды жүргүзүү үчүн кызматташат. Бул биргелешкен демилгеде радио журналисттер Акыйкатчынын кеңсесинен мазмун киргизүү менен программалоону даярдашат. Бул чара онлайн асылуу жана кыянаттык менен, анын ичинде журналисттерге каршы сөз жана зордук-зомбулук, эркиндиги боюнча маселелерди берүү үчүн аянтчаны сунуш кылат.[35]


## Ресурстар

- ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросунун Аялдардын укуктары жана гендердик теңчилик боюнча Улуттук адам укуктары мекемелер үчүн колдонмосу негизги гендердик агым боюнча пайдалуу кеңештерди берет. Handbook for National Human Rights Institutions on Women's Rights and Gender Equality.[36]

# Шилтемелер

**1** UNESCO, "Intensified attacks, new defences: developments in the fight to protect journalists and end impunity", 2019, https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000371487.
**2** William Horsley, "OSCE Safety of Journalists Guidebook", OSCE RFoM, 2014. p. 23, https://www.osce.org/fom/118052?download=true.
**3** Eleanor Gordon, "Justice and Gender, in Gender and Security Toolkit", DCAF, OSCE, ODIHR, UN Women, 2019, https://www.dcaf.ch/sites/default/files/publications/documents/GSToolkit_Tool-4%20EN%20FINAL_1.pdf.
**4** Michelle Ferrier, "Attacks and Harassment: The Impact on Female Journalists and Their Reporting", International Women's Media Foundation, TrollBusters, 2018, https://www.iwmf.org/wp-content/uploads/2018/09/Attacks-and-Harassment.pdf. Edison Lanza, "Women Jour- nalists and Freedom of Expression: Discrimination and gender-based violence faced by women journalists in the exercise of their profession", IACHR, RFOE, OEA/SER.L/V/II CIDH/RELE/ INF.17/17, 31 October 2018, http://www.oas.org/en/iachr/expression/docs/reports/Women-Journalists.pdf.
**5** UN Sustainable Development Goal 16: Promote peaceful and inclusive societies for sustain- able development, provide access to justice for all and build effective, accountable and inclusive institutions at all levels, 2015, https://sustainabledevelopment.un.org/sdg16.
**6** Келтирилген эмгекте 3 шилтеме, Окуя 5: гендердик жана сот адилеттигин реформалоо (Босния жана Герцеговина).
**7** Barbara Trionfi and Javier Luque Martinez, "Newsroom Best Practices for Addressing Online Violence against Journalists: Perspectives from Finland, Germany, Poland, Spain and the Unit- ed Kingdom", IPI, in co-operation with the OSCE RFoM, June 2019, https://newsrooms-onthe-line.ipi.media/wp-content/uploads/2019/06/IPI-report-online-harassment-06032019.pdf.
**8** Lorraine Andaya Serrano, "Integrating Gender in Project Design and Monitoring for the Se- curity and Justice Sector", in: Gender and Security Toolkit, DCAF, OSCE ODIHR, UN Women, 2019, https://dcaf.ch/sites/default/files/publications/documents/GSToolkit_Tool-15%20EN%20FINAL_0.pdf
**9** Council of Europe, HELP Online Courses, http://help.elearning.ext.coe.int/.
**10** Eduardo Bertoni, "Prevent and Punish: In search of solutions to fight violence against journal- ists", UNESCO, 2015, https://en.unesco.org/sites/default/files/prevent-and-punish_bertoni.pdf.
**11** Catalina Botero, "Guía político-pedagógica sobre la incorporación de la temática de libertad de expresión y de acceso a la información pública en la formación de operadores judiciales en América Latina", UNESCO, 2016, https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000243750.
**12** Rosental Calmon Alves, "Training Judges Online to Safeguard Journalists", in the UNESCO Courier, April – June 2017, https://en.unesco.org/courier/2017-april-june/training-judges-online-safe-guard-journalists.
**13** OSCE RFoM, "OSCE Media Freedom Representative concludes the second Central Asia Judicial Dialogue", March 2020, https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/448045. OSCE RFoM, "Second Expert Meeting - Central Asia Judicial Dialogue, 2020, https://www.osce.org/files/f/documents/0/e/461008_0.pdf
**14** "Reinforcing Judicial Expertise on Freedom of Expression and the Media in South-East Europe (JU-FREX)", Council of Europe, South-East Europe Freedom of expression (JUFREX), https://www.coe.int/en/web/freedom-expression/promoting-freedom-of-expression-in-south-east-europe.
**15** Peter Noolander, "On the safety of journalists and other media actors, for the Conference of Ministers responsible for Media and Information Society", Background paper on the imple- mentation of CM/rec(2016)4, May 2020, https://rm.coe.int/background-paper-safety-of-jour- nalists-and-other-me-dia-actorsfinal/168094b396.
**16** UNESCO, "Legal Standards on Freedom of Expression: Toolkit for the Judiciary in Africa", 2018, https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000366340.

**17** Silvia Chocarro, "International standards on freedom of expression: A basic guide for legal practitioners in Latin America and the Caribbean", Center for International Media Assistance, 2018, https://www.cima.ned.org/resource/international-standards-on-freedom-of-expression-a-basic-guide-for-legal-practitioners-in-latin-america-and-the-caribbean/.
**18** UNESCO, "Caja de herramientas para escuelas judiciales iberoamericanas", 2017, https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000251593.
**19** Dominika Bychawska-Siniarska, "Protecting the Right to Freedom of Expression Under the European Convention on Human Rights", Council of Europe, 2017, https://rm.coe.int/hand- book-freedom-of-expression-eng/1680732814.
**20** Council of Europe, HELP online platform, http://help.elearning.ext.coe.int/
**21** UN Special Rapporteur on Freedom of Opinion and Expression, OSCE Representative on Freedom of the Media, Organization of American States (OAS) Special Rapporteur on Freedom of Expression and African Commission on Human and Peoples' Rights (ACHPR) Special Rap- porteur on Freedom of Expression and Access to Information, "Joint Declaration on Crimes against Freedom of Expression", 25 June 2012, https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/91595.
**22** Ошол эле жерде.
**23** Scott Griffen, "Legal Responses to Online Harassment and Abuse of Journalists: Perspectives from Finland, France and Ireland", OSCE RFoM, March 2019, https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/413552?download=true.
**24** Келтирилген эмгекте 5 шилтеме.
**25** "RSF publishes report on online harassment of journalists", Reporters Without Borders news item, 1 August 2018, https://rsf.org/en/news/rsf-publishes-report-online-harassment-journalists.
**26** Келтирилген эмгекте 23 шилтеме.
**27** Council of Europe, Parliamentary Assembly Resolution No. 2293, "Daphne Caruana Galizia's assassination and the rule of law in Malta and beyond: ensuring that the whole truth emerges", 26 June 2019, http://assembly.coe.int/nw/xml/XRef/Xref-DocDetails-EN.asp?fileid=28053.
**28** Келтирилген эмгекте 2 шилтеме.
**29** Ошол эле жерде.
**30** European Audiovisual Observatory, "Freedom of Expression, the Media and Journalists: Case-law of the European Court of Human Rights", December 2017, https://rm.coe.int/free- dom-of-expression-the-media-and-journalists-iris-themes-vol-iii-de/16807c1181.
**31** Council of Europe, "Human Rights Education for Legal Professionals", August 2017, https://www.coe.int/en/web/help/-/take-the-help-free-online-course-on-reasoning-of-criminal-judgments-.
**32** University of Oxford, "A Report on Reparations and Remedies for Victims of Sexual and Gender Based Violence", REDRESS, January 2016, https://rm.coe.int/freedom-of-expression- the-media-and-journalists-iris-themes-vol-iii-de/16807c1181.
**33** UN General Assembly, Resolution 74/157, "The safety of journalists and the issue of impuni- ty", 18 December 2019, https://undocs.org/A/RES/74/157.
**34** The Institution of Human Rights Ombudsman of Bosnia and Herzegovina, "Special Report on the Status and Cases of Threats Against Journalists in Bosnia and Herzegovina", June 2017, https://www.ombudsmen.gov.ba/documents/obmudsmen_doc2017082415202346eng.pdf.
**35** OECD, "The Role of Ombudsman Institutions in Open Government: OECD Working Paper on Public Governance No. 29", 2018, https://www.oecd.org/gov/the-role-of-ombudsman-institutions-in-open-government.pdf.
**36** OSCE ODIHR, "Handbook for National Human Rights Institutions on Women's Rights and Gender Equality", 2012, https://www.osce.org/odihr/97756?download=true.




# Укук коргоо органдары

# Сунушталган иш-аракеттер

1. Укук коргоо органдарынын кызматкерлерин гендердик көйгөйдү эске алуу менен журналисттердин коопсуздугу маселеси боюнча даярдыгынын сапатын жогорулатуу

2. Коркунучтардын жана куугунтуктун тобокелдигин баалоодо гендердик жагдайларды карап чыгуу жана жакшыртуу;

3. Журналисттерге жана сөз эркиндигине каршы кылмыштарды иликтөөнүн протоколдорун, ыкмаларын жана жол-жоболорун күчөтүү;

4. Журналисттердин коопсуздугу боюнча укук коргоо органдарынын, массалык маалымат каражаттарынын жана жарандык коомдун ортосунда диалогду жана координацияны күчөтүү.

# 4. Укук коргоо органдары
## Коргоо жана эффективдүү тергөө ыкмаларын өркүндөтүү

Бул бөлүмдө журналисттерди коргоо жана аларга каршы кылмыштарды натыйжалуу иликтөө боюнча милдеттерди аткарууга тийиш болгон мамлекеттик органдар: укук коргоо органдары каралат. Аял журналисттер өз иштерине байланыштуу ар кандай тобокелдиктерге туш болушат, бул алардын коопсуздугуна гендердик мамилени талап кылат. Санариптик чөйрөдө журналисттерге каршы жасалган кылмыштарды иликтөө дагы эле өнүгүп келе жаткан тармак. Интернетте адам укуктарын коргоо жана ишке ашыруу, анын ичинде сөз эркиндиги жана купуялуулук укугу бузулбашы үчүн, онлайн практикага каршы ар кандай жаңы сунуштар кылдаттык менен бааланышы керек.

Бул бөлүмдө журналисттерге каршы кылмыштарды натыйжалуу иликтөө боюнча рекомендациялар жана колдонуудагы стандарттар, анын ичинде ЕККУнун Министрлер Кеңешинин №3/18 Чечиминде OSCE Ministerial Council Decision No. 3/18, жазылган, аял журналисттер карата гендердик негизде онлайн куугунтуктоону жана зомбулукту жүргүзүүнүн спектрин чечүү үчүн сунуштамаларды камтыйт. Мындан тышкары, ал укук коргоо органдары бул сунуштарды ишке ашыруу үчүн эң аз дегенде көрүшү керек болгон кадамдарды сунуштайт.

**ЕККУнун Министрлер Кеңешинин №3/18 Чечими OSCE Ministerial Council Decision No. 3/18 мамлекеттерди «мамлекеттик органдарды жана укук коргоо органдарын журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу зарылчылыгы менен байланышкан маалымдоо жана окутуу иш-чараларын жүргүзүүнү кубаттоого жана зарыл болгон учурларда жарандык коомду мындай иштерге тартууга көмөктөшүүгө» чакырат.**

## › Гендердик мамилени эске алуу менен журналисттердин онлайн коопсуздугун укук коргоо органдарына окутууну күчөтүү

Укук коргоо органдарынын кызматкерлери ар дайым адам укуктарынын эл аралык стандарттарын жана журналисттердин күнүмдүк ишинде коопсуздугун эске албашы мүмкүн болгондуктан, окутуу программалары журналисттердин укуктарын, алар туш болгон коркунучтардын чөйрөсүн жана жооп берүү куралдарын жакшыраак түшүнүүгө жардам берүүдө конструктивдүү ролду ойношу мүмкүн.[1] Мындай программалар бир нече компоненттен туруп, аял журналисттер Интернетте же жашоодо кол салууга учураса ал программалардын жардамы менен компетенттүү органдарга маалымат бере ала тургандай жол-жоболорду иштеп чыгуу боюнча сунуштамаларды камтышы керек. Ошону менен катар бул программалар адамга жаракат алган кол салуу тажрыйбасын кайрадан эстөөгө мажбур болгондо (кайталанган виктимизация деген ат менен белгилүү болгон) институционалдык жүрүм-турумдун алдын алуу боюнча чараларды да камтышы керек.[2] Технологияларды ишке ашыруунун жалпы концепциясы, аларды колдонуудагы чектен ашуулар жана ал берген артыкчылыктар, ошону менен бирге укуктук жана техникалык аспекттери боюнча методикаларды жана билимди

камтыган практикалык модулдар Интернетте гендердик негиздеги куугунтуктоонун жана кыянаттыктардын ар түрдүү көрүнүштөрүн, ошондой эле Интернеттеги коркутуулар жана куугунтуктар интернеттен тышкары жасалган кылмыштарга кандай амалдар көрүлсө ошондой эле чаралар колдонула турган конкреттүү кырдаалдарды чагылдырышы керек.[3]

Мындай даярдык аталган укук бузуулар менен иштешкен бардык тиешелүү укук коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн милдеттүү болушу керек, атап айтканда мындай кылмыштар жөнүндө маалыматтарды кабыл алган полиция кызматкерлери жана тергөөчүлөр. Даярдык көрүү программалары да так мөөнөттө даяр болушу абзел. Теңчилик жана басынтпоо жөнүндө модулдар аялдардын адилеттикке жеткиликтүүлүгүнө кедерги болгон факторлорду жоюуну, атап айтканда жазык сот адилеттиги системасында структуралык жана багыттуу басынтуу боюнча чараларды камтышы шарт.

Эң маанилүүсү – аял журналисттердин Интернетте кандай конкреттүү тобокелчиликтерге жана коркунучтарга такай туш болууда, алардын тобокелчиликтери жана коркунучтары эркек журналист коллегаларына караганда эмнеси менен айырмаланууда – ошонун алдын алуу жана аныктоо чаралары.

Укук коргоо органдары Интернетте жана андан тыш жерде болушу мүмкүн болгон өмүргө коркунуч же денеге кол тийбестикке, анын ичинде зордуктоого жана башка кылмыштуу жүрүм-турумга карата көңүл бурууга артыкчылык бериши керек.[4]

Укук коргоо органдарынын кызматкерлери интернеттеги гендердик куугунтуктоонун жана кыянаттыктын терс таасирлерин алдын алуу жана азайтуу боюнча практикалык чараларды жакшы билиши керек.

Алар, мисалы, журналисттердин санариптик эсептерине уруксатсыз кирүүгө жол бербөө үчүн санариптик коопсуздук куралдары берген мүмкүнчүлүктөрдү билиши зарыл. Бийлик ошондой эле журналисттердин ишмердүүлүгүнүн уникалдуу аспектилерин билүүсү шарт, мисалы, булактарды коргоонун өтө зарылдыгы жана ар кандай куугунтуктоо, кыянаттык жеке жана кесиптик жашоосундагы тийгизген таасири.

Тренингди даярдоо маалында укук коргоо органдары тарыхый шартталган жана гендердик зордук-зомбулук менен куугунтуктоонун курмандыктары болууда аялдарды күнөөгө жыгуу мүмкүнчүлүгү басымдуу бойдон калгандыгын эске алышы маанилүү.  Мындай окуялар жөнүндө кабар берүү жана билдирүүлөрдү караштыруу психологиялык жактан кнчалык деңгээлде оор экендигин аңдоо өтө маанилүү.  Интернетте кыянаттыктар жөнүндө маалыматтарды жана журналист аялдар билдирген башка окуяларды тоготпоонун себеби эмне – аны аныктоо, аялдарга кол салуудан жана ошондой жаман окуялардан коргоо боюнча чаралар иштелип чыгуусу зарыл.

Мындан тышкары, укук коргоо органдарынын кызматкерлери айрым аракеттер кылмыш босогосуна жооп бербегенде да, журналист аялдарды колдоо боюнча чараларды колдонуу боюнча тренингдерди жана маалыматтарды алышы керек.

## Мисалдар

**Полицияга онлайн окутууну камсыз кылуу:** Швециянын полиция органы Уппсала университети менен биргеликте полиция кызматкерлери үчүн жек көрүү кылмыштары менен күрөшүү, сөз эркиндигине, басма сөз эркиндигине жана журналисттердин, пикир лидерлеринин жана саясатчылардын негизги укуктары менен

эркиндиктерине кайрылуу боюнча онлайн тренингди баштады online training for police officers.[5]

**Полиция үчүн колдонмолорду жарыялоо:** Канаданын Адилет министрлигинин полиция жана королдуктун прокурорлору үчүн кылмыш ишин куугунтуктоо боюнча колдонмосунда Интернетте пайда болгон куугунтуктоонун ар кандай түрлөрүн жана мындай кылмыштарды иликтөө үчүн аткарыла турган ар кандай мыйзамдарды жана процедураларды көрсөткөн.[6]

## Ресурстар

- ЮНЕСКО тарабынан басылып чыккан Freedom of Expression and Public Order сөз эркиндиги жана коомдук тартип боюнча окуу куралы күч түзүмдөрүнүн кызматкерлерин адам укуктарын жана сөз эркиндигин сактоо менен коомдук тартипти сактоонун каражаттары менен жабдууну, ошону менен бирге журналисттердин коопсуздугун камсыздоону көздөйт.[7] Колдонмо БУУнун журналисттердин коопсуздугу жана жазасыз калуу маселеси боюнча иш-аракеттер планын ишке ашыруунун алкагында көптөгөн өлкөлөрдө, анын ичинде Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстанда семинарларда жана окуу курстарында колдонулган.[8]

- Укук коргоо органдарына журналист-аялдарга карата онлайн куугунтуктарды жана кордоолорду жакшыраак иликтөөгө жардам берүү үчүн, «Артикль 19» укук коргоо укук коргоо уюму журналист аялдардын онлайн куугунтугун жана кордолушун иликтөө боюнча саясаттын кыскача баяндамасын даярдады Investigating online harassment and abuse of women journalists.[9]

## › Коркутуулардын жана куугунтуктардын тобокелдигин баалоодо гендердик жагдайларды карап чыгуу жана жакшыртуу

Аялдар оффлайн режиминде туш болгон дискриминация жана теңсиздик көбүнчө интернетте кайталанат. Укук коргоо органдары бул жагдайлардан кабардар болушу керек, айрыкча журналисттердин коомдогу нормаларга жана гендердик стереотиптерге каршы жүрүм-турумду ашкерелеп үн катышы аларды кошумча тобокелге салышы мүмкүн.

Укук коргоо органдары журналисттерге онлайн жана оффлайн коркунучтарынан келип чыккан тобокелдик деңгээлин баалоо үчүн колдонгон процедураларды жана чараларды комплекстүү карап чыгышы зарыл. Бул талдоо эки чөйрөнүн ортосундагы байланышты кошо алганда, онлайн жана оффлайн режиминде сөзсүз түрдө кылмыштуу жүрүм-турум катары классификацияланбаган коркунучтардын ар кандай түрлөрүнө дайындалган тобокелдик деңгээлин камтышы керек. Мындай комплекстүү талдоо журналисттерге каршы болгон коркунучтарды жана тобокелдиктерди иликтөө жана жооп кайтаруу боюнча бийлик органдарынын иш-аракетин жетектөөчү методдордун, процедуралардын жана стандарттардын жыйындысы катары түшүнүлгөн протоколду иштеп чыгуу максатында практиканы түзүшү керек.[10]

Укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан көрсөтүлгөн бардык коркунучтар жөнүндө отчеттордо баа берүүнүн жана сунушталган чаралар деталдуу сүрөттөлүшү зарыл, ошондой эле журналисттер жана гендердик эксперттер, эгерде бар болсо, баалоого же иликтөөгө катышкан ар кандай фактылык, контексттик жана гендердик ойлорду камтууга тийиш.

Тобокелдиктерди баалоодо стереотиптер, дискриминация, сабырсыздык, сексуалдык мүнөздөгү коркутуулар сыяктуу жүрүм-

турум үлгүлөрүн жана окуянын гендердик аспектилерин камтыган жана эске алуу бөлүмү болушу зарыл. Бул маалымат кийинки аракеттерди аныктоо жана журналист аялдарга карата онлайн куугунтуктун жана зомбулуктун ар кандай көрүнүштөрүнө байланыштуу маалыматтарды чогултууну күчөтүү үчүн колдонулушу керек.

Укук коргоо органдарынын функциялары журналист аялдарга карата онлайн куугунтукка жана зомбулукка каршы саясат чараларын жакшыраак түшүнүүгө жана иштеп чыгууга салым кошо алат. Бийликтер бул маселеге байланыштуу маалыматтарды чогултууну жана талдоо жүргүзүүнү тапшырышы же колдоого алышы керек,[11] 11 Бул иш маалыматтарды коргоо боюнча милдеттенмелерди жана купуялуулукту коргоо стандарттарын так сактоо менен алдын алуучу жана тергөөчү жоопторду жетектеп, күчөтүшү мүмкүн. Окуя тууралуу кабарлаган журналисттерге алардын маалыматын колдонуу жана иштетүү, ошондой эле мыйзам бузуулар же кыянаттыктар болгон учурда алар колдоно ала турган чаралар жөнүндө так маалымат берилиши керек.

## Мисалдар

**Коркунучтарды жана тобокелдиктерди баалоо үчүн протоколдорду түзүү:** Тобокелдиктерге баа берүү үчүн үлгү протоколун иштеп чыгуу[12] жана укук коргоо органдары алардын ишине байланыштуу өзгөчө коркунучтарга дуушар болгон журналисттерге берип жаткан жоопторду биргелешип жакшыртуу максатында, БУУнун соттон тышкаркы иштер боюнча атайын баяндамачысы, кыска же ээнбаш өлүм жазасына тартуу мамлекеттерди журналисттердин коркунучтары менен тобокелдиктерин иликтөөдө, баалоодо жана/же жооп кайтарууда жакшы тажрыйбаларды чогултууну колдоого чакырды. Мындай протоколдор журналисттер

туш болгон коркунучтар жана тобокелдиктер жөнүндө санариптик жана технологиялык түшүнүктөрдү камтышы керек.

### › Журналисттерге жана сөз эркиндигине каршы кылмыштарды иликтөөнүн протоколдорун, ыкмаларын жана жол-жоболорун күчөтүү

Журналисттерге кол салууларды иликтөөнү күчөтүү жазасыз калуу менен күрөшүү үчүн маанилүү, бирок муну жасоодо аялдар менен эркектер дуушар болгон ар кандай көрүнүштөргө, таасирлерге жана тобокелдиктерге жооп берген гендердик мамилени киргизүү маанилүү.[13]

Журналисттерге каршы кылмыштардын жазасыз калтырбоо чындыкты аныктоого багытталган кылдат, калыс жана натыйжалуу иликтөөлөрдү жана журналисттерге каршы кылмыш жасаган бардык күнөөлүүлөрдү издөөнү, камакка алууну, кылмыш ишин козгоону жана акырында жазалоону талап кылат.[14]

Укук коргоо органдары көрүүгө тийиш болгон чаралардын бири – журналисттерге каршы кылмыштарды иликтөө үчүн милиция менен прокуратуранын спецификалык бөлүмдөрүн түзүү же журналисттерге каршы кылмыштарды иликтөөнүн артыкчылыктуулугун жана адистештирүүсүнө мүмкүндүк берген ушул сыяктуу жана адекваттуу иш-чаралардын планын түзүү. Бул бөлүмдөр же атайын иш-аракеттер жалпы жакшы тажрыйбалар аркылуу иштелип чыккан методдорго, процедураларга же протоколдорго негизделиши керек.

Андан кийин укук коргоо органдары журналист аялдарга каршы кылмыштарды иликтөө жана тобокелдиктерди баалоо үчүн артыкчылыктуу ресурстарды алышы зарыл. Мындан тышкары, аларга

журналисттерге каршы кылмыштарды иликтөө, эреже катары, жабырлануучунун журналисттик ишмердүүлүгүнө байланышкан иликтөө линиясын түгөтүүнү камтыган стандарттардын, жол-жоболордун жана протоколдордун адистештирилген комплексин иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн берүү керек. Укук коргоо органдары бул

суроо-талапка баш ийбөө жана аягына чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алган учурда, алар бул чечимди жазуу жүзүндө негиздеп, жогору турган кызмат адамы тарабынан бекитилиши керек. Журналист аялдардын катышуусунда гендердик жагдайлар баяндамада баса белгилениши керек.

Интернеттеги коркутуулар жана куугунтуктар оффлайн режиминдеги кылмыштар сыяктуу эле каралышы керек болгон кылмыштуулукка барабар болгондо, укук коргоо органдары алдын алуу үчүн колдонулуучу бардык жол-жоболордон жана бул кылмыштарды иликтөөдө алынган мыкты тажрыйбаларды жана сабактарды аныктоо үчүн тергөөнүн жана алдын алуу чараларынын учурдагы протоколдорун баалашы керек. Мындай баалоо зомбулукка кабылган адамдар менен иштеген уюмдардын жана эксперттердин, ошондой эле жазык сот адилеттигинин системасына жетүүдө тоскоолдуктарды башынан өткөргөн журналист-аялдардын катышуусунан пайда ала алат.

## Мисалдар

**Сунуштамалар менен жогорку деңгээлдеги соттук жетекчиликти камсыз кылуу:** Улуу Британиянын Королдук прокуратурасы өзүнүн 2018-жылдагы "Социалдык медиа – социалдык медиа аркылуу жөнөтүлгөн билдирүүлөргө байланыштуу иштерди куугунтуктоо боюнча көрсөтмөлөр" Social Media – Guidelines on prosecuting

cases involving communications sent via social media аттуу жарыялоосу аркылуу социалдык медиа аркылуу жөнөтүлгөн билдирүүлөргө байланыштуу иштер боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн көрсөтмөлөр кылмыш иштери катары каралышы мүмкүн.[15]

**Жоопкерчиликтүү тараптарды дайындоо:** Косово полициясы журналисттерге кол салууларды жана коркутууларды иликтөө ишин өзүнүн Оор кылмыштар боюнча департаментине дайындалган. Буга байланыштуу Косовонун Приштинанын Биринчи инстанциядагы соту журналисттердин иштери боюнча координаторду дайындады.[16]

## Ресурстар

- Бир катар жарандык коом уюмдары Прокуратура менен бирге Мексикада сөз эркиндигине каршы кылмыштарды иликтөө үчүн атайын протокол кабыл алышты. Ал тергөөнүн жана далилдерди чогултуунун оперативдүү стандарттарын, ар кандай органдардын ортосундагы кызматташтыкты жана максаттуу адамдарды тиешелүү кызматтар менен багыттоо жана байланыштыруу чараларын камтыйт.[17]

- Investigating Online Harassment and Abuse against Women Journalists «Артикль 19» укук коргоо уюмунун кыскача баяндамасында Журналисттерди онлайн куугунтуктоону жана кыянаттык менен пайдаланууну иликтөөдө журналист аялдардын онлайн куугунтугуна жана кордолушуна каршы күрөшүү жана онлайн куугунтукка жана зомбулукка каршы натыйжалуу иликтөө жүргүзүү боюнча мамлекеттин милдеттенмелеринин чөйрөсү каралат.[18]

### › Укук коргоо органдарынын, массалык маалымат каражаттарынын жана жарандык коомдун ортосунда журналисттердин коопсуздугу боюнча диалогду жана координацияны күчөтүү

Коомчулуктун мыйзамдын үстөмдүгүнө болгон ишенимин бекемдөө жана гендердик басмырлоо менен натыйжалуу күрөшүү үчүн укук коргоо органдары полициянын, прокуратуранын, медиа уюмдарынын жана жарандык коомдун ортосундагы координацияны илгерилетиши, көмөктөшүүсү жана кубаттоосу керек. Интернетте жана/же офлайн режиминде кол салууларга жана кылмыштарга кабылган журналисттер кылмыш жөнүндө полицияга кабарлашы керек.

Бул тараптардын ортосундагы диалогдор журналисттерге каршы кылмыштардын жазасыз калуунун түпкү себептерин жоюуга басым жасашы жана адам укуктарын ишке ашырууда, ошону менен катар журналисттердин укуктарына коркунуч келтирүүдө технологиянын ролун чечүүгө багытталышы керек. Эгерде укук коргоо органдары басынтуулар жана структуралык тоскоолдуктар менен күрөшүү үчүн процедураларды иштеп чыгууга же ишке ашырууга умтулса, бардык тараптар Интернетте кол салууга дуушар болгондордон жана куугунтуктоого менен кыянаттыкка кабылган адамдарга колдоо көрсөткөн топтордон маалымат алуу өтө маанилүү экендигин түшүнүшү керек.

Диалог куруучулардын ортосундагы аракеттешүү отчеттуулукту камсыз кылуунун жана калыбына келтирүүнүн жаңы ыкмаларын жана жол-жоболорун иштеп чыгууга же колдонуудагы жол-жоболорду өркүндөтүүгө багытталышы керек.

Ошондой эле укук коргоо органдары эл аралык кызматташуу боюнча демилгелерге катышса болот, мисалга, Кылмыштуулуктун алдын алуу

жана Кылмыш-жаза сот адилеттиги боюнча Комиссия жетектеген БУУнун Баңгизаттар жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгынын (UNODC) уюштурган демилгелерине катыша алат.

Мындай демилгелер журналисттерге каршы кылмыштардын жана кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча тажрыйба, билим жана кылмыш укугунун методдору жөнүндө тажрыйба алмашуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берет жана жарандык коом менен ЖМКнын катышуусунда ишке ашырылышы керек.

## Мисалдар

**Тергөөлөрдү натыйжалуу кылуу үчүн кызматташуу:** Голландиянын полициясы жана прокуратурасы Голландиянын Башкы редакторлор коому менен биргеликте журналисттерге кол салууларды иликтөөнүн натыйжалуулугун арттырууну макулдашты, анын ичинде кол салуулурды такай каттоо, журналисттерге кол салуу маселесин карооого артыкчылык берүү жана жабырлануучулар үчүн маалыматты ачык жана жеткиликтүү кылуу чараларын кабыл алуу да каралды.[19]

**Биргеликте аракеттешүү үчүн жалпы платформа түзүү:** Европалык Басма сөз жана ММК эркиндиги борбору (ECPMF) полиция менен медиа уюмдардын ортосундагы кызматташтыкты жакшыртуу үчүн policecodex.eu ресурсун түздү.[20] Бул кодекс полиция кызматкерлеринин журналисттик ишмердикке кантип реакция кылуу керектиги, журналисттер менен кантип иш алып барышы жана аракеттешүүсү керектиги боюнча сегиз методикалык сунуштамадан турат. ECPMFнин изилдөөсүнүн жыйынтыгы боюнча көрсөтүлгөн сунуштамалар Европа өлкөлөрүндөгү эки кесиптик

топтун ортосунда пайда болуучу өтө актуалдуу талаш-тартыштуу маселелерди камтыйт.

**Диалогду өркүндөтүү үчүн биргелешкен тренингдерге көмөктөшүү:** ЮНЕСКО Украина, Непал, Тунис, Сенегал, Танзания, Сомали, Буркина-Фасо жана Тунис сыяктуу ар түрдүү өлкөлөрдө укук коргоо органдарынын кызматкерлери жана журналисттери үчүн структураланган диалогдорду жана семинарларды өткөрдү.[21]

**Диалогго көбүрөөк катышуучуларды чакыруу:** Кылмыштуулуктун алдын алуу жана жазык сот адилеттиги боюнча UNODC Комиссиясы журналисттердин коопсуздугу боюнча диалогдорду өткөрөт, ага өкмөттөрдүн жана жарандык коомдун өкүлдөрү кирет.[22]

**Потенциалдуу максаттар менен көйгөйлөргө негизделген тренингдерди өткөрүү:** ЕККУнун Трансулуттук коркунучтар боюнча департаменти Армениядагы полицияны демонстрациялар учурунда жарандык коом менен диалогду жакшыртууга, анын ичинде демонстранттарга өзгөчө көңүл бурууга үйрөттү.[23]

## Ресурстар

- Украинада укук коргоо органдарынын кызматкерлери менен журналисттердин ортосундагы бир катар семинарлардан кийин, ЮНЕСКО өз тажрыйбасы менен бөлүшүү үчүн баяндама жана видеону жарыялады.[24]

## Шилтемелер

**1** UN Special Rapporteur on Freedom of Opinion and Expression, OSCE Representative on Freedom of the Media, Organization of American States (OAS) Special Rapporteur on Freedom of Expression and African Commission on Human and Peoples' Rights (ACHPR) Special Rap- porteur on Freedom of Expression and Access to Information, "Joint Declaration on Crimes against Freedom of Expression", 25 June 2012, https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/91595.
**2** UN General Assembly Resolution 74/157, "The safety of journalists and the issue of impuni- ty", 18 December 2019, https://undocs.org/A/RES/74/157.
**3** OSCE RFoM, "Communiqué on the growing safety threat to female journalists online", 6 February 2015, https://www.osce.org/fom/139186?download=true.
**4** "New Challenges to Freedom of Expression: Countering Online Abuse of Female Journalists", OSCE RFoM, 2016, https://www.osce.org/fom/220411.
**5** Council of Europe, "How to protect journalists and other media actors? Implementation Guide to selected topics under the Protection and Prosecution pillars of the Guidelines of Recommenda-tion CM/Rec(2016)4 on the protection of journalism and safety of journalists and other media actors", DGI(2020)11, 2020, p. 21, https://rm.coe.int/safety-implementation-guide- en-16-june-2020/16809ebc7c.
**6** "A Handbook for Police and Crown Prosecutors on Criminal Harassment", Government of Cana- da, Department of Justice, https://www.justice.gc.ca/eng/rp-pr/cj-jp/fv-vf/har/part1.html#cybstalk.
**7** UNESCO, Freedom of Expression and Public Order: Training manual, Tunis, 2015, https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000231305.
**8** "Almaty Training on Freedom of Expression and Public Order", UNESCO news item, 9 December 2019, https://en.unesco.org/news/almaty-training-freedom-expression-and-pub- lic-order.
**9** ARTICLE 19, "Investigating online harassment and abuse of women", 2020, https://www.ar- ticle19.org/https://www.article19.org/wp-content/uploads/2020/10/Gender-Paper-Brief-3-.pdf.
**10** UN Human Rights Council, Report of the Special Rapporteur on extrajudicial, summary or arbitrary executions, "Investigation of, accountability for and prevention of intentional State killings of human rights defenders, journalists and prominent dissidents", A/HRC/41/CRP.1, 19 June 2019, https://ap.ohchr.org/documents/dpage_e.aspx?si=A/HRC/41/36.
**11** OSCE RFoM, "Recommendations following the Expert Meeting New Challenges to Freedom of Expression: Countering Online Abuse of Female Journalists", 17 September 2015, https://www.osce.org/fom/193556?download=true.
**12** Келтирилген эмгекте 10 шилтеме.
**13** Келтирилген эмгекте 1 шилтеме.
**14** UN General Assembly, Resolution 39/6, "The safety of journalists", 27 September 2018, https://undocs.org/A/HRC/RES/39/6.
**15** "Social Media - Guidelines on prosecuting cases involving communications sent via social media", The Crown Prosecution Service, https://www.cps.gov.uk/about-cps.
**16** Petrit Çollaku, "Kosovo Indicators on level of media freedom and journalists' safety", Associ- ation of Journalists of Kosovo, 2018.
**17** Procuraduría General de la República, Estados Unidos Mexicanos, "Protocolo homologado de In-vestigación de delitos cometidos contra la libertad de expresión", October 2018, https://www.gob.mx/cms/uploads/attachment/file/444272/Protocolo_homologado_de_investigaci_n_de_delitos_cometi-dos_contra_la_libertad_de_expresi_n.pdf.
**18** ARTICLE 19, "Investigating online harassment and abuse of women", 2020, https://www. article19.org/wp-content/uploads/2020/10/Gender-Paper-Brief-3-.pdf.
**19** "Agreement of the Steering Group on Aggression and violence against journalists" (Unof- ficial translation by Tarlach McGonagle), The Hague, 2018, https://www.ivir.nl/publicaties download/

Agreement-of-the-Steering-Group-on-Aggression-and-violence-against-journalists- EN-translation.pdf. All information related to the safety "mechanism" in The Netherlands is now available in this website, in Dutch: https://www.persveilig.nl/.

**20** The European Centre for Press and Media, The Press Freedom Police Codex, https://policecodex.eu/.

**21** "UNESCO partners with Tunisian Ministry of the Interior to improve safety of journal- ists", UNESCO news item, 2019, https://fr.unesco.org/news/l%E2%80%99unesco-et-le- minist%C3%A8re-de-l%E2%80%99int%C3%A9rieur-de-la-tunisie-coop%C3%A8rent-pour- am%C3%A9liorer-la-s%C3%A9curit%C3%A9-des.

**22** "The Safety of Journalists: Report on UNODC CCCPCJ Side-Event", Academic Council of the United Nations System, 7 July 2014, https://acuns.org/the-safety-of-journalists-report-on-unodc-cccpcj-side-event/.

**23** "OSCE Transnational Threats Department / Strategic Police Matters Unit introduces concept of dialogue policing to senior police officers and parliamentarians in Armenia", OSCE polis, November 2019, https://polis.osce.org/osce-introduces-concept-dialogue-policing-senior-police-officers-and-parliamentarians-armenia.

**24** "Film on the training of Ukrainian law enforcement officers on freedom of expression & safety of journalists", UNESCO news item, 11 April 2018, https://en.unesco.org/news/ film-training-ukrainian-law-enforcement-officers-freedom-expression-safety-journalists.



# Мамлекеттер аралык уюмдар

# Сунушталган иш-аракеттер

1. Журналисттердин коопсуздугуна тийиштүү адам укуктарынын стандарттарына жана механизмдерине негизги гендердик-сезимтал ыкмаларды сиңдирүү;

2. Журналисттердин коопсуздугу боюнча эл аралык стандарттарды ишке ашыруудагы боштуктарды толтуруу максатында мамлекеттерге колдоо көрсөтүү;

3. Интернеттеги аял журналисттердин коопсуздугу боюнча демилгелерди жана изилдөөлөрдү маалымдай ала турган кабарларды арттырууга жардам берүү;

4. Таасирин күчөтүү үчүн катышуучулардын кызматташуусуна жана координациясына артыкчылык берүү.

## 5. Мамлекеттер аралык уюмдар

Стандарттарды белгилөөдөн тартып мамлекеттерге көмөк берүүгө чейин

Бириккен Улуттар Уюму (БУУ) сыяктуу глобалдуу мүнөзгө ээ болобу же Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму (ЕККУ) сыяктуу регионалдык багытка ээ болобу, мамлекеттер аралык уюмдар (МАУ) адам укуктарынын, анын ичинде аял журналисттердин коопсуздугуна таасир тийгизген, эл аралык стандарттарын бекемдөөдө маанилүү ролду ойной алат. МАУлар өз мүчөлөрүнө же катышуучу мамлекеттерге ушул стандарттарды өлкө деңгээлине чыгарууда көмөк бере алат. Бул бөлүк МАУлар интернеттеги аял журналисттердин коопсуздугу боюнча аракеттерин күчөтө ала турган сунуштарын  камтыйт.

**OSCE Ministerial Council Decision No. 3/18 ЕККУнун Министрлер кеңешинин № 3/18 чечими мамлекеттирди "ЕККУнун  эркиндиги боюнча өкүлү менен толук кызматташууга, анын ичинде журналисттердин коопсуздугу маселеси жана журналисттердин коопсуздугун туруктуу коргоо менен илгерилөөсүн  кубаттого" чакырат.**

## › Журналисттердин коопсуздугу боюнча адам укуктарынын стандарттарына жана механизмдерине негизги гендердик сезимтал ыкмаларды сиңдирүү

Акыркы жылдарда журналисттердин коопсуздугу тууралуу эл аралык стандарттардын жана милдеттенмелердин саны көбөйдү жана ушул тексттердин көпчүлүгүндө аял журналисттерге өзгөчө көңүл бурулду. БУУнун резолюциялары жана ЮНЕСКОнун милдеттенмелери, мисалы, офлайн жана онлайн режиминде аял журналисттер дуушар болгон өзгөчө коркунучтарды чечүү зарылдыгын бара-бара белгилейт. ЕККУ сыяктуу регионалдуу уюмдар да журналисттердин коопсуздугу боюнча тексттерине журналист аялдардын коопсуздугу боюнча маселесин киргизишти.

Бул көңүл буруунун көбөйүшүү журналисттердин коопсуздугу жана сөз эркиндиги ажырагыс бөлүгү катары аял журналисттердин коопсуздугу тууралуу ой жүгүртүүдөгү оң бурулушту билдирет. Бирок, дагы эле бардык стандарттарда гендердик сезимтал мамилеге  комплексттүү мамиле көрүүгө умтулуу зарыл, бул мамиле  журналист аялдардын корголушуна гана эмес, ошондой эле алардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө көмөктөшөт.  Албетте, аялдардын үнү бул жараяндын бир бөлүгү болушу керек.

Журналисттердин коопсуздугу боюнча маселелерди караган БУУнун жана регионалдык адам укуктары боюнча көптөгөн механизмдер жана башка демилгелер бар. Тилекке каршы, алардын бардыгында толук интеграцияланган гендердик-сезимтал мамилелер жок, же интернеттеги куугунтуктоо менен кыянаттык журналисттердин иши менен жашоосуна кандай таасир этээрине, ошондой эле бул түйүндүү маселе кандайча чечилерине жооп бериле элек. Гендердик мамилени  күчөтүү үчүн БУУнун координациялык демилгелери Журналисттердин Коопсуздугу жана

Жазасыз Калуу Көйгөйү боюнча Иш-аракеттер Планы UN Plan of Action on the Safety of сыяктуу жана журналисттердин коопсуздугу боюнча БУУнун негизги пунктары колдонулса болот.

Мындан сырткары, МАУнун ичинде колдонуудагы адам укуктарын коргоо механизмдеринде кандайдыр бир даражада Интернетттеги аял журналисттердин коопсуздугуна көңүл бурууну күчөтүү үчүн ыкчам жооп кайтарууну камсыз кылуучу мүмкүнчүлүктөр бар. Ошондой эле МАУнун органдары аял журналисттерге карата саны көбөйүп жаткан коркунучтардын оордугун таануу менен жаңы тез жооп кайтаруу механизмдерин караштырышы мүмкүн.

## Мисалдар

**Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы (БУУ БА) тарабынан макулдашылган жоболорду ишке ашыруу:** Мисалы, 2019 жылдагы БУУ БАнын 74/157 резолюциясы UNGA Resolution 74/157 бардык алдын ала сактоо жана коргоо чараларында, тергөө процедураларында жана журналисттерге карата зордук-зомбулук көрсөткөндүгү үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартууда "гендердик сезимтал" ыкмаларын сиңирген стандарттарды койгон.[1] МАУлар ошол эле стандарттарды колдонушу зарыл.

**Журналисттердин коопсуздугу боюнча көз карандысыз МАУ-функцияларын колдоо: ЕККУнун сөз эркиндиги боюнча өкүлүнүн (СЭӨ) 1997-жылдагы мандатында мындай деп айтылат:** "Ал эрте эскертүүчү функцияны өзүнө алат. Ал "башка нерселерден тышкары" массалык маалымат каражаттарына тоскоолдук кылуу жана журналисттер үчүн ыңгайсыз иштөө шарттарынан келип чыккан олуттуу көйгөйлөр менен күрөшөт.".[2] Өкүлдүн күнүмдүк иши

окуяларга баа берүүнү жана көңүл бурууну камтыйт. ЕККУ 2004 жылдан бери гендер ыкмаларын жалпы иштин агымына киргизген.[3] ММКнын 2015 жылы Интернеттеги журналист аялдардын коопсуздугу боюнча долбоорун (#SOFJO) баштаган,[4] жана ЕККУнун 2018 жылдагы Министрлер кеңешинин журналисттердин коопсуздугу боюнча №3/18 чечими OSCE Ministerial Council Decision аял журналисттер дуушар болгон өзгөчө тобокелдиктерди тааныйт жана катышуучу мамлекеттерди аялдарга каршы кол салууларды оффлайн жана онлайн режиминде ачык айыптоого чакырат.[5]

## Ресурстар

- ЕККУ гендердик ыкмалары менен өз ишин камсыз кылуу үчүн ар кандай түрдөгү демилгелерге жана иш-чараларга гендер ыкмаларын интергациялоо жолдору боюнча бир нече колдонмо жарыялады. ММКӨү ЕККУнун Туруктуу Кеңешине жарым жылдык отчётторунда reports by the RFoM to the Permanent Council of the ар бир отчёттук мезгилде көтөрүп чыккан иштерди жана жалпы маалымдоонун эркиндигине болгон коркунучтарды көрсөтөт.[6]

- Гендер перспективаларын БУУнун тутумундагы бардык саясаттарга жана программаларга сиңдирүү боюнча сунуштоолор БУУнун толук камтылган сунуштамалары Экономикалык жана Социалдык Кеңешинин 2019/2 резолюциясында UN Resolution 2019/2 жеткиликтүү.[7]

- «Артикль 19» багыттамасы Жазасыздыкты токтотуу: журналисттердин коопсуздугу боюнча БУУнун стандарттарына жараша учурдагы милдеттенмелерди жалпылайт да жана журналисттердин коопсуздугу боюнча эл аралык стандарттарына

гендердик-сезимтал ыкмаларын сиңдирүү жолдорун чечмелеген бөлүгүн камтыйт. Ending Impunity: Acting on UN standards on the Safety of Journalists .[8]

- IFEX network 5 мүнөттүк Түшүндүрмө берүүчү бул журналисттердин коопсуздугу боюнча эл аралык стандарттарын ачып тактоого көмөктөшкөн курал.[9]

## › Журналисттердин коопсуздугу боюнча эл аралык стандарттарды ишке ашыруудагы кемчиликтерди жоюу үчүн мамлекеттерге колдоо көрсөтүү

Эл аралык стандарттарды кеп кылсак, эң оор маселеси - бул аларды иш жүзүнө ашыруу жана алардын куру сөз болуп калбашы. Мамлекеттерге түздөн түз колдоо көрсөтүү, жардам берүү жана дасыгуу иштерин жогорулатуу менен МАУлар аял журналисттерге каршы куугунтуктоо жана кыянаттык көрсөтүү боюнча эл аралык стандарттарды иш жүзүнө ашырууга жана аныктоого көмөк көрсөтүшү мүмкүн. Мунун бир жолу – журналисттерге карата коркутуулар жана зомбулук болгон жагдайларда, - колдонуулучу мыйзамдарга укуктук талдоо иштеп чыгуу жана ага ылайык сунуштамалар менен камтышы мүмкүн.

МАУлар ошондой эле интернеттеги аял журналисттердин коопсуздугу үчүн орчундуу маселелер боюнча жакшы тажрыйбалардын жыйындысын колдоого алышы мүмкүн, мисалы куугунтук жана кыянаттык тууралуу окуяларды иликтөө, коргоо механизмдери жана көрүлгөн чаралардын куугунтук менен кыянаттыктын азайышына таасир берген колдонмолор

сыяктуу. Тергөөдө улуттук жана ички улуттук бийлик органдары менен кызматташуу жана иш-аракеттерине колдоо көрсөтүү бул дагы мамлекеттерге көмөкттөшүнүн бир жемиштүү жолу.

МАУлар көрсөтө ала турган колдоонун дагы бир жагдайы бул журналисттердин коопсуздугуна, онлайн куугунтук менен кыянаттыкка жана гендердик мамилелерге байланышкан маселелер боюнча иштеген мамлекеттик мекемелердин потенциалын жогорулатууга тиешелүү. Адам укуктары боюнча колдонмолор же окуу куралдары сыяктуу мамлекеттик субъектилер арасында тажрыйбаны жогорулатуу боюнча МАУнун бардык күч-аракеттери сөз эркиндигине, онлайн жана оффлайн режиминде иштеген журналисттердин коопсуздугу жана күчтүү гендердик мамилелер боюнча бөлүктөрдү камтышы керек.

Шайлоо мезгили көбүнчө журналисттерди зордук-зомбулук жана коркутуп-үркүтүүнүн күчөшү менен коштолот, анын ичинде интернеттеги агрессия актылары.[10] Мындай чабуулдар добуш берүүгө чейин жана добуш берүү учурунда жарандардын маалыматка жеткиликтүүлүгүн начарлатат. МАУлар шайлоо байкоо миссияларында журналисттерге карата зомбулукту, анын ичинде гендердик негизде онлайн куугунтактарды жана кыянаттарды талдоону колдой алат. Журналисттерге кол салуулар көбөйгөндүктөн, байкоо жүргүзүүнүн жана алдын алуунун башкача иш-чаралары шайлоо мезгилине чейин эле жүргүзүлүшү керек.

## Мисалдар

**Жакшы практикалар тууралуу отчётторду жарыялоо:** ЕККУнун ЖМКда сөз эркиндиги боюнча өкүлү аял журналисттердин Интернеттеги коопсуздугу боюнча өзүнүн отчётторун түзүүгө, анын ичинде ушул тармактагы алдыңкы тажрыйбаларды жана сунуштамаларды талдоого катышты. Маалымат SOFJO веб-барагында жеткиликтүү.[11]

Аялдарга каршы зомбулук, анын себептери жана кесепеттери боюнча БУУнун атайын баяндамачысы, БУУга жана анын мүчө мамлекеттерине аялдарга каршы зомбулук менен кантип күрөшүү тууралуу өзгөчө сунуштамаларын камсыздаган Аял журналисттерге каршы зомбулук менен Күрөшүү боюнча against Women Journalists баяндамасын жарыялады.[12]

**Гендер ыкмаларын отчётторго жана анализдерге сиңдирүү:** ЮНЕСКО каршылык акцияларын чагылдырган Журналисттердин коопсуздугу боюнча отчетунда гендер жана көп түрдүүлүк факторлорун эске алып кайчылаш анализ жүргүздү. Отчёт полиция кызматкерлерин окутуу жана коопсуздук боюнча журналисттер өздөрү көрө турган чаралар сыяктуу жакшы тажрыйбаларды, ошондой эле наразылык акцияларды чагылдырууда журналисттердин коопсуздугун жакшыртуу боюнча сунуштамаларын камтыйт.[13]

**Терең отчётторду жарыялоо:** Адам укуктары боюнча Америка аралык комиссиянын (IACHR) сөз эркиндиги боюнча атайын баяндамачысы аялдардын коопсуздугун оффлайн жана онлайн режиминде жогорулатуу боюнча көптөгөн сунуштамаларды камтыган Аял журналисттердин жана Сөз эркиндиги боюнча кеңири баяндамасын жарыялады.[14]

**Стандарттарды орнотуу боюнча маалымдамалар:** ЕККУнун СЭӨнүн Жураналисттердин коопсуздугу боюнча көрсөтмөлөрү Safety of Journalists мамлекеттерге журналисттердин коопсуздугун илгерилетүү боюнча жалпы сунуштамаларды берет.[15] Келечектеги жаңыртуулар аял журналисттердин коопсуздугу боюнча терең бөлүктөрдү камтышы керек.

**Укуктук анализ жүргүзүү:** ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча кызматы (ODIHR) ар кандай маселелер боюнча, анын ичинде аялдарга каршы зордук-зомбулук тууралуу, ODIHR аймагындагы ошондой эле регионалдык атайын баяндамачылар жана сөз эркиндиги боюнча мандаттар боюнча үзгүлтүксүз укуктук анализ analyses жүргүзөт.

**Журналисттердин коопсуздугу боюнча маселелерди башкаруу демилгелерине киргизүү:** 2012 жылы ODIHR Шайлоону Байкоо боюнча миссиялары үчүн медиа мониторинг жүргүзүү боюнча өзүнүн колдонмосун жарыялаган. Окшош басылмалар жана алардын жаңыртуулары журналисттерди онлайн куугунтукка алуу жана кыянаттык менен пайдалануу жана анын эркин шайлоого тийгизген таасирин кароо менен бирге, маалыматтарды жынысына ылайык дезагрегациялоо боюнча сунуштамаларды камтышы мүмкүн.[16]

**Туруктуу Өнүгүү максаттарынын стратегиясына гендердик ыкмаларды сиңдирүү:** 2016 жылы БУУнун Аялдарынын Турукту Өнүгүү 2030 жылга чейин Гендердик Сезимтал жолун көздөгөн Ишке Ашыруу Планы Implementation of the 2030 Agenda for Sustainable Development деген жарыялоосу эл аралык стандарттарынын гендер күчөтүү боюнча демилгесин кененирээк иштеп чыгуунун жакшы үлгүсү.[17]

**Колдонуудагы коргоо механизмдерин карап чыгуу:** БУУнун Адам укуктары боюнча комиссарынын башкармалыгы Мексикада

коргоо механизмдерине терең карап чыгып, аларды эффективдүү жана гендердик сезимтал жолу менен ишке ашыруу үчүн 100дөн ашык сунуштамалардын тизмеси менен камсыздады.[18]

**Журналисттерге каршы кылмыштарды иликтөөнү коштоп жүрүү:** Эквадор менен Колумбиянын чек арасында үч журналисттин өлтүрүлүшүн иликтөө үчүн эки мамлекет жана Адам Укуктары боюнча Америка аралык сөз эркиндиги боюнча атайын баяндамачысы тарабынан мурун болуп көрбөгөн Атайын байкоочу тобунун түзүлүшү МАУдар журналисттерге каршы кылмыштарды иликтөөлөрүн коштой аларына жакшы мисал.[19]

## › Интернеттеги аял журналисттердин коопсуздугу боюнча демилгелерди кабарлай ала турган маалыматтарды жана изилдөөлөрдү көбөйтүүгө жардам берүү

Көптөгөн өлкөлөрдө ар кандай актерлор ар кандай жолдор менен журналисттердин коопсуздугу боюнча маалыматтарды чогултушат, бирок алар дайыма эле гендердик өзгөчөлүктөрдү чагылдыра бербейт. МАУдар маалымат чогултууну стандартташтырууда да жана маалыматтарды чогултуу менен изилдөөдө да гендердик анализди күчтүүрөөк камтыган ыкмаларын колдоодо көп түрдүүлүк үчүн маанилүү ролду ойной алат. Бул туруктуу өнүгүү максаттарына (ТӨМ), атап айтканда гендердик теңчилик боюнча 5чи ТӨМгө жана тынчтык, адилеттүүлүк жана күчтүү институттар боюнча 16чы ТӨМгө  салымын кошуусу мүмкүн.

Глобалдык жана региондук изилдөөлөр, атап айтканда жакшы тажрыйбалардын топтомун камтыган изилдөөлөр, интернетте журналист

аялдардын коопсуздугун илгерилетүү жана мамлекеттер менен башка тиешелүү тараптарга толук бир кыйла маанилүү майда-чүйдөлөрүн камтыган сунуштамалары менен баалуу. Мындай изилдөөлөр артыкча академиялык институттар жана жарандык коом уюмдары менен биргелешип жүргүзүлгөн, ошондуктан алардын отчеттору эң жакшы кеңири жайылтылып, ирети келген учурларда аял журналисттерге карата онлайн куугунтуктарды жана зордук-зомбулукту чечүү жолдору талкууланышы мүмкүн. Бул маалымдуулукту жогорулатуу иш-аракеттеринин негизин түзөт, ал эми маалымдуулук өз кезегинде журналист аялдардын коопсуздугун улуттук деңгээлде камсыз кылуу үчүн негизги кызыкдар тараптарды мобилизациялоонун жакшы жолу болушу мүмкүн. Убактысы жана бюджети чектелген учурда МАУнын негизги максаттуу аудиториясы катары чечим кабыл алуучуларга ээ болушу керек.

## Мисалдар

**Так жана үзгүлтүксүз изилдөөнүн зарылдыгы жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу:** ЕККУнун СЭӨ онлайн режиминде аял журналисттердин коопсуздугуна Safety of Female Journalists Online (SOFJO) багытталган демилге жаратты, демилгеге “Караңгы жер” аттуу толук метраждуу документтүү тасма кирет.[20] Тасма дүйнө жүзүнүн көптөгөн жерлеринин жана университтеринин иш-чараларында көрсөтүлдү. 2019-жылы СЭӨ Сөз Эркиндигин жана Медиа Плюрализмдин мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу максатында Increasing Opportunities for Freedom #SOFJO Конференция өткөрдү.[21]

**Маалыматтарга жана изилдөөлөргө негизделген маалыматтарды мониторингдөө жана жайылтуу:** UNESCO Director General’s Report on The Safety of Journalists ЮНЕСКОнун Башкы директорунун Журналисттердин коопсуздугу жана Жазасыз Калуу коркунучу боюнча Баяндамасы жана World Trends in Freedom of Сөз эркиндигиндеги

жана ММКнын өнүгүүсүндөгү дүйнөлүк тенденциялары[22] аттуу баяндамаларынын экөө тең журналисттерге карата зордук-зомбулукка мониторинг жүргүзөт жана иликтөөлөрүндө өлтүрүү кылмыштары ошондой эле алардын жазасыз калуулары боюнча иликтөөлөрүндө маалыматтарды камтыйт. Дүйнөлүк тенденциялар баяндамасында да журналист аялдарга карата гендер негизиндеги коркунучтар да белгиленет.[23]

**Жыйынтыктар жана мыкты тажрыйбалар менен бөлүшүү жана мүмкүн болуучу жоопторду сунуштоо:** 2017-жылы ЮНЕСКОнун Байланышты өнүктүрүү боюнча Эл аралык программасы (IPDC) ар түрдүү катышуучулар тарабынан журналисттердин коопсуздугу боюнча келечектеги ушул тармактагы демилгелерди маалымдай ала турган алдыңкы тажрыйбалардын жыйнагын басып чыгарды. "Бирөөгө кол салуу – бул баарына кол салуу" аттуу жарыялоодо жарандык коом уюмдары жана ММКнын тажрыйбалуу кызматкерлери тарабынан журналист аялдарга онлайн жана оффлайн режиминдеги коркунучтарга карата жасалган жооп аракеттеринин мисалдары камтылган.[24] IPDC (БӨЭАП) ошондой эле гендердик ыкманы күчөтүү максатындагы сунуштамаларын камтыган Журналисттердин Коопсуздугун Илгерилетүүдөгү БӨЭАПнын Ролу: Алдыга сүрөмөлөө Жолу IPDC's Role in the Promotion of the Safety деген аналитикалык отчёт жарыялаган.[25]

**Кызыкдар тараптарды акыркы жаңылыктар боюнча маалымдоо:** ЮНЕСКО БУУнун журналисттердин коопсуздугу боюнча иш-аракеттер планын ишке ашыруу боюнча жана жазасыз калуу маселеси боюнча эки айда бир жолку Бюллетенин чыгарат, анда эл аралык стандарттар, улуттук саясаттар, изилдөөлөр, жарандык коомдун демилгелери жана журналисттердин коопсуздугуна тиешелүү башка маалыматтар камтылган.[26]

## › Таасир этүү үчүн катышуучулардын кызматташуусуна жана координациясына артыкчылык берүү

МАУдын жер-жерлердеги офистеринде көбүнчө медиа сектордун ички иштери боюнча жетиштүү билими жок, ошондой эле журналист аялдардын коопсуздугу үчүн зарыл болгон ыкмаларды түшүнүшпөйт. Журналисттердин коопсуздугун реалдуу жана эффективдүү жакшыртуу үчүн ММК жана журналистикага байланышкан гендердик маселелер боюнча жана адам укуктарынын эл аралык стандарттары боюнча тез арада көбүрөөк экспертизага муктаждык бар.

МАУнын талаа миссиялары жана өлкө командалары жакшыраак жабдылышы зарыл жана улуттук деңгээлде эл аралык стандарттардын натыйжалуу ишке ашырылышын колдоо үчүн атайын билимге ээ болушу керек. Мисалы, МАУнын кызматкерлери журналисттердин коопсуздугу жана гендердик теңчилик маселелери боюнча атайын тренингдерди өтүшсө болот.

Журналисттердин коопсуздугу боюнча маселелер БУУнун ар кандай органдарынын жана регионалдуу уюмдардын негизги багыты болуп калды. Эл аралык деңгээлде иштегендердин арасында да, өлкө деңгээлинде иштегендердин арасында да координациялоону жана маалымат алмашууну күчөтүү аракеттери жыйынтыгында бардык аймактарына таасирин кеңейтет.

МАУлар ошондой эле өздөрүнүн мандатындагы журналисттердин коопсуздугу маселеси менен мамлекет башчылык кылган эл аралык жана аймактык демилгелер менен кызматташууга мүмкүнчүлүктөрдү түзүшү керек.

## Мисалдар

**Теңдештери менен бирге аракеттешүү:** 1999-жылдан бери сөз эркиндиги жана медиа эркиндиги боюнча ЕККУнун, БУУнун, Америка Штаттар уюмунун жана Африканын Калк жана адам укуктары боюнча комиссиясынын атайын мандат ээлери жыл сайын сөз эркиндиги укугуна байланыштуу өзгөчө көйгөйлөрдү чечүү жолдору боюнча сунуштамаларын камтыган декларациясын чыгарышат.[27]


**Зарылдык болгондо ӨАУнын ортосунда союздарды түзүү:** ЕККУнун СЭбӨ жана Европа Кеңешинин Адам укуктары боюнча комиссары гендердик негизиндеги зомбулукка интернетте каршы туруу боюнча биргелешкен билдирүүлөрдү чыгарышты.[28]

**ИштиБашка ӨАУлар менен үзгүлтүксүз негизде координациялоо:** ЮНЕСКО журналисттердин коопсуздугу боюнча БУУнун иш-аракеттер планын, БУУнун 14 агенттиктеринин жана органдарынын арасында журналисттердин коопсуздугу жана жазасыз калуу маселеси боюнча координациялоочу борборлорунун тармагын жетектейт. иш-аракеттер планын ишке ашырууну координациялаган журналисттердин коопсуздугу боюнча борборлорунун тармагын жетектейт. Бул ишке гендердик сезимтал ыкмасын колдоого ала турган БУУнун Аялдар уюму катышуучу агенттиктердин катарына кирет.[29]

# Шилтемелер

**1** UN General Assembly, Resolution 74/157, "The safety of journalists and the issue of impuni- ty", 18 December 2019, https://undocs.org/A/RES/74/157.
**2** OSCE, Permanent Council Decision No. 193, "Mandate of the OSCE Representative on Free- dom of the Media", PC.DEC/193, 5 November 1997, https://www.osce.org/pc/40131
**3** OSCE, Ministerial Council Decision No. 14/04, "2004 OSCE Action Plan for the Promotion of Gen- der Equality", 7 December 2004, https://www.osce.org/files/f/documents/7/d/23295.pdf.
**4** OSCE RFoM project on the Safety of Female Journalists Online (#SOFJO), launched in 2015, https://www.osce.org/fom/sofjo.
**5** OSCE, Ministerial Council Decision No. 3/18, "Safety of Journalists", 7 December 2018, https://www.osce.org/files/f/documents/a/c/462187.pdf
**6** OSCE RFoM, Publications, collected: https://www.osce.org/resources/publications?fil- ters=+im_tax- onomy_vid_1:(19)+im_taxonomy_vid_3:(122). OSCE RFoM's statements and regular reports to the Permanent Council, collected: https://www.osce.org/fom/66084.
**7** UN Economic and Social Council, Resolution 2019/2, "Mainstreaming a gender perspective into all policies and programmes in the United Nations system", 6 June 2019, https://undocs.org/en/E/RES/2019/2.
**8** ARTICLE 19, "Ending Impunity: Acting on UN Standards on the Safety of Journalists", 2019, https://www.article19.org/wp-content/uploads/2019/11/SOJ-Web.pdf.
**9** IFEX, "Collection of 5-minute explainers to help civil society engage in global spaces for free expression advocacy", https://ifex.org/resources/5-minute-explainers/.
**10** UN Special Rapporteur on Freedom of Opinion and Expression, OSCE Representative on Freedom of the Media, Organization of American States (OAS) Special Rapporteur on Freedom of Expression and African Commission on Human and Peoples' Rights (ACHPR) Special Rap- porteur on Freedom of Expression and Access to Information, "Joint Declaration on Freedom of Expression and Elections in the Digital Age", 30 April 2020, https://www.osce.org/files/f/documents/9/8/451150_0.pdf.
**11** Келтирилген эмгекте 4 шилтеме.
**12** UN Human Rights Council, Report by the Special Rapporteur on violence against women, its causes and consequences, "Combating violence against women journalists", A/HRC/44/52, 2020, https://undocs.org/en/A/HRC/44/52.
**13** UNESCO, "Safety of Journalists Covering Protests: Preserving Freedom of the Press During Times of Tur- moil", CI-2020/WTR/3, September 2020, https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000374206.
**14** Edison Lanza, "Violence against journalists and media workers: Inter-American standards and national practices on prevention, protection and prosecution of perpetrators", Inter-Amer- ican Commission on Human Rights, OEA/Ser.L/V/II. CIDH/RELE/INF. 12/13, 31 December, 2013, http://www.oas.org/en/iachr/expression/docs/reports/2014_04_22_violence_web.pdf.
**15** William Horsley, "OSCE Safety of Journalists Guidebook", OSCE RFoM, 2014, https://www.osce.org/fom/118052?download=true.
**16** OSCE ODIHR, "Handbook On Media Monitoring for Election Observation Missions", 2012, https://www.osce.org/odihr/elections/92057
**17** UN Women, "Driving the Gender Responsive Implementation of the 2030 Agenda for Sus- tain- able Development", 2016, https://www.unwomen.org/-/media/headquarters/attachments/sections/library/publications/2016/driving-gender-responsive-implementation-2030agenda.pdf?la=en&vs=5353.
**18** "Diagnóstico sobre el funcionamiento del Mecanismo de Protección para Personas Defen- soras de Derechos Humanos y Periodistas", UN Office of the High Commissioner for Human Rights - Mexico, https://www.hchr.org.mx/index.php?option=com_k2&view=item&id=1318:di- agnostico-sobre-el-fun- cionamiento-del-mecanismo-de-proteccion-para-personas-defenso- ras-de-derechos-humanos-y-peri-

odistas&Itemid=280.
**19** Organization of American States, Inter-American Commission on Human Rights, Special Follow-up on the Investigations Regarding the Team of Journalists from El Comercio News- paper, November 2018, https://www.oas.org/en/iachr/media_center/PReleases/2018/235.asp. IACHR, "Informe Final Del Equipo De Seguimiento Especial (Ese) Designado Por La Comisión Interamericana De Derechos Humanos Seguimiento Del Componente Investigar Los Hechos Que Resultaron En El Secuestro Y Asesinato De: Javier Ortega, Paúl Rivas Y Efraín Segarra (Integrantes Del Equipo Periodístico Del Diario "El Comercio")", IACHR, 2019, http://www.oas.org/es/cidh/expresion/informes/Informe_Final_ESE_MC_Dicc2019.pdf.
**20** OSCE RFoM, 'A Dark Place: A SOFJO Documentary' Trailer, 2019, https://www.osce.org/ representative-on-freedom-of-media/410423.
**21** OSCE RFoM, #SOFJO Conference 2019: Increasing Opportunities for Freedom of Expres- sion and Media Pluralism, 12 February 2019, https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/sofjo-conference2019
**22** UNESCO, "Director-General's Report on the Safety of Journalists and the Danger of Impu- nity", UNESCO, 2018, https://en.unesco.org/themes/safety-journalists/dgreport.
**23** UNESCO, "World Trends in Freedom of Expression and Media Development", https://en.unesco.org/world-media-trends.
**24** Larry Kilman, "An Attack on one is an attack on all: successful initiatives to protect journalists and combat impunity", UNESCO, 2017, https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000250430.
**25** Silvia Chocarro, "IPDC's Role in the Promotion of the Safety of Journalists: A Way Forward", UNESCO, 2016, http://www.unesco.org/new/fileadmin/MULTIMEDIA/HQ/CI/CI/pdf/Analytical_Paper_IPDC_Safety_of_Journalists_SChocarro_DE.pdf.
**26** "Newsletter - UN Plan of Action on the Safety of Journalists and the Issue of Impunity", UNESCO, https://en.unesco.org/un-plan-action-safety-journalists/newsletter.
**27** Joint Declarations by the United Nations Special Rapporteur on Freedom of Opinion and Expression, the Organization for Security and Co-operation in Europe Representative on Freedom of the Media, and the Organization of American States (OAS) Special Rapporteur on Freedom of Expression, https://www.osce.org/fom/66176.
**28** "OSCE Media Freedom Representative and Council of Europe Commissioner for Human Rights urge systematic approach to counter gender-based violence online", OSCE news item, 12 February 2019, https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/411206.
**29** "Newsletter - UN Plan of Action on the Safety of Journalists and the Issue of Impunity", https://en.unesco.org/un-plan-action-safety-journalists/newsletter.
"OSCE Media Freedom Representative and Council of Europe Commissioner for Human Rights urge systematic approach to counter gender-based violence online", OSCE news item, 12 February 2019, https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/411206. "Secretary General Calls to End Impunity for Crimes against Journalists, in Message for International Day", UN news item, 2 November 2017, https://www.un.org/press/en/2017/sgsm18776.doc.htm.



# Интернет ортомчулар

# Сунушталган иш-аракеттер

1. Сөз эркиндиги, жеке жашоонун кол тийгистиги, саясатта жана жашоодо басынтуудан коргонуу жана ага катышуу укугунда эл аралык стандарттарды кармануууну камсыздоо;

2. Колдонуучулар үчүн контенттин модерациялоо саясаты ачык, айкын жана жеткиликтүү болушу керек, ошондой эле Интернетте контентти модерациялоо, таңууланган куугунтуктоо, асылуу жана кыянаттык кылуу эмне экендиги, ал жөнүндө маалымдоо механизмдери жөнүндө түшүнүк берилиши зарыл

3. Кандай ишмердик аткарылып жатса да, колдонуучуга багытталган жана басынтуудан эркин ыкмаларды пайдалануу;

4. Контентти өчүрүүдө жана колдонуучулардын маалымат талап кылуусун иштеп чыгууда айкындыкты жана ырааттуулукту камсыздоо;

5. Журналистикадагы аялдардын ролун жогорулатуу.

# 6. Интернет ортомчулары

## Аял журналисттердин укуктарын урматтоо жана интернеттеги коопсуздукту камсыздоо

Бардык ишканалар адам укуктарын урматтоого милдеттүү.[1] Интернет ортомчулары үчүн – техникалык кызматтардан жана тармактык кызматтардан тартып, социалдык медиа платформаларына чейин ич ара аракеттешүүнү жеңилдеткен интернет-провайдерлердин көптөгөн түрлөрүн камтыган категориялар – бул журналист-аялдардын Интернетте толук иш алып барып катышуу мүмкүнчүлүгүн коргоо жана алардын сөз эркиндигинин басмырлануусунан оолак болуу менен журналист аялдардын жеке жашоосун урматтоо дегенди билдирет.

Колдонмонун максатына жараша, бул бөлүгү журналисттер онлайн куугунтукка жана кыянатчылыкка чалдыгып калаарына мүмкүн болгон интернет ортомчулардын айрым бир түрлөрүнө, атап айтканда: Twitter, Facebook, Instagram, Google жана YouTube сыяктуу платформаларына терең көңүл коюулат.  Анда адам укуктарынын текши корголушуна жана журналист аялдардын интернетте иш алып баруусун арттырууга салым кошуу үчүн интернет-ортомчулар колдой жана өздөштүрө турган стандарттарды жана аракеттерди карайт.

[OSCE Ministerial Council Decision No. 3/18, ЕККУнун Министрлер кеңешинин чечиминде № 3/18,] ЕККУнун Министрлер кеңешинин чечиминде № 3/18, ЕККУга мүчө 57 катышуучу мамлекет "журналистика жана технология өнүгүп жатканын жана бул коомдук талкууга өбөлгө түзөрүн, ошол эле учурда журналисттердин коопсуздугун начарлаткан тобокелчиликтердин катарын көбөйүшүнүн мүмкүн экенин таанышат." Мындан тышкары, катышуучу-мамлекеттер «санариптик доордо журналисттердин коопсуздугуна байланыштуу өзгөчө коркунучтарды (тобокелдиктерди), анын ичинде журналисттердин хакердик чабуулдардын же мыйзамсыз, ээнбаштык менен байкоо жүргүзүү же сүйлөшүүлөрдү тыңшоо объектилерине (буталарына) айлануусун, журналисттердин сөз эркиндигине жана жеке турмушуна ээнбаш жана мыйзамсыз кийлигишүүдөн эркин болуу укуктарына шек келтирүүчү өзгөчө аялуулугун баса белгилешет.

## › Сөз эркиндигинде, жеке жашоонун кол тийгистигинде, саясатта басынтуудан коргоо жана саясатка катышууда адам укуктарынын эл аралык стандарттарын сактоону камсыз кылуу

Интернет-ортомчулар, анын ичинде социалдык медиа платформалары жана аларга тиешелүү кызматтар, адам укуктары боюнча эл аралык мыйзамында белгиленген оффлайн режиминдеги корголгон адам укуктары ошондой эле онлайн режиминде да корголот деген принцибин тааныйт. Алар ошондой эле аялдардын укуктарын кеңейтүүгө жана алардын кызматтарында же анын натыйжасында аларга карата басмырлоону жок кылууга көмөктөшүүчү иш-аракеттерди жүзөгө ашырууга тийиш.[2]

Эң аз дегенде, интернет-ортомчулардын саясаты жана тейлөө шарттары жетиштүү ачык-айкын жана жеткиликтүү болушу керек жана UN Guiding Principles on Business and Human Rights.[3] Principles on Business and Human Rights3 БУУнун Бизнес жана адам укуктары боюнча жетектөөчү принциптеринде түшүндүрүлгөндөй, адам укуктарынын эл аралык стандарттарына ылайык (шайкеш) болушу зарыл. Саясат жана тейлөө шарттары, ошондой эле коомчулуктун негизги принциптери жана ар кандай интернет ортомчуларынын стандарттары сөз эркиндиги жана купуялуулук укуктарына таасир этүүчү стандарттар зарылчылык жана пропорционалдык принциптерди чагылдырышы керек. Интернет-ортомчулар журналист аялдар өздөрүнүн инсандыгын көрсөтпөстөн, интернетте өз оюн билдирүүнү артык көрүшү мүмкүн экенин түшүнүшү керек; ошондуктан, компаниялар чыныгы ысымдарды же идентификацияны талап кылбашы шарт жана жашыруундук колдонуучулар үчүн чыныгы вариант болуп кала беришин камсыз кылууга тийиш.

Практикалык деңгээлде интернет-ортомчулар өздөрүнүн кызматтарынын, өнүмдөрүнүн, саясаттарынын жана операцияларынын эл аралык укук менен корголгон, жана журналист аялдардын онлайн катышуусуна мүмкүнчүлүк берген ар кандай укуктарга – сөз эркиндигине, купуялуулукка жана дискриминацияга жол бербөөгө таасир кылуусуна үзгүлтүксүз баалоолорду же аудиттерди жүргүзүшү керек. Бул баалоолор компаниялар тарабынан кээ бир онлайн куугунтуктун жана кыянаттыктын көрүнүштөрүн, ошондой эле бөгөттөө, басуу (токтотуу), алып салуу (жоготуу) же артыкчылык кезегинен жылдыруу максатында, ошондой эле алардын билдирүү иштелип чыккан инструменттердин пайдалуулугуна жана натыйжалуулугуна, ошондой эле алардын отчёттулугуна жана даттануу механизмдерине баа берүүлөрдү камтышы керек.

Таасирди баалоолор алдыга жылдыруу же төмөндөтүү үчүн колдонулган алгоритмдер тарабынан түзүлгөн эффекттерди, өзгөчө гендер негизиндеги куугунтук менен кыянаттыкты билдире турган мазмунду караш керек.

Мазмунду жана колдонуучулардын өз ара аракеттенүүсүн көзөмөлдөө боюнча жалпы милдеттенмелер адам укуктарынын эл аралык мыйзамдарына каршы келет.[4] Ортомчулар жоопкерчиликтен качуу максатында атайылап жаңылыш кадамдарга барышып, колдонуучулардын купуялуулугуна коркунуч келтирип, чектөөчү чараларды күчөтөт. Интернет ортомчулар мазмунду ашыкча алып салууга же көзөмөл жүргүзүү практикасына алып келе турган чараларга жол бербөөсү зарыл. Автоматташтырылган модерация куралдары - өз демилгеси менен кабыл алынган же белгилүү бир мазмунду өчүрүү милдеттенмеси боюнча - жарыялоо алдындагы цензуранын бир түрү катары кызмат кыла алат. “Кыянаттыкка” байланыштуу мазмун үчүн чыпкаларды жүктөө туура эмес.[5]

Интернет ортомчулар ар кандай модерация жолдорун, ошондой эле мазмунду алып салуу боюнча белгиленген иш-аракеттерин түшүнүп,  адам укуктарына тийгизген кесепеттерин керексиз жана ченемсиз чектөөлөрдү алып келерин алдын ала бөгөт коюу керек. Ортомчулар үч курамчадан турган мыйзамдуулуктун, зарылчылыктын жана пропорционалдыктын принцибин колдонушу керек (аял-журналисттердин Интернетте коопсуздугун камсыз кылган адам укуктарынын эл аралык стандарттары бөлүмүндө берилген) жана алардын мазмунду модерациялоо менен байланышкан бардык жолдору боюнча тийиштүү процессти урматто.

## Ресурстар

- Бизнес жана адам укуктары боюнча БУУнун Жетектөөчү принциптери UN Guiding Principles on Business and Human Rights – бул мамлекеттер жана бизнес үчүн адам укуктарынын стандарттарын жана бизнестин практикасын жогорулатуу боюнча принциптердин жыйындысы.[6]

- ЕККУнун ММК эркиндиги боюнча өкүлүнүн (СЭбӨ) AIre (Жасалма Интеллектке) жана Сөз Эркиндигине көңүл буруу үчүн Стратегиялык документи Strategy Paper to Put a Spotlight on AI and Freedom of Expression (#SAIFE) жасалма интеллект (AI) сөз эркиндигине кандай таасир этээрин жана сөз эркиндигине кандай кепилдиктерди берерин жана кайсы сөз эркиндик кепилдиктери керек экенин жакшыраак түшүнүүгө жардам берет.[7] Документ жана анын алдын ала жазылган сунуштамалары, атап айтканда, кандайча ЖИ (Жасалма Интеллектти) мазмунду модерациялоодо жана көзөмөл жүргүзүүдө колдонуга, анын ичинде "жек көрүү сөздөрүн" кантип токтотууга багытталган.

- Артикль 19 журналист аялдарга каршы Онлайн куугунтук менен кыянаттык жана негизги социалдык медиа платформалары Online harassment атту аналитикалык жазма жарыялады, анда социалдык медиа платформаларына онлайн режиминде журналист аялдардын коопсуздугун кантип илгерилетүү жана журналист аялдарды коргоо боюнча сунуштамалар берилген.[8]

### › Колдонуучулар үчүн контенттин ачыктыгын, айкындыгын жана контентти модерациялоо саясатынын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо, ошондой эле контентти модерациялоо, Интернеттен таңуулап куугунтуктоо жана кыянаттык, алар жөнүндө билдирүүнү маалымдоо механизмдери деген эмнени билдирээри жөнүндө кабардар кылуу

Эгерде колдонуучулар куугунтуктун жана кыянаттыктын ар бир түрү эмнеден турганы жөнүндө пайдалуу маалыматка ээ болгондо; качан бардык колдонуучулар мазмундун кандайча модерацияланганына толук маалыматка ээ болушса (атап айтканда мазмунду жайгаштыруу, ордунан төмөн жылдыруу жана четтетүү); бардык колдонуучулар каражаттарга натыйжалуу мүмкүнчүлүк болгондо аял журналисттерге карата онлайн куугунтукту жана кыянаттыкты токтотуу натыйжалуу чечилет.

Интернет-ортомчулар алардын тейлөө шарттарынын мазмуну жана колдонуусу, коомчулуктун эрежелерине жана башка атайын саясаттарга (мисалы, жарнама же коммерциялык саясаттарга), сөз эркиндиги жана купуялуулук боюнча эл аралык стандарттарга шайкеш келгенине байкоо жүргүзүшү керек. Бул тейлөө шарттары жана ушул сыяктуулар, пропорционалдуу жана адекваттуу; ачык; түшүнүктүү; жана бардык колдонуучулар үчүн оңой жеткиликтүү болушу керегин билдирет.[9] Колдонуучулар алардын мазмунунун өчүрүлүшү, төмөн жылдырылышы же башка таасир тийгизе аларын алдын ала билиши керек.[10] Андан кийин, колдонуучунун маалыматтары качан жана кантип чогултулуп, сакталып же үчүнчү жактарга, анын ичинде укук коргоо органдарына бериле турганы ачык болушу зарыл.

Тейлөө шарттары жана колдонуучуларды багыттаган башка материалдар менен бирге социалдык медиа платформалары алардын жамааттык

стандарттары жана саясаттары кандай колдонулуп жаткандыгы тууралуу деталдуу мисалдары же актуалдуу кейс изилдөөлөрү менен камсыз кылышы керек. Онлайн куугунтуктун жана кыянаттыктын ар кандай көрүнүштөрүнүн мисалдарын, гендер негизиндеги мисалдардын толук тизмесин камтыган бөлүктөрүн кошуу да колдонуучуларга бул платформалардын саясатын түшүнүүгө жардам берет. Алар саясатты жүзөгө ашыруудагы же колдонуудагы тенденцияларды чагылдырган маалыматтарды жана өзгөчө эрежелердин чечмелөөнүн жана колдонуунун маанилүү майда-чүйдөлөрүн (нюанстарын) чагылдырган чыныгы мисалдарды же гипотезалык (божомолдуу) окуяларды бириктириши керек.[11]

Социалдык медиа платформаларынын чечимдерди кабыл алуу процесстеринде дагы ачык-айкындуулукка муктаждык бар. Ошондой эле социалдык медиа платформаларынын чечимдерин кабыл алуу процесстеринде дагы ачык-айкындуулукка муктаждык бар.  Мисалы, алар алгоритмдерди жана жасалма интеллект куралдарын, ишенимдүү белгилөөчү схемаларды же ыкмалардын айкалышын колдонууну кошкондо, алардын функциясы жана таасири менен бирге мазмунду модерациялоо жана алып салуу үчүн кандай куралдарды колдонушу мүмкүндүгү ачык болушу керек.

Саясаттарды жана практикаларды маалымдай турган дагы бир кадам –  бул интернет ортомчулары онлайн куугунтукка жана кыянаттыкка жана анын кесепеттерине байланыштуу маалыматтарды үзгүлтүксүз жана ачык чогултуп, талдап, отчет берип турушу керек.[12] Саясаттарды жана практикаларды маалымдай турган дагы бир кадам – бул интернет ортомчулары онлайн куугунтукка жана кыянаттыкка жана анын кесепеттерине байланыштуу маалыматтарды үзгүлтүксүз жана ачык чогултуп, талдап, отчет берип турушу керек. Бул маалыматтар жана

отчеттуулук маалыматтарды коргоо эрежелерине ылайык иштелип чыгышы керек жана аны ушул конкреттүү максаттар үчүн колдонууга макулдук берген колдонуучулар тарабынан берилген маалыматка так негизделиши зарыл.

## Мисалдар

**Саясаттарды колдонуу жөнүндө маалымат:** Твиттердин Айкындуулук боюнча Отчёту Transparency Report айрым тейлөө шарттарын колдонуунун алкагында компаниянын колдонуучуларынын аккаунттарына карата жасаган аракеттери жөнүндө статистикалык маалыматтарды берет.[13] Ал ошондой эле алардын ар бир саясатынын сыпаттамасын, ошондой эле ар бирине карата жасалган отчеттордун жана иш-аракеттердин санын жарыялайт. Twitter'дин Жардам борбору твиттен же профилден түздөн-түз Twitter эрежелеринин бузулушу жөнүндө кабарлоо үчүн колдонмону камсыз кылат. Twitter'дин Жардам борбору твиттен же профилден түздөн-түз Twitter эрежелеринин бузулушу violations of Twitter Rules жөнүндө кабарлоо үчүн колдонмону камсыз кылат.[14]

**Жеткиликтүү отчеттуулук механизми:** YouTube ар бир Community Guidelines.[15] Коомдоштуктун эрежелерине ылайык кыянаттык жөнүндө кабарлоо үчүн жеткиликтүү курал менен камсыз кылат. Бирок кээ бир учурларда, зомбулукка кабылган колдонуучу компанияга жете алганга чейин кордогон (кыянаттык көрсөткөн) аккаунттун ээси менен байланышты үзүшү керек болот.

**Мазмунду өчүрүү боюнча айкындуулук:** Фейсбук Коомдоштук стандарттарынын аткарылышы боюнча Community Standards Enforcement Report, отчетун жарыялайт, анда компания жылаңачтануу,

жасалма аккаунттар жана куугунтуктоолорду камтыган ар бир коомдоштук колдонмосуна ылайык алынган отчеттор боюнча сандык маалыматтарды берет.[16] Алар иш-аракет кылган мазмундун жалпы көлөмүн, анын ичинде апелляцияларды жана мазмундун бөлүктөрүн камсыздайт, алар автоматташтырылган куралдарды колдонуу менен таап, жок кылышат. Ошентсе да Отчет функционалдык болушу үчүн, отчеттуулуктун жана айкындыктын максаттары үчүн өркүндөтүлүшү керек, мисалы, ал маалыматтарды салыштырууга жол бербейт. Ошондой эле Twitter жана Google ушул сыяктуу тунуктук отчётторду жарыялайт; бардык социалдык медиа платформаларынын айкындык механизмдерин өркүндөтүү маанилүү.

**Отчёт берүү механизми боюнча алып салуу:** YouTube Коомдоштук принциптеринин аткарылышын жакшыртуу боюнча Тунуктук Отчетун Transparency Report on Community Guidelines Enforcement жарыялайт, анда алар ар кандай отчёттук схемалар: автоматташтырылган белгилөө, колдонуучулардын отчеттору, ишенимдүү белгилөөчүлөр, жарандык коомдун уюмдары жана өкмөттөр аркылуу алып салынган видеолордун санын көрсөтөт.[17] Бул отчёт ошондой эле коомчулуктун колдонмосуна ылайк алып салынган видеолордун санын көрсөтөт.

## Ресурстар

- БУУнун Атайын Баяндамачысынын ой-пикирин жана сөз эркиндигин илгерилетүү жана коргоо боюнча адам укуктары боюнча Кеңешине Отчету UN Special Rapporteur Report on the Promotion and (баяндамасы) мазмунду модерациялоодо жеке сектордун милдеттери боюнча сунуштамаларды камтыйт.[18]

- Социалдык тармактык кызматтарга карата адам укуктарын коргоо боюнча Европа Кеңешинин (ЕК) Council of Europe (CoE) Recommendations on the protection сунуштамалары мазмунду (контентти) модерациялоо принциптерин киргизет.[19]

- ЕКнин жана ЕККУнун СЭӨнүн «Интернет-ортомчулардын ролу жана милдеттери» Интернет эркиндиги боюнча конференциясын Conference on Internet Freedom "The Role and Responsibilities улаган сунуштамалары, атап айтканда, мыйзамдын үстөмдүгүнө негизделген ачык-айкын процедуралар аркылуу контентти модерациялоого багыттайт.[20]

- • БУУнун пикир жана сөз эркиндиги боюнча Атайын баяндамачысынын, ЕККУнун СЭӨнүн, Америка Мамлекеттеринин Уюмунун сөз эркиндиги боюнча Атайын баяндамачысынын жана Адам жана калктын укуктары боюнча Африкалык комиссиясынын Сөз эркиндиги жана маалыматка жеткиликтүүлүк боюнча атайын Баяндамачысынын биргелешкен декларациялары жеке секторго жана интернет-ортомчуларга адам укуктарына негизделген контентти модерациялоо боюнча сунуштарды берет. Атап айтканда, 2019-жыл Сөз эркиндигине чакырыктар боюнча Биргелешкен декларациянын жыйырма жылдыгы, кийинки Twentieth Anniversary Joint Declaration on Challenges to Freedom of Expression in the Next Decade Декадада жеке мазмундун эрежелери адамдардын сөз эркиндигине болгон укуктарына тоскоол болуу принциптерин киргизет.[21]

- Santa Clara Principles on Transparency and Accountability in Content Moderation Контентти Модерациялодо Тунуктук жана Отчёттуулук боюнча Санта Кларанын Принциптери - бул интернет платформаларынын мазмунун модерациялоодо болушу

керек болгон айкындуулуктун жана отчеттуулуктун минималдуу деңгээлин белгилөө (аныктоо) менен баштапкы чекит катары кызмат кылууга багытталган принциптердин жыйындысы.[22]

- Manila Principles on Intermediary Liability Ортомчулук Жоопкерчилик боюнча Манила Принциптери бул негизги коопсуздук чараларын жана ортомчулардын жоопкерчилиги боюнча мыкты тажрыйбаларды сунуштайт.[23]

## › Бардык операцияларда колдонуучуга багытталган жана дискриминацияга негизделбеген ыкмаларды колдонуу

Интернет ортомчулары онлайн куугунтуктан жана кыянаттыктан жабыр тарткан колдонуучу топторуна кантип маалымат жана консультация берүү жолдорун, ошондой эле мазмунду модерациялоо куралдарын менен оңдоо чараларын тандоо, бул тажрыйбаларды жана тынчсыздануулардын бириктирүүгө жана жакшыртууга олуттуу муктаждык бар.

Колдонуучулар - өзгөчө чабуулдардын бутасы болуу ыктымалдыгы жогору болгондор – интернет аянтчаларында катышуу тобокелдиктерин азайтуу үчүн эмне кыла аларын билиши керек. Демек, интернет-ортомчулар колдонуучуларга онлайн коопсуздугу үчүн мыкты тажрыйбалар жана кыянаттык мазмунду кабарлоонун техникалык чечимдери жөнүндө маалымат бериши шарт. Алар ошондой эле жергиликтүү тилдерде жеткиликтүү, колдонууга ыңгайлуу жана тейлөө шарттарын жана отчеттуулук куралдарын камсыз кылышы керек.[24]

Интернет-ортомчулар кыянаттык менен куугунтуктоонун ар кандай деңгээлдери менен формаларын, ошондой эле өчүрүүлөр кандайча практикаланып жатканын жана адам укуктары боюнча эл аралык мыйзамдарга ылайык корголгон мүнөздөмөлөргө ээ колдонуучуларга кандай таасир тийгизерин айырмалоо үчүн алдыга жылышы керек. Ортомчулар гендердик маселелерди, атап айтканда, аялуулукту же маргиналдуулукту, ошондой эле цензуранын жана дискриминациянын ар кандай тобокелчиликтерине дуушар болгон жамааттардын тынчсыздануулары жигердүү издөөгө жана натыйжалуу эске алууга тийиш.[25] Ошондуктан, интернет ортомчулар колдонуучулар үчүн жеткиликтүү жана пайдалуу чечимдерди жана каражаттарды иштеп чыгышы керек. Бул ыкма ошондой эле максаттуу колдонуучуларга онлайн куугунтуктун жана кыянаттыктын пропорционалдуу эмес таасирин алдын алуу жана жумшартуу, ошондой эле алгоритмдик жана башка адам укуктарына негизделген ЖИ (жасалма интеллекттин) чечимдеринин таасирин баалоого мүмкүндүк берүү үчүн абдан маанилүү.

Интернет-ортомчулар өздөрүнүн инструменттерин жана саясатын, катышуучулар маанилүү деп эсептеген, коомдук жана жарандык коомдун консультациялары аркылуу иштеп чыгышы жана ишке ашырышы керек, ал эми интернет-ортомчулар бул консультациялардын натыйжаларын иш жүзүндө жарыялоосу керек.[26] Аял журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу максатында, ортомчулар контекстти, тажрыйбаны жана аял журналисттердин куралдарын жана кызматтарын колдонуудагы тоскоолдуктарды эске алган методологияларды жана процедураларды кабыл алышы керек. Консультациялар журналисттерге, ММКларга, жарандык коомго жана академиялык чөйрөгө жигердүү катыша ала тургандай кылып уюштурулушу керек жана жабыр тарткан адамдардын кеңири чөйрөсүн, өзгөчө кызматтардын таасири астында болгон өлкөлөрдөн жана коомчулуктардан тартуу шарт. Бул катышуу ашыкча

келишимдик талаптарды, мисалы, ачыкка чыгарбоо келишимдери же алардын демилгелери менен программаларында катталуу үчүн ашыкча маалыматтарды талап кылбашы керек.

## Ресурстар

- 2018 Report of the UN Special Rapporteur on the promotion and protection of the right to freedom of opinion and expression БУУнун Атайын Баяндамачысынын 2018-жылдагы Пикир жана сөз эркиндигин илгерилетүү жана коргоо боюнча Баяндамасынын негизги багыты – бул колдонуучу түзгөн мазмунду жөнгө салуу, анда мамлекеттер жана компаниялар үчүн пайдалуу сунуштар камтылган.[27]

- Ethical Explorer Pack, Omidyar Network менен иштелип чыккан Ethical Explorer Pack (Этикалык Изилдөөлөр Пакети) социалдык медиа компанияларына жана сервистерди иштеп чыгуучуларга ар кандай маселелер боюнча көмөк көрсөтүү (жардам берүү) үчүн багыттайт, алардын ичинде ар түрдүүлүк, инклюзивдүүлүк, калыстык жана адилеттүүлүк боюнча сүйлөшүүлөрдү баштоо жана тобокелдиктерди талдоо. Өзүн-өзү жөнгө салуу нормаларын жана этикалык процесстерди иштеп чыгууну каалаган (көздөгөн) компаниялар өздөрүнүн иштери үчүн коопсуздук жана гендердик теңчилик эмнени билдирерин аныктоого муктаж.[28] Бул аргументтер жана сунуштар топтому адам укуктары боюнча конкреттүү беренелерге токтолбосо да, технологиялык компаниялар укукка негизделген ыкманы талкуулоолорго киргизип, кантип жүзөгө ашыруунун кээ бир жолдорун көрсөтөт.

## › Мазмунду өчүрүүлөрдү жана колдонуучулардын маалымат талаптарын ачык-айкындуулук жана ырааттуулук менен аткарыңыз

Интернет ортомчуларынын жана башка жабыркаган тараптардын колдонуучуларынын сөз эркиндигине жана купуялуулугуна тоскоол болгон ар кандай процесс же аракеттер мүмкүн болушунча ачык жана айкын болушу шарт.[29] Үстөмдүк кылган социалдык медиа платформалары, журналисттерге каршы онлайн куугунтуктун жана кыянаттыктын алдын алуу же ага жооп кайтаруу максатында жасалган күндө дагы, мазмунга байланыштуу аракеттерге зарылдык жана пропорционалдык сыноолорду колдонууну карашы керек.[30]

Интернет-ортомчулар мазмунду алып салууга жана колдонуучулардын маалыматтарын суроо-талаптарга байланыштуу чечимдерин сөз эркиндигин, жеке турмуштун кол тийбестигин жана дискриминациясыздыкты (басмырлоосуздукту) бузган учурларда коргоо чараларын көрсөтүү менен бирге тийиштүү процесстин принциптерине негиздеши керек.[31] Иш жүзүндө, бул интернет-ортомчулар колдонулган саясаттар боюнча толук түшүндүрмөлөрдү берүү менен, алардын чечимдери таасир эткен бардык тараптарды камтыган билдирүү системаларын түзүшү керегин билдирет; чечимди коштогон баалоону; жана чечимдерге каршы чыгып талашуу үчүн даттануу механизмдердин деталдарын кантип активдештирүү керегин билдирет.[32]

Интернет ортомчулар мазмунду алып салуу жана колдонуучулардын маалыматтарын сурам-талаптары жөнүндө маалыматты жарыялоо керек. Бул мазмун, кайрылуулар жана натыйжалар боюнча көрүлгөн иш-аракеттер жөнүндө статистикалык маалыматты, ошондой эле алардын чечимдеринин сандык жана сапаттык көз караштан ырааттуулугу жөнүндө коомчулукка кабарлаган башка маалыматтарды камтыйт,

бирок алар менен чектелбейт. Бул маалымат интернет ортомчуларынын мазмунун модерациялоону жана автоматташтырылган системаларды колдонууну жана алардын сөз эркиндигине, жеке турмуштун кол тийбестигине жана дискриминациясыздыкка (дискриминацияга жол бербөөгө) тийгизген таасирин коомдук кылдат изилдөөгө мүмкүндүк (мүмкүнчүлүк) бериши керек.

Интернет ортомчуларынын өкмөттөр менен кызматташуусу жана өнөктөштүгү мүмкүн болушунча ачык болушу керек, ошондуктан маалымат жеткиликтүү жана өкмөттөр менен ортомчулардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнү баалоо үчүн пайдалуу болушу керек. Өкмөттөрдүн мазмунду алып салуу же колдонуучулардын маалыматына кирүү өтүнүчтөрүнүн саны жана идентификациясы жөнүндө болгон отчеттор бул субъектилердин ортосундагы өз ара аракеттенүүнү чындап баалоо жана кылдат изилдөө үчүн зарыл болгон деталдарды бербейт.

Ачык-айкындуулук боюнча отчёттор суроо-талапка катышкан орган жөнүндө толук маалыматтарды; суроо-талаптын укуктук негизи же анын жоктугу; жана ар бир өлкөдө, анын ичинде адам укуктарын бузуу же суроо-талап механизмдерин туура эмес пайдалануу боюнча ички чакырыктарга жол ачкан ар бир суроо-талап боюнча компания тарабынан көрүлгөн иш-аракеттерди камтууга тийиш.

Интернет-ортомчулар, атап айтканда, социалдык медиа платформалары көз карандысыз көзөмөл жүргүзүүгө милдеттениши керек жана коомдук медиа кеңештери сыяктуу көп таламдаш болгон жөнгө салуучу органдарга кошулууну караштырууга тийиш, бул алардын практикасына, анын ичинде гендердик негизде куугунтук жана кыянаттык чөйрөсүндө коомдук көзөмөлдү жана жоопкерчиликти жакшыртууга мүмкүндүк берет.[33]

## Мисалдар

**Маалымат суроо-талаптары боюнча отчёт берүү:** Twitter өкмөттөрдүн жана башка “ыйгарым укуктуу кабарчылардын” суроо-талаптары боюнча өздөрүнүн чечимдери тууралуу маалыматты ички мыйзамдардын негизинде, ар бир өлкө боюнча мисалдарды камтып, жарыялайт. Алардын Маалымат суроо-талаптар Information боюнча ачык-айкундуулук отчету мамлекеттик жана өкмөттүк эмес суранууучулар тарабынан кабыл алынган юридикалык суроо-талаптардын бөлүгүн (көлөмүн), анын ичинде ар бир өлкө боюнча атайын бир профилди камтыйт.[34] Бирок отчет суроо-талаптардын укуктук негиздери боюнча негизги маалыматты камтыбайт, ошондой эле өкмөттөр мыйзамдуу талаптарга жооп берген же аткарбаган учурларды камтыбайт.

YouTube FAQs/ (Көп берилүүчү суролор) КБСти колдонуучулардын маалыматын суроо-талап кылгандар тууралуу билдирүүлөр менен камсыз кылат FAQs on requests for users’ information.[35] Google өкмөттөрдүн мазмунду өчүрүү өтүнүчү боюнча статистикалык маалымат менен камсыз кылат.[36]

Ар алты ай сайын Facebook ар бир өлкө боюнча суроо-талаптардын санын, ошондой эле бир нече конкреттүү иштердин кыскача корутундусун камтыган Колдонуучу маалыматтарынын өкмөттүк өтүнүчтөрү Government Requests боюнча отчетту чыгарат.[37]

Колдонуучулардын маалымат суроо өтүнүчүнө карата Twitter, Google жана Facebook ар бир өлкө боюнча жалпы сандык маалыматтарды жана укук коргоо органдарынын суроо-талаптары үчүн алардын колдонмолорун камтыган бөлүктү камтыйт.[38]

## › Аялдардын журналистикадагы ролун жогорулатуу

Аял журналисттерге интернет ортомчулары тарабынан сунушталган кызматтарда жана платформаларда онлайн куугунтуктан жана кыянатчылыктан пропорционалдуу түрдө жабыркайт. Интернет-ортомчулар интернеттеги куугунтуктун жана кыянаттыктын ар кандай көрүнүштөрүнө каршы туруу үчүн коомдук жана активдүү демилгелерди көтөрүшү керек, анын ичинде маалымдуулукту жогорулатуу программалары, журналист аялдардын ишмердүүлүгүн колдоо жана каршы баяндарды түзүүгө жана жайылтууга салым кошуу.

Интернет-ортомчулар, мисалы, аял журналисттер жана башка медиа (маалымат каражаттарынын) жана жарандык коомдун өкүлдөрүнө компаниялардын социалдык медиа платформаларынын саясатын кантип колдонуу керектиги боюнча жана кантип отчёттулук менен кайрылуунун механизмдерин колдонуу боюнча тренингдерди колдоо же ишке ашыруу аркылуу аял журналисттердин өз кызматтарында коопсуз катышуусун жигердүү илгерилете жана жогорулата алат.

Журналисттик кызматтарды илгерилетүүгө же журналисттик ишмердүүлүктү күчөтүүгө умтулган интернет ортомчуларынын демилгелери бул онлайн кызматтар гендердик сезимталдуулукка жана адам укуктарына шайкеш келүүсү үчүн кайра каралышы керек. Бул, мисалы, журналисттик ишмердүүлүк үчүн керектүү болгон кызматтар боюнча жооптуу менеджерлер пландоо жана ишке ашыруу этаптарында аял журналисттерге жигердүү кеңеш берүүгө, жана кайрылууга тийиш экендигин жана аялдардын коопсуздугун жогорулатуу үчүн, тандоо укугун камтыган варианттарды сунушташы керек дегенди билдирет.

## Мисалдар

**Аял журналисттердин тажрыйбасын көрүнүктүү кылуу:** Твиттердин #HerStory кампаниясы аял журналисттер туш болгон кээ бир маселелер боюнча коомчулукка маалымдоочу материалдарды чыгаруусу интернет ортомчунун жакшы үлгүсүн көрсөтөт.[39] Twitter 2019-жылдын 3-майында  Басма сөз эркиндигинин күнүн Word Press Freedom Day, белгилөө максатында бүткүл дүйнө жүзүндөгү журналист аялдардын ишин жана жеке окуяларын чагылдыруу каражаты катары бир айлык видео сериалын көрсөтө баштады.[40]

**Саясаттар жана отчеттуулук боюнча тренинг:** Твиттер регионалдык демилгелер менен иш алып барып, аял журналисттерди өз куралдарын колдонууга, саясаттарды ишке ашырууга жана отчеттуулукка үйрөтөт. Ал ошондой эле аялдардын кызыкчылыктарын жана түйшүктөрүн Твиттердеги талкууларга алып келген кампанияларды түзүүгө көмөктөшөт жана колдойт.[41]


**Макулдугусуз таратылган интимдик сүрөттөр боюнча эскертүүлөр үчүн ресурстар менен камсыз кылуу:** Facebookтун "Менин макулдугумсуз эмес" Not Without My Consent аттуу демилгеси интимдик сүрөттөрдүн консенсуалдык эмес жайылышын алдын алуу жана ага жооп берүү үчүн ар кандай ресурстар менен камсыз кылат.[42]Аял журналисттер үчүн атайын иштелип чыкпаса да, ал жеке адамдарга интимдик имиджин макулдуксуз жайылтууну токтотууга же билдирүүгө көмөк берүү максатында жарандык коом уюмдары менен өнөктөштүктө ишке ашырылып жаткан пилоттук долбоорду камтыйт.

**Координацияланган чабуулдардан техникалык катмарды коргоо:** Google'дун Калкан долбоорунун Project жаңылыктар уюмдарын, журналисттерди жана укук коргоочуларды медиа сайттарга кирүүгө бөгөт коюуга багытталган, алардын веб-сайттарына каршы координацияланган чабуулдардан - Бөлүштүрүлгөн Кызматтан баш тартуу аттуу (Distributed Denial-of-Service DDoS) чабуулдарынан коргоону камсыз кылат. Коргоо Google'дун инфраструктурасын жана куралдарын колдонуу менен "зыяндуу (жаман ниеттүү)" деп категорияланган трафикти чыпкалоочу чаралардан турат. Вебсайттар чабуулга кабылганда, Project Shield куралдары веб-сайттын иштешин камсыз кылуу үчүн "зыяндуу (жаман ниеттүү)" трафикти бөгөттөйт.[43]

# Шилтемелер

**1** UN Human Rights Council, Resolution 17/4, "Human rights and transnational cor- porations and other business enterprises", 15 June 2011, https://daccess-ods.un.org/ TMP/4498748.77929688.html. The Special Representative of the UN Secretary-General on the
issue of human rights and transnational corporations and other business enterprises developed the "Guiding Principles on Business and Human Rights: Implementing the United Nations 'Protect, Respect and Remedy' Framework", annexed to the final report to the Human Rights Council (A/HRC/17/31, https://undocs.org/en/A/HRC/17/31), which also includes an introduc- tion to the Guiding Principles and an overview of the process that led to their development.
**2** UN General Assembly, Report of the Special Rapporteur on violence against women, its causes and consequences, "Online violence against women and girls from a human rights perspective", A/HRC/38/47, 18 June 2018, paragraph 89, https://undocs.org/A/HRC/38/47.
**3** UN High Commissioner for Human Rights, Guiding Principles on Business and Human
Rights: Implementing the United Nations "Protect, Respect and Remedy" Framework, 2011, https://www.ohchr.org/Documents/Publications/GuidingPrinciplesBusinessHR_EN.pdf.
**4** UN General Assembly, Report of the Special Rapporteur on the promotion and protection of the right to freedom of opinion and expression, A/HRC/38/35, 6 April 2018, paragraph 67, https://undocs.org/A/HRC/38/35. European Union, Directive 2000/31/EC of the European Parliament and of the Council of 8 June 2000 on certain legal aspects of information society services, in particular electronic commerce, in the Internal Market (Directive on electronic commerce), Article 15, https://eur-lex.europa.eu/legal-content/EN/ALL/?uri=CELEX%3A32000L0031.
**5** UN General Assembly, Report of the Special Rapporteur on the promotion and protection of the right to freedom of opinion and expression, A/74/486, paragraphs 34 and 35, 9 October 2019, https://undocs.org/A/74/486.
**6** Келтирилген эмгекте 3 шилтеме.
**7** OSCE RFoM, "Strategy Paper to Put a Spotlight on AI and Freedom of Expression" #SAIFE, July 2020, https://www.osce.org/files/f/documents/9/f/456319_0.pdf.
**8** ARTICLE 19, Online harassment and abuse against women journalists and major social media platforms London: 2020, https://www.article19.org/wp-content/uploads/2020/10/Gender-Paper-Brief-2.pdf.
**9** OSCE RFoM, "Recommendations following the Expert Meeting New Challenges to Freedom of Ex- pression: Countering Online Abuse of Female Journalists", 17 September 2015, https://www.osce.org/fom/193556?download=true.
**10** "Future Thinking: Harlem Désir on Freedom of Expression Online", Internet Society news item, January 2018, https://www.internetsociety.org/blog/2018/01/future-thinking-harlem-desir/.
**11** UN General Assembly, "Report of the Special Rapporteur on the promotion and protection of the right to freedom of opinion and expression", A/HRC/38/35, 6 April 2018, paragraph 46, https://undocs.org/A/HRC/38/35.
**12** OSCE, RFoM, "Communiqué 1/2019, Freedom of the Media on Media Pluralism, Safety of Female Journalists and Safeguarding Marginalized Voices Online", 29 February 2019, https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/411917?download=true.
**13** "Twitter Rules enforcement", Twitter, https://transparency.twitter.com/en/twitter-rules-enforcement.html.
**14** "Report violations", Twitter, https://help.twitter.com/en/rules-and-policies/twitter-report-violation.
**15** "Report inappropriate content", YouTube, https://support.google.com/youtube/an- swer/2802027?hl=en.
**16** "Community Standards Enforcement Report". Facebook, https://transparency.facebook.com/com- munity-standards-enforcement.
**17** "YouTube Community Guidelines enforcement", Google, https://transparencyreport.google.com/

youtube-policy/removals?hl=en.
**18** UN General Assembly, "Report of the Special Rapporteur on the promotion and protection of the right to freedom of opinion and expression", A/HRC/32/38, 11 May 2016, https://undocs.org/A/HRC/32/38.
**19** Council of Europe, Committee of Ministers, "Recommendations on the protection of human rights with regard to social networking services", CM/Rec(2012)4", 4 April 2020, https://go.coe.int/lL7Uv.
**20** Council of Europe and OSCE RFoM, "Key Conclusions and Recommendations of the Conference on Internet Freedom 'The Role and Responsibilities of Internet Intermediaries', 13 October 2017, https://www.osce.org/files/f/documents/6/7/371846.pdf.
**21** UN Special Rapporteur on Freedom of Opinion and Expression, the OSCE Representative on Freedom of the Media, the Organization of American States (OAS) Special Rapporteur on Freedom of Expression, and the African Commission on Human and Peoples' Rights (ACHPR) Special Rapporteur on Freedom of Expression and Access to Information, "Twentieth Anniver- sary Joint Declaration: Challenges to Freedom of Expression in the Next Decade", 10 July 2019, https://www.osce.org/files/f/documents/9/c/425282.pdf.
**22** Santa Clara Principles on Transparency and Accountability in Content Moderation, https://santaclaraprinciples.org.
**23** Manila principles on intermediary liability, https://www.manilaprinciples.org/principles.
**24** Келтирилген эмгекте 2 шилтеме, 117 параграф.
**25** Келтирилген эмгекте 4 шилтеме, 48 параграф.
**26** Келтирилген эмгекте 4 шилтеме, 70 параграф.
**27** Ошол эле жерде.
**28** Omidyar Network, 2020, "Ethical Explorer Pack", https://ethicalexplorer.org/. This is recommended by UNESCO in the publication "Steering AI and Advanced ICTs for Knowledge Societies: A Rights, Openness, Access, and Multi-stakholder Perspective", 2019, https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000368711/PDF/368711eng.pdf.multi.
**29** Келтирилген эмгекте 20 шилтеме.
**30** Келтирилген эмгекте 6 шилтеме, 50 параграф.
**31** Келтирилген эмгекте 3 шилтеме.
**32** Келтирилген эмгекте 6 шилтеме.
**33** ARTICLE 19, "Social Media Councils", https://www.article19.org/social-media-councils/.
**34** "Information Requests", Twitter, https://transparency.twitter.com/en/information-requests.html.
**35** "Requests for user Information FAQs", Google, https://support.google.com/transparencyreport/answer/9713961.
**36** 36."Government requests to remove content", Google, https://transparencyreport.google.com/government-removals/overview.
**37** "Government Requests for User Data", Facebook, https://transparency.facebook.com/government-data-requests.
**38** See Twitter's Guidelines for Law Enforcement; YouTube's FAQs on requests for users' infor- mation; Facebook's Law Enforcement Request system and a guide.
**39** Twitter News, "White House reporter for @NewsHour and co-moderator for this week's #DemDebate, @Yamiche discusses what it's like to be a female journalist of color.", Twitter, 18 December 2019, https://twitter.com/TwitterNews/status/1207330560881942528.
**40** Anabel Pasarow, "With #HerStory, Twitter Is Celebrating Women In Journalism", Refin- ery29, 2 May 2019, https://www.refinery29.com/en-gb/2019/05/231662/twitter-her-story-women-journalists-original-series.
**41** "Inclusion & Diversity Report March 2020", Twitter, https://blog.twitter.com/en_us/topics/company/2020/Inclusion-and-Diversity-Report-March-2020.html.
**42** "Not Without My Consent", Facebook, https://www.facebook.com/safety/notwithoutmyconsent/.
**43** "Project Shield", Google Jigsaw, https://projectshield.withgoogle.com/landing.




# Маалымат каражаттары

# Сунушталган иш-аракеттер

1. Коопсуздук жана гендердик тармагындагы комплекстүү саясатты ишке ашыруу жолу менен жумушта өзүн алып жүрүү маданиятын жогорулатуу

2. Интернеттеги куугунтуктар менен кыянаттыкка дуушар болушкан журналисттерди колдоону жана окутуп-үйрөтүүнү камсыз кылуу

3. Интерактивдүү онлайн-платформалар үчүн гендердик сезимталдыкты эске алуу менен коомчулук эрежелерин иштеп чыгуу

4. Интернеттеги журналист аялдарга, анын ичинде эркин журналисттерге карата куугунтуктар менен кыянаттык фактыларына көз салуу жана документтештирүү

# 7. Маалымат каражаттары
## Журналисттерди коргоо иш жеринен башталат

Массалык-маалымат каражаттары – тагыраагы, ар түрдүү медиа-компаниялар менен уюмдардын ээлери, жетекчилери жана редакторлору – журналисттердин коопсуздугуна оң таасир тийгизе алат жана буга милдеттүү. Аларга жаңылыктар бөлүмүндө да, жер-жерлерде да өздөрүнө иштеген бардык адамдардын, анын ичинде эркин журналисттердин коопсуздугу жөнүндө кам көрүү милдети жүктөлгөн.

ММКнын менчик ээлери, башкы редакторлор жана жетекчилер иш берүүчүлөр катары журналист аялдардын журналисттик ишмердүүлүккө байланышкан тобокелдиктерден тышкары, өздөрүнүн аял жынысына таандыктыгы боюнча да кошумча тобокелдиктерге дуушар болушарын түшүнүп жана ошого жараша жооп кайтарууга тийиш.[1] Жумуш ордунда салттуу терең патриархалдык маданият бар болгондугуна байланыштуу кесиптештер тарабынан мүмкүн болуучу коркунучтарды болтурбоо үчүн жоопкерчилик тартат.

ММК ээлери, жетекчилери жана редакторлор аялдардын муктаждыктарына өзгөчө көңүл коюу менен, жаман нерселердин алдын-алуу чараларына жана бардык кызматкерлерди коргоого көңүл буруусу керек. Алар коопсуздукту коргоого комплекстүү мамиле кылууну камсыздоо үчүн колдоонун расмий жана расмий эмес ар түрдүү кошумча түрлөрүн сунуштоого тийиш.

**ЕККУнун 57 мүчө мамлекети OSCE Ministerial Council Decision No. 3/18 ЕККУнун Министрлер кеңешинин №3/18 чечиминде "журналисттердин эмгегин, коомдун ишенимин жана анын журналистиканын анықтыгына ишенимдүүлүгүн бузган максаттуу кампаниялардын өсүшүн" белгилеп, "мунун журналисттерге карата коркутуулар жана зомбулук тобокелдигин жогорулатышы мүмкүндүгүн" моюнга алышкан.**

## › Иш орундагы өзүн алып жүрүү маданиятын коопсуздук жана гендердик маселелер тармагындагы комплекстүү саясатты ишке ашыруу жолу менен жогорулатуу

Коопсуздук маданияты абдан маанилүү. Эгерде журналисттер алардын ММКсы бардык багыттардагы сырткы жана ички кыянаттыктардын алдын алып, жумшартып жана жооп берерин сезбесе, аларга өз жумушун аткаруу кыйыныраак болот. Журналист аялдардагы коргоого муктаждык сезими көбүнчө иш орундан башталат. Кодулоочу маданий ченемдер жана жалган көз караштар кыянаттык болгон учурда жетекчиликтин чара көрөрүнө ишенимдин жоктугу менен айкалышып, аларга гендердик зомбулук жөнүндө билдирүүгө мүмкүндүк бербейт. Алар мындай шарттарда унчукпоону артык көрөт.[2]

Медиа компаниянын ички маданиятты жогорулатуу үчүн биринчи кадамы, гендердик зомбулук көйгөй экенин жана айрым журналистке кол салуу – бул бүткүл компанияга кол салуу экенин моюнга алуу болуп эсептелет. Бул аялдардын тармактык байланыштарда алардын эркек кесиптештерине караганда куугунтукка көбүрөөк кириптер болоору, курмандыктары болуп калышаарын, кол салуу аларга көбүрөөк зыян алып келерин,[3] ошондой эле журналист аялдардын эркек кесиптештери тарабынан куугунтукка

туш болушу мүмкүндүгүн жана мындай окуялар тууралуу билдирбей тургандыгын билдирет.

Аял журналисттерди колдоого алуу үчүн массалык маалымат каражаттары редакциянын өзүндөгү жана башка жерлердеги, мисалы, чагылдырылган географиялык райондогу же жердеги эмгек шарттарына коопсуздук аудитин үзгүлтүксүз жүргүзүп туруусу керек. Алар ошондой эле кызматкерлери туш болушу мүмкүн болгон тобокелдиктердин ар кандай түрлөрүн жакшыраак түшүнүү үчүн санариптик коопсуздукка аудиттерди жана баалоону жүргүзүп турууларыы абзел. Мунун аркасында алар өздөрүнүн ишиндеги күчтүү жана алсыз жактарын аныктай алышат. Аудиттин (текшерүүнүн) жыйынтыктарынын негизинде жана журналисттер менен биргелешип, ММК физикалык жана санариптик коопсуздукту коргоону жана психологиялык колдоону кошкондогу комплекстүү коопсуздук саясатын ишке киргизүүсү керек.

Редакцияларда позитивдүү маданиятты калыптандыруу менен бирге, медиа компаниялар ар кандай,  анын ичинде тармактагы ар кандай куугунтуктоо жана кыянаттык формалары сыяктуу кол салуулардын алдын алуу жана каршы туруу үчүн жетектөөчү принциптерди жана протоколдорду иштеп чыгууга тийиш. Бул принциптерди жана протоколдорду ишке ашырууга жоопкер адамдарды аныктоо жана алардын технологиялардын активдүү өнүгүү кырдаалында актуалдуулугун сактоо үчүн бул документтерди үзгүлтүксүз кайра карап чыгуу жана жаңылап туруу зарыл.

Жетектөөчү принциптерде Интернеттеги куугунтук жана кыянаттык жөнүндө, ошондой эле ар кандай керектүү жардамды, мисалы, юридикалык кеңешти же психологиялык колдоону кантип алуу керектиги жөнүндө журналисттерге жеткиликтүү болгон бардык билдирүү ыкмалар сүрөттөлүүгө тийиш. Ошол эле учурда, мындай документтерди иштеп

чыгуудагы катаал ички жол-жоболор журналист аялдарга мындай кол салуулардын жеке жана интимдик мүнөзүнө байланыштуу гендердик кол салуулар жөнүндө билдирүүсүнө тоскоол болушу мүмкүндүгүн эске алуу абзел. Ошондуктан мындай жол-жоболордо иш-аракеттин ар түрдүү сценарийлерин көрө билүү керек. Мисалы, журналист аял бул жөнүндө жетекчиликке жеке билдирүүнүн ордуна, өзүнүн кесиптеши менен сүйлөшүп, андан куугунтук тууралуу билдирүүнү сурануусун артык көрүшү мүмкүн. Же журналист аял болуп өткөн окуя жөнүндө кесиптештерине, жетекчиликке же өз агенттигинен тышкары кимдир бирөөгө билдирбестен, психо-социалдык колдоого кайрылышы ыктымал.

Гендердик куугунтук иш ордунда да болору белгилүү болгондуктан, журналист аялдар Интернеттеги куугунтуктар жана кыянаттык жөнүндө билдириши мүмкүн болгон корпоративдик түзүмдөр алардын уюмдун ичиндеги да, арийне анын чегинен тышкаркы да кол салууларга каршы туруусуна жардам берүүлөрү керек. Жардам берүү механизмдери жетүүгө оңой болуп, купуялуулукту жана жетекчилик тарабынан ыкчам жооп берүүнү камсыздоого тийиш.

Гендердик негизде журналист аялдарга кол салуулардын өзөгүндө коомдогу эркектер көбүрөөк мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон жана аялдарга караганда көбүрөөк эмгек акы алган теңсиздик жатат. Мындай кол салуулардын негизги себептери менен күрөшүү үчүн массалык маалымат каражаттары эмгек акы, кызматтан жогорулатуу, жумуш менен жеке жашоонун ортосундагы тең салмактуулук жана жетекчи кызматтарга кирүүгө мүмкүндүк алууга тийиштүү гендердик теңчилик саясатын бекитип, ишке ашырууга милдеттүү.[4] ММК саясаты ошондой эле жумуш ордундагы сексуалдык зомбулукка да кайрылып, уюмдун ичинде бузуулар болгон учурда ылайыктуу жооп чараларын белгилөөсү керек. Гендердик саясат журналист аялдардын жана ассоциациялар менен бирикмелердин өкүлдөрүнүн пикирин эске алуу менен иштелип чыгышы жана бардык кызматкерлерге жеткирилиши абзел.

Редакциялык саясат ошондой эле медиа-контенттеги теңчиликке өбөлгө жаратуусу абзел. Бул максатка кантип жетишүү боюнча сунуштар саясаты гендердик бир тараптуулуктун алдын алууну окуяларды чагылдырууну аялдарга, анын ичинде коомдук аял ишкерлерге берүү, өз пикирин айтуу мүмкүнчүлүгү, ошондой эле сексуалдык зомбулукту жабыр тарткандардын андан аркы басмырлануусу менен алган жаракатынын күчөшүнө жол бербей туруп чагылдырууну камтыйт.

## Мисалдар

**Алдыңкы тажрыйбаны талкуулоо:** Европалык ММКлар журналист аялдарды интернетте куугунтуктоо жана кыянаттык кылуу көйгөйүн чечүү боюнча алдыңкы тажрыйбалар изилденген Эл аралык басма сөз институтунун Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун (ЕККУ) сөз эркиндиги боюнча өкүлүнүн (СЭӨ) бюросу менен кызматташтыкта өткөргөн гендердик маселелер боюнча кеңири масштабдагы изилдөөлөрүнө катышкан. ЭБИ 2019-жылы бир катар сунуштарды камтыган "Интернеттеги журналисттерге карата зомбулук менен күрөшүүнүн оптималдуу редакциялык практикасы" Newsroom Best Practices for отчётун жарыялаган.[5]

**Ачык көрсөтмөлөрдү жана протоколдорду ишке ашыруу: "Интернеттеги куугунтук менен күрөшүү боюнча чаралар:** маалымат агенттиктери жана журналисттер үчүн колдонмо" башкаруучу протоколу ЭБИнин онлайн-ресурс барагында бир нече тилде жеткиликтүү. Бул протокол Европа өлкөлөрүнүн мыкты тажрыйбаларына негизделип, ишке ашырылышынын үстүнөн ЭБИ бир нече маалымат агенттиктери менен кызматташтыкта иштеген конкреттүү сунуштарды камтыйт.[6]

Гезиттердин жана жаңылыктарды басып чыгаруучулардын дүйнөлүк ассоциациясы (WAN-IFRA) массалык маалымат каражаттары жана алардын кызматкерлери үчүн жумуштагы сексуалдык асылуулардын алдын-алуу жана аны менен конструктивдүү күрөшүүгө көмөктөшүү максатында практикалык колдонмо иштеп чыкты. "Массалык маалымат каражаттарындагы сексуалдык асылуу – иш берүүчүлөр жана кызматкерлер үчүн практикалык колдонмо",[7] Sexual harassment in деп аталган көрсөтмөдө медиа компаниялардын кадр маселелери боюнча адистери иштеп чыккан ыдык көрсөтүүлөр жөнүндө билдирүү үлгүлөрү көрсөтүлгөн, анда ыдык көрсөтүүлөр жөнүндө билдирүүгө кайсы маалыматты кошуу керектиги жана билдирүү учурунда жана билдирүүдөн кийин кандай аракет кылуу зарылдыгы кенен сүрөттөлгөн.

Австриянын Rundfunk Österreichischer коомдук телерадиокомпаниясы массалык маалымат каражаттары гендердик теңчиликти камсыздоо максатында иш-аракеттер протоколдорун кантип түзөрүнө мисал болуп саналат. Бул телекомпания гендердик теңчиликке жана аялдар үчүн карьералык өсүшкө дем берүү максаты, жумуш менен жеке жашоонун ортосундагы оптималдуу тең салмактуулукту камсыздоо жана аялдардын уюмдун бардык, анын ичинде техникалык бөлүмдөрүндөгү 45 пайыздык көрсөткүчүнө жетишүү үчүн өзүн-өзү жөнгө салуу куралын түзгөн.[8]

Россиялык "Жаңы гезит" гезитинин редакциясы сексуалдык асылууну жана психологиялык басымды аныктоону камтыган, ошондой эле мүмкүн болгон даттанууларды кароо боюнча кеңеш түзүүнү камсыз кылган психологиялык жана сексуалдык зомбулук менен күрөшүү боюнча иш-аракеттер протоколун бекиткен.[9] Кеңешке гезиттин редактору, басылманын директору же мурда укук бузуулары байкалган адамдардын кирүүгө акысы жок.

ACOS альянсы "Дарт" Борбору менен кызматташтыкта редакторлор жана жаңылыктар менеджерлери үчүн жаракат алган фрилансерлер менен кантип иштөө жөнүндө "Туруктуулукка карай жол" деп аталган колдонмону иштеп чыккан.[10]

**Окуу сабактарына тышкы байкоочуларды кошуу:** Кээ бир изилдөөлөргө ылайык, сексуалдык асылуу боюнча көпчүлүк окуу сабактары натыйжасыз. Өзүнүн "Сексуалдык асылуу менен күрөшүүгө окутуу натыйжасыз, бирок иштиктүү ыкмалар бар" Sexual Harassment Training Doesn't деген макаласында The New York Times уюштуруу маданиятында олуттуу өзгөрүүлөргө жетишүү үчүн уюмдар, анын ичинде ММК колдоно алуучу сунуштарды берет.[11] Макаладагы башка ыкмалардын арасында тышкы байкоочуларды окутуу өзгөчөлөнүп турат.

## Ресурстар

- News Organizations Safety Self-Assessment ACOS Альянсы иштеп чыккан жаңылыктар уюмдарынын өздөрү тарабынан ички коопсуздукту баалоо схемасы жаңылыктар агенттиктерине журналисттердин коопсуздугун камсыздоо ыкмаларын жана протоколдорун изилдөөгө жана жакшыртууга көмөктөшүүгө арналган альянс мүчөлөрүнүн сунуштары айтылган куралды билдирет.[12]

- Plan for the expected and unexpected: What you need to think about when completing a risk assessment, WAN-IFRAнын "Күтүлгөнгө жана күтүлбөгөнгө план түзүңүз: тобокелдиктерди баалоону жүргүзүүдө эмне жөнүндө ойлонуш керек" блогу журналисттер журналисттик

тапшырманы аткарууга киришердин алдында толтурууга тийиш болгон жөнөкөй жана түшүнүктүү формаларды иштеп чыгуу сыяктуу редакцияларга багытталган негизги сунуштарды камтыйт.[13]

- UNESCO's Gender-Sensitive Indicators for Media ЮНЕСКОнун ММКлар үчүн гендердик-сезимтал көрсөткүчтөрү массалык маалымат каражаттарына гендердик аспектилерди эске алган мамилени жакшыртуу үчүн ички баалоону жүргүзүүгө жардамдашуу менен, ММКнын ишиндеги жана контентиндеги гендердик сезгичтикти өлчөө үчүн негиз түзөт.[14]

- ЕККУнун басма сөз эркиндиги боюнча Өкүлчүлүгүнүн кеңсеси (СЭӨ) медиа-уюмдар үчүн журналист аялдардын Интернеттеги коопсуздугу жөнүндө ресурстар менен сунуштарды камтыган маалымат бюллетенин factsheet жарыялады.[15]

## › Интернеттеги куугунтук менен кыянаттыкка дуушар болгон журналисттерди колдоого алуу жана окутуп-үйрөтүү

ММК ээлери, жетекчилери жана редакторлор Интернеттеги куугунтуктар менен кыянаттыкка дуушар болгон журналисттерге тез арада ар тараптуу колдоо көрсөтүүгө даяр болуулары керек. Жабыр тарткан журналисттер физикалык жактан коргоого, альтернативдик тапшырмаларга, психо-социалдык жардамга же жогорудагы чаралардын айкалышына муктаж болушу мүмкүн.

Мындан тышкары, ММК ээлери, жетекчилери жана журналисттер болуп өткөн окуя жөнүндө социалдык тармактарда же укук коргоо органдарына

билдирүүнү чечишкен журналист аялдарга жардам берүүгө жана колдоого даяр турууга тийиш. Ошону менен бирге кол салууларды билдирүүгө байланышкан тобокелдикти баалоо жана сөзсүз түрдө жабыр тарткан аял журналисттин толук макулдугун алуу керек. Массалык маалымат каражаттары журналист аялдардын алар өздөрүнүн тажрыйбасы жана көйгөйлөрү менен бөлүшө ала турган коопсуз мейкиндикти камсыздаган курбуларды колдоо топторун түзүү же жана башка жардам берүү каналдарын демилгелөөнү колдоого алуулары керек.

Институттук колдоого карабастан, журналист аялдарга, өзгөчө эркин журналисттерге көп учурда Интернеттеги куугунтуктар менен кыянаттын негизги түйшүгүн жалгыз көтөрүүгө туура келет. Ошондуктан массалык маалымат каражаттары бардык журналисттерге кол салууларды аныктоо жана аны менен күрөшүүгө жардам берген куралдарды сунуштоого биринчи кезекте көңүл бурууга тийиш. Массалык маалымат каражаттары ошондой эле аларды коргонуунун комплекстүү стратегиялары, анын ичинде ички саясат жана протоколдор менен тааныштырып, окутуу менен, өз кызматкерлеринин коргонуу көндүмдөрүн өркүндөтүп, дем берүүгө жоопкерчилик тартышат. Мындай окутуу жаракат алуу тобокелдигин төмөндөтүү чаралары, Интернеттеги гендердик зомбулуктун көрүнүштөрү жөнүндө кабардар болуу жана санариптик коопсуздук куралдарын камтууга тийиш.

Насаатчылык программаларын ишке ашыруу же илгерилетүү журналист аялдардын ортосундагы байланышты жана диалогду жөнгө салууга көмөктөшүп, ошондой эле аларга пайдалуу ресурстарды издөөгө жардам бериши мүмкүн.

Массалык маалымат каражаттары гендердик негиздеги куугунтук жана кордоолор терең тамыр жайган социалдык ченемдердин жагымдуу

өзгөрүүлөрүнө салым кошо алат. Ошентип, ММК журналисттерин жана кызматкерлерин өздөрүнүн репортаждарында гендердик бейкалыстык жана стереотиптер менен күрөшүү жана гендердик басмырлоо репортаждарын кылдаттык менен түзүү ыкмаларына үйрөтүү да бул маселени ММКда чагылдыруунун көп түрдүүлүгүнө өбөлгө түзүшү ыктымал.[16]

ММКдагы көп түрдүүлүккө көмөктөшүү ыкмаларынын бири, бардык социалдык топтордогу аялдардын жаңылыктарда жана маектерде активдүү катышуусу, ошондой эле аялдардын саясий, экономикалык жана маданий жашоодогу активдүү ролун моюнга алуу болуп эсептелет. Атүгүл гендердик теңчилик көрсөткүчтөрү жогору болгон өлкөлөрдө да аялдардын ММКдагы өкүлчүлүгү төмөн болушу же стигма менен байланыштуу мүмкүн.[17]

Гендердик зомбулук, интернеттеги куугунтуктоо жана кыянаттык маселелери боюнча окутуп-үйрөтүүчү курстар үзгүлтүксүз негизде жүргүзүлүп, "белгилөө үчүн" өткөрүлгөн бир жолку иш-чаралар менен эмес, окутуу процессинин узак мөөнөттүүлүгү менен олуттуулугун жана уюмдагы көндүмдөрдү жакшыртууну камсыздоо үчүн кайра даярдоону камсыздашы керек.

## Мисалдар

**Колдоо фондун түзүү:** Финляндияда алдыңкы медиа-компаниялар интернеттеги коркутуулар жана куугунтуктар, анын ичинде асылуулар менен чагымчылдыктын курмандыгы болгон журналисттерди колдоо фондун support fund түзүү үчүн өздөрүнүн иш-аракеттерин профсоюздар менен бириктиришти.[18]

**Интернеттеги куугунтуктоо жана кордоого активдүү жооп берүү:** Испанияда El País и La Vanguardia гезиттери жана Catalunya Ràdio радиосу кол салууларга дуушар болгон журналисттерди колдоо

үчүн социалдык тармактарда топторду түзүшту social media teams. Алар тарабынан колго алынган чаралар социалдык тармактардагы чабуулга түз жооп берүү, алардын платформаларынан контентти алып салуу, кол салууларды документтештирүү жана соттук териштирүүгө даярдык процессинде жана жаракат алган журналисттерге колдоо көрсөтүүнү камтыйт.[19]

**Аялдар менен маектешүүлөрдүн санын көбөйтүү:** 2011-жылы бельгиялык RTBF телекомпаниясынын жетекчилиги журналисттерди мүмкүн болушунча эркектерден эмес, аялдардан интервью алууга чакыруу менен, Cherchez la femme деген аталыштагы демилге менен чыгышты. Бул чара жаңылыктар чыгарылышында суралган аялдардын үлүшүн көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк берди.[20]

**ММКдагы катышууга күн сайын мониторинг жүргүзүү:** Prognosi сайты Швеция жана Финляндиядагы дээрлик 30 күнүмдүк электрондук ММКда эскерилген эркек жана аял ысымдарынын пайызын салыштырган.[21] Бул конкреттүү ресурстун ММКга катышуунун сапаты жөнүндө маалыматтын жоктугу сыяктуу өзүнүн белгилүү бир чектөөлөрү болсо да, аны белгилүү бир убакытта колдонушкандар аны медиа-сектордун өзүндөгү ички маектерди жана эркектер менен аялдар жөнүндө талкууларды демилгелөөдө пайдалуу деп табышкан.

## Ресурстар

- Массалык маалымат каражаттарындагы гендердик теңчилик боюнча Европа Кеңешинин Министрлер комитети өзүнүн е Rec(2013)1 сунушунда ММКларга "өзүн-өзү жөнгө салуу чараларын, жүрүм-турум / этиканын ички кодексин жана ички

көзөмөл системасын бекитүүнү, ошондой эле ММКдагы гендердик теңчиликти илгерилеткен чагылдыруу стандарттарын иштеп чыгууну" сунуштаган. Ал ошондой эле үчүнчү тараптарды "өз көйгөйлөрү жөнүндө өзүн-өзү жөнгө салуучу органдарга билдирүү менен, гендердик теңчиликти үзгүлтүксүз коргоого" чакырган.[22]

- Portraying Politics: A Toolkit on Gender and Television ММКнын түрдүүлүк институтунун "Саясий портретти түзүү": гендер маселелери жана телевидение боюнча куралы" журналисттерди аялдардын саясатка катышуусун чагылдыруу ыкмаларына окутуунун сегиз модулун камтыйт.[23]

- SaferJourno: Digital Security Resources for Media Trainers – бул Internews тарабынан студенттерди, кесипкөйлөрдү жана өнөктөштөрдү санариптик жана тармактык коопсуздукка окутуучу медиа-инструкторлор үчүн түзүлгөн ачык булак акысыз окуу куралы.[24] Жүктөп алуучу басылмада алты түрдүү модулдар үчүн сабактардын планы берилген. Булар: тобокелдиктерди баалоо; негизги коргоо; мобилдик телефондун коопсуздугу; коопсуз изилдөө жүргүзүү; электрондук почтаны коргоо.

## › Интерактивдүү онлайн-платформалар үчүн гендердик аспектилерди эске алуу менен коомдук эрежелерди иштеп чыгуу

Бүгүн массалык маалымат каражаттары өздөрүнүн веб-сайттарында жана социалдык тармактардагы аккаунттарында көбүнчө интерактивдүү онлайн-мейкиндиктерди уюштурушат. Колдонуучулардын ММКнын онлайн-платформалары менен өз ара аракеттенүүсү боюнча так коомдук эрежелер Интернеттеги куугунтук жана кыянаттын алдын алууга

же кол салуулардын катаалдыгын азайтууга жардам берет. ММКнын онлайн-платформасындагы талкууларды модерациялоо Интернеттеги гендердик негиздеги куугунтуктун кесепеттерин алдын алуучу же жумшартуучу маанилүү курал болушу мүмкүн болсо да, ал пикир айтуу эркиндигин бузбашы керек. Мындан тышкары, журналисттердин социалдык тармактар платформаларында өз ара аракеттенүүсү кандайча болушу керектиги боюнча так сунуштар журналисттер менен ММКларга тобокелдикти ыкчамыраак баалоосуна жана кол салууларга тийиштүү жооп берүүсүнө да жардам берет.

ММК ошондой эле бул процесске коомчулукту активдүү тартуу жана өздөрүнүн онлайн-платформаларында конструктивдүү диалогду илгерилетүү менен, куугунтуктар менен кыянаттыктын алдын алуунун үстүндө иштей алат. Буга жетишүү жолдорунун бири – коомчулуктун атайын модераторлорун дайындоодо камтылган.

## Мисалдар

**Интернет коомчулугу менен өз ара аракеттенүү:** Британиялык телерадиоберүү корпорациясы (Би-Би-Си) комментарий берүүнүн жана маалыматты платформага жүктөөнүн ички эрежелерин House Rules аныктап, атайын өз окурмандарын кемсинткен жүрүм-турумдан кармануукa чакырган.[25]

**Коомчулук менен диалог модераторлорун дайындоо:** 2018-жылы Финляндиянын Yle коомдук телеканалы өз платформаларында коомчулук менен байланышты башкаруу community management практикасын киргизген. Yle онлайн-талкуулардын позитивдүү маданиятын түзүү үчүн аудитория менен баарлашуу модераторун жалдаган.[26]

Deutsche Welleде (DW) ар бир немис тилдүү тейлөө платформасын жөнгө салуу менен алектенген коомчулуктун модератору бар, ал эми англис тилдүү кызматында күн-түн иштеген модераторлор.[27]

**Ресурстар**

- Массалык маалымат каражаттарынын эркиндиги жана плюрализм борбору Европа Биримдигине мүчө мамлекеттердин массалык маалымат каражаттары үчүн социалдык тармактарда иштөө принциптерин жетектөөчү базасын түзгөн online database.[28]

## › Интернетте аял журналисттерди, анын ичинде эркин аял журналисттерди куугунтуктоо жана кордоо фактыларына көз салуу жана документтештирүү

Журналистика үчүн салыштырмалуу жаңы коркунуч болгон куугунтуктоолор менен кыянаттыктын бүткүл масштабын жана таасирин түшүнүү үчүн маалыматтар көлөмүн кеңейтүү керек. ММК журналисттердин коопсуздугуна кызыкдар өз кызматкерлерине жана кеңири коомчулукка Интернеттеги өз кызматкерлерине карата куугунтуктоо жана кыянаттык фактыларын документтештирүү менен жардам бере алат. Куугунтуктоолор менен кыянаттын ар кандай көрүнүштөрү жана аспектилери жөнүндө бөлүштүрүлгөн маалыматтарды топтоо кордоолордун мүнөзүн эске алуу менен баалоо жүргүзүү жана убакыттын өтүшү менен өзгөрүү тенденциясын түшүнүү үчүн чечүүчү мааниге ээ. Бул массалык маалымат каражаттарына ар бир окуяга жакшыраак көз салууга, анын ичинде кол салуулар кылмыш иштери

менен бирдей болгон учурда далилдерди сактоо макамын кошкондо жооп чараларын белгилөөгө жана өркүндөтүүгө мүмкүндүк берет.

Бул маалыматка ээ болуу менен, ММК колдо болгон улуттук коргоо механизмдери, улуттук адам укуктарын коргоо мекемелери, саясатты иштеп чыгуучулар жана укук коргоо органдары менен натыйжалуураак байланыш каналдарын орнотуп, ошондой эле алар менен кээ бир маалыматтарды бөлүшө алат. Бул иш-аракеттердин максаты – комплекстүү стратегиялык жооп чараларын, анын ичинде конкреттүү журналистке карата же конкреттүү укук бузуучу тараптан кордоону күчөтүү максатка багытталган мониторингди жана жооп чараларын талап кылган конкреттүү кырдаалдарга жооп кайтаруу чараларын кабыл алууга көмөктөшөт.

Бул үчүн бардык штаттагы жана штаттын тышкаркы кызматкерлер менен толук ачыктык жана өз ара аракеттенүү, ошондой эле кол салууга дуушар болгон журналисттер тарабынан толук макулдук керек. Атүгүл мындай макулдашуу болгон күндө да массалык маалымат каражаттары идентификацияланган маалыматты аны жарыялоонун же мейли ал мамлекеттик мекемелер, жарандык коомдун топтору же ар кандай коомдук платформалар болсун, үчүнчү тараптарга берердин алдында тобокелдигин баалоосу керек.

## Мисалдар

**Мыйзам бузууларга мониторинг жүргүзүү үчүн портал түзүү:** Балкан журналисттик иликтөөлөр тармагы Борбордук жана Түштүк-Чыгыш Европанын алты өлкөсүндөгү санариптик укук жана эркиндиктин бузулушуна байкоо жүргүзгөн BIRD ресурстук


порталын түзгөн жана журналист аялдарга карата онлайн кол салуулар боюнча иликтөө отчётун жарыялаган .[29]

**Интернеттеги кордоо темасына иликтөө жүргүзүү:** "Гардиан" гезити Интернеттеги өзүнүн журналисттерине карата кордоолордун табиятын түшүнүү үчүн 2006-жылдан бери анын сайтында жайгаштырылган 70 миллион комментарийди анализге алган. Басылма куугунтукка көбүрөөк туш болгон он автордун сегизи аялдар болгонун таап чыккан. Жыйынтыктар "Гардиан" басылмасынын сайтында "Комментарийлердин караңгы тарабы" отчётунда берилген The dark side of Guardian comments.[30]

## Шилтемелер

**1** Elisa Lees Munoz, "Why we should prioritize women journalists' safety", International Women's Media Foundation, https://www.iwmf.org/2017/11/why-we-should-prioritize-women-journalists-safety/.
**2** Silvia Chocarro, "The safety of women journalists: Breaking the cycle of silence and violence", IMS Defending Journalism book series, International Media Support, 2019, https://www.mediasupport.org/publication/the-safety-of-women-journalists.
**3** Mozilla Foundation, "Women journalists feel the brunt of online harassment", Internet Health Report, 2019, https://internethealthreport.org/2019/women-journalists-feel-the-brunt-of-online-harassment/.
**4** Gender Equality Commission,"Handbook on the implementation of Recommendation CM/Rec(2013)1 of the Committee of Ministers of the Council of Europe on gender equality and media", Council of Europe, 2015, https://rm.coe.int/CoERMPublicCommonSearchServices/DisplayDCTMContent?documentId=0900001680590558.
**5** Barbara Trionfi and Javier Luque Martínez, "Newsroom Best Practices for Addressing Online Violence against Journalists Perspectives from Finland, Germany, Poland, Spain and the United Kingdom", IPI, in cooperation with the OSCE RFoM, https://ipi.media/wp-content/uploads/2019/06/IPI-report-online-harassment-06032019.pdf.
**6** IPI, "Measures for Newsrooms and Journalists to Address Online Harassment", Ontheline Newsrooms, https://newsrooms-ontheline.ipi.media/.
**7** R. Zausmer, J. Godia, "Sexual Harassment in the Media", Women in the News, 2018, http://www.womeninnews.org/resource/41.
**8** Келтирилген эмгекте 17 шилтеме, 17 параграф.
**9** "Рабочее место должно быть безопасным" (Workplace must be safe), Novaya Gazeta, 14 July 2020, https://novayagazeta.ru/articles/2020/07/14/86271-rabochee-mesto-dolzhno-byt-bezopasnym.
**10** Dart Centre and ACOS Alliance, "Leading Resilience: A Guide For Editors & Managers", 2020, https://www.acosalliance.org/trauma-management-for-editors
**11** Claire Cain Miller, "Sexual Harassment Training Doesn't Work. But Some Things Do.", The New York Times, 11 December 2017, https://www.nytimes.com/2017/12/11/upshot/sexual-harassment-workplace-prevention-effective.html?smid=fb-nytimes&smtyp=cur&_r=0
**12** ACOS Alliance, "News Organizations Safety Self-Assessment", https://www.acosalliance.org/self-assessment.
**13** Caroline Scott, "Plan for the expected and unexpected: What you need to think about when completing a risk assessment", World Association of Newspapers and News Publishers, 6 April 2019, https://blog.wan-ifra.org/2019/06/04/plan-for-the-expected-and-unexpected-what-you-need-to-think-about-when-completing-a-risk-.
**14** UNESCO, "Gender-Sensitive Indicators for Media: Framework of indicators to gauge gender sensitivity in media operations and content", 2012, https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000217831.
**15** OSCE RFoM, #SOFJO Factsheet: Safety of Female Journalists Online, 2018, https://www.osce.org/files/f/documents/2/5/370331_0.pdf.
**16** The New York Declaration, "Gender & media: challenges and opportunities in the Post 2015 era", 11 March 2017, https://whomakesthenews.org/wp-content/uploads/who-makes-the-news/Reports/The%20New%20York%20Declaration%202017%20on%20gender%20and%20media.pdf.
**17** Sarah Macharia et al., "Who Makes the News? Global Media Monitoring Project", WACC, 2015, https://whomakesthenews.org/gmmp-2015-reports.
**18** "Media houses and unions set up fund to support journalists facing harassment", The Union of Journalists in Finland news item, 28 May 2019, https://journalistiliitto.fi/en/media-houses-and-unions-set-up-fund-to-support-journalists-facing-harassment/.
**19** Келтирилген эмгекте 5 шилтеме.

**20** Келтирилген эмгекте 4 шилтеме.
**21** Prognosis Shamebot, "Gender Equality Tracker 2020", http://www.prognosis.se/GE/.
**22** Council of Europe "Draft analytical report on the follow-up on the implementation of Recommendation CM/Rec(2013)1 of the Committee of Ministers of the Council of Europe on gender equality and media", GEC(2019)10, CDMSI (2019)04, 8 November 2019, p. 46, https://rm.coe.int/gec-2019-10-cdmsi-gec-analyatical-report-cm-gender-equality-and-me- dia/168098bce5.
**23** Portraying Politics Project Partners, "Portraying Politics – A toolkit on gender and televi- sion", 2006, http://www.media-diversity.org/en/additional-files/documents/PP_EN.pdf.
**24** "SaferJourno", Internews, http://saferjourno.internews.org/.
**25** "What are the rules for commenting and uploading?", BBC, 2018, https://www.bbc.co.uk/usingth-ebbc/terms/what-are-the-rules-for-commenting/.
**26** "Finnish public broadcaster fights online hate speech with dialogue and respect", Euro- pean Feder-ation of Journalists news item, 20 August 2018, https://europeanjournalists.org/blog/2018/08/20/finnish-public-broadcaster-fights-online-hate-speech-with-dialogue-and-respect/.
**27** Келтирилген эмгекте 5 шилтеме, параграф 35.
**28** "Social Media Guidelines for Journalists EU28", European University Institute, https://cmpf.eui.eu/social-media-guidelines-for-journalists-eu28/.
**29** "B.I.R.D.", The Balkan Investigative Reporting Network and Share Foundation, https://monitoring.bird.tools.
**30** Becky Gardiner et al., "The dark side of Guardian comments", The Guardian, 12 April 2016, https://www.theguardian.com/technology/2016/apr/12/the-dark-side-of-guardian-comments.



# Журналисттер уюмдары жана өзүн-өзү жөнгө салуу органдары

# Сунушталган иш-аракеттер

1. Журналист аялдардын коопсуздугун жогорулатуу жана эмгек шарттарын жакшыртуу максатында биргелешкен күч-аракеттер менен чараларды ишке активдүү ашыруу;

2. Потенциалды бекемдөөнү кесиптештер менен натыйжалуу өз ара аракеттенүү аркылуу камсыздоо, окутуу жана башка практикалык колдоо көрсөтүү;

3. Кол салууларды документтештирүү жана маалыматты негизги кызыкдар тараптардын маалымдуулугун жогорулатуу үчүн пайдалануу;

4. Коопсуздук жана гендердик теңчилик маселелерин өзүн-өзү жөнгө салуу органдарынын ишине киргизүүгө көмөктөшүү.

# 8. Журналисттер уюмдары жана өзүн-өзү жөнгө салуу органдары
## Жамааттык аракеттерди уюштуруу жана жүрүм-турум кодекстерин иштеп чыгуу

Профессионалдык ассоциациялар жана бирикмелер сыяктуу журналисттик уюмдар журналисттердин эмгек укуктарын жана жалпы кызыкчылыктарын коргойт, бул уюм мүчөлөрүнүн коопсуздугун жогорулатууну жана конкреттүү кол салууларга туш болгондо аларга колдоо көрсөтүүнү камтыйт.

Медиа-сектордун ММК боюнча кеңештер, редакциялык профсоюздар, билим берүү мекемелери жана бир же бир нече ММК тарабынан дайындалган ММК боюнча акыйкатчылар сыяктуу мамлекеттик эмес субъектилери да журналисттердин коопсуздугун камсыздоодо роль ойной алат.

Бул бөлүмдө кийинчерээк карала турган окуу жайларын эске албаганда, буга окшогон уюмдар канткенде Интернеттеги журналист аялдардын коопсуздугун камсыз кылууда өздөрүнүн ролун кеңейте алары баяндалат.

**OSCE Ministerial Council Decision No. 3/18, ЕККУнун Министрлер кеңешинин №3/18 чечиминде OSCE Ministerial Council Decision No. 3/18, ЕККУнун Министрлер кеңешинин №3/18 чечиминде ЕККУнун 57 мүчө мамлекеттери "журналисттерге карата негизсиз чектөө чараларын колдонуу алардын коопсуздугуна таасир этип, коомчулукка маалымдоосуна тоскоолдук кылып, муну менен пикир айтуу эркиндигин ишке ашырууга терс таасирин тийгизерин" тынчсыздануу менен белгиледи.**

## › Аял журналисттердин коопсуздугун жогорулатуу жана эмгек шарттарын жакшыртуу максатында биргелешкен күч-аракеттер менен чараларды ишке активдүү ашыруу

Журналисттердин ассоциациялары жана бирикмелери ММКнын иш берүүчү катары журналист аялдардын, анын ичинде штаттагы жана штаттан тышкаркы кызматкер аялдардын алардын кесиптик ишмердигин аткаруу учурундагы коопсуздугун камсыз кылууда өз милдеттенмелерин жана милдеттерин аткаруусуна көмөктөшүүдө чечүүчү ролду ойношот.

Журналисттер ассоциациялары жана бирикмелери өздөрүнүн ММК кызматкерлеринин эмгек шарттарын жакшыртуу боюнча күч-аракеттеринде аялдар туш болгон конкреттүү маселелерге артыкчылыктуу көңүл бура алат. Массалык маалымат каражаттары менен эркектер жана аялдардын эмгек акысын төлөөдөгү гендердик ажырымды жоюу максаты менен сүйлөшүүлөр абдан маанилүү, анткени мындай практика жумушчулардын укуктарын бузат жана аялдарга карата басмырлоону күчөтөт. Мындан тышкары, ММКдагы гендердик теңчиликти илгерилетүү боюнча иш-аракеттер жана сексуалдык асылуулар менен күрөшүү саясаты менен бирге, журналист аялдарга карата өзгөчө жол-жоболорду камтыган коопсуздук протоколдорунун бардыгы, ошондой эле зарыл болгон жабдуулар менен колдоонун болушу олуттуу мааниге ээ.

Журналисттик уюмдар өз структураларында гендердик теңчилик жана тендердик саясат принциптерин карманууга жана өздөрүнүн бөлүмдөрүндөгү Интернеттеги куугундук менен кыянаттык маселелерине өзгөчө көңүл буруулары керек.

Сүйлөшүүлөрдөн тышкары, кесиптик ассоциациялар жана бирикмелер мыйзамдарга көз салып, талкуулап жана керек болгон учурда аны улуттук, регионалдык жана эл аралык деңгээлде жакшыртуу боюнча сунуштарды

лобби жасай алат. Эгерде Интернеттеги куугунтуктоолор менен кыянаттык актылары кылмыш иштери менен бирдей болсо, уюмдар журналисттерге жана өз өкүлчүлүктөрүнө юридикалык колдоо көрсөтө алышат.

## Мисалдар

**Сунуштарды берүү:** Финляндиянын Журналисттер союзу “Жек көрүү кампаниялары – биздин иш-аракеттер кандай болууга тийиш” китепчесин Hate Campaigns – What We Should Do (брошюра) түзгөн. Анда кыянаттык фактыларын документтештирүү, зарыл болгон учурда кызматкерлер үчүн консультацияларды уюштуруу же кесиптештери жөнүндө Интернетте оң пикир билдирүү сыяктуу сунуштар тизмеленген. Китепченин максаты – редакторлорго, ММК жетекчилерине жана журналисттерге эгерде алар өздөрү, алардын кызматкери же кесиптеши Интернеттеги куугунтук менен кыянаттыкка туш болгон учурда кандай чараларды көрүү керектиги жөнүндө кабарландыруу.[1]

**Медиа өнөр жайындагы гендердик теңчиликке жардамдашуу:** 2019-жылдын июнунда Эл аралык эмгек уюму (ЭЭУ) эл аралык эмгек стандарттарынын жаңы топтомун – Зордук-зомбулук жана куугунтук боюнча 190 конвенцияны бекиткен Convention 190 on Violence.[2] Эл аралык журналисттер федерациясы (IFJ) ЭЭУнун мамлекетти бул конвенцияны ратификациялоого чакырган “ЭЭУнун 190-конвенциясы жашоону өзгөртүүгө жөндөмдүү” ILO Convention 190: It Can Change Lives, деген аталыштагы маалыматтык кампаниясын жетектейт.[3]

**Зарылчылыкка жараша профсоюздар саясатын жаңылоо:** Улуу Британия менен Ирландиянын Улуттук журналисттер союзу ага сексизм жана куугунтуктоо Sexism and Bullying жөнүндө бөлүмдү киргизүү менен, өздөрүнүн саясатын жаңылашкан.[4]

## Ресурстар

- Guidelines for Media and Unions to Combat Online Harassment of Women journalists Эл аралык журналисттер федерациясы тиешелүү чараларды көрүүгө жардам берүү максаты менен ММК жетекчилери, профсоюздар жана өнөктөштөр үчүн "ММК жана бирикмелер үчүн Интернетте журналист аялдарды куугунтуктоо менен күрөшүү боюнча жетектөөчү принциптер" топтомун жарыялаган.[5]

## › Кесиптештери менен натыйжалуу өз ара аракеттешүү, үйрөтүү жана башка практикалык колдоо көрсөтүү аркылуу потенциалды жогорулатууну камсыз кылуу

Журналисттер ассоциациясы жана бирикмелер алардын жардамы менен журналисттердин Интернеттеги куугунтук жана кыянаттык, ошондой эле психологиялык кесепеттер менен күрөшүү жөндөмдөрүн бекемдөөгө көмөктөшө алчу көптөгөн ыкмалар бар.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, кесиптештери тарабынан көрсөтүлгөн колдоо журналист аялдарга Интернеттеги куугунтуктар менен кыянаттыкка туруштук берүүдө негизги фактор болуп саналат. Буга окшогон көйгөйлөргө туш болушкан кесиптештер бири-бирин мисалы, өз ара жардам желеси аркылуу колдоого алышат. Бирок алар дуушар болгон маселелердин канчалык татаал жана назик экендигин эске алуу менен, журналист аялдардын окутууга жана жардамга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатка ылайыктуу. Журналисттер ассоциациялары жана бирикмелер массалык маалымат каражаттары менен биргеликте (7-бөлүмдү да караңыз) курбуларын колдоо тармактарын түзүп, окутууну

сунуштап жана өз ара аракеттенүү эрежелерин иштеп чыгып, ошондой эле психо-социалдык жардамдын башка түрлөрүн көрсөтө алышат. Ассоциациялар менен бирикмелердин тажрыйбасы жана билимдери аларга журналисттердин коопсуздугун камсыз кылууга баалуу салым кошууга мүмкүнчүлүк берет. Алар ошондой эле кызмат адамдарына жана парламент өкүлдөрүнө Интернеттеги куугунтуктар жана кыянат менен күрөшүүгө багытталган мыйзамдарды жана саясатты иштеп чыгарууда маанилүү маалыматты камсыздай алышат.

Журналисттердин ассоциациялары жана бирикмелери, ошондой эле журналист кыз-келиндерди Интернеттеги куугунтуктоо менен кордоонун алдын алуунун алдыңкы ыкмаларына практикалык окутууну уюштура алышат. Изилдөөлөрдү жүргүзүү, анын ичинде журналисттерди жана ММК ээлерин даярдоо жана окутуу менен алектенген мекемелер менен кызматташтыкта жүргүзүү журналист аялдар дуушар болгон көйгөйлөрдү жакшы түшүнүү үчүн чечүүчү мааниге ээ. Алар ошондой эле өзгөчө көңүл тобокелдикти өз алдынча баалоо үчүн куралдарга, социалдык тармактагы өзүңдүн профилиңди коргоо жолдоруна жана журналист кыз-келиндер Интернеттеги куугунтуктоолор менен кыянат бутасына айланган кырдаалда кантип аракеттенүү керектигине бурула турган аялдардын жетекчилиги алдындагы маалымат алмашуу боюнча форумдарды уюштурууга көмөктөшө алышат.

Журналисттик ассоциациялар менен бирикмелерде көп учурда аялдарга коопсуздук планындагы жеке тажрыйбасы жана муктаждыктары жөнүндө айтып берүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү курбулар топтору же координациялык борборлор иш алып барышат. Мындан тышкары, ассоциациялар менен бирикмелер өздөрүнүн веб-сайттарында Интернеттеги журналист аялдардын коопсуздугуна арналган оңой жеткиликтүү жана актуалдуу маалыматты, байланыштарды жана ресурстарды сунуштоочу атайын бөлүмдү түзө алышат.[6]

## Мисалдар

**Окуу куралдарын иштеп чыгуу:** Аялдардын эл аралык ассоциациясы радио менен телевидениеде бир нече өлкөлөрдө коргоо маселелери боюнча даярдык курстарында колдонулган журналист аялдардын коопсуздугу боюнча "Эмне, эгерде...?" What If...? Safety Handbook for Women Journalists деп аталган маалымдама колдонмону басып чыгарды.[7]

**Мыкты тажрыйбаларды изилдөө:** 2019-жылы Түркиянын Журналисттер союзу жана Европалык журналисттер федерациясы ММКнын ишмердигиндеги гендердик теңчилик менен көп түрдүүлүккө жардамдашуу жана Интернеттеги куугунтуктоонун күчөп бараткан масштабына каршы туруу үчүн алдыңкы тажрыйбалар жана конкреттүү куралдар боюнча семинар уюштурду.[8]

## Ресурстар

- Handbook on Gender Equality Best Practices in European Unions
  Эл аралык журналисттер федерациясынын "Европалык профсоюздардагы гендердик теңчиликти камсыз кылуунун мыкты тажрыйбалары" колдонмосунда профсоюздарда жана ММКда гендердик теңчиликти камсыз кылуу боюнча бир катар мыкты методдор топтоштурулган.[9]

## › Негизги тараптардын маалымдуулугун жогорулатуу үчүн кол салууларды документтештирүү жана маалыматты пайдалануу

Гендердик аспектини эске алуу менен журналисттерге кол салууларды документтештирүү журналист аялдар дуушар болгон маселелердин татаалдыгын түшүнүү жана аларды чечүү жолдорун издөө үчүн негизги мааниге ээ.

Журналисттерге карата зомбулукту документтештирүүнүн эң натыйжалуу жана коопсуз жолун аныктоо да Интернеттеги ММКга чабуулдун санынын өсүшүн эске алганда, алардын коопсуздугун камсыз кылууда маанилүү роль ойнойт. Кесиптик тармактар, журналисттердин ассоциациялары жана бирикмелери өздөрүнүн мүчөлөрү менен тыгыз байланышта болгондуктан, кол салууларга байкоо салып, тенденцияларды анализдей алышат. Журналисттерге карата зомбулукка мониторинг жүргүзүүгө жөндөмдүү топтордун ортосундагы координация жана кызматташтык аракеттердин кайталанышына жол бербөө жана өз ара жардам көрсөтүү үчүн олуттуу мааниге ээ.

Журналисттик ассоциациялар менен бирикмелердеги журналисттердин коопсуздугу боюнча кырдаал тууралуу кеңири маалымат, маалыматтык кампанияларды демилгелөө жана өткөрүү, ошондой эле жарыялоону милдеттүү камсыз кылуу жана сөзсүз түрдө кол салууга дуушар болгон журналист аялдын макулдугу менен гана аларга катышууга медиа-уюмдарды, саясатчыларды жана башка негизги субъекттерди тартуу үчүн пайдаланылышы мүмкүн. Катышуучулардын бул топторунун ортосундагы кызматташтык коопсуздук тармагындагы демилгелердин натыйжалуулугун жогорулатышы ыктымал.

## Мисалдар

**Маалымат чогултуу:** Финляндиянын Журналисттер союзу журналисттер канчалык көп кол салуу объекттери болоруна изилдөө жүргүзгөн; сурамжылоо маселени жакшыраак түшүнүүгө жана аны чечүү үчүн чечимдерди кабыл алууга жардам берди.[10]

**Мониторинг үчүн альянстарды түзүү:** Түштүк-Чыгыш Европада журналисттердин алты ассоциациясы жана ММК профсоюздары "Журналисттердин коопсуздугу" Safe Journalists демилгесинин алкагында өздөрүнүн күч-аракеттерин бириктиришти.[11] 2016-жылы башталган долбоор аймактагы журналисттердин коопсуздугун укуктук жана саясий көз караштан баалоого, ошондой эле журналисттердин кол салуулар менен коргоо жөнүндө кабардар болуусун жогорулатууга багытталган. Атап айтканда, Босния жана Герцеговинадагы альянста журналист аялдар үчүн ишеним телефону жана тармак бар.

**Тармактар аралык бирикмелерди түзүү:** Канададагы жеке сектордун ири Unifor профсоюзу 2018-жылы медиа-сектордун чегинен тышкары аракеттенишкен профсоюздар жана профессионалдык ассоциациялар Интернеттеги гендердик негиздеги агрессия менен күрөшүү үчүн күч-аракеттерин бириктире аларын көрсөткөн video видео-кампанияны уюштуруу менен, ММКдагы журналист аялдарга карата Интернеттеги сексуалдык асылуулар менен кыянаттыктар жөнүндө маалымдуулукту жогорулаткан.[12]

**Интернеттеги кордоолор жөнүндө билдирүүлөрдүн санын көбөйтүү өнөктүгү:** 2019-жылы Эл аралык журналисттер федерациясы Интернеттеги журналист аялдарга карата гендердик жана сексуалдык асылуу жана кордоолор жөнүндө маалымдуулукту

жогорулатуу, ошондой эле журналисттердин өздөрүнүн кол салууларга дуушар болгон кесиптештерине дем берүүсү үчүн #YouAreNotAlone campaign (#СенЖалгызЭмессиң) кампаниясын баштаган.[13] Федерация жана анын Түштүк-Азия ММК тилектештик тармагы өнөктөштүк тобу (SAMSN) натыйжасы 2017-жылы басылып чыккан A Journalist's Guide to Combat Cyber Harassment in South Asia "Журналисттин Түштүк Азиядагы кибер-куугунтук менен күрөшүү боюнча маалымдамасы" болгон ByteBack Campaign ("Каршылык көрсөт") кампаниясын түзүшкөн.[14]

**Тиешелүү учурларда бийлик менен кызматташуу:** Журналисттер ассоциациясы жана Түндүк Македониянын Ички иштер министрлиги журналисттерге каршы кылмыштар үчүн жазасыз калуу көйгөйү жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу жана кол салуу учурларында өз ара аракеттенүү боюнча биргелешкен иш-чараларды уюштуруу жөнүндө Меморандумга кол коюшкан.[15]

## › Коопсуздук жана гендердик теңчилик маселелерин өзүн-өзү жөнгө салуучу органдардын ишине киргизүүгө жардамдашуу

ММКнын өзүн-өзү жөнгө салуу концепциясы ММК жана журналистикага карата эл аралык стандарттарды карманган, көз карандысыз жана сапаттуу ММКнын өнүгүшүнө көмөктөшкөн маданият менен чөйрөнү түзүүгө практикалык салым кошкон өлкө ичиндеги субъекттер, мекемелер жана уюмдардын катарына кирет.

ММКнын өзүн-өзү жөнгө салуусундагы расмий же расмий эмес ролду башкалардан тышкары белгилүү ММКлар, ММК кеңештери жана

басма сөз, редакциялык бирикмелер, акыйкатчылар, профсоюздар жана окуу жайлары ойнойт.[16] Кээде мамлекет менен сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында түзүлгөн өзүн-өзү жөнгө салуунун расмий эмес механизмдери ыктыярдуу, ачык-айкын жана жалпыга жеткиликтүү болууга тийиш. Акыйкатчы институту жана ММКнын өкүлчүлүктүү органдарындагы даттануу берүү жана кароо механизмдери (мисалы, ММК иштери же Журналисттик этика боюнча кеңеш алдында) кээ бир учурларда репрессивдүү мамлекеттик жөнгө салууну жумшартуу максатында мамлекет менен сүйлөшүүлөрдөн кийин түзүлгөн.

Кесиптик стандарттар жана ММК этикасы коопсуздук жана гендердик теңчилик маселелери боюнча демилгелер үчүн мейкиндик сунуштайт. Компаниялардын, мекемелердин жана уюмдардын кеңири чөйрөсү көз карандысыз ММКлардын өнүгүшүнө жана алардын ишинин сапатын колдоого көмөктөшүүчү маданият менен шарттарды түзүүгө өз салымын кошуу үчүн ММК этикасы маселелерин пайдалана алышат.

Массалык маалымат каражаттарынын этикасы ошондой эле мамлекеттик жөнгө салуунун алсызданышына өбөлгө түзүүчү расмий эмес өзүн-өзү жөнгө салуу механизмдерин түзүүгө жардамдашат. Кээде мамлекеттик органдар менен сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында түзүлгөн расмий эмес механизмдер  негизинен коомчулук үчүн ыктыярдуу, жеткиликтүү болуп, өз ишинин ачыктыгын камсыз кылууга тийиш.

Өзүн-өзү жөнгө салуу органдары ММКдагы гендердик теңчиликти жана коопсуздукту камсыз кылууда маанилүү ролду ойной алат, анткени алар окуялар жөнүндө маалыматты өнөктөштөрүнөн алышат, кесиптештери менен баарлашып, көп учурда ММК тарабынан таанылат. Саясаттагы пландаштырылган өзгөрүүлөр учурунда, ММК жооптуу эксперттердин пикирине негизделген биргелешкен сунуштарды тапшыра алат. Алар ошондой эле коопсуздук маселесине көңүл бурдуруп, аткаруу жана

мыйзам чыгаруу органдарына ММК эркиндигинин принциптерине шайкеш келген чараларды сунуштай алат.

ММКнын өзүн-өзү жөнгө салуу органдарынын функцияларына мисалы, журналисттерге алардын ролу, укуктары жана милдеттери боюнча сунуштарды, ошондой эле алдыңкы тажрыйбаларды берүү менен, аталышынан көз карандысыз негизги багыт катары кызмат кыла алган этика кодексин иштеп чыгуу жана жайылтуу кирет. Этика кодекси гендердик аспектилерди эске алуусу жана журналист аялдар менен кызматташтыкта иштелип чыгуусу керек.

Мурда талкуулангандай, аялдардын жумуштагы коопсуздугу кесиптештери менен жетекчилерден да көз каранды. ММКнын күчтүү өзүн-өзү жөнгө салуу структурасы этика кодексин иштеп чыгууну гана камтыбайт, бирок анын ишке ашырылышын көзөмөлдөө үчүн жооптуу органдын болушун, ошондой эле кодексти бузган адамдар үчүн жазалоо формаларынын болушун да болжолдойт.[17] ММКнын өзүн-өзү жөнгө салуу органдары журналисттер тарабынан ушул географиялык аймакта колдонулган стандарттар жана сунуш кылынган методдор жөнүндө жамааттык корутундулар Интернеттеги гендердик негиздеги куугунтук жана кыянаттык менен күрөшүүнүн алдыңкы методдорун камтышына кепилдик бере алат.

ММК жамааттык ички ченемдер менен стандарттарды киргизүү, ошондой эле коомчулук менен байланышты сактоо, мисалы, кетирилген каталар жөнүндө билдирүүлөрдү жарыялоо, өзүнүн иши жана редакциянын көз карашы жөнүндө маалыматты ачык таркатуу, ошондой эле өз уюмунда акыйкатчы кызматын түзүү менен өзүн-өзү жөнгө салууга өбөлгө түзө алат. Мындай акыйкатчынын функциялары ММКларга жараша өзгөрүп турат, бирок адатта ал эки тараптын диалогуна көмөктөшүү менен, ММК кызматкерлеринин ортосундагы ортомчу катары аракеттенет.

Өзүн-өзү жөнгө салуунун көз карандысыз системасын түзүүгө өбөлгө түзгөн массалык маалымат каражаттары аялдардын коопсуздугуна таасирин тийгизген маселелерге көбүрөөк көңүл бура алат. Мисалга алсак, алар гендердик зомбулукка жалпысынан жана өзгөчө Интернеттеги гендердик негиздеги куугунтук менен кыянаттыкка мониторинг (туруктуу көзөмөл) кандай ишке ашаарын жана алардын кесепеттерин жеңилдетүү үчүн эмнелер жасалып жатканын анализдей алышат

## Мисалдар

**Гендердик Гендердик кодулоо үчүн жазасыз калууга каршы биргелешкен кампания:** Орусиялык журналист аял Федерация Кеңешинин депутатына (орусиялык парламенттин жогорку палатасы) арыз бергенден кийин коомдук басынтууга дуушар болгон. ММК ассоциациялары жана профсоюз кемсинтүүлөрдү жана “сырткы байкоочу көз карашынан аракет кылууну” токтотуу үчүн өздөрүнүн күч-аракеттерин бириктирген. Алар аталган депутаттын мандатынын мыйзамдуулугуна шек жаратып, бардык орусиялык депутаттарды бойкот кылуу чакырыгы менен Европа Кеңешинин Парламенттик ассамблеясына кайрылышты.[18]

**Тармактар аралык даттануу механизмдерин колдонуу:** Финляндияда журналист аялдарды Интернетте куугунтуктоого байланышкан окуялардын артынан, даттануулар парламенттик акыйкатчынын кеңсесине жана массалык маалымат каражаттары боюнча Кеңешке келип түшкөн.[19]

**Медиа-индустриясы тарабынан орнотулган медиа-индустрия стандарты:** Этикалык журналистика тармагы ММКдагы этика

стандарттарынын ишенимдүү булагы болуп саналат. Бул журналисттердин, редакторлордун, дүйнө жүзүндөгү медиа ээлеринин жана колдоо топторунун 70тен ашык тобунан турган коалиция “Жаңылыктарды сактоо” Saving the News деп аталган баяндама жарыялап, анда журналисттерге карата гендердик зомбулук, анын ичинде Интернеттеги куугунтук каралат.[20]

**ММК үчүн моралдык стандарттарды белгилөө:** 1916-жылы Швециянын массалык маалымат каражат ээлери жана журналисттер ассоциациялары тармак ичиндеги өзүн-өзү кылдат анализдөөнү камсыз кылуу максаты менен ММКнын этикасы боюнча Кеңеш түзгөн.[21] Кеңеш жана анын алдындагы ММК боюнча акыйкатчы дискриминация темасына байланыштуу, анын ичинде эркектер тарабынан куугунтуктоо учурлары боюнча аялдар тарабынан берилген айыптоолорду кошкондо, алардын көңүл буруусуна татыктуу маалыматтык материалдарды тандап алат. Андан кийин Кеңеш келечектеги ушундай учурлардагы субъективдүү пикирлер коркунучун потенциалдуу чектөө менен, ММК үчүн моралдык чектерди так белгилеп жана негиздейт.

**Медиа-уюмдарды активдүү чыңдоо:** ММК кеңештери жана бирикмелери санариптик технологиялардын өнүгүшүн колдойт жана жаңы кеңештерге медиа-сабаттуулукту жогорулатуу боюнча иш-чараларды өткөрүүгө, даттанууларды берүү жана кароо механизмдерин түзүүгө жана этика боюнча ченемдик документтерди жана мыйзам актыларын иштеп чыгууга жардамдашат.[22] Интернет-кылмышкерлердин курмандыгы болушкан аялдарга активдүү колдоо көрсөткөн кеңештер башка кеңештер менен жалпы тармактын алкагында тажрыйбалары менен бөлүшө алат.

**Өзүн-өзү жөнгө салуу системасынын өкүлдөрүн даярдоо:** Ар кандай жоопкерчилик чөйрөсүндөгү ар түрдүү уюмдарга таандык өзүн-өзү жөнгө салуу системасынын мүчөлөрүндө көп учурда үзгүлтүксүз жолугушуулар жана тажрыйба алмашуулар үчүн аянтча жок. Швеция тарабынан каржыланган эл аралык окуу программасынын негизги багыты, катышуучулар ММКга карата саясатты иштеп чыгуу жөнүндө үйрөнүшкөнүндө жана ушуга параллель эркектердин да, аялдардын да алдында турган олуттуу коркунучтар жөнүндө пикир алмашуусунда, ошондой эле журналисттердин коопсуздугун жогорулатуу максатында пикир алышуу тартибин аныктоосунда камтылган.[23]

## Ресурстар

- Европа басма сөзү боюнча Көз карандысыз кеңештер альянсы (AIPCE) өзүн-өзү жөнгө салуу органдарынын санариптик технологиялар доорундагы ролу жөнүндө отчётту жарыялаган report about the role of self-regulatory bodies in the.[24]

- ЕККУнун басма сөз эркиндиги боюнча өкүлү өзүн-өзү жөнгө салуунун ролу жөнүндө эки колдонмону жарыялаган: ММКнын өзүн-өзү жөнгө салышы боюнча колдонмо The Media жана Тармактык ММКлардын өзүн-өзү жөнгө салуусу боюнча жол көрсөткүч The Online Media Self-Regulation.[25]

- Өзүнүн 2013-жылдагы гендердик теңчилик жөнүндө Резолюция боюнча аналитикалык отчётунда Европа кеңеши алдыңкы тажрыйбалардан мисал келтирет жана Кеңештин гендердик теңчилик боюнча сунуштарынын мүчө-мамлекеттердин өзүн-өзү жөнгө салуу органдары тарабынан аткарылышын анализге алат.[26]

## Шилтемелер

**1** Johanna Vehkoo and Emmi Nieinen, "Hate campaigns – What you should do", Suomen Jour- nalis- tiliitto, Finlands Journalistförbun, https://journalistiliitto.fi/wp-content/uploads/2019/01/Hate_Campaigns_web.pdf.
**2** International Labour Organization, "C190 – Violence and Harassment Convention" (No. 190), 2019, https://www.ifj.org/media-centre/news/detail/category/new-campaign-on-violence/article/16-days-of-activism-ratify-convention-190.html.
**3** "16 Days of activism: Ratify Convention 190", International Federation of Journalists (IFJ), https://www.ifj.org/media-centre/news/detail/category/new-campaign-on-violence/article/16-days-of-activism-ratify-convention-190.html.
**4** "NUJ policy", https://www.nuj.org.uk/rights/women-in-the-nuj/nuj-policy/.
**5** "Guidelines for media and unions to combat online harassment of women journalists", IFJ, 2019, https://www.ifj.org/fileadmin/user_upload/guidelines_EN_final.pdf.
**6** Ошол эле жерде.
**7** International Association of Women in Radio and Television (IAWRT), "What if...? Safety Handbook for Women Journalists", 2017, https://www.iawrt.org/sites/default/files/field/pdf/2017/11/IAWRT%20Safety%20Manual.Download.10112017.pdf.
**8** "Journalists' organizations on the front line to tackle gender equality and online harass- ment", International Federation of Journalists news item, 6 June 2019, https://europeanjournalists.org/blog/2019/06/06/journalists-organisations-on-the-front-line-to-tackle-gender-equality-and-online-harassment/.
**9** "Handbook on Gender Equality Best Practices in European Journalists' Unions", IFJ, https:// www.ifj.org/what/gender-equality.html?tx_wbresources_list%5Bresource%5D=16&cHash=d1c- c3c8a3d-9f6eed57baf82b524c45ad.
**10** Barbara Trionfi and Javier Luque Martínez, "Newsroom Best Practices for Addressing Online Violence against Journalists Perspectives from Finland, Germany, Poland, Spain and the United Kingdom", IPI, in cooperation with the OSCE RFoM, https://ipi.media/wp-content/ uploads/2019/06/IPI-report-online-harassment-06032019.pdf.
**11** Regional Platform for advocating media freedom and journalists' safety, https://safejournal- ists.net.
**12** "It's Not Okay! Sexual harassment must stop!", Unifor Canada's YouTube Channel, https:// www.youtube.com/watch?v=od7WtwztDA&feature=youtu.be.
**13** "Online Trolling: You are NOT alone", IFJ, https://www.ifj.org/actions/ifj-campaigns/online- trolling-you-are-not-alone.html.
**14** Byte Back Campaign, IFJ and SAMSN, 2017, https://samsn.ifj.org/wp-content/uploads/2017/03/Byte_Back_Handbook.pdf.
**15** Besim Nebiu et al., "Indicators on the level of media freedom and journalists' safety in Macedonia, Association of Journalists of Macedonia", Skopje, 2018, https://safejournalists.net/wp-content/uploads/2018/12/Indicators-on-the-level-of-media-freedom-and-journalists-safety-in-Macedonia.pdf.
**16** "The Media Self-Regulation Guidebook", OSCE RFoM, 2008, https://www.osce.org/files/f/ documents/1/d/31497.pdf.The website of the Press Council of Ireland, independent from the State, presents work areas that media councils often work with: https://www.presscouncil.ie/.
**17** Ошол эле жерде.
**18** Nadezhda Azhgikhina's article in The Nation, PEN Moscow Center's website, 4 May 2018, https://penmoscow.ru/our-news-2/516.
**19** Scott Griffen, "Legal Responses to Online Harassment and Abuse of Journalists: Perspec- tives from Finland, France and Ireland", OSCE RFoM and IPI, 7 March 2019, https://www.osce. org/representative-on-freedom-of-media/413549.
**20** Hannah Storm, "Gender on the agenda for the future of ethical journalism", https://www. journalism.

co.uk/news/gender-on-the-agenda-for-the-future-of-ethical-journalism-not-just- for-women/s2/a737953/.
**21** Swedish Media Ombudsperson, https://medieombudsmannen.se/. About the Media Ombudsperson, https://www.presscouncils.eu/members-sweden.
**22** Alliance of Independent Press Councils of Europe and European Federation of Journalists, "Media Councils in the Digital Age", https://www.presscouncils.eu/Media-Councils-in-the-Digital-Age and https://europeanjournalists.org/media-councils-in-the-digital-age/.
The Media Self-Regulatory Organizations Network (Armenia, Azerbaijan, Belarus, Georgia, Moldova, Ukraine and Russia). https://www.mediacouncils.org/about-us/.
**23** NIRAS, "Media Development in a Democratic Framework", 2020, https://www.niras.com/ development-consulting/international-training-programmes/media-development-in-a-dem- ocratic-framework/. "Media regulation in a democratic framework: Eastern Europe" (in Rus- sian), Sida, International Training Programmes, 2020: https://itp.sida.se/itp/Programcatalog.nsf/0/1C73DB9D0D9257B-6C125839300475B4B?opendocument.
**24** Raymond A. Harder and Pieter Knapen, Media Councils in the Digital Age: An inquiry into the practices of media self-regulatory bodies in the media landscape today, University of Antwerpen, https://www.presscouncils.eu/userfiles/files/Media%20Councils%20in%20the%20 Digital%20Age.pdf.
**25** OSCE RFoM, "The Media Self-Regulation Guidebook", 2008, https://www.osce.org/ fom/31497; OSCE RFoM, The Online Media Self-Regulation Guidebook. 2013, https://www. osce.org/files/f/documents/d/b/99560.pdf.
**26** Council of Europe, Committee of Ministers, "Draft analytical report on the follow-up on the implementation of Recommendation CM/Rec(2013)1 of the Committee of Ministers of the Council of Europe on gender equality and media", GEC(2019)10, CDMSI (2019)04, 8 November 2019, https://rm.coe.int/gec-2019-10-cdmsi-gec-analyatical-report-cm-gender-equality-and- media/168098bce5.




# Жарандык коом уюмдары жана окуу жайлары

# Сунушталган иш-аракеттер

1. Жалпы Интернет айдыңындагы гендердик кыртыштагы кыянаттык боюнча маалымат көлөмүнүн кеңейиши, ошондой эле билим деңгээлинин жогорулашы жана чечүүчү субъектилер менен коомдун маалымдуулугу;

2. Аял журналисттер үчүн жумуш ордунда керектүү шарттарды түзүү жана эмгек стандарттарынын коопсуздугун камсыздоо максатында улуттук деңгээлдеги иш-аракеттерди бириктирүү;

3. Аял журналисттердин коопсуздугу боюнча окутуу жана билим берүү жаатындагы комплекстүү материалдарды иштеп чыгуу;

4. Журналисттик билим берүү мекемелеринин ишмердигине гендердик теңчилик жана коопсуздук боюнча маселелерди кошуу.

# 9. Жарандык коом уюмдары жана окуу жайлары
## Мобилизациялоо, изилдөө жана жакшы тажрыйбаларды бөлүшүү

Бул бөлүмдө Интернеттеги журналист аялдарга карата куугунтуктоолор менен кыянаттыкка каршы күрөштө алардын күч-аракеттеринин натыйжалуулугун жогорулатуу менен, активисттердин, инструкторлордун, окутуучулар менен окумуштуулардын ортосундагы кызматташтык процесси каралат.

Жарандык коомдун уюмдары (ЖКУ) – атап айтсак, пикирди эркин билдирүү, басма сөз эркиндиги, ММКнын өнүгүшү жана аялдардын укугун коргоо менен алектенген өкмөттүк эмес субъекттер журналисттерге кол салууларга жана жазасыз калууга каршы туруудан баштап коргонуунун практикалык ыкмаларына окутууга чейинки ар түрдүү мерчемдеги колдоолорду көрсөтүшөт. Акыркы жылдарда Интернетте журналист аялдарга карата куугунтуктоо жана кыянаттык коркунучунун өсүп бараткны боюнча жарандык коом барган сайын көп билдирди же мындай билдирүүлөргө жооп беришти.

Келечектеги жана азыркы журналисттерди жана ММК жетекчилерин даярдоого жооп берген университеттер жана башка окуу жайлар журналисттердин коопсуздук маселелери жана гендердик теңчилик боюнча маалымдуулукту, илимди жайылта алышат. Ошондой эле алар журналисттерди коргоо саясатын иштеп чыгуу жана аларды ишке ашыруу темасы боюнча коомдук талкуу уюштурууну демилгелей алышат. Ал тургай Интернеттеги журналист аялдарга карата куугунтуктоо жана кыянаттык маселелерин жакшыраак түшүнүүгө өбөлгө түзгөн изилдөөлөрдү жүргүзүүдө маанилүү роль ойной алышат.

**OSCE Ministerial Council Decision No. 3/18, ЕККУнун Министрлер кеңешинин №3/18 чечиминде ЕККУнун 57 мүчө мамлекети "журналисттердин коопсуздугуна зыян келтирген бардык адам укуктарынын бузулушу жана мыйзамга каршы, атап айтканда, киши өлтүрүүлөр, кыйноо, зордоп жок кылуу, өзүм билемдик менен камакка алуу, негизсиз кармоо, негизсиз чыгарып жиберүү жана ар кандай формадагы, анын ичинде физикалык, юридикалык, саясий, технологиялык же экономикалык коркутуулар жана алар жүргүзгөн ишти басууга багытталган аракеттерге" терең тынчсыздануусун билдиришти.**

## › Интернеттеги гендердик негиздеги куугунтук жана кыянаттык жөнүндө маалыматтын көлөмүн көбөйтүү, ошондой эле негизги субъекттердин жана жалпы коомдун билим деңгээлин жана маалымдуулугун жогорулатуу

Первым шагом в решении проблемы является получение полного представления о ней. Систематический мониторинг фактов преследования и злоупотреблений в отношении женщин-журналистов в Интернете может оказаться непростой задачей. Количество случаев, а также способов и каналов, через которые осуществляется такое преследование, огромно. В то же время исследования показывают, что данные о нападениях на гендерной почве во многих случаях занижены из-за социальной и профессиональной стигмы, а также из-за потенциальных травм, связанных с такими нападениями.[1] Журналисттерге кол салуу боюнча маалыматтарды көзөмөлдөгөн жана камсыз кылган жарандык коомдун топторунун көпчүлүгү кесиптик ассоциациялар, массалык маалымат каражаттары, илимий чөйрөлөр жана Интернеттеги куугунтук жана

кыянаттык учурларын документтештирүү менен алектенген мамлекеттик органдар менен биргеликте иштеше алат.

Мунун баары негизги маалыматты кол салууга чейин болгон окуя жөнүндө маалымат сыяктуу жынысы жана башка кесилишкен факторлор жана өзгөчөлүктөрү боюнча ажыратуу менен көзөмөлдөөгө мүмкүн болгон гендерлик факторлорду эске алуу менен ишке ашырылууга тийиш.

Гендерлик фактыларды эске алуу менен документтештирүү "эмнени" көзөмөлдөөгө гана эмес, арийне муну "кандай" кылуу керектигине да тиешелүү. Изилдөөлөр маалыматтарды топтоого гана эмес, журналист аялдарды бул процесске тартууга да багытталуусу керек. Мисалы бүткүл процесстин жүрүшүндө интернеттеги куугунтук жана кыянаттык конкреттүү адамдын жеке маселеси эмес, журналистикага туулган коркунучтун кененирээк спектринин бир бөлүгү болуп эсептелээрин эстен чыгарбоо керек.

Бул коомдун Интернеттеги куугунтук жана кыянаттык маселеси жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу үчүн олуттуу жана координациялашкан күч-аракеттерди талап кылат. Бул тема боюнча изилдөөлөрдүн саны бир кыйла көбөйгөнүнө карабастан, андагы кемчиликтерди аныктоо жана ар кайсы темаларды жана өлкөнү камтыган кошумча отчётторду даярдоо керек. Азыркы учурда жетишээрлик пайдаланылбай жаткан мүмкүнчүлүктөрдүн бири – изилдөөлөр жана мониторинг менен алектенген академиялык мекемелер жана жарандык коомдун көп сандаган уюмдарынын ортосундагы кызматташтык эсептелет. Изилдөөлөрдүн кандай жүргүзүлөөрү да андан кем эмес мааниге ээ – кайсы изилдөө болбосун, журналист аялдардын катышуусу менен жүргүзүлүп, алардын ой-пикирин, көз караштарын чагылдырып, тажрыйба алып жаткан адистер алардын натыйжаларын интернеттеги журналист аялдардын коопсуздугун жогорулатууга пайдалана алгыдай болуп түзүлүшү жана жазылышы керек.

Жарандык коомдун уюмдарынын изилдөөлөргө түздөн-түз катышарынан көз карандысыз, алардын көпчүлүгү саясатчыларды, медиа-коомчулукту жана жалпы коомду маалымдоодо жана мобилизациялоодо маанилүү ролду ойношот. Бул Интернеттеги куугунтук жана кыянаттык менен күрөшүү үчүн масштабдуу жамааттык мобилизацияга жардам бере алат. ЖКУлар менен башка кызыкдар тараптардын ортосундагы координациялоо таасирин күчөтүү жана аракетти кайталоодон качыш үчүн негизги мааниге ээ. Мындай кызматташтык ар кандай формаларда болушу жана ар кандай деңгээлдерде өтүшү мүмкүн: глобалдык, регионалдык, улуттук жана субулуттук.

## Мисалдар

**Маалыматтарды чогултуу:** Журналисттерди коргоо комитети (CPJ) жынысы боюнча бөлүштүрүлгөн маалыматтарды камтыган өлтүрүлгөн, камактагы жана дайынсыз жок болгон журналисттер жөнүндө глобалдык маалымат базасын database алып барат.[2] 2019-жылы CPJ Канадада жана Америка Кошмо Штаттарында журналист аялдарга карата куугунтук жана кыянаттык фактылары документтештирилген "Коркунуч биздин үйгө кирип жатат" The Threats Follow Us Home деп аталган сурамжылоону да жарыялаган.[3]

**Коопсуз жана жашыруун билдирүүлөрдү камсыз кылуу:** Испаниядагы Маалыматты коргоо эркиндиги платформасы (PDLI) журналист аялдарга карата куугунтук жана кыянаттык фактыларын документтештирүү жана бул көйгөйгө көңүл бурдуруу үчүн Observatorio contra el acoso online a mujeres periodistas Observatorio contra el acoso online a mujeres онлайт-платформасын түзгөн.[4] Интернеттеги куугунтуктан жабыр тарткан журналист аялдар онлайн-арызды толтуруу менен, уюмга жашыруун кайрыла алышат.

**Маселелерди жакшыраак түшүнүү жана чечүү үчүн изилдөөлөрдү жүргүзүү:** Аялдар ММКсынын эл аралык фонду (IWMF) жана TrollBusters жүргүзгөн "Кол салуу жана куугунтук: журналист аялдарга таасири жана алардын репортаждары" Attacks and Harassment: The Impact on Female глобалдык изилдөөсү журналист аялдардын дээрлик үчтөн экиси кайсы бир учурда Интернетте жана анын чегинен тышкары коркутуулар менен куугунтуктарга дуушар болгонун көрсөтөт.[5]

2019-жылдагы "Бутага алынган кабарчы: журналисттер Интернеттеги куугунтук толкунуна туш келүүдө" Targeting the Messenger: Journalists Face an баяндамасы.[6] Европадагы кырдаал жөнүндө "Цензуранын индекси" уюму тарабынан ишке ашырылган ММК эркиндигин картага түшүрүү" (Mapping Media Freedom) долбоорунун алкагында берилген Интернеттеги кыянаттыктар жөнүндөгү 162 билдирүүнү талкуулоонун негизинде түшүнүк берет.

Gen Vic жана Медиа-искусство жана көңүл ачуулар альянсы жүргүзгөн "Комментарийлерди окубаңыз: ММКда иштөө үчүн онлайн-коопсуздукту бекемдөө" Working in the Media изилдөөсүндө Австралиядагы журналист аялдарды онлайн-куугунтуктоо фактылары каралат.[7]

ММК жана гендердик маселелер боюнча глобалдык альянс (GAMAG) өзүнүн "Коммуникациялык саясат тармагындагы гендердик күн тартибин аныктоо" баяндамасында стратегиялык документтер жыйнагын түзгөн. Бул басылмада журналист аялдардын Интернеттеги коопсуздугу жөнүндө бөлүм бар.[8]

Европа университетинин алдындагы Институттун ММК эркиндиги жана плюрализм борбору Европа Биримдигине мүчө мамлекеттердеги

жана мүчөлүккө талапкер өлкөлөрдөгү маалымат каражаттарынын экосистемасынын абалы менен ММК жана журналисттердин эркиндигине коркунучтарды документтештирген “ММК плюрализминин мониторун” Media Pluralism Monitor чыгарат.[9]

Европалык журналистика обсерваториясы европалык университеттер менен кызматташтыкта “Европалык ММКлардагы журналист аялдардын орду” Where the Women изилдөөсүн жүргүзгөн.[10]

Фоджо ММК институту да Армения, Грузия, Молдова, Россия жана Украинанын медиа тармактарындагы ишке орноштуруу жана карьеранын гендердик багыттарын изилдеген Employment and Career in the Media Sector of Armenia, Georgia.[11]

**Изилдөөлөрдү жана алдыңкы тажрыйба үлгүлөрүн жалпы платформада жарыялоо:** “Медиа-индустриядагы гендердик теңчиликти алдыга жылдыруу” долбоорун европалык ММКлардагы гендердик теңчилик менен байланышкан ар түрдүү маселелер боюнча изилдөөлөрдү жана алдыңкы тажрыйба үлгүлөрү маалыматтарын биргелешип чогулткан университеттер жана журналисттик ассоциациялар ишке ашырышат.[12]

**Талдоо жана маалымдуулукту жогорулатуу:** Өзүнүн “Журналисттерди интернетте куугунтуктоо – тролдук чабуул” Advancing Gender Equality in Media Industries баяндамасында “Чек арасыз кабарчылар” (ЧАК) уюму дүйнө жүзү боюнча журналист аялдарды куугунтуктоонун конкреттүү учурларын камтуу менен, ЧАК тармагына мүчө журналисттерге жасалган онлайн-чабуулдарды талдоого алган.[13]

### Ресурсы

- Integrating Gender into Human Rights Monitoring by the UN High Commissioner for Human Rights Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча Жогорку Комиссарынын "Гендердик маселелерди адам укуктарын сактоо мониторингине интеграциялоо" басылмасы адам укугунун бузулушуна гендердик перспективаны эске алуу менен кантип көзөмөл жүргүзүү керектиги боюнча сунуштарды камтыйт.[14]

- Gendering Documentation: A Manual for and About Women Rights Defenders Эл аралык коалиция тарабынан аялдардын укугун коргоо үчүн даярдалган «Гендердик документтештирүү: укук коргоочулар жөнүндө колдонмо жана укук коргоочулар жөнүндө" жыйнагы укук коргоочу аялдарга кол салууларды документтештирүү боюнча жумушта гендердик аспектилерди кантип эске алуу керектиги жөнүндө пайдалуу сунуштарды камтыйт.[15]

## › Эмгек коопсуздугунун улуттук деңгээлдеги стандарттарын киргизүү жана журналист аялдар үчүн иш ордунда талаптагыдай шарттарды түзүү максатында күч-аракеттери бириктирүү

Журналисттердин коопсуздугу жөнүндө сөз болгондо, маанилүү аспектилердин бири адам укуктары боюнча эл аралык стандарттарды, ошондой эле мамлекеттер өзүнө алган башка эл аралык милдеттенмелерди улуттук деңгээлде аткаруу эсептелет. Мамлекетти жоопко тартуу үчүн айрым уюмдардын мүмкүнчүлүктөрү жетишсиз болсо, көптөгөн уюмдардын макулдашылган күч-аракеттери абдан натыйжалуу

болушу мүмкүн. Медиа-тармакка таасирин тийгизүүгө умтулган жарандык коомдун уюмдары, журналистика факультеттери жана башка уюмдар журналист аялдарды Интернетте жана анын чегинен сырткары коргоо боюнча мамлекет тарабынан өз милдеттенмелерин аткаруусун камсыз кылган макулдашылган стратегияларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрүн издөөлөрү керек.

Журналист аялдардын коопсуздугу эл аралык деңгээлдеги артыкчылыктуу милдет болуп калышы үчүн жарандык коом өзүнүн эл аралык жана аймактык мамлекеттер аралык уюмдарга катышуу деңгээлин жогорулата алат (5-бөлүмдү кара). Жарандык коомдун уюмдары жана башка бирикмелер өздөрүнүн журналист аялдарга карата Интернеттеги куугунтук жана кыянаттык менен күрөшүү боюнча күч-аракеттерин активдүү координациялоо менен, БУУнун жана аймактык адам укуктары механизмдерин натыйжалуураак пайдалана алышат. Кызматташтык үчүн жакшы мүмкүнчүлүктү мисалы, БУУнун Адам укуктары боюнча Кеңешинин атайын процедураларына билдирүүлөрдү түзүү, универсалдуу мезгилдүү обзорлорду жазуу, ошондой эле ЕККУнун басма сөз эркиндиги боюнча Өкүлүнө кайрылууларды жазуу жумуштары берет.

Эл аралык деңгээлдеги ишке активдүү катышуу үчүн, ошондой эле мамлекет тарабынан эл аралык милдеттенмелердин сакталышына көзөмөл жүргүзүү жана билдирүү үчүн белгилүү бир атайын билимдер талап кылынат. Мындай тажрыйба менен билимдерге ээ жарандык коомдун эл аралык жана улуттук уюмдары Интернеттеги гендердик негиздеги куугунтуктар менен кыянаттыктар маселелерине да тийиштүү болгон эл аралык стандарттар жана милдеттенмелер боюнча окутуп-үйрөтүүчү семинарларды өткөрө алат же өткөрүүгө жардам бере алат .

## Мисалдар

**Гендердик маселелер жана коопсуздук боюнча жумушчу топторду түзүү:** Эркин журналисттердин (штаттан тышкаркы) коопсуздугуна көмөктөшкөн ММКны өнүктүрүү боюнча глобалдык форум Global Forum for – ММКны өнүктүрүү боюнча топтордун тармагы жана ACOS альянсы ACOS Alliance – ММКны жана эркиндикти коргоо топторунун коалициясы гендердик маселелер боюнча жумушчу топторду түзүштү. Эл аралык ЖКУ коалициясы – бул өз жумуштарын координациялап жана журналисттердин коопсуздугун камсыздоо боюнча демилгелерди ишке ашыруу үчүн күч-аракеттерин бириктиришкен 26 уюмдан турган тармак.[16]

**Күч-аракеттерди бириктирүү жана каржылык колдоону биргелешип издөө:** Freedom Rapid Response[17] - Европа Биримдигиндеги сөз эркиндигин коргоо жана журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу менен алектенген уюмдардын коалициясы коркунуч жаралган журналисттерге практикалык, укуктук жана адам укуктарын колдоо жардамын көрсөтөт. Журналист аялдарды Интернетте куугунтуктоо – коалиция ишмердигинин негизги багыттарынын бири.

**Эл аралык стандарттарды түшүндүрүү:** "Артикль 19" адам укуктарын коргоочу көз карандысыз уюм максаты – журналисттердин коопсуздугуна карата адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттарды түшүнүүнү жеңилдетүү болгон "Жазасыздыктын бүтүшү: БУУнун журналисттердин коопсуздугу тармагындагы стандарттарын ишке ашыруу боюнча иш-аракетке колдонмо" Ending Impunity: Guide to acting on UN standards on the safety of отчётун жарыялады.[18] Мындан тышкары, өз мүчөлөрүнүн мамлекеттер аралык уюмдар менен өз ара аракеттенүү жөндөмүн жогорулатуу

максатында, Бүткүл дүйнөлүк медиа бейөкмөт уюмдардын тармагы – IFEX журналисттердин коопсуздук стандарттарын сактоону мониторинг кылуунун бир нече эл аралык механизмдерин пайдалануу боюнча түшүндүрмөлөрү бар кыска видеолордон турган “беш мүнөт” 5-minute explainers деп аталган сериясын жарыялады.[19]

**Ресурстар**

- International Media Supportтун “Журналистиканы коргоо” Defending Journalism басылмалар сериясы биргелешкен структуралар – коалициялар, шериктештиктер жана коопсуздук чаралары журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуунун үстүнөн иштеген ар кайсы өлкөлөрдүн практикасын чагылдырат. Бул отчёттордун бири report дал ушул журналист аялдарга арналган focused solely on women journalists.[20]

## › Журналист аялдардын коопсуздугу боюнча комплекстүү окутуу жана билим берүү материалдарын иштеп чыгуу

Журналисттерге жакын жана онлайн тенденцияларды аныктоо тажрыйбасы бар уюмдар коопсуздук маселелери боюнча журналисттерди даярдоого олуттуу салым кошот. Жарандык коомдун уюмдары тармакта кол салууларга дуушар болгон журналист аялдарды коргоону күчөтүүгө жардам берген окуу жана билим берүү материалдарын иштеп чыгууда маанилүү роль ойнойт.

Интернеттеги куугунтуктар жана кыянаттыктардын мүнөзүнө байланыштуу, окутуу санариптик коопсуздуктан тышкары, юридикалык укуктар жана психо-социалдык муктаждыктар сыяктуу ар түрдүү багыттарды камтыган комплекстүү ыкманы чагылдырганы маанилүү. Журналист аялдарды Интернеттеги куугунтуктоолор жана кыянаттык менен күрөшүүгө үйрөтүү аларга өздөрүнүн кесиптик ишмердигин улантууга жана өз ой-пикирлерин чагылдырууга мүмкүндүк берүү менен, аялдардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө тийиш.

Өз укуктарын билүү алардын эмне экенин билүүнү жана анын качан бузуларын түшүнүүнү билдирет. Укуктук колдоого муктаж болгон журналист аялдарга натыйжалуу жардам көрсөтүү үчүн уюмдар өздөрүнүн ишин жана адвокаттардын ассоциациялары менен кызматташтыкты күчөтө алышат. Журналисттерди даярдоо борборлору жана укук чөйрөсүндөгү эксперттер менен кызматташуу акрылуу, сөз эркиндигин коргоо менен алектенишкен топтор ошондой эле иштеп жаткан ММК кызматкерлеринин жана болочок журналисттердин Интернеттеги гендердик негиздеги куугунтуктар менен кыянаттыкка каршы туруу жөндөмүн бекемдей алышат..

## Мисалдар

**Видеосабактар:** Эл аралык басма сөз институту (ЭБИ) журналист аялдар үчүн Интернеттеги куугунтук менен күрөшүүнүн юридикалык жана психологиялык ыкмалары жөнүндө видеосабактарды video tutorials иштеп чыккан.[21]

**Жеринде иштөө боюнча колдонмо:** Manual жазуучулар менен журналисттерди Интернетте куугунтуктоо менен күрөшүү боюнча

PEN America талаа колдонмосу да аялдарга багытталган бир катар практикалык сунуштар менен кеңештерди камтыйт.[22]

**Психо-социалдык колдоо:** "Дарт" журналистика жана жаракат борбору психикалык жаракат алган же алуу тобокелдиги бар журналисттер үчүн ресурстарды сунуштайт. Борбор өзүнүн "Өзүңдү кибер-жек көрүүдөн жана тролдордон коргоонун беш ыкмасы" Five Ways to Protect Yourself Against Cyberhate блогунда Интернеттеги куугунтуктар менен кыянаттыктын психо-социалдык таасиринен коргонуу ыкмаларын чагылдырат.[23]

**Интернеттеги коопсуздукту коргоо ыкмаларына үйрөтүү:** Free Press Unlimited санариптик коопсуздук боюнча курстар үчүн Totem онлайн-платформасын түздү.[24] Ал журналисттерди Интернеттеги кыянаттыктарды жана алардын артында ким турушу ыктымалдыгын аныктоого үйрөткөн Know Your Trolls ("Өз тролдоруңду бил") курсун камтыйт, ошондой эле Интернеттеги куугунтуктар жана кыянаттыктар менен күрөшүүгө даярдыктын кээ бир негизги стратегияларын сунуштайт.

Германиядагы Tactical Tech иштеп чыккан Gendersec Curricula, окуу программасы журналисттер үчүн актуалдуу болгон "кастык тили" менен күрөшүү; каршылык көрсөтүү стратегиялары; социалдык тармактарды чыгармачылык менен пайдалануу; технолигиялык суверенитет; тынчсыздануунужеңүүыкмалары; физикалыкчыңалууну бошотуу; маалыматты чагылдыруу жана тобокелдиктерди аныктоо сыяктуу 20дан ашык теманы камтыган ресурс болуп саналат.[25]

"Журналисттер үчүн адилеттик" фонду тарабынан түзүлгөн Орхан Жемал атындагы медиа коопсуздук академиясы Orkhan Dzhemal Media Safety Academy журналисттердин коопсуздугу боюнча орус тилиндеги онлайн курстар.[26]

Жарандык коомдун бир нече уюмдары журналисттер үчүн кээ бир учурларда күчтүү гендердик компонентти жана Интернеттеги куугунтукка каршы туруу маселелерин камтыган коргоо маселелери боюнча ар түрдүү окутуу курстарын жүргүзөт. Журналисттик изилдөөлөрдүн глобалдык тармагы мындай курстардын тизмесин өзүнүн веб-баракчасында website жарыялайт.[27]

**Окуу куралдары жана инструктордун колдоосу:** Hollaback! куугунтуктоо менен күрөшүү боюнча окутууга адистешкен топ бир нече окуу куралдарын manuals жарыялаган. Ал ошондой эле курбулардын колдоосун илгерилетүү боюнча HeartMob демилгесин координациялайт.[28]

TrollBusters аялдардын Интернетте дуушар болушкан чабуулдардын мүнөзүнө жараша жасашы мүмкүн болгон иш-аракеттери кенен сүрөттөлгөн "Сизди Интернетте кемсинтишеби?" инфографикасын жарыялаган. Are you Being Harassed.[29]

## › Журналисттик билим берүү мекемелериндеги ишмердикке коопсуздук жана гендердик теңчилик маселелерин кошуу

Студенттерге коопсуздук маселелерин окутууда, көбүнчө Интернеттеги куугунтуктоолордон жана кыянаттыктан коргоодо журналисттик үзгүлтүксүз билим берүү мекемелери менен борборлору маанилүү роль ойной алышат. Ошондой эле үзгүлтүксүз билим берүү борборлору практикадан өтүп жаткан адистерге жаңы технологияларды окутууну, анын ичинде Интернеттеги куугунтуктоолордун жана кыянаттыктын таасири боюнча билим деңгээлин жогорулатууну камсыз кыла алышат.

Коопсуздук жана гендердик тематика маселелери боюнча ММКлардын ролун жана алдыңкы ыкмаларды колдонуу жөнүндө коомдук талкууларды аракетке келтирүү максатында, атайын практикумдарды жана семинарларды өткөрүүгө болот. Бул билимдердин студенттерге кеңири жеткиликтүү болушу үчүн заманбап ыкмаларды жана иш жүзүндөгү тажрыйбаны колдонгон, көбүнчө журналист аялдардын коопсуздугуна кам көргөн журналисттик уюмдар жана билим берүү мекемелери жарандык коом, жеке журналисттер менен, ошондой эле маселе чече алган өзүнчө субъекттер менен биргелешип аракеттенүүгө болот.

Журналист аялдарга карата Интернеттеги куугунтуктоолор жана кыянаттык кылуулар менен күрөшүүдөгү ыкмаларды туура түшүнүү үчүн билим деңгээлин көтөрүү негизги мааниге ээ. Өзүлөрүнүн изилдөөчүлүк ролун аткаруу менен, журналисттик билим берүү мекемелери ушул жаатта академиялык изилдөөлөрүн кеңейте алышат, ошондой эле илимий конференцияларды жана иш-чараларды уюштура алышат.

Академиялык мекемелер жана адис-практиканттардын ортосундагы кызматташтык жана шериктешүү да БУУнун журналисттердин коопсуздугу жана жазасыз калуу көйгөйү боюнча 2017-жылга карата Иш-аракеттер планынын аткарылышынын жыйынтыктары боюнча жыйынында белгиленгендей, изилдөөлөрдү олуттуу байытат.[30]

## Мисалдар

**Журналисттердин коопсуздугу маселесин окутуу программасына киргизүү:** ЮНЕСКО, Эл аралык журналисттер ассоциациясы жана Ливандын жогорку билим берүү башкармалыгы Журналисттердин коопсуздугу боюнча типтүү курсту жарыялады Model Course on the

Safety of Journalists.[31] ЮНЕСКО ошондой эле Журналисттик билим берүүнүн типтүү окуу программасын – жаңы окуу программалар жыйнагын жарыялады.[32] Азербайжандагы Баку мамлекеттик университетинин журналистика факультетинде гендердик теңчилик жана ММК эркиндиги боюнча окуу программасы иштелип чыккан.[33]

**Атайын окутууну уюштуруу:** Америка Кошмо Штаттарынын Техас университетинин Найт атындагы Журналистика борбору журналисттердин коопсуздугуна байланышкан маселелер боюнча онлайн тренинг өткөрөт.[34]

**Журналисттердин коопсуздугу боюнча академиялык конференцияларды уюштуруу:** Журналисттердин коопсуздугу маселелерине арналган эки глобалдык академиялык конференциялар бар. Алардын бирин ЮНЕСКО жыл сайын Бүткүл дүйнөлүк басма сөз эркиндиги күнүнө катарлаш уюштурат.[35] Экинчисин, ошондой эле жыл сайын, ноябрда Норвегиянын Осло шаарындагы Борбордук университеттин алдындагы Эл аралык журналистика жана массалык маалымат каражаттары борбору уюштурат.[36] Мындан тышкары, аталган конференциянын тезистери менен Борбордун веб-сайтынан таанышууга болот.[37] Мындан тышкары, Эл аралык ММК жана байланыш каражаттары тармагындагы изилдөөлөр ассоциациясы журналисттик изилдөөлөр жана билим берүү боюнча жумушчу топтун алкагындагы журналисттердин коопсуздугу маселелерине арналган бөлүмдү камтыган конференцияны жыл сайын өткөрөт.[38]

**Журналисттердин коопсуздугу маселелери боюнча академиялык изилдөөлөрдү өркүндөтүү:** акыркы жылдары журналисттердин коопсуздугу, атап айтсак, Интернеттеги куугунтуктар менен кыянаттыктарга байланышкан маселелер боюнча академиялык изилдөөлөрдүн өсүшү байкалат.

Мисалы, 2017-жылы ЮНЕСКОнун журналисттердин коопсуздугу боюнча биринчи Академиялык конференциясынын жыйынтыгы менен тандалма макалалар кирген "Журналистикага кол салуу: сөз эркиндигин коргоо үчүн билимдерди топтоо" китеби жарыяланган Journalism: Building knowledge to protect Freedom of Expression.[39] ЮНЕСКО Журналисттердин коопсуздугу боюнча изилдөөлөр программасын бул тармактагы академиялык изилдөөлөргө жардамдашуу максатында жарыялаган Rethinking Safety of Journalists.[40] Ачык кирүүгө мүмкүн болгон Media and Communication журналы "Журналисттердин коопсуздугу маселесин кайра карап чыгуу" Research Agenda on the Safety of Journalists аттуу тематикалык чыгарылышын жарыялап, анда Норвегия жана Непалдагы журналист аялдарга карата зомбулук боюнча эки макала келтирилген.[41]

**Расширение сотрудничества в области исследований:** Центр свободы СМИ при Университете Шеффилда в Великобритании способствовал созданию Сети исследований по вопросам безопасности журналистов – Journalist Safety Research Network – для развития сотрудничества и обмена мнениями между исследователями, занимающимися вопросами безопасности журналистов.[42] Тармак Фейсбукта катышуучулардын башын бириктирген жабык баракчага ээ.


**Журналисттердин коопсуздук маселелерин изилдөө үчүн мейкиндиктерди түзүү:** 2018-жылы ММК эркиндиги борбору ММКнын эркиндиги маселеси, журналистиканын коопсуздугу жана жазасыз калуу көйгөйү боюнча ЮНЕСКОнун биринчи кафедрасын жетектеген.[43]

Швециядагы Гетеборг университетинин алдындагы ЮНЕСКОнун сөз эркиндиги боюнча кафедрасы жана Испаниядагы Малага университетинин алдындагы ЮНЕСКОнун коммуникациялар боюнча кафедрасы да журналисттердин коопсуздугу маселеси менен алектенген.[44] АКШдагы Пенсильвания университетинин алдындагы Анненберг атындагы коммуникация жана журналистика мектеби тобокелдикке дуушар болгон журналисттер жөнүндө изилдөөлөрдү жүргүзүү жана маалымат топтоо үчүн Медиа-тобокелдиктер борборун түзгөн.[45] Колумбия университетинин "Глобалдык пикир билдирүү эркиндиги" демилгесинин алкагында журналисттерге кол салуу жөнүндөгү иштерди камтыган соттук-практикалык укук (прецеденттик) маалымат базасы түзүлгөн.[46]

## Шилтемелер

**1** Michelle Ferrier, "Attacks and Harassment: The Impact on Female Journalists and Their Reporting", International Women's Media Foundation, TrollBusters, 2018, https://www.iwmf.org/wp-content/uploads/2018/09/Attacks-and-Harassment.pdf.
**2** " 1370 Journalists Killed between 1992 and 2020 / Motive Confirmed", Committee to Protect Journalists (CPJ), https://cpj.org/data/killed/?status=Killed&motiveConfirmed%5B%5D=Con- firmed&-type%5B%5D=Journalist&start_year=1992&end_year=2020&group_by=year.
**3** Lucy Westcott, "'The threats follow us home': Survey details risks for female journalists in U.S., Canada", CPJ news item, 4 September 2019, https://cpj.org/2019/09/canada-usa-female-journalist-safety-online-harassment-survey/.
**4** "La PDLI lanza el 'Observatorio contra el acoso online a mujeres periodistas'", Plataforma en Defensa de la Libertad de Información news item, 2 June 2018, http://libertadinformacion.cc/la-pdli-lanza-el-observatorio-contra-el-acoso-online-a-mujeres-periodistas.
**5** Op. cit. endnote 1.
**6** Valeria Costa-Kostritsky, "Targeting the messenger - Journalists face an onslaught of online harassment", Mapping Media Freedom, 2019, https://www.indexoncensorship.org/wp-content/uploads/2019/01/index-report-online-harassment-webv3.pdf.
**7** "Don't read the comments: Enhancing Online Safety for Women Working in the Media", Media Entertainment and Arts Alliance, Gender Equity Victoria, 2019, https://www.genvic.org.au/wp-content/uploads/2019/10/GV_MEAA_PolicyDoc_V5_WEB.pdf.
**8** Julie Posetti and Hannah Storm, "Violence Against Women Journalists - Online and Offline", GAMAG, 2019, https://gamag.net/wp-content/uploads/2019/09/Chapter-7.pdf.
**9** European Journalism Observatory, "Where are the women journalists in Europe's media", 2018, https://en.ejo.ch/research/where-are-all-the-women-journalists-in-europes-media
**10** Fojo Media Institute, "Gender aspects of employment and career in the media sector of Armenia, Georgia, Moldova, Russia and Ukraine", 2020, https://fojo.se/wp-content/uploads/2020/08/Gender-report-2020-ENG.pdf
**11** "Media Pluralism Monitor", Centre for Media Pluralism and Media Freedom, https://cmpf.eui.eu/mpm2020-results.
**12** Advancing Gender Equality in Media Industries (AGEMI), "A Resources Bank of good prac- tices", https://www.agemi-eu.org/mod/page/view.php?id=519.
**13** Reporters Without Borders, "Online Harassment of Journalists – Attack of the Trolls", 2018, https://rsf.org/sites/default/files/rsf_report_on_online_harassment.pdf.
**14** UN Human Rights, "Integrating Gender into Human Rights Monitoring", https://www.ohchr.org/Documents/Publications/Chapter15-20pp.pdf.
**15** Cynthia Rothschild, "Gendering Documentation: A Manual For and About Women Human Rights Defenders", Women Human Rights Defenders International Coalition, 2015, http://www.ishr.ch/sites/default/files/documents/whrd_ic_gendering_documentation_manual_1_1.pdf.
**16** The informal network can be reached via the address sojcoalition@lists.riseup.net.
**17** Media Freedom Rapid Response, https://www.mfrr.eu.
**18** Ending impunity: Guide to acting on UN standards on the safety of journalists, ARTICLE 19 news item, 2 November 2019, https://www.article19.org/resources/ending-impunity-guide-to-acting-on-un-standards-on-safety-of-journalists/.
**19** IFEX 5-minute Explainers, https://ifex.org/resources/5-minute-explainers/.
**20** International Media Support (IMS), "The safety of women journalists: Breaking the cycle of silence and violence", IMS Defending Journalism book series, October 2019, https://www.mediasupport.org/publication/the-safety-of-women-journalists/.

**21** "Tutorials", Ontheline Newsrooms, https://newsrooms-ontheline.ipi.media/tutorials/.
**22** "Online Harassment Field Manual", PEN America, https://onlineharassmentfieldmanual.pen.org.
**23** Ginger Gorman, "Five Ways to Protect Yourself Against Cyberhate and Trolls", Dart Center for Journalism and Trauma news item, 26 June 2017, https://dartcenter.org/resources/five- ways-protect-yourself-against-cyberhate-and-trolls.
**24** Totem project, https://totem-project.org/
**25** Gendersec, https://gendersec.tacticaltech.org
**26** Orkhan Dzhemal Media Safety Academy, https://jfj.academy
**27** "Safety and Security", Global Investigative Journalism Network, https://gijn.org/safety-and-security-organizations/
**28** Heart Mobinitiative, "Hollaback!", https://www.ihollaback.org/
**29** Online Pest Control for Journalists, "What to Do? Where to Go? Infographic", TrollBusters, https://yoursosteam.wordpress.com/what-to-do-infographic/.
**30** UNESCO, "Strengthening the Implementation of the UN Plan of Action on the Safety of Journalists and the Issue of Impunity", 2017, https://www.ohchr.org/Documents/Issues/Journalists/OutcomeDocument.pdf
**31** Michael Foley, Clare Arthurs, Magda Abu-Fadil, "Model course on safety of journalists: a guide for journalism teachers in the Arab States", 2017, https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000248297
**32** UNESCO, "Model Curricula for Journalism Education – a Compendium of New Syllabi", 2013, https://bit.ly/3hJMUU3
**33** "Baku State University Journalism Faculty approves curriculum on gender equality and media", Council of Europe, 1 April 2019, https://bit.ly/2ZXMtiJ.
**34** Knight Center for Journalism at the University of Texas, https://knightcenter.utexas.edu/.
**35** "World Press Freedom Day Conference 2020" website, UNESCO, https://en.unesco.org/ commemorations/worldpressfreedomday.
**36** Journalism and Media International Center, Oslo Metropolitan University, https://uni.oslomet.no/jmic/
**37** "Book of Abstracts 2019", MEKK, Oslo Metropolitan University, https://blogg.hioa.no/mekk/ conferences/safety-of-journalists-digital-safety-2019/book-of-abstracts-2019-conference/.
**38** International Association of Media and Communication Research, IAMCR, https://iamcr.org/.
**39** Ulla Carlsson and Reeta Pöyhtäri, "The Assault on Journalism: Building knowledge to pro- tect freedom of expression", Nordicom, 2017, https://www.nordicom.gu.se/en/publikationer/assault-journalism.
**40** UNESCO, Research Agenda on the Safety of Journalists, 2015, https://en.unesco.org/sites/default/files/draft_research_agenda_safety_of_journalists_06_2015.pdf.
**41** Kristin Skare Orgeret and William Tayeebwa, "Rethinking Safety of Journalists, In Media and Communication", Open Access Journal, Volume 8, Issue 1 (2020), https://www.cogitatiopress.com/mediaandcommunication/issue/viewIssue/161/PDF161
**42** "Journalism Safety Research Network", Centre for Freedom of the Media - University of Sheffield, http://www.cfom.org.uk/our-networks/journalism-safety-research-network/
**43** "UNESCO Chair on Media Freedom, Journalism Safety and the Issue of Impunity", CFOM, University of Sheffield, http://www.cfom.org.uk/about/unesco-chair-on-media-freedom-journalism-safety-and-the-issue-of-impunity/.
**44** For example, the UNESCO Chair on Freedom of Expression at the University of Gothen- burg organized, in co-operation with UNESCO, a conference on the safety of journalists in 2016: https://jmg.gu.se/english/current/news/Nyhet_detalj//safety-of-journalists--internation- al-research-conference-paved-the-way-for-academic-research-cooperation.cid1373726.
**45** Center for Media @Risk, Annenberg School for Communication, University of Pennsylvania, https://www.ascmediarisk.org/.
**46** Global Freedom of Expression Case Law Database, Columbia University, https://globalfreedomofexpression.columbia.edu/




# Журналисттер жана ММК кызматкерлери

# Сунушталган иш-аракеттер

1. Журналист аялдарга түзүлгөн коркунуч жагдайларын баалоо жана көзөмөл жүргүзүүнү (мониторинг) ишке ашыруу;

2. Коопсуздукка, анын ичинде физикалык, юридикалык, психо-социалдык жана санариптик коопсуздукка комплекстүү ыкманы колдонуу;

3. Коркутууларды жана кол салууларды документтештирүү жана билдирүү;

4. Интернеттеги куугунтуктар жана кыянаттыктарга дуушар болушкан кесиптештерге, ошондой эле мындай тобокелдикке көбүрөөк дуушар болгон журналисттерге колдоо көрсөтүү;

5. Колдоонун, анын ичинде укуктук механизмдердин жеткиликтүү формалары жөнүндө маалымат алуу

# 10. Журналисттер жана ММК кызматкерлери

## Өзүн-өзү коргоого жана кесиптештеринин колдоосуна артыкчылык берүү

Журналисттердин жумушу көптөгөн тобокелдиктер менен коштолгон, бирок журналист аялдар кээде аял жынысына таандык болгону үчүн гана кошумча тобокелдиктерге дуушар болушат. Интернеттеги куугунтуктар жана кыянат эркектерге караганда, аялдар көбүрөөк бутага алынган кол салуулардын ачык мисалы болуп эсептелет.[1] Интернетте кол салууларга дуушар болгон журналист аялдар комплекстүү чечимдерди аныктоодо жана ишке ашырууда негизги ролду ойношот. Мындай мамиле ЕККУнун Министрлер кеңешинин №3/18 "Журналисттердин коопсуздугу" Чечиминде Decision No. 3/18 on the Safety of Journalists чагылдырылган, анда ЕККУга мүчө мамлекеттер коопсуздук концепциясы физикалык зыянды гана эмес, бирок тийиштүү эмгек шарттарын, ошондой эле психологиялык, укуктук жана санариптик коопсуздукту да билдирерин моюнга алышкан.[2] Ошол эле убакта мурдагы бөлүмдөрдө талкуулангандай, мамлекеттик да, мамлекеттик эмес да субъекттер журналист аялдардын коопсуздугун камсыз кылууга карата жеке милдеттенмелерге ээ, журналист аялдардын өздөрү кол салуулардын алдын алуу, алардын кесепетин жумшартуу жана аларга жооп кайтаруу үчүн өзүн-өзү коргоо комплекстүү мамилени практикалашып, бардык журналисттер өз кесиптештерин бул ыкманы ишке ашырууда колдоого ала алышат.

**OSCE Ministerial Council Decision No. 3/18, ЕККУнун Министрлер кеңешинин №3/18 чечиминде ЕККУнун 57 мүчө мамлекеттери "журналисттердин иши алардын өздөрүн жана үй-бүлө мүчөлөрүн зомбулуктун, ошондой эле коркутуунун жана куугунтуктун, анын ичинде санариптик технологияны колдонуу менен кордоо бутасына айлануу коркунучуна дуушар кылышы мүмкүндүгүн, бул журналисттерди өз ишин улантуудан баш тартууга же өзүн-өзү цензуралоого алып келиши ыктымалдыгын" моюнга алышкан. Мындан тышкары, катышуучу мамлекеттер «көбүнчө санариптик технологиялар колдонулган жумушуна байланыштуу журналист аялдар кабылган өзгөчө тобокелдиктерге карата, ошондой эле журналист аялдардын коопсуздугун мүмкүн болушунча камсыздоонун маанилүүлүгүн баса белгилөө менен, алардын тажрыйбасын жана көйгөйлөрүн натыйжалуу эске алууга байланышкан» тынчсыздануларын билдиришти.**

### › Журналист аялдар үчүн коркунуч жагдайларын баалоо жана көзөмөл жүргүзүүнү (мониторинг) ишке ашыруув

Журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу тармагындагы тобокелдиктерди баалоо жалпыга таанылган алдыңкы тажрыйба болуп саналат. ММК ар тараптуу коргоону камсыз кылуу максатында өзүнчө иш алып барган журналисттер менен бирге алардын кесиптик ишмердигине байланышкан тобокелдиктерге, анын ичинен журналист аялдардын жана алардын инсандыгынын башка формалары менен байланышкан тобокелдиктерге үзгүлтүксүз баа берип туруш керек.

Тапшырманы аткарууга киришерден мурда аны коопсуздукта аткарууга кандай коопсуздук чараларын көрүү зарылдыгын биргелешип аныктап алыш үчүн журналист аялдар ММК тарабынан берилген тобокелдиктерди баалоо анкеталарын толтуруусу зарыл. Мындай тобокелдиктерди баалоо ар бир жаңы тапшырманы аткарууга ылайыкташтырылышы жана жаңыланышы кажет.

Кеңири мааниде айтканда, журналист аялдар Интернеттеги куугунтуктоолор жана кыянаттык боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөр менен кабардар боло жүрүшү керек. Мындай кол салууларга көп учурабаган журналисттер чоң тобокелдиктерди башынан өткөргөн кесиптештерин кандайдыр колдоого алууга аракет кылышы керек, мисалы, изилдөөлөргө же байкоо салууларга катышуу менен аларды колдоолору максатка ылайык келет. Мындай ишмердик Интернеттеги журналист аялдарга куугунтуктоо, кыянаттык кылуу сыяктуу кол салуулар жалпы журналистикага болгон кол салуу катары кабыл алынган жаңы маданияттын калыптанышына жардам берет. Бул иштер журналист аялдарга кыянаттыкты боло жүргөн көрүнүш катары кабыл албастан, тобокелдикти баалоого, коркунучтуу ачыкка чыгаруусуна жол ачат.

## › Коопсуздук, анын ичинде физикалык, юридикалык, психо-социалдык жана санариптик коопсуздукка комплекстүү мамиле кылууну колдонуу

Журналисттердин коопсуздугуна комплекстүү мамиле кылуу физикалык жана санариптик коопсуздукту, психо-социалдык жардамды, ошондой эле журналисттердин укугу боюнча окуу курстарын өзүнө камтыйт. Журналист аялдарга Интернет айдыңында гендердик негизде куугунтуктоолор жана кыянаттык болгондо негизги көңүл кабардар

болууга жана өзүн-өзү коргоонун кесиптик чеберчилигин арттырууга бурулушу керек.

Журналист аялдарга коопсуздук боюнча курстарга катышуу сунушталат, өзгөчө Интернеттеги куугунтуктар менен кыянаттыктардын белгилерин аныктоо, санариптик коопсуздук куралдарын колдонуу жана Интернетти коопсуз пайдалануу боюнча кошумча билим алуу керектиги кеңеш катары берилет. Журналисттер өз коопсуздугунун алгачкы кадамы катары жеке коопсуздугун камсыз кылуу механизмдерин жана аларга өздөрү пайдаланган социалдык тармактын платформаларында жеткиликтүү болгон укук бузуулар жөнүндө билдире алууну үйрөнүүлөрү зарыл.

Интернеттеги куугунтуктоолор жана кыянаттык көп учурларда эскалатордук мүнөздө жүрөт, тагыраак айтканда, жүзүн көрсөтпөгөн кол салуулардан жана көмүскөдөгү кемсинтүүлөрдөн башталганы менен, тездик менен олуттуу коркутууларга чейин өсүп жетет. Зыянсыздай көрүнүп, анча байкалбаган коркунучтар журналист аялдар үчүн олуттуу психологиялык кесепеттерге алып келүү менен, акырындап топтоло берет же коркунучтуу кол салуулардын жарчысы болушу мүмкүн. Журналист аялдарга биринчи кезекте өзүнүн психологиялык абалы жайында экенине көңүл буруу абдан маанилүү. Алар коркунучтун анча байкалбаган көрүнүштөрүн норма катары кароону токтотуп, көңүл жаракатын таанууну үйрөнүп, өзүнө-өзү жардам бере билүүлөрү зарыл.

Журналисттер журналист аялдардын коопсуздугун камсыз кылууга кошушу мүмкүн болгон дагы башка салымдар, алардын медиа-уюмдарындагы мезгил-мезгили менен өзгөрүп турушу мүмкүн болгон Интернеттеги колдонуудагы коопсуздук эрежелерин билүүдө, ошондой эле эгерде мындай протоколдор али жок болсо, Интернеттеги куугунтук менен кыянаттык маселелерин чечүү үчүн саясатты жана протоколдорду

иштеп чыгууга жетишүүдө камтылган. Ошондой эле алар Интернеттеги гендердик белгилер боюнча куугунтуктоолорго жана кыянаттыкка багытталган күрөштө журналист аялдар менен бирге тобокелдиктерге баа берип, коопсуздукту камсыз кылуу планын түзө алышат.

## › Коркунучтар жана кол салуулар жөнүндө билдирүүлөрдү документтештирүү

Аялдарга кол салган учурда эгерде бул алар үчүн ыңгайлуу болсо, кол салуу келип чыгары менен, кырдаалды документтештирүүгө аракет кылуу жана мүмкүн болушунча бул маалыматты ММКдагы тийиштүү колдоо кызматы менен бөлүшүү зарыл. Эгерде журналист аялга муну жасоо ыңгайсыз болсо, ага кесиптештери жардам бере алышат. Зомбулуктун мүнөзүнө жараша, окуя тууралуу билдирүү расмий түрдө иш берүүчүлөргө, социалдык тармактардын аянтчаларына жана укук коргоо органдарына жөнөтүлүшү мүмкүн.

Кээ бир учурларда аялдар зомбулукка жалпыга жарыя кылуу менен же түздөн-түз кылмышкерге кайрылуу менен жооп берүүнү артык көрүшөт. Мындай жооп кайтаруулар Интернеттеги куугунтук менен кыянаттыктар менен күрөшүүнүн күчтүү ыкмасы боло алат, бирок кээ бир учурларда жаңы кол салууларга алып келиши мүмкүн. Ошондуктан мындай тактиканы тобокелдиктерди баалоо менен бир убакта колдонуу керек. Кесиптештер, редакторлор же коопсуздук боюнча консультанттар менен кеңешүүлөр да жооп кайтаруу чаралары иш-аракеттин оптималдуу ыкмасы болуп эсептелерин аныктоого көмөктөшө алат.

## › Интернеттеги куугунтуктар жана кыянаттыкка дуушар болушкан кесиптештерге, ошондой эле мындай тобокелдикке көбүрөөк дуушар болгон журналисттерге колдоо көрсөтүү

Кесиптеш-журналисттер Интернеттеги гендердик негиздеги куугунтук жана кыянаттыктар менен күрөшүүдө союздаштар боло алышат. Журналисттер жана ММК кызматкерлери кол салууларга дуушар болушу мүмкүн болгон адамдарга же өздөрүнүн инсандык мүнөздөмөлөрүнөн же кесиптик ишмердигинен улам жогорку тобокелдик тобунда тургандарга жардам жана колдоо көрсөтүү үчүн жалпы уюштуруучулук маданиятты (7-бөлүмдү да караңыз) калыптандыра алышат.

Журналисттер кол салуулардан жабыр тарткан аялдарга тилектештигин билдирип, аларга токтоосуз жардам жана колдоо көрсөтө алышат. Алар коллегиалдуу колдоо топторун түзүп, кесиптештерине карата болгон Интернеттеги куугунтуктар жана кыянаттыктарды документтештирип, жабыр тарткан журналист аял мындай жардамга макул болгон шартта, бул кол салуулар жөнүндө ар кандай каналдар аркылуу билдире алышат.

Коомдук тармактар гендердик негизде куугунтуктар менен кыянаттыктарга дуушар болгон журналист аялдарга токтоосуз колдоо көрсөтө алышат. Журналист аялдар алар ишенген, мисалы, кесиптештери, үй-бүлө мүчөлөрү жана достору сыяктуу аялдардан турган өз ара колдоо тармактарын калыптандыра алышат. Кол салуу болгон учурда алар мындай колдоо тармагына кайрыла алышат. Журналист аялдарга тажрыйбалары менен кеңештеринен бөлүшүү, өздөрүнүн кесиптештери үчүн коопсуздук боюнча колдонмону түзүүнүн үстүндө биргелешип иштөө жана өздөрүнүн онлайн-аудиториясын союздаш болууга чакыруулары сунушталат.

## › Колдоонун, анын ичинде укуктук механизмдердин жеткиликтүү формалары жөнүндө маалымат алуу

Интернеттеги куугунтуктоолор менен кыянаттыктын табияты татаал жана көп кырдуу, анткени алар улуттук мыйзамдар, аймактык органдар жана адам укугу чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттар менен ар түрдүүчө корголгон адам укугунун бир нече тармагын бузат. Аялдар гендердик теңчилик, журналисттердин коопсуздугу, пикир айтуу эркиндиги, санариптик коммуникациялар жана башка улуттук жана эл аралык мыйзамдар алкагындагы тийиштүү тармактардагы өз укуктарын билүү менен, онлайн-мейкиндикте ылдам багытын таап жана аны менен байланышкан көп тараптуу тобокелдиктерди түшүнө алышат. Ошентип, журналист аялдар Интернеттеги куугунтуктар жана кыянаттык болгон учурда колдоо алуунун ар кандай механизмдерин аныктай алышат.

Журналист аялдарга мамлекеттик жана мамлекеттер аралык уюмдар сунуштаган коргоодон тышкары, алар пайдаланган онлайн-платформалар коомчулугунун шарттары жана принциптери менен, ошондой эле Интернеттеги өз ара аракеттенүүгө карата өздөрүнүн иш берүүчүлөрүнүн тийиштүү саясаты менен таанышуу пайдалуу болушу мүмкүн.

Кээ бир учурларда журналист аялдар юридикалык жардам көрсөткөн уюмдар менен тармактарга кайрылуу мүмкүндүгүн карап көрө алышат.

### Ресурстар

- TrollBusters аялдар Интернетте дуушар болушкан чабуулдун мүнөзүнө жараша жасай ала турган иш-аракеттер кенен сүрөттөлгөн "Сизди Интернетте кемсинтишеби?" Are you being harassed деп аталган инфографиканы түзүшкөн.[3]

- Жазуучулар менен журналисттерди Интернетте куугунтуктоо менен күрөшүү боюнча Online Harassment Field Manual PEN America колдонмосу аялдарга да багытталган бир катар практикалык сунуштар менен кеңештерди камтыйт.[4]

- Эл аралык басма сөз институту тарабынан даярдалган видеосабактар Video tutorials журналист аялдар үчүн Интернеттеги куугунтук менен күрөшүүнүн юридикалык жана психологиялык ыкмалары жөнүндө көрсөтмөлөрдү камтыйт.[5]

- Hollaback! Hollaback! тобу окутуу жүргүзөт жана аялдар куугунтуктарга дуушар болгон учурларда колдоно алышкан практикалык көрсөтмөлөрдү камтыган бир нече ресурсту жарыялаган.[6] Hollaback! ошондой эле өзүнүн HeartMob долбоорунун алкагында курбуларды колдоо жамаатынын ишине кол кабыш кыла алат.

- Free Press Unlimited Аялдардын эл аралык ММК фонду иштеп чыккан Know Your Trolls («Өз троллдоруңду тааны») веб-семинарын камтыган коопсуздук боюнча санариптик окутуу материалдары бар Totem онлайн-платформасын[7].

- Tactical tech аялдар үчүн санариптик коопсуздук маселелери боюнча практикалык навигация куралдары менен бөлүшүү үчүн XYZ мейкиндигин түзүштү.[8] Алар ошондой эле Me and My Shadow App Centre колдонмосун – купуялуулукту жакшыртуу жана санариптик издерди башкаруу үчүн ачык булак менен куралдардын, тиркемелердин жана сервистердин топтомун түзүштү.[9]

- CHAYN гендердик зомбулукка каршы ыктыярчылардын глобалдык тармагы аялдардын коопсуздугу үчүн CHAYN DIY онлайн-колдонмосун түздү.[10]

- Интернеттеги коопсуз байланыш үчүн кеңештер менен куралдарды Электрондук чек ара фондунун веб-сайтынан табууга болот (Electronic Frontier Foundation) - Surveillance Self-Defense website.[11]

- Digital Defenders Partnershipтин биринчи жардамдын санариптик топтому Digital First Aid Kit санариптик коркунучтун кеңири таралган түрлөрү менен кантип күрөшүү керектиги жөнүндө кеңештерди камтыйт.[12]

- Кээ бир уюмдар шашылыш жана юридикалык жардамды, ошондой эле кол салууга дуушар болгон журналист аялдарга, мисалы, IFEX мүчөлөрүнө жана кырсыкка кабылган журналисттерге жардам Тармагына Journalists in катышкан топторго стипендияларды камсыз кыла алат.[13] Мындай башка уюмдарга Санариптик эркиндиктер фонду, Access Now жана Европа басма сөз жана ММК эркиндиги борбору European Center for Press and Media кирет.

- Улуу Британияда журналист аялдар үчүн ММКдагы куугунтук фактыларын жарыялоо менен алектенген жана укуктар жөнүндө маалымдар болуунy жогорулатууга көмөктөшкөн "Экинчи булак" Second Source кесиптик тармагы түзүлгөн.[14]

- OnlineSOS платформасы Интернеттеги куугунтуктан жапа чеккен адамдарга тажрыйбасы жана коргонуунун натыйжалуу ыкмалары менен бөлүшүүсү үчүн каражат жана мүмкүнчүлүктү камсыз кылат.[15]

## Шилтемелер

**1** Mozilla Foundation, "Women journalists feel the brunt of online harassment", April 2019, https://internethealthreport.org/2019/women-journalists-feel-the-brunt-of-online-harassment/.
**2** OSCE, Ministerial Council Decision No. 3/18, "Safety of Journalists", 7 December 2018, https://www.osce.org/chairmanship/406538?download=true.
**3** "What to Do? Where to Go? Infographic", TrollBusters, https://yoursosteam.wordpress.com/what-to-do-infographic/.
**4** "Online Harassment Field Manual", PEN America, https://onlineharassmentfieldmanual.pen.org/.
**5** "Tutorials", On the Line Newsrooms, https://newsrooms-ontheline.ipi.media/tutorials/.
**6** Hollaback!, https://www.ihollaback.org/.
**7** Totem Project, https://totem-project.org/.
**8** XYZ, https://xyz.informationactivism.org/.
**9** "Alternative App Centre", Me and My Shadow, https://myshadow.org/resources.
**10** "Do it yourself online safety", https://chayn.co/safety/.
**11** "Tips, Tools and How-tos for Safer Online Communications", Surveillance Self-Defense, https://ssd.eff.org/.
**12** "Digital First Aid Kit", Digital Defenders Partnership, https://www.digitaldefenders.org/digitalfirstaid/.
**13** Committee to Protect Journalists, Journalists in Distress (JID) Network, https://cpj.org/emergency-response/journalists-in-distress-network.php.
**14** The Second Source, http://www.thesecondsource.co.uk.
**15** Online SOS, https://onlinesos.org/

# Авторлор жөнүндө

Доктор Сильвия Чокарро – журналист жана сөз эркиндиги укугун коргоочу. Эл аралык “Артикль 19” сөз эркиндигин жана маалымат эркиндигин коргоо уюмунда укуктарды коргоо бөлүмүнүн жетекчиси. IFEX Кеңешинин жана Шеффилд университети менен Борбордук Европа университетинин адистештирилген органдарынын мүчөсү болуп эсептелет. Акыркы 20 жылда жаңылыктар агенттиктери, жарандык коомдун топтору жана ал БУУнун журналисттердин коопсуздугу жана жазасыз калуу көйгөйү боюнча Иш-аракет планын иштеп чыгуунун үстүндө эмгектенген ЮНЕСКО сыяктуу мамлекеттер аралык уюмдар менен кызматташат. Гендердик маселелер жана ММК боюнча бир нече басылмалардын автору. @silviachocarro

Сара Кларк – “Артикль 19” уюмундагы Европа жана Борбордук Азия боюнча топтордун жетекчиси. Columbia Free Expressionдун эксперти жана Европалык басма сөз жана ММК эркиндиги борборунун юридикалык комитетинин мүчөсү. Алты жыл бою уюмдун БУУ жана аймактык адам укугун коргоо механизмдери менен өз ара аракеттенүүсүн байкоо менен, PEN Internationalда саясатты жана маалыматтык-пропагандалык ишмердикти иштеп чыгууну жетектеди. БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку Комиссарынын Башкармалыгына (АУЖКБ), БУУнун Качкындар иштери боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгына (КЖКБ), ЕККУ, Оксфорд жана Гарвард университеттерине сөз эркиндиги, башпаанек берүү жана миграция менен байланышкан маселелер боюнча кеңеш берген. @sarah_m_clarke

Паулина Гутьеррес – адам укуктары боюнча эл аралык юрист, сөз эркиндигин жана гендердик теңчиликтин коргоочусу. “Артикл 19” уюмундагы “Укук жана саясат” программасында жарандык кыймыл жана коргоо, анын ичинде кастыкты козутуу, гендердик аспектилер, наразычылыктар жана журналисттерди коргоо үчүн мейкиндикти камсыз кылуу алкагындагы ишмердикти жетектейт. Мурда “Артикль 19”

уюмунун Мексикадагы аймактык кеңсесинде санариптик укуктарды коргоо стратегиясын иштеп чыгууну жетектеген. Латын Америкасындагы адам укугун коргоо жана адам укуктарынын бузулушу боюнча юридикалык кеңештерди берүү тармагындагы саясатты изилдөө чөйрөсүндө 12 жылдык иш тажрыйбасына ээ. @paulinagtzr

Джуди Тэйнг – "Артикль 19" уюмундагы гендердик маселелер жана сексуалдуулук бөлүмүнүн жетекчиси. "Мх ыкмасы" комплекстүү гендердик стратегиясын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү менен алектенген. Ошондой эле Аялдар ММКсынын эл аралык фондунун Интернеттеги куугунтук маселелери боюнча консультативдик кеңешинин мүчөсү. "Артикль 19" уюмуна келгенге чейин Бириккен Улуттар Уюмунун алдындагы Камбоджадагы кызыл кхмерлердин үстүнөн болгон соттук процесстерге көмөктөшүү боюнча соттук териштирүүлөрдү алып барышкан Соттор кеңсесинде иштеген. @judytaing

# Тиркеме

## ЕККУ министрлеринин Журналисттердин коопсуздугу боюнча №. 3/18 чечими[1]

Министрлер кеңеши,

Пикир айтуу эркиндигине карата укуктарга, массалык маалымат каражаттарынын эркиндиги жана эркин маалымат агымы, анын ичинде мүчө мамлекеттердин пикир айтуу эркиндигине карата укукка өз пикирин кармануу эркиндиги жана маалыматты мамлекеттик бийликтин кийлигишүүсүз жана мамлекеттик чек арадан көз карандысыз алуу жана таркатуу эркиндиги да кошо камтыларын бекемдешкен 1975-жылдагы Хельсинки Корутунду актында жана 1990-жылдагы Копенгаген документинде камтылган ЕККУ кабыл алган бардык тиешелүү милдеттенмелерди кайрадан бекемдөө менен,

Адам укуктарынын жалпы декларациясына, өзгөчө анын 19-беренесине, ошондой эле Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пактка ылайык, ар бир адам ынанымдарына укук эркиндигине жана аны эркин айтуу укугуна ээ экенин жана бул демократиялык коомдун эң маанилүү таянычтарынын бири жана анын прогресси менен өнүгүүсүнүн негизги шарттарынын бири экенин эсте тутуу менен,

ошондой эле өз пикириңди эркин айтуу укугу мыйзам тарабынан каралган жана Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакттын 3-бөлүгүнүн 19-беренесинде баяндалган себептерден улам гана чектөөлөргө дуушар болушу мүмкүн экендигин эсте сактоо менен,

СБСЭнин адам өлчөмү боюнча конференциясынын 1991-жылдагы Москва жыйынынын документинде айтылгандай, көз карандысыз

маалымат каражаттары эркин жана ачык коомдун маанилүү шарты жана өз иш-аракеттери үчүн жоопкер мамлекеттик системалардын маанилүү шарты болуп эсептелээрин жана адам укуктары менен негизги эркиндиктерди коргоодо өзгөчө роль ойноорун кайрадан бекемдөө менен,

журналистика жана технологиялар өнүгүп жатканын жана бул коомдук талкууларга салым кошорун, ошол эле убакта журналисттердин коопсуздугу дуушар болгон тобокелдиктер диапазонун кеңейтиши мүмкүн экенин моюнга алуу менен,

Бириккен Улуттар Уюмунун 2030-жылга чейинки мезгилде туруктуу өнүгүү тармагындагы Күн тартибинде каралган туруктуу өнүгүү жана милдеттенмелер тармагындагы тиешелүү максаттарды ишке ашыруу үчүн журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу жана коргоонун маанилүүлүгүн бекемдөө менен,

Журналисттердин жумушу аларды жана алардын үй-бүлөлөрүн зордук-зомбулукка, анын ичинде санариптик технологияларды пайдалануу менен коркутуу менен куугунтукка кабылууга дуушар кылышы мүмкүн экенин, мунун журналисттерди өз жумуштарын улантуудан баш тартышына же өзүн-өзү цензуралоого алып келиши мүмкүндүгүн моюнга алуу менен,

Журналисттерге карата негизсиз чектөө чараларын пайдалануу алардын коопсуздугуна таасир этиши мүмкүндүгүн, алардын коомчулукту маалымдар кылуусуна тоскоолдук кыларын жана мунусу менен пикир айтуу эркиндиги укугун ишке ашырууга терс таасир тийгизээрин тынчсыздануу менен белгилеп,

массалык маалымат каражаттары өз территорияларында чет өлкөлүк

маалымат булактарына жана маалымат кызматтарына чектөөсүз кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болууга тийиштигин, коомчулук маалыматты жана идеяларды мамлекеттик бийлик тараптан кийлигишүүсүз, чек арадан көз карандысыз, анын ичинде чет өлкөлүк басылмалар жана телерадио берүү программалары аркылуу алуу жана берүү эркиндигинен пайдаланууга тийиштигин жана бул укукту ишке ашыруудагы ар кандай чектөөлөр 1991-жылдагы СБСЭ адамдык өлчөө боюнча конференциясынын Москва шаарындагы жыйынында айтылгандай, мыйзам тарабынан аныкталарын жана эл аралык стандарттарга шайкеш келерин кайрадан бекемдөө менен,

жеке жашоого ээнбаштык менен же мыйзамсыз кийлигишүүдөн корголуу укугунун бузулушу жана кемсинтилиши журналисттердин коопсуздугуна таасир этиши мүмкүндүгүнө тынчсыздануу менен,

адам укуктарынын бардык жагынан бузулушуна жана укуктарга каршы аракеттерге баруу менен аткарган иши үчүн журналисттердин коопсуздугуна зыян келтирүү, чыңалуу алып келүү, көбүнчө, өлтүрүү, кыйноо, зордоп жоготуу, өзүм билемдик менен кармоо, камоо жана өлкөдөн чыгарып жиберүү, куугунтуктоо,  коркутуунун физикалык, юридикалык, саясий, технологиялык же экономикалык түрлөрү колдонулушу абдан тынчсыздандырат,

аял журналисттердин өз ишине жана көбүнчө санариптик технологияларды колдонуусуна байланыштуу кабылган коркунучтар, ошондой эле журналист аялдардын максималдуу коопсуздугун камсыз кылуунун жана алардын тажрыйбалары менен маселелерин натыйжалуу эске алуунун маанилүүлүгүн белгилөө менен,

журналисттердин шайлоолорду чагылдыруудагы, атап айтсак,

талапкерлер, алардын платформалары жана өткөрүлгөн дебаттар менен коомчулукту маалымдоодогу чечүүчү ролун моюнга алуу менен,

буга байланыштуу журналисттер дуушар болушу мүмкүн болгон коркутуулар жана зомбулук менен коштолгон кол салууларга олуттуу тынчсызданууну билдирүү менен,

журналисттик иликтөөлөрдүн маанилүүлүгүн жана массалык маалымат каражаттарынын изилдөөлөрдү жүргүзүп, алардын жыйынтыгын репрессиялардан чочулабастан, анын ичинде Интернетте жарыялоосу мааанилүүлүгүн, биздин өлкөлөрдө, анын ичинде мамлекеттик институттарды жана жооптуу адамдарды жоопко тартууда олуттуу коомдук роль ойноору мүмкүндүгүн таануу менен,

журналисттердин ишин, коомдун ишенимин жана анын журналистиканын аныктыгына болгон ишенимдүүлүгүн бузган максаттуу кампаниялардын өсүшүнө тынчсыздануу менен,

бул журналисттерге карата коркунуч жана зомбулук тобокелдигин жогорулатарын моюнга алуу менен,

ошондой эле, саясий лидерлер, мамлекеттик кызмат адамдары жана/же бийлик органдары журналисттерди коркутуп-үркүтүү, алардын дарегине коркутууларга барары, аларга карата зомбулукту кубаттап же аны айыптабаган учурда;

журналисттердин коопсуздугуна коркунучтун өсүшүнө, атап айтсак, террористтик топтор же кылмыш топтору тарабынан болгон коркунучтарга терең тынчсызданууну билдирүү менен;

санариптик технологиялар доорунда журналисттердин коопсуздугунда өзгөчө тобокелдиктер бардыгын, анын ичинде журналисттердин хакердик чабуулдардын бутасына айланышы, мыйзамсыз жана өзүм билемчил аңдууларга же билдирүүлөрдү тарттырып жиберүү тобокелдигине кабылышы, алардын ой-пикирин эркин билдирүү, ар кандай коркунучтардан же жеке жашоосуна мыйзамсыз, өзүм билемчил кийлигишүүлөрдөн корголуу укугун бузарын белгилөө менен,

катышуучумамлекеттержурналисттергеколсалганбардыкокуяларды, аларга карата атайылап жасалган душмандык мамилелерди айыптарын жана ЕККУнун 1994-жылы Будапешт шаарында жогорку деңгээлде өткөн жолугушуусунда жарыялангандай, мындай кол салууларга күнөөлүүлөрдү жоопко тартууга умтуларын, ошондой эле журналисттерге каршы кылмыш жасагандарды жоопко тартуу келечектеги кол салуулардын алдын алуунун негизги чараларынын бири болорун кайрадан кайталоо менен,

2-ноябрда БУУнун Генералдык Ассамблеясы жарыялаган журналисттерге каршы жасалган кылмыштардын жазасыз калышын токтотуунун (МДПБ) эл аралык күнү катары белгилениши керектигинин маанилүүлүгүн белгилөө менен,

жазасыз калуу үстөмдүгү жүрүп жаткан шартта журналисттерге карата зордукчул кол салуулардын жазасыз калып жатканына тынчсыздануу менен,

журналисттердин иши үчүн коопсуз шарттарды түзүү жана алардын коопсуздугун камсыз кылуу, атап айтсак, журналисттерге каршы кылмышка күнөөкөрлөрдү эл алдында айыптап жана сот

жоопкерчилигине тартуудагы өкмөттүн, мыйзам чыгаруучулардын жана сот системасынын ролун моюнга алуу менен,

Куралдуу жаңжал шартында журналисттерге, массалык маалымат каражаттарынын кызматкерлерине жана аны менен байланышкан персоналга карата жасалган бардык укук бузуулар жана кыянаттыктар айыпталган жана куралдуу жаңжал чыккан райондордо кесиптик иш сапарларында жүрүшкөн журналисттер, массалык маалымат каражаттарынын кызматкерлери жана аны менен байланышкан персонал алар өздөрүнүн жарандык макамына туура келбеген иш-аракеттерди жасабаган учурда жөнөкөй жарандар катары каралары жана коргоодон пайдалана алары айтылган БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 1738 (2006) жана 2222 (2015) резолюцияларын эске салуу менен,

катышуучу мамлекеттер буга чакырат:

1. Пикир билдирүү эркиндиги менен массалык маалымат каражаттарынын эркиндигине тиешелүү ОБСЕ тарабынан кабыл алынган милдеттерди жана алардын эл аралык милдеттерин, анын ичинде мамлекеттик чек араларга көз карандысыз түрдө өз ара сыйлашуу, маалымат каражаттарынын эркиндигине тиешелүү ОБСЕ тарабынан кабыл алынган милдеттерди жана алардын эл аралык милдеттерин, анын ичинде мамлекеттик чек араларга көз карандысыз түрдө өз ара сыйлашуу, коргоо жана дем берүү жолу менен маалыматты издөө, алуу жана таратуу иштерин толук көлөмдө аткарууга;

2. Массалык маалымат каражаттарынын эркиндигине тиешелүү өз мыйзамдарын, саясатын жана иш жүргүзүүсүн эл аралык-укуктук жана башка милдеттерге толугу менен шайкеш келтирүүгө, алар өз

ишин аткарган журналисттердин жөндөмүн, көз карандысыздыгын чектебегидей кылып, негизсиз кийлигишүүлөрсүз кайрадан карап чыгып, жокко чыгарууга же оңдоолорду киргизүүгө;

3. Журналисттерге болгон кол салууларды, аларга болгон өлтүрүү, кыйноо, зордуктоо, негизсиз кармоо, камоо жана мыйзамсыз чыгарып жиберүү, сестендирүү, куугунтуктоо, физикалык, юридикалык, саясий, технологиялык же экономикалык жактан коркутуу жолдору менен ишин басмырлоо же алардын редакциясын күчкө салып мыйзамсыз жабуу, анын ичинде чыр-чатактуу шартта ишине бөгөт коюу сыяктуу зомбулуктарды эл көзүнчө эч кандай шарт койбостон айыптоого;

4. Ошондой эле журналист аялдардын жумушуна байланышкан кол салууларды, анын ичинен сексуалдык асылууларды, кыянаттыктарды, сестентүүлөрдү, зомбулуктарды, ошондой эле санариптик технологияларды колдонуу менен көрсөтүлгөн коркутууларды эл алдында эч кандай шарт койбостон айыптоого;

5. Негизсиз камалган же кармоого кабылган, барымтага алынган же зордоп жок кылуунун курмандыгы болгон бардык журналисттерди токтоосуз жана шарт койбостон бошотууну көптөн-көп талап кылып, чакырык таштоого;

6. Журналисттерге кол салган кылмышкерлердин жазасыз калышына чек коюуга, натыйжалуу чараларды көрүүгө, аларды жоопко тартууну келечектеги зомбулуктардын алдын алуунун негизги элементтеринин бири катары камсыз кылууга, анын ичинде журналисттерге карата жасалган кылмыштарды укук коргоо органдары токтоосуз, натыйжалуу жана адилеттүүлүк

менен изилдөөсүнө, күнөөлүүлөрдү сот жообуна тартуу үчүн жабыркоочуларга укуктук коргонуу каражаттары жеткиликтүү болуусуна;

7. Саясий лидерлерге, мамлекеттик кызматкерлерге жана/же бийлик органдарына журналисттерге болгон коркутуулардан, аларга зордук көрсөткөндөргө ырайымдуулук кылуудан карманууга көптөн-көп чакырык таштоого, муну менен журналисттер кабылган тобокелдиктерди, коркунучтарды азайтууга, журналисттердин адилеттүүлүгүнө болгон ишенимдин үзүлбөөсүнө, ошондой эле көз карандысыз журналистиканын маанилүүлүгүнө болгон сыйды кетирбөөгө;

8. Журналисттердин шифрлөө жана анонимдөө технологияларын колдонуусуна мыйзамсыз же өзүм билемдик менен тоскоолдук кылуулардан карманууга, ошондой эле мыйзамсыз жана өзүм билемдик менен байкоо жүргүзүү ыкмаларын колдонуудан карманууга, мындай аракеттер журналисттин жеке адамдык укугуна кол салуу болорун белгилөө менен, аларды зомбулук объектисине айлануу тобокелчилигине учуратпоого, коопсуздугуна коркунуч келтирбөөгө;

9. Мамлекеттик мекемелерди жана укук коргоо органдарын журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу зарылдыгы боюнча маалыматтык-агартуу иштери менен алектенүүгө жана кесиптик даярдык көрүүгө шыктандырууга, жарандык коомду ушундай ишмердикке тартуу кай жерде максатка ылайыктуу болорун көрсөтүүгө көмөктөшүүгө;

10. Журналисттерге кол салынган жана зордук көрсөтүлгөн учурларда белги берүүчү жана маалыматтарды талдоочу улуттук системаны

мүмкүнчүлүктүн жетишинче жайгарууга же күчтөндүрүүгө;

11. Катышуучу мамлекеттер адам укуктары боюнча милдеттерди эл аралык ченемдерге ылайык аткарууда журналисттердин коопсуздугуна зыян келтирген же алардын цензурасына чындап кабылткан жана коомду маалымдар кылган милдетине тоскоол болгон жалаа жабуу мыйзамы боюнча аша чапкан санкцияларды же жазалоолорду карабоого жана зарыл болгон учурларда мындай мыйзамдарды кайра кароого жана жокко чыгарууну камсыз кылууга;

12. ЕККУда кабыл алынган журналисттерди коргоого тиешелүү укуктук базанын колдонулган ченемдерин жана буга тиешелүү бардык милдеттерди натыйжалуу аткарууга;

13. ММКнын эркиндиги боюнча, анын ичинде журналисттердин коопсуздугу жаатындагы маселелер боюнча ЕККУнун Өкүлчүлүгү менен толук кызматташууга;

14. ММК эркиндигинин маселелери боюнча ЕККУ Өкүлчүлүгүнө дем берүүгө, мандатына ылайык журналисттердин коопсуздугун коргоого жана мунун ЕККУнун бардык катышуучу мамлекеттеринде натыйжалуураак камсыз кылынышы боюнча айтып турууга чакырат.

Шилтеме

**1** The Ministerial Council of the Organization for Security and Co-operation in Europe, 7 December 2018, https://www.osce.org/files/f/documents/a/c/462187.pdf



Интернеттеги аял журналисттерге карата куугунтуктар жана кыянаттыктар журналист аялдардын өз ишин аткаруу жөндөмүн начарлатуу, алардын пикир айтуу укугун бузуу жана коомдун ар бир мүчөсүнүн маалыматка эркин жана ачык жетүүсүн кыйындатуу менен, журналисттик кесип үчүн олуттуу коркунучка айланды.

#SOFJO демилгесинин алкагында жарыяланган бул маалымдама колдонмодо мына ушул ЕККУ аймагындагы мамлекеттер менен уюмдарга журналист аялдардын Интернеттеги коопсуздугун жогорулатуу боюнча реалдуу чараларды ишке ашырууда жардам көрсөтүүгө багытталган жогоруда белгиленген коркунучка жооп айтылган. Келтирилген бардык ыкмалар эл аралык стандарттар менен милдеттенмелерди ишке ашырууну көрсөтөт. #SOFJO маалымдама колдонмосу негизги катышуучуларга журналист аялдар өздөрүнүн Интернеттеги кесиптик ишмердигин коопсуз ишке ашыра ала турган жалпысынан өз ара байланышкан структураны түзгөн бир катар актуалдуу жана жетишүүгө боло турган чараларды сунуштайт.

Тилекке каршы, журналист аялдарды Интернетте куугунтуктоо жана кыянаттык кылууда эч кандай виртуалдык нерсе жок – бул реалдуу чечимдерди талап кылган реалдуу көйгөй.

Сөздөн ишке өтүүгө убакыт келди...

OSCE
The Representative on
Freedom of the Media